КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫ

САРИНЖИ, БӨКӨЙ

●

КЫЗ САЙКАЛ

Кенже эпостор

VIII том

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин**
жалпы редакциясы астында

Түзгөндөр:
Айнек Жайнакова, Гүлбара Орозова,
Айгүл Мусаева

БИШКЕК
«АВРАСИЯ ПРЕСС» – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
С 20

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редкеңеш:

Акматалиев А.А. *Мусаев С.Ж.*
Байгазиев С. *Садыков Т.*
Жайнакова А.Ж. *Токтоналиев К.Т.*
Маразыков Т. *Эркебаев А.Э.*

Рецензенти *М. Садыров* – филология илимдеринин кандидаты

С 20 **Саринжи, Бөкөй • Кыз Сайкал.** Кенже эпостор: 8-том. /Түз.: *А. Жайнакова, Г. Орозова, А.Мусаева.* – Б.: «Аврасия Пресс», 2015. 428 б. («Эл адабияты» сериясы)

ISBN 978-9967-464-68-1

«Саринжи, Бөкөй» – патриархалдык түзүлүшкө таандык уруучулук-тууганчылык мамилелердин татаалдашкан көрүнүштөрү салттык сюжетке айланып, муундан муунга өтүп, элдик идеалды даңазалаган көркөм чыгарма катары жашап келет.

Окурмандарды эпос менен толук тааныштыруу максатында учурунда жазылып алынган эки варианты тең киргизилди.

Ал эми «Кыз Сайкал» эпосунда кыргыздын баатыр, каныша кызынын элинин эркиндиги, көз каранды эместиги, биримдиги үчүн болгон күрөшү, эрдиги баяндалат.

С 4702300200-15

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-464-68-1

© КРУИА, 2015
© «Аврасия Пресс», 2015

ЭПИКАЛЫК САЛТ ЖАНА ЭЛДИК КӨЗ КАРАШ

Элибизде күчтүү өнүккөн эпикалык жанрдын коомдук үй-бүлөлүк мамилелерин кеңири чагылдырган кенже формасына тиешелүү «Саринжи, Бөкөйдүн» эки варианты бар. Алар белгилүү акын-төкмө Алымкул Үсөнбаев менен Сулайман Конокбаевдин айтуусу боюнча сакталып калган. Бул материалдар 20-жылдары фольклор жыйноочу Каюм Мифтаков тарабынан жыйналган. Мындан башка, салттуу сюжеттик каркасты толук камтыбаган, эпизоддор түрүндөгү чакан текст Тил адабият институтунун кызматкерлери тарабынан 1958-жылы Ала-Бука районундагы айтуучу М.Сатыбалды уулунан катталган. Ошондуктан бул томдукка «Саринжи, Бөкөйдүн» колдо болгон алдыңкы көркөм варианттары катары эсептелген А.Үсөнбаев менен С.Конокбаевдин материалдары жанаша берилди. С.Конокбаевге таандык Инв. № 806, 92 беттен турган, латын графикасына оодарылып машинкага басылган нуска оригиналдын ордуна жүрөт. «Сөз башы» деп берилгенден кийинки бетте: «1923-жылда, 23-июлда Талас кантону, Кең-Кол облусунда, Чырканак деген жерде Сулайман ырчы Конокбай уулунан жыйналган. Сулайман ырчы «Саринжи, Бөкөйдү» атасы менен бир тууган Сартпай ырчы Байжигит уулунан жаш убагында үйрөнгөн экен. Талас эли казакка жакын болгон себебинен бир аз казакка тартылып айтылган көрүнөт. 30. IV. 1927-ж.» деген маалымат бар. Эң аягында «оригиналга салыштырып окуп чыктым» деген жоопкерчилик менен коюлган кол да бар. (Кол тамгага караганда Ташым Байжиев болушу мүмкүн.) С.Конокбаевдин бул материалы көлөм жагынан А.Үсөнбаевдин вариантына караганда бир топ чакан. Айрым эпизоддор кыскача баяндалып, кара сөз түрүндөгү кошумчалар менен байланышты-

рылган учурлар бар. Адатта, окуяны минтип кара сөзгө айландырып айтып берүү ыкмасына айтуучунун поэтикалык мүмкүнчүлүгү чектелген учурларда орун берилет. Эгерде биз бул текст кагазга түшүрүлгөн ошол учурда информатордун сексенге жакындап, улгайып калган адам экендигин эскерсек, бул оюбуздун болжолу да туура чыкчудай сыяктанат. Мындагы окуянын мазмунуна ылайык бөлүштүрүлгөн темалар да информаторго эмес, катчыга таандык көрүнүш дешке болот. Анткени эпик айтуучулардын салтында андай адат мүнөздүү эмес.

А.Үсөнбаевден жазылып алынган «Саринжи, Бөкөй» өзүнүн көркөмдүгү, кыргыз элинин тарыхый турмуштук окуяларын кеңири түрдө баяндагандыгы менен башка варианттардан өзгөчөлөнүп, буга чейин эле 2 ирээт китеп түрүндө коомчулукка тартууланган. Ал 1938-жылы айтылуу акын Мукай Элебаевдин жоопкерчилиги астында алгач жарык көргөн. 1958-жылы болсо, ушул эле басылыштын негизинде, бирок баш сөздөгү эскерүүгө караганда «...айрым жерлерине редакциялык мүнөздөгү бир аз өзгөртүүлөр киргизүү (кээ бир сөздөрдү, туюнтмаларды тактоо, кайталоолорду кыскартуу ж.б.) менен»[1] ...азыркы филология илиминин доктору, фольклорист Р.З.Кыдырбаеванын даярдоосу астында кайтадан басылган. Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун алдындагы Кол жазмалар фондусунда түп нуска катары ушул экинчи басылыштын бир экземпляры сакталып турат. Кандайдыр бир себептер менен алгачкы кол жазманын түп нускасы калбагандыктан, эпостун азыркы басылышына библиографиялык алтын фондуга айланып кеткен биринчи басылышы алынды. Анткени биздин оюбузча ушунусу түп нускага алда канча жакын болуусу закончененемдүү. Анын үстүнө учурдагы басылыштын талабы да мүмкүнчүлүктүн болушунча айтуучунун оозунан кандай чыкса, ошондой жарык көргөзүү болгондуктан биринчи басылышка кайрылуу ого бетер жөндүүрөөктөй туюлат. Ырас, басылыштарды салыштыра келгенде сюжеттик жактан болобу, көркөмдүгү боюнчабы орчундуу бир кий-

[1] Саринжи-Бөкөй. – Ф., Кыргызмамбас, 1958. 3-б.

лигишүүлөр бай- калбайт. Ылайыгына жараша айрым бир кыскартуулар, так окулбай кетирилген механикалык каталар гана кездешет. Алымкулдун варианты көлөмү жана көркөмдүгү жагынан башка варианттардан бир топ өйдө турат. Анда кара сөз түрүндөгү текст аз катышып, окуя баштан аяк ыр түрүндө берилет. Арийне, өз мезгилинин шартына жараша чыгармадагы сүрөттөлгөн айрым эпизод, көрүнүштөрдү жаңылантуу, кээде саясатташтырып жиберүү да жок эмес. Ушу жерде эскере кете турган бир нерсе – айтуучунун кандай социалдык чөйрөдө жана кайсы мейкиндикте жашагандыгына байланыштуу анын материалына коңшу элдердин тийгизген таасири туурасында. Маселен, казактарга жакын Талас жергесинен жазылып алынган варианттарда казак сөздөрү (энди, турады, көрөдү, ой-бай ж.б.) жолукса, Ала-Букадан жазылып алынган үзүндүдө өзбек сөздөрү орун алып, айрым диндик жөрөлгөлөрдүн баса көрсөтулүшү байкалат. (М.: бачча, ону ж.б.) Демек, бир эле чыгарманын түрдүү варианттарында диалектилик көрүнүштөр менен катар айтуучуга мүнөздүү болгон неологизмдердин (телепон, салдат ж. б.) орун алышы да ошонун бир көрүнүшү. Буга Алымкул Үсөнбаевдин варианты ачык далил.

«Саринжи, Бөкөй» эпосу кыргыз элинин башынан өткөн патриархалдык уруу түзүлүшүнө таандык үй-бүлө мүчөлөрүнүн мамилелерин, ошого байланыштуу адат-салттын тегерегинде жүргөн пикир келишпөөчүлүктөр тууралуу баяндайт. Тактап айтканда, «Аталаштан алтоо болгончо, энелештен экөө болсун» деген коомдук турмуштук моралды үгүттөгөн патриархалдык-феодалдык түзүлүштөгү уруу мүчөлөрүнүн ар кызыкчылыктары үчүн келип чыккан карама-каршылыктарын чагылдырат. Ошон үчүн эпостун башкы каармандынын ысымы көп учурда «жалгыз» деген сөз менен алмаштырылып, синоним катары айтыла берет. (М.: «Жалгызды ажыратып калууга», «Эң мурун жалгыз кеп айтат» ж.б.) Кыргыздын оозеки салтында эпикалык чыгармалар башкы каармандын ысымы менен гана аталса бул чыгарма бири-бирине кайрылышпаган, тең ата туугандардын атын чакырат. Демек, Саринжи менен Бөкөй бири-бирин колдоп, ынтымакташуунун ордуна ата мурасына

бирдей таңсык, бузукулукка бат кирип, чыныгы душмандарча бой тирешкен адамдар. Болгону – алар жеке кызыкчылыктары үчүн келишпес эки тарапка өтүп кетишкен. Ушундан улам «Саринжи, Бөкөй» эпосу чагылдырган коомдук түзүлүштө туугандар арасындагы ынтымактын ыдыраган, өтө эле бош абалда экендиги байкалат. Ал эми өлүм алдында жаткан Жамгырчы баарынан уруу ичиндеги биримдикти жогору баалагандыктан, атайы иниси Бөкөйгө кайрылып, аял, мал-мүлкүн, жалгыз баласын тапшырып керээз-кеңешин айткан эле. Бирок Бөкөйдүн бузуку жанжөкөрлөрү аны, тескерисинче, Саринжиге каршы үгүттөп отуруп, туугандар арасы ачылгандан ачыла берет. Буга эпосто берилген Бөкөйдүн мүнөзүнүн туруксуз тез өзгөрүп турушу, Саринжинин жаштыгына байланышкан ороюраак курч мамилеси себеп болот. Мындай алып караганда бул эки каармандын образдары тең жеткиликтүү иштелип бүтпөгөн сыяктуу. Адегенде ак көңүл көрүнгөн Бөкөй бат эле душманынын тилине кирип, ал эмне айтса ошого макул боло бергендиги реалдуу адам түшүнүгүндө ишенчиликтүү эмес. Саринжинин атасы Жамгырчыдан калган мал-мүлктү, бийликти ээлеп алганы аз келгенсип, кудалап койгон колуктусу Акберметти да алууга ниеттенген Бөкөй өзүнүн аялынан кутулуш үчүн аны өлтүрүүдөн кайра тартпайт. Ошол коомдук түзүлүштөгү Акчайым сыяктуу аялдардын тагдырынын ушунчалык катаал сүрөттөлгөндүгүнө караганда аларда эч кандай моралдык, материалдык укук жок экендиги талашсыз. Бирок Саринжинин колуктусу Акберметтин жаш болсо да кыраакылыгы, акылмандыгы, өзүнүн жары үчүн бардык кыйынчылыктарды көтөрүүгө ынтызарлыгы, алсыз да болсо чыркырап, Саринжинин таламын аягына чейин талашканы сыяктуу эпизоддор аялзатынын алдыңкы активдүү өкүлү катары аны башка каармандардан өзгөчөлөнтүп, образдын сүймөнчүлүгүн арттырып турат. Акбермет ошондой адамгерчилиги, аялга мүнөздүү боорукердик, кыраакылык өңдүү жакшы сапаттары менен чыгарманын сюжетинде баштан-аяк катышат. Ал кандай гана турмуштук кырдаал болбосун туура, реалдуу ой жүгүртө билет.

Туруптай учту жылуудан,
Тууганың көп, сен жалгыз,
Айрылдың Бермет сулуудан.
Жагалмай учту жылуудан,
Жалгыздыгың мен айтсам –
Көнбөдүң неге мурунтан... –

деп Саринжиге арман айтат. Эпостогу идеялык көркөм жүктү Саринжи менен бирдей салмакта бөлүшө алат. Ага караганда башкы каарман Саринжиде жаштык кыял, Акберметти аялсынтып, айтканына көнбөй көрсөткөн көпкүлөң мүнөзү, тескерисинче, башына оордук келгенде душманчылык кылып отурган Бөкөй агасына башын ийип, жалдырап кайрылуусу өңдүү октум-соктум жүрүм-туруму менен али калыпка түшүп чыйрала элек каармандын элесин берет. Бирок анын жакшы атадан калган эч күнөөсүз жалгыз туяк экендиги, жаш өмүрүнө кабыргасы катыган тууган сөрөйлөрүнүн бузукулугу менен балта чабылып жатышы калыс, элдик көз караштан алып караганда өтө аянычтуу. Ошон үчүн аны жоготууга, жакын агасы Бөкөй менен болгон ынтымагын бузууга көп аракетин жумшаган Коңурбай, Жамакелердин оор жазаланышы – өтө логикалуу. Ички чыккынчы туугандарга караганда эпикалык салт боюнча сырткы душман эсептелген калмактын каны Күлдүрдүн (Гүлдүр) Саринжиге жасаган мамилеси адамгерчиликтүү сезилет. Ал Саринжинин башынан өткөн окуяны калыс, акыйкат териштирип, бир кездеги Жамгырчы менен болгон достук мамилесин актап, чоң көмөк көрсөтөт. Натыйжада, Саринжи өчөгүшкөн туугандарынан өчүн алып, буйруктуу колуктусуна баш кошуп, атасынан калган мурасын ээлейт.

Мына ушинтип, акыры оң каармандардын жеңиши менен аяктаган «Саринжи, Бөкөй» поэмасы кыргыздардын башынан кечирген патриархалдык-феодалдык коомдогу ыдыраган адам мамилелеринин типтүү терс учурларын реалдуу камтыган элдик чыгарма. Бир мезгилдеги улуттук үрп-адат, каада-салт, жорук-жосундарды эпикалык чыгарманын фонунда муундан муунга кабарлаган белгилүү бир көркөм маданий факты катары баалуулугу зор. Мындан тышкары «Саринжи, Бөкөйдөгү» баяндалган окуя-

лар жеке эле үй-бүлөлүк деңгээлдеги эмес, кыргыздардын башка элдер менен болгон тышкы саясий тарыхый турмушунан да кабар берет.

Бизге белгилүү «Манас» баштаган кыргыз эпосорунда кара кытай, калмак эпикалык душман эсебинде салттуу турдө орун алган. Ал эми «Саринжи, Бөкөйдө» жогору жактан көрүнгөндөй, калмактар душман эле эмес, алардын башкы өкүлү Күлдүр кан Сарин- жинин атасы Жамгырчы менен жакшы мамиледе жашагандыгы жөнүндө айтылат.

Колдо болгон варианттарга, тагыраак айтканда, андагы окуянын жүрүшү, катышкан каармандардын оң-терсинин аткарган милдеттерине караганда, түпкү теги бир сюжеттен тараган, салтка айланган текстти бар элдик поэма экендигинен эч шек калбайт. Өзүнө таандык, комуздун коштоосу менен аткарыла турган мотиви да бар. Ал обон айтылып жаткан окуянын мүнөзүнө, каармандын ички уйгу-туйгуларына жараша агылып-төгүлөт. Ушул сюжеттин негизинде 1939-жылы К.Эшмамбетовдун «Саринжи, Бөкөй» пьесасы чыккан.

«Саринжи, Бөкөй», негизинен турмуштук майда, жөнөкөй маселелерди камтыйт. Көрө албастыктын, ич тардыктын кесепетинен жакын-алысына карабай алдуусу алсызына баскынчылык көрсөткөн адам мамилелеринин жийиркеничтүү жактарын көбүрөөк тартат да, акыры адилеттик, калыстык утуш алат деген бүтүм чыгарат. Ошентип, негизи элдик көз карашты, бийик идеалды тартуулаган бул чыгармалар адам жашап турган ар бир коомдо өз маанисин жогото койбойт деген ишеним туулат. Эл милдетинин барк-баасын эске салуу менен бирге ар бир адам өз керт башынын да ээси болуп, адам деген аты үчүн күрөшө билиш керектигин үйрөтүп, кайраттуулукка, чечкиндүүлүккө, туруктуулукка жол көрсөтүп турат.

АЙНЕК ЖАЙНАКОВА

САРИНЖИ, БӨКӨЙ

(Алымкул Үсөнбаевдин айтуусу боюнча)

Мундуз уруусунан тарап, Булан аттуу кишиден туулган Жамгырчы деген кан болгон. Ал өзү Буландын улуу аялынан төрөлүп, кичүү аялдан Бөкөй төрөлөт, мунун үч иниси болгон. Бөкөй Жамгырчынын аркасы менен башка бир жерге барып, кан болуп турган.

Жамгырчынын аялы Каныш көпкө чейин төрөбөй жүрүп, карыган кезде бир бала көрдү. Зарыккан кезде таптык деп атын Саринжи койду.

Уулу ондон ашкан кезде Жамгырчы ооруп калды, алты ай төшөктө жатып, түк айыкпады. Иниси Бөкөй агасы Жамгырчынын айлына эч каттабады. Оорусу улам күчөй бергендиктен, өзүнүн киши болбосун билип, «мен өлгөндөн кийин Саринжи кантет» деген ойго келди. Муну тапшырып кетчү жакын тууганы жок болгондуктан: «Дале болсо атасы бирге ини эмеспи» – деп Бөкөйдү ойлоду. «Ал өзү келбегенден кийин киши жиберип чакыртып алайын жана көзүмдүн тирүүсүндө жалгыз уулум Саринжини ошого тапшырайын» – деди. Илгертен бери бирге өскөн Курман деген үзөңгү жолдошун өз үйүнө чакырып, аны Бөкөйгө жибермек болуп сөз баштады:

– Кашыма келчи, Курманым,
Каргадайдан тең өскөн,
Канча бир сөздү кеңешкен,
Менин кадырым билген курбалы
Алты айдан бери кеселдеп,

Капаны тартты бир жаным.
Жалгызым ыйлайт буркурап
Мен жатканымдан турбадым.
Жанында тууган болбосо,
Жалгыздын иши ушу экен,
Жанымды жаман кыйнадым.
Кожо-молдо бакшыдан
Кара жиндүү тапчыдан
Калтырбай тегиз жыйнадым.
Айыгууга айла жок,
Мени алчудай кесел чырмадың.
Алты айдан бери кабар жок,
Аталаш Бөкөй тууганым.
Чыгарган экен эсинен
Эси жарым ит эле
Энеси бөлөк урганым.
Бөкөй укkан жокпу кабарды?
Атасы кесел, өзү жаш,
Менин артымда жалгыз баламды.
Өзүнчө Бөкөй келбеди,
Алып кел, Курман, сен барып
Баягы энеси бөлөк арамды,
Арка менен чо кылган
Агасы Жамгыр мен элем,
Чыгарган экен эсинен
Мендей калкасы тийген адамды.
Камынып, Курман, алып кел,
Башынан кара нээт жаманды.
Чым кара көк жооруду,
Менин чымындай жаным ооруду,
Алып кел, Курман, сен барып,
Аталаш Бөкөй боорумду.
Кайрат, кубат, күч кетип,
Кайран нурдуу жүз кетип,
Канчалык кылдым аракет,
Калктан таап издетип
Кармаса калбас кеселге

Коюпмун жаным тиштетип.
Ай-жамалдуу нур кетип,
Ат баштап, акча-пул кетип,
Кезегинде мен турдум,
Айлыңды, Курман, гүлдөтүп.
Сүйлөөгө калды жарабай,
Чайналып булбул – тил кетип.
Колум менен алпарып,
Чоң кылдым эле Бөкөйдү.
Билгенимди үйрөтүп,
Аркасы тийген Жамгырды
Көрбөдү Бөкөй бир келип.
Күйүп жүрөк зилденип,
Жаккан чырак өчүлбөйт,
Мага жаман кайгы, түн келип.
Эси болсо Бөкөйдүн
Кабар укпай, келбейби?
Кайгырып жаткан агасын
Капалуу күндө көрбөйбү?
Жалгандан көзүм жумулса,
«Жатындаш акем боорум» – деп,
Жакшы ызаат менен көмбөйбү?
Жалгыздын иши бул болсо,
Жаратпасын мендейди.
Атасы бирге болсо да,
Акылы жок андайдан
Курман, жакын көрөм сендейди.
Күч алды кесел алууга,
Күйгөн отту өчүрбөйм,
Күн-түн жатам саргайып,
Бир киши жок жанымда.
Аз калды – деп, мен ойлойм,
Караңгы көргө барууга.
Туугандыкты ойлосо,
Бөкөй турбайт беле жанымда,
Бейнетим бекер кор болду
Бейилин бузган залымга.

Атадан жалгыз өзүңсүң,
Кулунум, элге таарынба
Курманга айттым бу сөздү.
«Камын» – деп эрте барууга.
Төрөптүр жалгыз энекем,
Туугандан жалгыз мен экем,
Жалганда жалгыз болгончо,
Жасалбай калмак жөн экен.
Жакшы эле, Курман, тийди эле,
Акылсызга көлөкөм.
Башында бакыт бар болсо,
Башка тууган көп экен,
Башындан бакты кеткенде
Балчык менен тең экен.
Кем эмес эле эч кимден
Менин көргөн турмуш, берекем.
Энелеш тууган жок болсо,
Эртелеп өлмөк жөн экен.
Тарбия көрдүм Буландан,
Ал зарланып бала сураган,
Алып келгин Бөкөйдү,
Менин жүрөгүм кайгы-муң алган.
Баламдан башка киши жок,
Колтуктап үйдөн чыгарган,
Өлгөн соң кайта келүү жок,
Оозуңду кара чым алган.
Кеселдедим мен жаман,
Кемтик жерим жок эле,
Не бир кеменгер чечен кыраандан...
Арманын айтып Жамгырчы:
Айлынан киши баргын – деп,
Курман, сен айткан тилим алгын – деп,
Акыл айтар балам жаш,
Мен ар азапта калдым – деп,
Кайгырып жаным кеселден,
Мени кай түрлүү күнгө салдың,
Кадырым билген киши элең,

Курман, камынып эрте баргын – деп,
Ажырадым дармандап,
Аз күн калды, кош айтам,
Жарык дүйнө жалгандан.
Эртең менен жөнөгүн,
Айта көргүн Бөкөйгө
Кай күнү мында келерин,
Баласы эле түгөнгүр,
Кичи токол энемдин.
Жан денеден куланса,
Көр оозун калпактай кара чым алса,
Айланып, Курман, көз жетпейт,
Айланып кайта келерин.
Арманда болуп күндө ыйлайт,
Менин зарыгып көргөн тирегим.
Бөкөйгө барып кеп айткын,
Арасын созуп көп айткын.
«Аркасы тийген Жамгырдын
Ажалы жетти» – деп айткын.
Келбей калып жүрбөсүн,
Кеңешкорум сен Курман,
Келбей койбо – деп айткын.
Абалап учкан зар эле,
Бу кеселге кайсы дары бар эле?
Кептин жөнүн билелек
Кейиген жалгыз бала эле.
Черденди менин жүрөгүм,
Бир кызматын көрбөдүм,
Бир тууган Бөкөй бүлөнүн,
Жамгырдын жанын алмакка,
Салды го ажал жүгөнүн.
Кайрат кыл, ботом, Саринжи!
Кашында жоктур жөлөгүң,
Оюмда тилек бар эле
Орундалбай тим калды,
Ошо кылган тилегим.
Жаным кесел, балам жаш,

Жашооруп жаман жүдөдүм.
Аякка салды бул кесел
Бошотпос болот чидерин,
Калды жакын, Курманым,
Караңгы көргө киремин.
Уктубу, Курман, кулагың
Убайым тартып турамын.
Башыма кара түн түшүп,
Байкачы кантип чыдадың?
Канаты сынды чалгындан
Калкыңдын Жамгыр тынарың,
Кайгырып ыйлап отурат,
Менин кадыркеч Каныш ынагым.
Эртеңден калбай, Курман,сен
Бөкөйдүн билгин кабарын.
Тапшырамын баламды,
Мен дайындайын калаамды,
Жеткизбедиң жараткан
Көңүлдө тилек санаамды.
Азын, көбүн мал айдап,
Алдына түшүп ээрчитип,
Кайнына алып барбадым,
Саринжи жалгыз каралды,
Курусун кесел, кубат жок,
Алпербедим байбиче,
Эңкейип кызмат кылууга
Келиниң Бермет баланды.
Куда болуп, мал айдап,
Келиним алып келбедим,
Жалгыз перзент баландын,
Жолдошун алып бербедим,
Ак боз бээ сойдуруп,
Ардактап кызык той кылып.
Ак өргөөсүн тиктирип,
Аземге башка койдуруп,
Көзүм менен көрбөдүм
Кайгысы көп чунак жан

Анан кийин өлбөдүм.
Акыл сурап, кеп уккан,
Агайын-тууган элдерим.
Байлады менин багымды,
Кулатты минген тагымды,
Курутту кесел жанымды,
Ичиме салды жалынды,
Тапшырайын Бөкөйгө
Койнумда жаткан жарымды.
Кор болбосун, айтайын,
Кулунум, ботом Саринжи.
Эртелеп, Курман, алып кел,
Айтайын ойдо барымды.
Курманга айтып бул сөздү,
Жамгырчынын арманы
Ушуну менен жабылды.
Анда кеп айтты минтип Курманын:
– Эсиңе түшкөн экен го,
Кейип турган кезиңде
Келбеген Бөкөй тууганың?
Башынан, Жамгыр, мен сенин
Айтканыңды бурбадым.
Келер бекен мен барсам,
Өзүнчө тынып чоң болгон
Акылы жарым урганың?
Калыптыр сөөк-сүлдөрүң,
Кабарын айтып барармын,
Кайран Жамгыр, дилдемин,
Таруудай келбес Бөкөйгө
Сенин кайгырып минтип күйгөнүң.
Калтырбай айттың бүтүндөп
Көңүлүңдүн сүйгөнүн.
Себепкери сен элең,
Бөкөйдүн шонтип жүргөнүн.
Эртең менен жөнөйүн.
Эрке торуну минейин,
Эси жарым Бөкөйдүн

Бир кабарын билейин.
Арага нече конормун,
Аз күнү сыртта болормун.
Тил укса алып келермин,
Барбаймын десе, Бөкөйгө
Кандай жооп берермин?
Баласы эле ал Бөкөй
Кичи токол энеңдин,
Анжыяндын тарабы,
Алигече эстебейт,
Жамгырчы сендей аганы.
Ойлосо боло Бөкөйүң,
Саринжи жалгыз баланы.
Курсагы тойсо кубанып,
Кудай уруп жүргөндүр,
Куйту өскөн Бөкөй арамы.
Убада берип Жамгырга,
Анык болду барары.
«Барамын» – деп, кеп айтып,
Курман үйгө келди – дейт.
Жамгырчынын сөзүнө
Жалкоолук кылбай көндү – дейт.
Таң кылайып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Боз куурай башы кыбырап,
Боз торгой сайрап чулдурап,
Жакын киши болбосо,
Жайы кетип жатканда,
Жамгырдын ишин ким кылат?
«Келбей койгон Бөкөйгө,
Курман барат экен» – деп,
Уккандын баары дүң кылат.
Эрке тору жоргону
Азандан кармап алды – дейт,
Алтын ээр сырдыгач
Көмкөрө ээр, добулбаш
Көмөлдүрүк узартып,

Куюшканын кыскартып,
Кур семирген түгөнгүр,
Секиндеп жолго туушалтып,
Азандан атка минди эми,
Бөкөйгө Курман барарын
Агайын тегиз билди эми.
Алты ай кесел болгондо,
Кабар албас Бөкөйгө
Камынып Курман жүрдү эми.
Арасы алыс нечен күн
Арага конуп нечен түн,
Ат булаарып суутмак,
Катуу жүрбөй, жай жүрүп,
Күн-түн тынбай жол жүрүп,
Келди Курман жууктап.
Барса Бөкөй бек экен,
Башында кара болсо да,
Баркы журтка кең экен.
Агасы Жамгыр кеселде,
Атагы чыккан неме экен.
Энеси бөлөк болсо да,
Аталаш тууган дээр экен.
Бөкөйдүн турган калаага
Курман барды бешимде,
Барбаса Курман Бөкөйгө,
Анын жок экен Жамгыр эсинде.
Кан Бөкөйдүн кабарын
Сурады Курман талаадан.
Оозу эптүү шыпылдап,
Сөз укту бир жаш баладан.
Курманга бала кеп айтты:
– Кулак сал, аке! – деп айтты.
Кан Бөкөйдүн тартибин
Токтоло түшүп көп айтты.
«Кан болгон Бөкөй иниң – деп,
Кабарын шондой билиң – деп,
Атын токул, от жагып,

Мен анын кызматында жүрмүн – деп.
Кырк жигитин ээрчитип,
Кырдатып жүрөт Бөкөйүң,
Күндө жыйын, күндө мас,
Ырдатып жүрөт Бөкөйүң,
Алганы Акча жар болгон,
Айлыбызга кан болгон,
Алдына адам баралбайт,
Сүйлөшкө ар ким зар болгон.
Арак ичип алкынып,
Бала куштай талпынып,
«Баатыр» деген ат койгон.
Бөкөй канга айтылып,
Ак сарай деген тамында,
Кырк жигити жанында,
Чуулдатып, чуулатып,
Кесе берип ырдатып,
Сиздей жакыны тургай Бөкөйдүн
Бу кезде жасаган жок жадында,
Жакын иниң ошондой,
Ага, сиз сөзгө таарынба.
Издесең аны табасың,
Бүгүн барып көрөрсүң
Бөкөйдүн кубат-чамасын
Көргөн жокпуз биз мурун
Бир тууган сиздей агасын.
Мыктылыгы ошондой,
Көрсөң айран каласың,
Барганда, аке, айтарсың
Билбеген сөздүн чаласын».
Сөз угуп Курман баладан,
Келип тапты Бөкөйдү
Айткан сарай калаадан.
«Кабар билбейт экен – деп,
Жамгырчы сындуу агадан».
Ойлонду Курман: түшпөйүн,
Аттан түшүп мен барып,

Арагынан ичпейин
Алы кеткен Жамгырдын
Абийирин мен издейин.
Жамгырдын сөзүн айтайын,
Айнегинин сыртынан,
Ак тамынын тушунан
Кулагына угузуп,
Айланып кайра кайтайын.
Курман дагы ойлонуп,
Ичине акыл, ой толуп,
Жаткан экен Бөкөй кан
Сарайында той болуп.
Ат үстүнөн түшпөстөн,
Айтып Курман мындай дейт:
«Абалап учкан зарсыңбы?
Кайыңга окшош талсыңбы?
Атан эмес, нарсыңбы?
Акылман Жамгыр баатырдын
Аталаш жакын тууганы –
Адилет Бөкөй, барсыңбы?
Алты айдан бери кеселде,
Бир барып көрбөй Жамгырды,
Мүнөзүң катуу жансыңбы?
Кайрылбаган сендейдин
Ыгын таппайт Жамгырчы.
Таанып кой мендей Курманды,
Тамашаң арак-бозо экен,
Сага ким көп ичсе дос экен.
Курупсуң Бөкөй жыргалды,
Чыгарып эстен койдуңбу,
Алып келип чоң кылган
Агаңыз Жамгыр тууганды?
«Эртелеп келсин» – деп айтты,
Сендей энеси бөлөк урганды.
Карачы, Бөкөй, таанып кой,
Кабарга келген Курманды.
Кайран Жамгыр кеселде,

Кайгырып жаны муңданды,
Келет – деп, көзү тешилди,
Эстебейсиң аганы,
Эркелетип сүйбөйсүң
Эрке өскөн жалгыз баланы,
Эзелден Бөкөй бар эле,
Бейлиңдин бузук арамы.
Жамгырчы көзү жумулса,
Сен ээлебей, ким ээлейт,
Агаңдан калган калааны?
Аган Жамгыр келсин – дейт,
Алымды сурап көрсүн – дейт.
Ажалым жетип мен өлсөм,
Ак кепиндеп көмсүн – дейт.
Күйүттүү күнгө жолуксам,
Күйөр иним сенсиң – дейт.
Күн болжоп алыс кетирбей,
Кечикпей тез келсин – дейт.
Уктубу, Бөкөй, кулагың?
Ушуну айтып турамын.
Кайгылык жок оюңда,
Кабарын укпай Жамгырдын,
Кантип Бөкөй чыдадың?
Эркелетип колуңа ал
Агаңдын жалгыз чырагын,
Эртеңден калбай барыңыз,
Уксаң, ушул сурарым.
Кан Жамгырдын кеби ушул,
Камынып Бөкөй, эртең жүр,
Кылар иштин жөнү ушул,
Агасы башка болсо да,
Айлынан келген мен ушул.
Аталаш жакын туугансың,
Алигиче бир барбай,
Акылсыз Бөкөй, сен ушул.
Кырк жигитиң жанында,
Кыялың барбы барууга?

Кыйбатың Жамгыр акеңдин
Кыйла кеп бар зарында.
Убада бергин келүүгө,
Жамгырдын көзү жумулса,
Жакшылап сыйлап көмүүгө.
«Келдиби?» – деп көп сурайт,
Кейитпей Жамгыр акеңдин
Отурсаң боло ченинде.
Калкка Жамгыр кошулбайт,
Калды жакын өлүүгө.
Калкасы тийген акеңдин
Кадырын эстен чыгарып,
Бөкөй, сен кара сууга семирбе!»
Курман ушинтип сөзүн токтотту,
Курмандын айткан сөздөрүн
Айтты Бөкөй: «Уктум» – деп,
Кырк жигитин бет алып:
– Бирөөң сыртка чыккын – деп,
Сыртта турган ким болду,
Сыздаган табыш үн болду.
Зарын угуп отурсам,
Мени сыздатчу жаман тил болду.
Тушумда бирөө кеп айтат,
Сенин тууганың кесел – деп айтат.
Туугандын жаны соо болсо,
Душмандын сөзүн неге айтат?
Атчан бирөө кеп айтат,
Аган кесел – деп айтат.
Агабыз Жамгыр соо болсо,
А сөздү мага неге айтат?
Кесел – деп укту кулагым,
Мен кейигенсип турамын.
Келгендин кеби чын болсо,
Буга кантип чыдадым?
Жанагы келип кеп айткан –
Жамгырчынын Курманы,
Жабыла чаап кыйкырып,

Жетпей калды артынан –
Мас болуп калган урганы.
Атка камчы салды эми,
Артынан табыш кеп угуп,
Курман жеткизбей кетип калды эми.
Курмандан кабар уккан соң,
Бөкөй элине кеңеш салды эми:
– Укпай кулак кер болуп,
Кара жер менен тең болуп,
Кайрылып барбай Жамгырга,
Калган экем бу кезде
Кас душманга тең болуп.
Көрбөй көзүм көр болуп,
Көөнүмө кайгы чер толуп,
Көп душманга тең болуп.
Калган экем бу кезде
Көп душманга тең болуп
Анан Бөкөй ойлонуп,
Алды-артына толгонуп,
Агасы кесел деген соң,
Бөкөйгө кетпеген бейнет шор конуп,
Ордунан Бөкөй турду эми,
Айбаттанып оңдонуп,
Жамаке менен Коңурбай,
Абыр, шабыр ат току,
Бабырабай бат току!
Кезеги келсе жорголоп,
Арам өлгөн Ак желке,
Эрте токуп, туура тарт,
Эл болуппуз биз бир жат,
Курмандын айткан сөзүнө,
Эми көр, Бөкөй ыйламак,
Ыйлады Бөкөй муңданып,
Деп алдына барып турбадык.
Ордунан турду кырк жигит,
Аранан зорго ыргалып.
Ак желкени жетелеп

Байконур менен Жамаке,
Басып келди эртелеп.
Агасынын кеселин
Айтымдан Бөкөй билди эми.
Каткырып жүргөн Бөкөйдүн
«Кан Жамгыр кесел» – деп угуп,
Кайгы ичине кирди эми.
Камынып Бөкөй аттанып,
Жамгырчынын айлына,
Жолдош алып жанына,
Жарышып Бөкөй жүрдү эми.
Ат ачкадан карышты,
Ашыгып жолго чабышты.
Ойлонду Бөкөй ошондо,
Агасын келип көрбөгөн
Бир туугандык намысты.
Арага конду нече күн,
Өткөздүм деп кайгырды,
Келчү күндүн кезегин
Паанасы менен Жамгырдын
Башчысы болгон мен элем,
Башка калаа, көчөнүн.
«Көрөр бекен көзүм? – деп,
Угамбы Жамгыр сөзүн – деп,
Укпай кулак кер болуп,
Убайым тарткан өзүм – деп,
Укпапмын анын кабарын,
Убайымын билбеймин
Уулу жалгыз баланын,
Улугу болуп жүрүпмүн
Уругу башка талаанын.
Арада ыйлап кайгырып,
Көзүн көрбөй Жамгырдын,
Каламбы – деп айрылып».
Жакындап Бөкөй келгенде,
Кан Жамгырдын айлынан
Калдайган элди көргөндө:

«Кармаган кесел куу оору,
Алган экен чеңгелге.
Өлгөндөн кийин өкүрүп,
Бөлөк-бөтөн кишиче
Болгон экем шерменде.
Айлындагы карайган
Айбан малбы, элби? – деп.
Бирок калың эл жатат,
«Кайран Жамгыр өлдү» – деп.
Кабарын укпай кийин – деп,
Кайгырганым жөнбү? – деп,
Өз бир тууган иниси
Өзөк* кылар ошо журт,
Өлгөндөн кийин келди» – деп,
Ак желкени камчылап,
Ат үстүндө буркурап,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Мурунтан кабар уксамчы,
Тирүүндө үйдөн чыксамчы,
Айтканын угуп акемдин,
Бир кумардан чыксамчы.
Колтугуна кол салып,
Эшикке сүйөп барсамчы.
Эки ооз сөзүн эшитип,
Кош айтышып калсамчы,
Казылган мүрзө кара чым,
Колум менен салсамчы.
Ат үстүндө ыйлап Бөкөй кан,
Айлында турат далай жан,
«Ушул Бөкөй болот» – деп,
Алдынан чыкты эки адам.
Ал экөөнөн кеп сурап,
«Тирүүбү Жамгыр?» – деп сурап,
Ыйлаган Бөкөй кеп сурап,
Жамгырдын тирүү барлыгын
Жандырып кайта көп сурап,
Эки адам айтты Бөкөйгө:

«Барбы?» – деп, күндө сураган
Сиз экенсиз жакыны,
Али айныбайт ордунда,
Акеңдин эс-акылы.
«Келдиби Бөкөй иним?» – деп.
Улам сурап жатканы.
«Өлгөн жок, акең тирүү» – деп.
Аныk дайнын уккан соң,
Кубанды Бөкөй күлүндөп,
«Угуп калат экем – деп,
Урматтуу Жамгыр тилин» – деп.
Аңгыча Бөкөй бастырып,
Айылга барып калды эми.
Атын алып Бөкөйдүн
Турган элдин баарысы
«Канча айтса – тууган экен» – деп,
Кайгыга көөнү жанды эми.
Эшик ача бериштн:
Камчысын сүйрөп чыңырып,
«Кан Жамгыр» – деп, жүгүрүп,
Агасын келип кучактап,
Бөкөй калды жыгылып.
Анан Бөкөй кеп айтат:
«Ачпас айры» – кесеңден,
Чайга салган аселден,
Үйүңүзгө түнөтүп,
Кеселге жардам болдубу
Думана, бакшы, эшенден.
Айыктыңбы жан боорум,
Кармаган оору-кеселден?
Кармадым, аке, колуңдан,
Калкаң тийген талайга
Калкалуу элең тобумдан,
Айыктыңбы, жан боорум,
Тооруган кесел оорудан?
Алтындай болгон көзүндөн
Айныганың жок бекен,

Акыл-насаат сөзүңдөн?
Жанымды курман чабайын
Жатындаш сенин өзүңдөн
Калкаңыз менен чоң болуп
«Кан Бөкөй мен» – деп эсиргем,
Кетиптир этиң сөөгүңдөн
Кубат учуп дениңден
Канткенде алып калабыз
Касың – ажал, өлүмдөн.
Айнектей болгон эки бет
Айрылыптыр нурлардан
Алты айдан бери кеселдеп
«Ар убак келер бекен? – деп,
Арманың толду ичиңе,
Бир тууган иниң Бөкөйдү,
Бир көрүп кетер бекем? – деп,
Мен келбейт белем укканда
Кеселиңди билбедим.
Кейип келген иниңе
Акыл-насаат айтууга
Бар бекен кызыл тилдериң
Атасы бөлөк кишиче,
Ант урсун аке, билбедим
Атабыз бирге – туушкан.
Агам Жамгыр кесел – деп,
Айлыңдан барып угузган
Анчалык келбей коюуга
Жок эле көөнүм суушкан.
Жатындаш, Жамгыр, боорум ай,
Колтугуңа кол салып,
Албадым, аке, колуңдан,
Айлыңдан калың эл көрүп,
«Ажырап калган экем? – деп,
Акылман Жамгыр боорумдан
Укпапмын сенин алыңды,
Кыйнаптыр кесел жаныңды
Аман-эсен жүрөбү

Ардагың жалгыз Саринжи?
Кайгырып Бөкөй кеп айтып,
Катуу ыйлады бу дагы.
Карап турган калың эл:
«Канча айтса тууган экен» – деп,
Көп адам жашып ыйлады,
Жүрөгү толкуп кайгырып,
Келбей жүргөн Бөкөйдү,
Өпкөсү ичке сыйбады.
Бөкөй келелегинде
Кепинин башка жаздаган,
Бүт жыйылып молдолор
Келмесин айта баштаган.
Тууган да болсо Бөкөйдү
«Душмандай жандын бири» – деп,
Алдырбайын сырым – деп,
Аяйын кайгы муңум – деп,
Кестей* белин буунуп,
Каздай мойнун койкойтуп,
Кайраттанып турду эле,
Бөлөк адам болгондо
Жамгырдын жашыбасы чын эле.
Канча бекем болсо да
Көңүлү башка бурулду,
Кан Бөкөйгө сүйөнүп,
Жамгыр чалкасынан жыгылды.
Анык тууган экени
Агайынга угулду.
Көрүшүп ыйлап жатса да,
Жалгыз уулу Саринжи,
Эшикте жүрөт, кирген жок,
Атасы менен Бөкөйдүн,
Айтып жаткан сөздөрүн
Назарына илген жок.
Атанын сөзүн жактырбай,
Шыкаалап жүрөт тешиктен,
Угуп баарын эшиктен,

Күйгөнү кайсы атамдын
Кыркканы жүргөн экен го,
Көрө турган насиптен.
Саринжи сыртта жүргөнүн
Атасы Жамгыр биледи.
Кан Бөкөйгө кайтадан
Кайгысын айтып сүйлөдү:
– Айтайын, Бөкөй, арманым!
Аган эле Жамгырчы,
Чыгарып эстен салгыныҥ,
Жашы келди он бирге,
Менин жалгыз эле балдарым.
Жаттым алты ай төшөктө,
Кетти кубат-дарманым
Киши жок тууган кайгырар,
Кимге айтам, Бөкөй, зарларым?
Көтөралбайм башымды,
Көтөрдүм «актын» барманыҥ,
Албадыҥ, Бөкөй, эсиҥе,
Алты айдан бери бир келип,
Көрүнбөдүҥ көзүмө,
Кабарга келдиҥ уялбай,
Кайгырасыҥ несине
Көрдүҥбү, Бөкөй, түрүмү?
Акыл айтар киши жок
Артымда жалгыз иниҥи.
Арманым көп айтууга,
Алты айдан бери көрбөдүм
Аталаш Бөкөй инимди.
Жалгыздык көзгө көрүндү,
Жакын тууган болбосо,
Жат адам билбейт киминди.
Саргайып азып өҥүнөн,
Саринжи ботом бүлүндү,
Ат бастырып келбестен,
Акыры, Бөкөй, тааныттыҥ
Сен энеси башка зилиҥди.

Кайгыра берип нетемин?
Калды жакын жалгандан
Кайыр-кош айтып кетемин,
Каттабай коюп билдирдиң
Энеңдин бөлөк экенин.
Түшүрдү кесел тагымдан,
Кеттим мен кубат, каруудан,
Келип кабар албадың
Менин кеселде жаткан жанымдан.
Куткарбай турган көрүндү
Ушул кайгы жалындан
Аталаш тууган болбосо,
Кайсы адамга таарынам?
Колумдан кармап жетелеп,
Эшикке басып чыгалбай,
Кимисине зарылам?
Перзентим жаш, мен кесел,
Бөкөй, ушул кыйын баарыдан.
Кайгырган жеңең Каныштан,
Каттабай койдуң алыстан,
Кесел кармап кор болду,
Кеменгер Жамгыр даанышман.
Арманым айтсам абдан көп,
«Айлымдан Курман барган» – деп,
Артып айтып турууга
Агаңда кубат-дарман жок.
Айттымбы, Бөкөй, барымды?
Каргадай болгон кулунум,
Кайда жүрөт Саринжи?
Жат кишиче келбединң,
Жалгыз иниң таарынды,
Балалык кылып жаткандыр,
Угуп тур, Бөкөй, анымды.
Бир тапшырып кетейин
Дүнүйө-түгөл малымды,
Каргадайдан баш кошкон
Кадыркеч Каныш жарымды.

Алты канат ак ордо
Аркасынан капшырдым,
Акылман Жамгыр жан элем,
Мени асылган оору, пас кылдың.
Алганым Каныш жарымды,
Адыр толгон малымды,
Мен алтын, күмүш зарымды,
Айры өркөчтүү нарымды,
Урулуу коргон, багымды,
Угуп тур, Бөкөй, барымды,
Баарын сага тапшырдым.
Калаалуу дубал чарбагым,
Кайгырдым кесел зарладым.
Менин каргадай туяк калганым.
Жалгандан көзүм жумулса,
Эсиңден, Бөкөй, чыгарбай,
Сыйлагын менин арбагым.
Жети канат ак ордо –
Жеңеңдин күткөн мүлкү эле,
Жергеси чаңдап тунарар,
Жетигиң акең көзү өтсө*
Жеңең ыйлап үн салар,
Жетимим ыйлап муңданар,
Ажалы жеткен Жамгырга
Алын сурап ким барар?
Керилген конуш сазымды,
Мага кетпеген кесел асылды,
Асылган кесел күч алып,
Түбү алып тынат башымды,
Атасындай жакшы бак
Менин артымда жалгыз жашымды.
Ажалым жетип, мен өлсөм,
Болормун мүрзө-казынды,
«Атаң Жамгыр өткөн – деп,
Келбес жайга кеткен – деп,
Жетилелек жубарымбек,
Тилимди албай неткен?» – деп,

Ыйлатпагын жетимди,
Бар элем Жамгыр бирөөчө,
Башымдан бактым кетирди,
Баламды, Бөкөй, кордосоң,
Акыретке барганда
Аталаш тууган болсоң да
Көрбөймүн сенин бетиңди.
Абалап учкан зар эле,
Менин көөнүмдө кадик* бар эле,
Көрбөдүм кубанч бир ишин,
Жалгыз көтөрүп баккан жан эле,
Кайнатасы Карача,
Жалгыз кызы Акбермет –
Менин перзентимин жары эле,
Пендеден сындуу дебесең,
Бермет сындуу келиним,
Перизаттай бала эле.
Жалгыздын куюшканы калайлап,
Мен куда болуп, мал айдап,
Жекендей пакта байлатып,
Мен жергелеп малым айдатып,
Жетелеп төө, нар алып,
Мен кагаз теңге дагы алып,
Кайындатып жалгызды,
Куда болуп көрбөдүм,
Колуктусу Берметти
Өзүм алып бербедим,
Армансыз дүйнө болбойсуң,
Анан кийин өлбөдүм.
Алып келип келинди
Жалгызым үчүн той берип,
Жайнатып бүткүл элимди,
Мен барымда көрбөдүң,
Каныш, сен Бермет сындуу келинди.
Пейлимде тилек ушу эле,
Бербедиң кудай өмүрдү,
Жаратпай калсын жалгызды,

Жакын кылды өлүмдү
Жакшы бак, Бөкөй, баламды,
Жамгырчы журттан бөлүндү.
Кайда жүрөт чакырчы!
Каргадай болгон куу тумшук,
Менин угуп турсун кебимди.
Тапшырдым, Бөкөй, жалгызды,
Кор кылба жетим байкушту.
Сен төртөөсүң, ал жалгыз,
Жетимдин ашын ичирбе,
Жетимдин тонун кийгизбе,
«Кайрылар киши жок го» – деп,
Капалантып жүргүзбө,
Бозортпогун жалгызды,
Боздотпогун байкушту.
Бирөөдөн келтек жегизбе,
Жалгызым турса буркурап,
Менин жатканым мүрзө – кара жер,
Чамам жок угуп келишке!
Артылтып камчы чаптырба,
Жалгыздын көөнүн бас кылба!
Талатпагын жетимди,
Атасы бардан батынбай,
Баягы аңдып жүргөн карышкырга.
Көрүнгөн киши урбасын,
Көзүнөн жашын төгүлтүп,
Көчөдө ыйлап турбасын.
Жалгандан көзүм өтсө да,
Жамгырдын сыйла бир башын.
Агайын сиз деп элиңиз,
Артымда калган жетимди
Бөкөй, өз баландай көрүңүз!
Кайгырбасын Саринжи,
Биз тирүү эмес, өлүүбүз.
Карачанын Берметти
Кайындатып алпарып,
Алып бер жалгыз курдашын,

«Атасы болсо өлгөн» – деп,
Ар ким кастык кылбасын.
Ай-жамалдуу, бото көз,
Алпергин курдаш өз жарын,
Айдап бер, Бөкөй, өз малын,
Арбагын сыйлап акеңдин,
Ал жетимге көз салгын.
А да жалгыз, мен жалгыз
Жатындаш иним Бөкөйсүң
Айткан сөзгө көнүңүз,
Каргадай ботону ыйлатпа,
Караңгы көргө жатса да
Сизге ыраазы болсун көөнүбүз.
Атасынын бул сөзүн
Саринжи укту түгөлүн
«Атам акылынан шашты» – деп,
Жактырбай жетим жүрөгү
Жактырбаган жалгызын
Жалынган менен киреби?
Жамгырчы сындуу кишиге
Жакындап калган кезеги
Ажалдын нокто-жүгөнү
Тили калган балдырап,
Кеп сөзгө келбей шалдырап,
Качкан киши кейптенбей,
Кашына кирип барайын,
Көпкөрүнө азаптан,
Жөнүмдү ачып калайын.
Алты айдан бери кесел – деп,
Ат бастырып келген жок,
Аркасы менен чоң болгон,
Акемдин жүзүн көргөн жок,
Болобу Бөкөй агайын
Кызылы качып сурданып,
Көөнүнө кайгы чырмалып,
Жалгыз, эшиктен кирип келди эми,
Салам айтып Бөкөйгө

Сунуп колун берди эми.
Жалгыздын сөзүн укмакка,
Жакындап үйдү чырмашты,
Баягы чогулушкан элдери.
Тизесин бүгүп отуруп,
Тирмейген жалгыз жаш бала
Тилин тартпай сүйлөдү,
Ал баланын сөздөрүн,
Агасы Бөкөй сүйбөдү,
Көрбөйсүңбү, Саринжи,
Сакадай болгон дилдени?
Атасын кагып жемелеп,
Арманын бала сүйлөдү:
– Айланайын, жан ата,
Сөзүмө кулак сал, ата!
Сөз сүйлөймүн мен дагы,
Сиздин сөзүңүзгө карата.
Алтымыш алты жашында
Аке, сен кесел болдуң жазында,
Келерге тууган жок экен,
Отурдум жалгыз башында.
Баягы айткан иниң бу Бөкөй,
Агалыгын эске алса,
Айылдан кабар жибербей,
Келбейби сиздей асылга?
Кайгырба, ата, мен үчүн,
Капалык тартып жашыба!
Биздин сүйлөөгө келди тилибиз,
Жардаган тууган калың эл,
Жалгыз деп ойлоп билиңиз.
Жалгызым ушул эмеспи,
Жан атам – кесел, мен бир жаш,
Жанында жалгыз жүрүбүз.
Жатып-туруп кайгырган,
Жиберип киши айлыңдан,
Айланам, аке, ушубу
Сиздин арзыган Бөкөй иниңиз?

Эртеден бери кеп уктум,
Энчилеп бердиң Бөкөйгө,
Эң эле сөздү көп уктум.
Каркылдап учкан боз өрдөк,
Кайрылып конот көл үчүн,
Канчалык кызмат кылдыңыз,
Калдайган калың эл үчүн,
Каргадай жалгыз балам – деп,
Кайгырба, ата, мен үчүн.
Кайрылчу иниң бул болсо,
Башканы айтып нетейин?
Атаке, каттабайт беле сен үчүн!
Асмандап учкан каз-өрдөк
Айланып конот көл үчүн,
Акыл чачып, сөз айттың,
Агайын-тууган эл үчүн,
Атадан жалгыз болгон соң,
Алың жок оору кеселдеп,
Арманда болбо мен үчүн,
Акылы болсо Бөкөйүң
«Аркасы тийгем акем» – деп,
Айылдан кабар жибертпей,
Келбейт беле сен үчүн?
Канткенде, ата, баш ием,
Калкасы тийген агасын,
Кадырын эстен чыгарып,
Качып жүргөн инине?
Энеси бөлөк токолбу?
Мунунду кетти деп жатат зилине,
Баланын айткан бул сөзү
Бөкөйдүн тийди жинине.
– Мен үчүн, аке, мунданба,
Айылдан кабар жиберип,
Амалсыз келип турганга,
Арка болбойт жалгызга,
Агасына күйбөгөн
Тапшырба, аке, мендейди

Арам тууган урганга.
Мен элем сиздин балаң да,
Элдин тийбейт пайдасы
Эзелден жалгыз адамга.
Кызык кылып тилиңди
Мен үчүн сөзгө камалба.
Тапшырба, аке, мендейди
Ниети бузук каранга,
Энеси бөлөк арамга.
Амалы жок отурат,
Ачуусу келип Бөкөйдүн
Баланы туура чабарга.
Анда жалгыз мындай дейт:
– Тапшырба, аке, энемди,
Акылы жок иниңдин
Айтымына көнөмбү?
– Тапшырып атам кеткенде,
Мен дүйнөдөн бир иш көрөмбү?
Тапшырып кетсең Бөкөйгө
«Атаңдын көзү өткөн – деп,
Каргадай болгон кургур,
Менин тилимди албай неткен» – деп.
Бир күнү тартып алар малымды,
Ачуусу келсе бул инин,
Таратып иет барымды,
Калкасы тиет дебегин,
Мына бу каттабаган залимди.
Кагылайын атаке,
Айткан сөзүн кылбасам,
Мунуң кыйып тынат жанымды,
Төгөт деп корком канымды.
Атаке, сенин алдында,
Мен айтып калам барымды.
Азыркы дүйнө сөз эмес,
Түбүндө ээ кылбайт – деп,
Менин корком Бермет жарымды».
Буркурап жалгыз кеп айтып,

Атасына чаңырды.
Жалгыздын айткан сөзүнө,
Агасы Бөкөй таарынды.
Этек-жеңин кагынып,
Эстесе ойдон зарылып,
Айтып өттү көп сөзүн
Агасына жалынып.
Каларсың, ата, бир күнү
Казандай чымды жамынып.
Арачалар адам жок,
Акылы жок неме экен,
Мен качанга жүрөм жалынып?
Түп куйругу бир тутам
Тулпарлар кайдан жүгүрсүн?
Туушканың бул болсо,
Туу жалгызга ким күйсүн?
Турууга, аке, чамаң жок,
Менин туйлаганым ким билсин?
Жал-куйругу бир тутам,
Жароокер кайдан жүгүрсүн?
Жатындашым болбосо,
Жалгызына ким күйсүн,
Жалдырасам ким билсин?
Арманын айтып Саринжи,
Атасына зарылды.
Анда сүйлөп Бөкөйүң,
Саринжиге таарынды:
– Чочудум жетим сөзүңөн,
Келбей жатып жемелеп,
Кеп уктуңбу өзүмөн?
Кекендим, жетим, сен үчүн,
Агызармын жашыңды
Айнектей эки көзүңөн.
Бала баштан сүйлөйсүң,
Жубарым, сөздүн баасын билбейсиң.
Мен кызыкпайм сенин малыңа,
Кыйналам ыйлап ар убак

Мына бу кыямат кетчү чалыңа.
Төкпөсөм сенин каныңды,
Кыйбасам чымын жаныңды,
Албасам тартып малыңды,
Ар убак сыйлап жүргөмүн,
Мына бу агабыз Жамгыр канымды.
Ааламдан атаң өткөн соң,
Ээ кылбастан өзүңө,
Мен сенин талатармын шаарыңды.
Көңүлү бузук куу жетим,
Алат го – деп, айтасың
Тиги көрөлек Бермет жарыңды.
Жыланча чагып мен сени,
Салбасамбы заарымды!..
Көрбөй жатып жубарым,
Көңүлүм мынча калынды.
Агаңдын баркын сыйлабай,
«Арамдан» – деп, мени айттың,
Ушул сөздү неге айттың?
Башында тууган болсом да,
Каршы болдум жетимге.
Кайыр кош, Жамгыр мен кайттым,
Жубарымбек, ушул айткан сөзүңө,
Көрүнөрмүн көзүңө.
Балдыркан этиң каталек,
Балапан жүнүң түшөлек,
Тийгизип айттың жиниме,
Тилек тилеп жүрчү элем,
«Тирүү жүрсөң экен» – деп,
Сендей агадан калган иниге.
Агаңды айттың «бузук» – деп,
Мына жан агабыз Жамгырчы,
Жалпы агайын бул элдин,
Жамандык кылдым кимиңе?
Жетимдин сөзүн көрдүңбү?
Кош, аман бол, Жамгырчы,
Жетимдин жетемин акыр түбүнө,

Он бештен жашын чыгарбайм,
Кош аман бол, Жамгырчы!
Баландын айткан сөзүнө,
Байкачы, чыдап туралбайм.
Атасындай агасын
Ар бир жаман кеп айтты,
Бул – жубарымбек уялбай.
Азырда башын кесүүгө,
Жамгыр, сени турам кыялбай,–
Деп, Бөкөй шондо таарынды,
Каршылык сөз табылды.
Ордунан туруп күүлөнүп,
Этек-жеңин кагынды.
«Жамгыр, сенин көзүң өткөндө,
Угуп койгун, уялаш,
Чаап алам шаарынды,
Ушу сөзү барында
Түбү тирүү жүрбөйт Саринжи.
Билбеди менин баркымды,
Бир далай сөз айтылды,
Арка болчу акең мен,
Арамдан болчу дейсиң сен,
Жамгырдан калган саркынды.
Бөтөгөңдү чокурмун,
Мурда укканың жок беле,
Менин Бөкөй деген даңкымды?
Кайыр кош, тууган, эсен бол.
Жакшылык менен көрбөймүн,
Экинчи, тууган жалпынды.
Жыйырмага жеткизбей,
Жамгыр, мен жылас кылам жетимди,
Алыстан келсем сен үчүн
Менин абийиримди кетирди.
Агайин, кантип көрөйүн,
Уялбай сенин бетинди?
Жетимдин айткан бир сөзү
Менин сөөгүмө өтүлдү!»

Агасын сыйлап буркурап,
Алыстан келген Бөкөйдү
Адамдыктан кетирди.
Ачууланып арбайып,
Ант ичкендей саргайып,
Кайраттанып күүлөнүп,
Каргадай болгон балага
Кайта-кайта сүйлөнүп,
Кан Бөкөй турду ордунан
Кырып ийчү түрдөнүп.
Аттанар болду иниси
Жамгырга да жаккан жок,
Жаш баланын бул иши.
Бөкөй катуу өпкөлөп,
Кетмек болду кайрылбай,
Саринжи менен Бөкөйдүн
Арасы шондон айрылды ай.
«Сөөгүмө жеттиң – деп,
Жубарым, сөз менен уруп кеттиң» – деп,
Жамгырдын колун бек кармап
Күүлөнүп Бөкөй жөнөдү.
Кой десе болбой, кеттим – деп,
Кан Жамгыр калды мунданып,
Бөкөйдүн кызыл өңү сурданып,
Ачууланып болбостон,
Ар бир түркүн кырданып,
Таарынып Бөкөй кеткенин
Акеси Жамгыр билди – дейт,
Башка адам жетип келгенче,
Бөкөй барып атка минди дейт.
«Зор болсо, өлөт экем» – деп,
Жетим ичинен ойлоп, күлдү – дейт.
Кой десе Бөкөй болгон жок,
Баладан жаман сөз угуп,
Агасы Бөкөй оңгон жок.
Ар ким келип «кой» десе,
Бөкөй ачууланып койгон жок.

Аттаңып Бөкөй жөнөдү,
Баладан жеме сөз укса,
Бөкөй башка адамга көнөбү?
Агасы Бөкөй таарынып,
Айлынан кетти, келеби?
Башынан жалгыз болгон соң,
Душмандан жаман бейли бар,
Жалгызга тууганды кайсы кереги?
Таарынып Бөкөй кеткенде,
Баласын Жамгыр чакырды,
Баштан аяк Жамгырчы,
Жалгыз уулу жетимге
Баштап айтты акылды:
«Балалык менен кетирдиң,
Балам, сен баатыр Бөкөй жакынды.
Алар – төртөө, сен – жалгыз,
Өчүгүп жүрүп төрт урган,
Сени өлтүрүп койсо макулбу?
«Артымда бала калды» – деп,
Айтымда кубат, сөз эле,
Тууганың Бөкөй таарынттың,
Кулунум, туяксыз калса макулбу?
Жатындаш тууган сенде жок,
Балам, бирге жүрөр артыңан.
Ары жетилелек жаш элең,
Айттым эле Бөкөйгө,
Парзантым, сенин зарпыңан.
Таарынып Бөкөй кетти го?
Балам, сенин айткан сөздөрүң
Бөкөйдүн сөөгүнө жетти го?
Кайгырып Бөкөй таарынып,
Кайрылбас болуп кетти го.
Балам, сага Бөкөйдөн башка тууган жок.
Балам, сени кудай экөө кылган жок.
Агаңа сүйлөп кеп айтып,
Санаасына салдың чок.
Кантет элем, кайрат кыл,

Эзелден жалгыз болгон соң,
Кулунум, эч бир кылар арга жок.
Абалап учкан зар эле,
Агаң бир турган калаа эле,
Сурабассың эч кимден,
Балам, адырың толгон мал эле,
Урушу жок, жаңжал жок,
Ак Берметти алып келсе – деп,
Балам, менин көөнүмдө тилек бар эле.
Менин көзүм өткөн соң,
Азын-көбүн мал айдап,
Карача көдөп жөнөгүн,
Апкелип бер жолдошун
Тетиги алтымышта энеңин,
Барам десе кошпогун,
Балам, беш жолдоштон бөлөгүн.
Жан күйөр алгын беш жолдош,
Жалгыз, сенин жөлөгүң:
Тамырың алгын бир жолдош,
Тагаңды алгын бир жолдош
Жээниңди алгын бир жолдош,
Бөлөңдү алгын, беш жолдош,
Башкадан кошпо эч жолдош!
Беш жолдошту, ала көр,
Берметке эрте бара көр,
О дүйнө кеткен акеңдин
Орунун басып кала көр.
Эртерээк, балам, жөнөгүн,
Жамгырчы акең орунун
Жаш Берметти алып төлөгүн.
Жан жолдош ошол келини,
Тетиги жашы кайткан энеңин.
Кылагар көзүм кылайтып,
Кыямат кетип барамын.
Алагар көзүм алайтып,
Акырет кетип барамын.
Абайлабай кетирдиң,

Алыстан келгеи агаңын,
Бала да болсоң, жалгызым,
Башчысы болгун калаанын.
Орундабай мен кеттим,
Оюмда тилек талабым.
Кетпедим көрүп жалгандан
Келиним Бермет жамалын.
Кеби жаман болду го
Жанагы кеткен Бөкөй агаңын?»–
Деп, ошентип, Жамгырчы,
Арманын айтып ыйлады,
Ага-инисин жыйнады,
Тили келбей сүйлөөгө,
Оозуна сыйбады.
Жанынан чыкпай отурат,
Баягы жакын – Курманы.
«Атамдын алы кетти» – деп,
Алдында жалгыз чыңырды.
Ары жалгыз, ары жаш,
Менин ким көрөт муңуму.
Алкымда тили токтолуп,
Жамгырдын аяк-башы сунулду.
Денесинен жан кетип,
Сүйлөбөй тили буулду.
Ак бетинен нур кетип,
Бозоруп өңү кубулду,
Бошоп дене шалдырап,
Кулап Жамгыр жыгылды.
Тагдырда ажал ушундай,
Таштады Жамгыр бу күндү.
Каруусу калбай жан кетип,
Калайыгы түңүлдү,
Каргадай болгон жетими:
«Кантемин?» – деп жүгүрдү.
Атадан бала айрылып,
Азап тарткан бүгүнбү?
Алып койду Жамгырды

Ак ордонун бурчуна.
Денеден жаны чыккан соң,
Темтеңдебей тынчыды.
Аташкан жары өткөндө,
Алганы анын ак Каныш,
Ак бетине кол салбай
Агарган өңдөн кан тамбай,
Азаптуу күндө турсунбу?
Жабылып эли курчады,
Жамгырдын ак үй – ордосун,
Артында ага, ини жок,
Адам жалгыз болбосун.
Кармаган касты ажалдын,
Көз жетет жанды койбосун.
Алыс, жакын туушкан:
«Ааламдан Жамгыр өттү» – деп,
Ар жерге кабар угузган.
Айлына кабар жиберсе,
«Барбаймын» – деп таарынып,
Кабарчыга айтыптыр.
Кан Бөкөй сындуу туушкан.
Уккан эл түгөл келишти.
Агайын жыйып чогултуп,
Асыл Жамгыр атасын
Алып барып көмүштү.
Алганы калды кайгыда,
Атасын көөмп болгон соң,
Колуна кызыл туу кармап,
«Ырысым атам өттү» – деп,
Жетим ыйлап түштү айлына.
Эки саат өкүрдү,
Эшигинин көзүнө.
Эшиктен эл ыйлады,
Баланын айткан сөзүнө.
Калдымбы жалгыз зарлоого,
Кагылайын атаке,
Калдыңбы жатып бир күнү

Кара топурак чандоодо?
Арманда жалгыз сыздоодо,
Алар – төртөө, мен – жалгыз,
Аразат* калдым кыстоодо.
Мени көчүрбөй Бөкөй өлтүрөт,
Көк терең кең сай кыштоодо,
Көк жалым ата, калдыңбы
Көрүнбөс топурак сыздоодо?
Атасы Жамгыр өлгөндө,
Ызатын берип элдерге,
Күн эсеп – алты ай толгондо
Өлгөн журттан көчүшүп,
Өрүштөн барып конгондо
Кан атам, көзүң өтсөчү,
Жашым жыйырмага толгондо
Азыр мен жетелеме тайлакмын,
Жеталбай калдым болжолго.
Ай эсептеп, кыш өтүп,
Жыл маалына толгондо.
Керилген кең саз түзүндө,
Атасына аш берди.
Жалгыз, ат чаптырып күзүндө.
Тууганы Бөкөй барган жок,
Ал турбады элдин ичинде.
Таарынган кеги кетелек
Алып келбесе Бөкөйдү
Айтып сөзгө түшүнтүп,
Бир күнү айлына анын жетелеп.
Таарынып жаткан тууганга,
Бөкөйдүн жөнүн кеңешип,
Акыл салды Саринжи
Атасы менен бирге өскөн
Баягы айлындаты Курманга.
Курманды жалгыз бар – деди.
Агасы өлсө, келбеген
Аталаш Бөкөй урганга.
Курман, сен кан Бөкөйгө барып кел,

Өйдө-ылдый айтып түшүнтүп,
Өзүн мында алып кел.
Алып келсең Бөкөйдү,
Жамгырчынын ордуна
Жакшы кылып алалы.
Бийлесин Бөкөй чоң болуп,
Мына бул биздин шаар-калааны.
Кайгысын ичтен кетирип,
Жооп сурап Бөкөйдөн,
Жолдош алып беш киши,
Анан Ак Берметке баралы.
Урушу жок, жаңжал жок,
Тынчтык менен алалы.
Ак Берметти алып келген соң,
Айылдан куумак оңой иш,
Андай күйүшпөй турган аганы.
Апкелгин Курман теңинди,
Бөкөйгө айт билген кебинди.
Тууган болуп агарып,
Апкелелик тынчтыкта
Ак Бермет сындуу келинди.
Азыр алдырбасак Бөкөйдү,
Арадан тозуп көп айтып,
Араздык каршы жаман сөз,
Көбөйө турган көрүндү,–
Деп, жалгыз айтты Курманга,
Бармак болду бу Курман
Таарынып кеткен урганга.
Эртең менен аттанып,
Бөкөйгө Курман жөнөдү,
Жапагы чатак кылат дебесе,
Түбү жок эле Бөкөй кереги.
Бар деген соң, баш ийди
Бармактай жалгыз Саринжи –
Жамгырдын жалгыз төлөгү.
Айылдан чыгып аттанып,
Айтайын деп бир сөздү,

Курман ар нечен сүйлөп даттанып:
«Бөкөй – бизге агайын,
Арак ичип алкынып,
Кечинде куптан болгондо,
Бөкөй сүйлөчү эле талпынып,
Обдулуп күчөп турганда,
Бөкөйгө мен барайын,
Жамгырдан тарта сөз кылып,
Аны мен далай кепке салайын.
Эс-акылдан танбасам,
Эритчү элем сөз менен
Андай эси жоктун далайын.
Бөкөйдү сынап көрөйүн,
Тилимди алса ээрчитип,
Агасынын айлына
«Бир боорум» – деп өкүртүп,
Айлына алып келейин.
Атасынан кем көрбөйт,
Айланайын Саринжи,
Менин асылдан калган мөрөйүм».
Эрке тору атына
Эртелеп токуу салды – дейт,
Эрегишкен Бөкөйгө
Эстүү Курман барды – дейт.
Жалгыздын сөзүн кылды – дейт,
Жатар кезек – куптанда
Жакын келип үйүнө
Курман сүйлөп дабыш кылды – дейт.
Сүйлөш деген дабышка,
Үйдөн бирөө чыкты – дейт!
Курмандын айткан дабышын
Тыңшап баары укту – дейт,
Атын бирөө алды – дейт,
Ачты эшикти бир киши,
Анда, Курман үйүнө кирип барды – дейт.
Кан Жамгырдан айрылып,
Капаланып турганда

Анда Курманга Бөкөй мындай дейт,
Кабар келсе барбастан,
Кайгырып жүргөн тууганга:
«Салыңкы, Курман, кабагың,
Дүнүйөдөн көчкөнсүп,
Пикирлешип бир жүргөн,
Билимдүү Жамгыр адамың.
Кайгысын тарткан түрдөнөт,
Карасам, Курман, түрүндү
Калган жетим баланын.
Ээси болуп ким турат,
«Эшиттим Жамгыр өлдү» – деп,
Ээн калган калаанын?
Энди, Курман, сүйлөчү,
Сен көргөн иштин тамамын.
«Жамгырчы акең өлдү» – деп,
Кабар келди барбадым.
Кабарын, Курман, билесиң,
Жаман айтып Бөкөйгө,
Жалгыз жетим жубарым,
Көөнүмө кайгы салганын.
Көк жалым Жамгыр акемди
Ошондо мен көрөйүн деп баргамын.
Көп эле журт билесиң,
Көңүлүм шондо калганын.
Баланын айткан сөзү үчүн,
Айлыңарга барбадым.
Бир тууганым Жамгырга,
Бир кетмен топурак салбадым.
Эрегишип жетимге,
Ичимде жүрөт арманым.
Аке менен бирге өскөн
Акылдаш, Курман, киши элең,
Айтчы көргөн барларын.
Жалгандан акем көзү өттү,
Көрбөй жатып Бөкөйгө,
Жубарымбек Саринжи

Адам укпас бир далай,
Мага айтпадыбы өсөктү.
Калаасын чаап алмакмын,
Калкына бир күн бармакмын.
Талпынып үйдөн учалбай,
Табалбай турам кезекти.
Өлтүрмөкмүн баланды,
Өрттөмөкмүн калаанды.
Жамгырдан калган дүйнөгө
Мен салмакчы элем талаанды.
Уялбай кантип көрөмүн,
Улуунун баркын билбеген
Каргадай жетим арамды?
Шеригинден айрылып,
Кайгырып жүргөн экенсиң.
Курман, сен айтчы, оюнда санаанды.
Аталаш тууган мен беле,
Акылман Жамгыр өлдү эле.
Ысыган көөнүм сууткан
Барбадым кабар келди эле.
Эзилип барган жүрөктү
Эс тарта элек жубарымбек,
Муздатканы жөн беле?
Агабыз менен бир жүрүп,
Ар бир ишти көрдүңүз,
Айрылыпсың, шериктен,
Курман, эмне мында келдиңиз?
Келген иштин жөнүн айт,
Жамгырдан укkан кебиң айт.
Жалгыз калган баланын
Жарабаган жөнүн айт!»
Анда Курман кеп айтат,
Бөкөйдүн айткан сөзүнө
Кайтарып жооп эми айтат:
– Менин кайгылуу бекен кабагым?
Бу кезде караңгы болду заманым:
Кайраты жок айтарга,

Каргадай жетим баланын.
Эли болдук бу кезде,
Ээсиз шаар-калаанын.
Эсинден, Бөкөй, чыгарбай,
Эмдигиче жүрсүңбү,
Эки ооз айткан сөздөрүн
Эркелеген баланын?
Эрегишип балага,
Эсиң жок, Бөкөй, өзүндүн,
Экинчи жүзүн көрбөдүң.
Эсил Жамгыр агаңын.
Кайгысы ичте турабы?
Кан Жамгыр тактан кулады,
Акыл айтчу бала жаш,
Айласын кандай кылалы?
Эзилбей кантем, Бөкөй, мен?
Элимдин кетти тынары
Эркелеп барып кеп айткан,
Жат кишинин уулу эмес,
Ал – жатындашың чырагы,
Сен таарынып кеткен соң,
Кайда кетти Бөкөй? – деп,
Кайран Жамгыр тууганың
Кайта-кайта сурады.
«Келдиби» – деп, өзүңдү
Кеткенден кийин эстеди.
Жатындаш Жамгыр сени эстеп,
Жашооруду көздөрү,
Жанына жаман баттыбы,
Жаш баланын сөздөрү?
Эсинен сени чыгарбай,
Улам сурап турду го,
Жалгандан жаны көчөрдө,
Жарык оту өчөрдө,
Сүйлөөдөн тили балдырап,
Сүйлөөргө түк тил келбей
Эки көзү жалдырап,

«Жатындаш иним барбы» –деп,
Жамгырчы колун сунду го.
«Барбы Бөкөй?» – деп сурап,
Баласын эстен чыгарып,
Кайта-кайта көп сурап,
Жатындаш сени сурады,
«Жакын иним Бөкөй» – деп,
Жамгырчы жатты кыйналып,
Жалгандан жанын кыялбай.
Эркелеп айткан баланын,
«Эки ооз сөзүн уктум» – деп,
Экинчи кайта барбадың,
Эси жок, Бөкөй, уялбай.
Кайран акең Жамгырчы
Өлгөн кезде келбединг,
Азын-көбүн ызаатын
Колуң менен бербединг.
Капалуу болуп сен жүрсөң,
Каргадай болгон Саринжи
«Акемди апкел» – деп ыйлайт,
Амалсыздан келгемин.
Коркутпа, Бөкөй душманча,
Бир тууганың Жамгырды
Колуң менен көмбөдүң.
Акыл сурап эл барган,
Айбаты менен элди алган,
Арманда болбой мен кантем,
Акылдашып бир жүргөн,
Айрылдым Жамгыр көк жалдан.
Кайрат сурап эл барган,
Кадыры менен элди алган,
Кайгыланбай мен кантем?
Кадырлашып бирге өскөн,
Касты өлүмгө тарттырып,
Калбадымбы ажырап,
Кайраным Жамгыр көк жалдан?!
Жатындашы сен түгүл,

Жат душмандар ыйлады.
Жамгырчы сындуу уулга
Башынан, Бөкөй, белгилүү
Акылың жарым ини элең,
Акырет кеткен Жамгырга
Аталаштын бири элең.
Акылың жарым болбосо,
Сен касташкансың ким менен?
Акеси оору, өзү жаш,
Абайлабай сүйлөгөн,
Каргадай жетим Саринжи
«Катуураак сүйлөп койду» – деп,
Каттабай койсоң макулбу,
Эки ооз айткан тил менен?
Агаң ушул деген соң,
Айткан чыгар эркелеп,
Өлтүрөр болсоң эртең бар,
Бир жетимди желкелеп,
Сага айтпай жалгыз кимге айтат?
Өз айыбың билбестен,
Өлтүрөм дейсиң жетимди,
Ошон үчүн мен айтам
Бөкөй, акылың жарым, келте – деп!
Сен ээ болот дечү эле,
Ээн калган калаага,
Башчы болот дечү эле,
Артымда жетим балага.
«Минтип сүйлөп койду» – деп,
Качып жүрсүң чыдабай,
Болор-болбос жарага.
Эсиңе алсаң арбакты
Барып, Бөкөй, бата оку,
Сен, баатыр Жамгыр агаңа.
Эсиңе алсаң Жамгырды
Эрегишип жүрсүңбү,
Эс тарта элек жетимдин
Эки ооз айткан сөзүнө?

Кан Жамгыр жаман айткан жок,
Акылың болсо, Бөкөй, сен
Кайгырасың несине?
Ошондо Бөкөй ойлонуп,
«Мунум уят экен» – деп,
Бөкөйдүн бир акыл кирди мээсине.
Ойлонуп Бөкөй баарысын,
Кошо ыйлады уккан соң,
Курмандын кайгы, наалышын.
«Курмандын сөзү макул» – деп,
Мурункусун унутуп,
Эми Бөкөй эске алды.
Жамгыр кандын айлына,
Бөкөй арбагын жоктоп барышын.
Анда Бөкөй мындай дейт:
– Каршы алып, ойлоп жүрүпмүн,
Каргадай жетим баланын,
Кумаке, сенден эшиттим
Бир талай сөздүн кабарын.
Өлгөн кезде барбастан,
Өзүм жүрдүм каттабай,
Эми мен кай жол менен барамын?
Унутпаймын арбагын
Уялаш Жамгыр аганын.
Кумаке, сенден сөз угуп,
Бүркөлдү менин кабагым,
Акылын, Курман, өзүң тап,
Айлына баштап барардын.
Анда Курман мындай дейт:
– Акылын табам өзүм – деп,
Ашын берип, ат чапты,
Атасынан ажырап,
Али да жетим Саринжи
Ала элек жаштан көзүн – деп,
Эсиңден бүтүн жоголсун,
Эрегиштин, ким менен
Бөкөй, эби келбес, кесир – деп,

Сенин таарынганың билбестен,
«Таап кел, Бөкөй өзүн» – деп,
Атадан жетим жаш калып,
Оозунан сени түшүрбөй,
(Ой, курусун, туугандык!)
Отурат ыйлап безилдеп.
Балага акыл кеп сүйлөп,
Баштан аяк көп сүйлөп,
Байкачы, Бөкөй, туушкан,
Ашын берип койсо да,
Ал үчүн капа ойлонбо,
Бөкөй, бара турган кезиң! – деп.
Курмандын сөзүн «макул» – деп,
Бармакка Бөкөй камынды.
Элин жыйнап чогултуп,
Баштады Бөкөй дабырды.
Жамгырды эстеп көп ыйлайт,
Жатындашы болгон соң,
Бөкөй кантип кылат сабырды?
Ээрчимек болду Курманга,
Эми бармак болду го,
Эки жыл өткөн ортодон,
Эскирип кеткен тууганга.
Эстүү Курман көп сүйлөп,
Эритти Бөкөй төрөнү,
Эбин таппас жан болсо,
Эрегишип таарынып,
Экинчи Бөкөй келеби?
Элүүдөй киши ээрчитип,
Эр Курманды башчы алып,
Эртеси Бөкөй жөнөдү.
Кайгысын ичтен кетирип,
Калаасын көрүп Жамгырдын,
«Агаңдын айлы тиги» – деп,
Ат бооруна түшүрүп,
Бөкөйдү апкелди Курман өкүртүп.
Өкүрүп келди чуулдап,

Өксөп, ыйлап Саринжи,
Эшикте турду зырылдап,
Бөкөй аттап кулады,
Кыйын экен бир тууган.
Эки жыл өтүп кетсе да,
Бөкөй жаңы өлгөндөй ыйлады.
Жаш баланы кучактап,
Жанын жаман кыйнады.
Эсине түштү ошондо,
Эр Жамгырдын арбагы,
Ыйлай берип Бөкөйдүн
Кеткендей болду дарманы.
«Канча айтса тууган экен» – деп,
Калбастан түгөл ыйлады,
Караган элдин барлары.
«Байрактан калган желегим,
Баатырдан калган жөлөгүм,
Зооттон калган кыягым,
Акемден калган туягым,
Ар көргөнсүп бир ишти,
Алыстап жүрдү кыялым.
Артында калган жаш бала,
Айланайын, чырагым.
Кабарга келбей мен болуп,
Касташкан душман эл болуп,
Качып жүрдүм, келбедим,
Кагылайын акемди
Колум менен көмбөдүм.
Керек болсо жанымды,
Жамгырчы үчүн бербедим.
Жатындаш жакын акемден
Жаш калган жалгыз эрмегим.
Жолборстон калган белегим,
Жоо болуп жүргөн мен эдим,
Аман жүрүп жетилсең,
Артымда жарак-көмөгүм.
Кармаган кылыч ак болот,

Менин канат-куйрук, жөлөгүм.
Кайратысың, Саринжи,
Картайган Каныш энеңин,
Калтырбай уктум Курмандан
Канчалык сөздүн дарегин.
Алакан жайып дуба окуп,
Окуду Бөкөй куранды,
Куран окуп, кол жайып,
Бата кылып болгон соң,
Жанына келип жалгызы
Мына эми агасына айтканы:
– Эсилим Бөкөй жан ага
Эрегиштиң балага,
Эки жыл өтүп кеткен соң,
Эми келип турасың
Ээн калган калаага.
Жатындаш сенден башка жок,
Жалгыздын жаны садага!
Жат кишиче келбестен,
Жакшы эле жүрдүң талаада.
Айыптар болгон өзүмбү,
Аке, сен оймоксуңбу көзүмдү?
Айтайын арман сөзүмдү.
Чабар кылыч сеники
Сунган моюн меники.
Кыямын десең, жан мына,
Төгөмүн десең, кан мына,
Талатам десең, мал мына,
Таркатам десең, зар мына.
Арачалар киши жок,
Өчүккөн жооң мен болсом,
Аке, өзүм келдим алдыңа.
Айласыз экен жалгыздык,
Атадан жалгыз калдым а!
Өлтүрсөң, кармап өзүмдү,
Баатыр агаң Жамгырчы,
Бөкөй, баласыз болуп калды да.

Мен келдим, аке, алдыңа,
Мени кармап өлтүрсөң,
Бек агаңыз Жамгырчы
Перзентсиз болуп калды да.
Эрегиштиңби өзүмө?
Уялбай, аке, таарындың,
Эркелеп айткан сөзүмө.
Ажалы жетип акемдин
Өлгөнүндө келбедиң.
Азын-көбүн ызааттап,
Көмгөнүмдө келбедиң.
Артында калган жетимдин,
Алы-жайын көрбөдүң.
Асыл Жамгыр эл-журтун
Жыйнаганда келбедиң.
Бир туугандык экенин,
Жакшы болсоң, Бөкөй, сен
Менин жардамчы кубат жетегим.
Айтат белем бу сөздү?
Арманым айттым «акем» – деп,
Болбосо атасы башка бөтөнүн,
Баатыр, Бөкөй, келиңиз,
Башчысы кеткен элиңиз,
Атасы өлгөн, өзү жаш,
Биздин капалуу болду көөнүбүз,
Агадан калган дүйнөнү.
Таратып элге бөлүңүз,
Арманы көп мен жалгыз
Агандан калган ини эле,
Атабыздан айрылып,
Ачык эмес башымда
Армандуу кара түн эле.
Атам кесел болгондо,
Айткан сөзүм көтөрбөй,
Агабыз, кеттиң таарынып,
Ал-абалым көрүгө,
Бөкөй, сенден башка ким эле?

Агандан калган бул элге?
Жүргүзгүн, аке, өкүмдү,
Капалантып карайтпай,
Ачыңыз, Бөкөй, бетинди.
Айыптар болсом эми өлтүр,
Мендей агандан калган жетимди!
Көп өзөн толгон мал калды,
Көк жалым акем көзү жок,
Көп айтам, Бөкөй, арманды.
Арка болчу акемсиң,
Менин айткан сөзүм жалганбы?
Баштан-аяк Бөкөйгө
Баланын айткан жообу,
Акылы жарым, көөнү бош,
Бөкөй ага кантип чыдады?
Алдында зарлап отурса,
Аганын жалгыз чырагы.
Обдулуп Бөкөй бакырып,
Ордунан ыргып турады.
«Кулунум» – деп кучактап,
Бөкөй арманын айтып кулады,
Кучактап алып жалгызды
Агасы Бөкөй мындай дейт:
– Кечээ, мен Жамгырчы акем өлгөндө,
Жүзүн көрүп, кеп угуп,
Калбайт белем келгенде.
Бир ооз сөзгө таарынып,
Бир тууган өлсө келбестен,
Мен, болгон экен шерменде.
Келбедим Жамгыр ашына,
Турбадым кемегенин башына.
Кеткеним сөзгө таарынып,
«Келбей калдың акем» – деп,
Каргадай жалгыз жашыба!
Атаң Жамгыр дөөлөтү,
Кулунум, айланып консун башыңа.
Эсил* барда таарынып,

Эми келдим кашыңа.
Акылдашып иш кылсаң,
Аларсың мени башыңа.
Атасы өлбөй бир жүргөн
Адамзатта киши жок,
Ал үчүн, иним, жашыба!
Кан Бөкөй айтып сүйлөдү,
Кайран Жамгыр бир тууган,
Бир күнү калтырды жалган дүйнөнү.
Пендеге болот ырыскы,
Иним, бешенеге чийгени.
Бөкөй шонтип жатканда
Бетин жыртып тул калган,
Басып барды жеңеси,
Баягы туу көтөргөн үйдөгү
Кашына келди жеңеси.
Аял да болсо «кайним» – деп,
Айтып турган кеңеши:
– Алдыңда турган жаш бала,–
Кайним, агаңдын жалгыз керээзи.
Эс тартып жалгыз чоңойсун,
Кайним, сен болгун элдин ээси.
Кабар берсек келбедиң,
Сен бир тууган жакын агаңа.
Каралдымды ыйлатпа,
Кайним, болсун жаным садага,
Эстүү деп сырттан жүрчү элем,
Эсиң жарым шекилди,
Эркелеп айтса көтөрбөй,
Кайним, сен эрегиштиң балага.
Көргөндө жандын медери!
Көңүлүнө так салба,
Кайним, көк жалдан калган жеңени.
Жетелеп жүрүп жакшы бак,
Жетилелек немени.
Ак үйүм кызыл тулданды
Мендей алганы ыйлап тул калды.

Арбагын сыйлап жакшы жүр,
Кайним, сен акырет кеткен тууганды.
Капшытка туум сайылды,
Кайниме айтпай, кимге айтам,
Капалуу көңүл жайымды?
Акылды жыйып ээлеңиз,
Агандан калган айылды.
Аз да эмес, көп да эмес,
Агандын азыраак капка айлы бар,
Менин ар сөзүмдүн дайны бар.
Балалык кылса ининди,
Кайним, жаман жолдон кайрып ал.
Жалгыздын туула элек кезинде,
Бел куда болгон бек акең,
Карача деген кайны бар.
«Карачанын Ак Бермет,
Ининдин кадыркеч алчу зайбы бар.
Акеңдин эсте арбагын,
Аракет кылып эртелет,
Жалгыздын өз кайнына бармагын.
Кошумчалап жөнөткүн –
Колуңдан келген жардамың.
Перзентим жалгыз кантейин
Бергени ушул Алланын?
Калтырбай кайним, түгөл ук
Жеңеңдин айткан арманын.
Башчысы болгон элимдин,
Инисисиң бир тууган
Менин акырет кеткен теңимин.
Кудайдан сурап отурам,
Жалгыздын узак өмүрүн.
Эртерээк алпер инине,
Энесинин эрмеги.
Менин эстүү Бермет келиним,
Бир көрсөм деп көзүм төрт,
Узак кылса өмүрүн.
Кайним, сен болосуң башчысы,

Менин кайгылуу калган элимин.
Камына жибер эртерээк,
Алып келсин Берметти.
Менин алдымдан чыкпас шеригим.
Жалгыздын көрсөм үзүрүн
Жаратканга жалынам
Кечирээк бер – деп, өлүмүн.
Баланын көрбөй кубанчын,
Ачалбай кеткен агаңыз
Арманда болгон көңүлүн.
Анда Бөкөй кеп айтат:
– Таарынып кеттим башында,
Баландын бир ооз сөзүнө,
Бөлөк эмес, тууганмын,
Жеңе, сен кайгырасың несине?
Ырас, эртерээк келсе келиниң,
Эненин шерик өзүнө –
Деп, Бөкөй кайтарды сөздүн жообун.
Агасынын айлына
Акылман Бөкөй турду эми,
Туш-тушка элди чаптырып,
Тууганын түгөл жыйды эми,
Атасынын ордуна.
Агасы жакын Бөкөйдү,
Эл башчысы кылды эми.
Бөкөйдүн капалуу ичи агарып,
Калаасын бийлеп турду эми.
Бир күнү жалгыз чакырды,
(Баягы атасы менен бирге өскөн)
Акылдашы Курманды.
Курманды кел деп чакырды,
Жалгыз Курманга салды акылды:
– Тууган болуп турганда,
Эртең жооп сурап бер,
Кумаке, сөзгө алгын Бөкөй баатырды!
Менин туура көрсөң кебимди,
Туйгунум атам үйдө жок,

Туугандан бир күн бөлүндү.
Акылдашып Бөкөйгө,
Агайын болуп турганда,
Мен алайын Бермет теңимди.
Жалгыз эле жөнүбүз,
Ээрчитип барып Бөкөйдөн,
«Кайнына барат иниң» – деп,
Жооп сурап бериңиз –
Деп, акыл салган баланы,
Айтканыңа «макул» – деп,
Саринжини ээрчитип,
Бөкөйгө Курман барганы.
– Ассалоому алейким,
Адилет Бөкөй бегибиз,
Куттуу болсун Бөкөй кан,
Агадан калган элиңиз.
Каргадай болгон жетимиң
«Кайныма барсам экен» – дейт,
Иниңе жооп бериңиз.
Мен жалган сөздү кошподум,
Жаныңа келип карасам,
Жатындаш тууган экенсиң,
Түбү Жамгырга сен да окшодуң.
Энең бөлөк болсо да
Аталаш тууган экенсиң,
Бөкөй, сен эр Жамгырга окшодуң.
Кан болдуң Жамгыр айлына,
Иниси ордун басты – деп,
Сенин ич кубанды дайныңа.
Энеси жалгыз бир үйдө,
Эрмек болсун келини,
Жалгызды эртерээк жибер кайнына.
Анда Бөкөй сүйлөйт Курманга.
Кубанып Бөкөй кеп айтат,
Акелеп жалгыз алдында
Жооп сурап турганда,
Көч алды болсун кара нар,

Өзүңө койдук ыктыяр,
Өлгөндөн калган жалгызым,
Өзүң билип, өзүң бар, –
Деп, агасы Бөкөй айтты эми,
Жооп алып Бөкөйдөн,
Саринжи үйгө кайтты эми.
Башында атасынын кеби бар:
«Абалап учкан зар деген,
Балам, алыста кайның бар деген,
Жан күйөрдөн беш жолдош,
Жаныңа кошуп ал» деген.
Тайдайында мактаган,
Кой жорго деп сактаган,
Эгей жаак, куран төш,
Буура көкүл, кулжа сан,
Атасы тирүү чагында
Жалгызга арнап берген көк жорго,
Аргымак чалыш буудандын
Ошондой асылы жарайт көп жолго.
Буйнат* болгон куюндан,
«Каргадай балам жетилсе,
Энчилеп минип жүрсүн» – деп,
Жамгыр камдаган экен мурунтан.
Каалаган аты көк жорго,
Каралама мал эмес,
Казанаттан туулган.
Буйнат болгон шамалдан,
Алтай жайы оттосо,
Камчы саптай жал алган.
Эрге ылайык жакшы аттар,
Насипке бир жаралган.
Акылы терең атасы,
Көчкөн эле замандан.
«Менин жөнөр күнүм жуук – деп,
Жооп берди баргын – деп,
Биздин акебиз Бөкөй улук» – деп.
Жылкычыга кеп айтты:

«Талаадан кармап жетелеп,
Жөнөгөнчө суут» – деп.
Талаадан кармап алышып,
Таркатып майын агызып,
Кымыз ичип кыйкырып,
Кыр-кырда жаткан жылкычы,
Кыйкырышып жарышып,
Кургатып терин багышып,
Кулжадай ичин катырып,
Көкүлүн ороп түйүшүп,
Көп күндөн бери минишип.
Сууткан жорго бууданды
Жакын көргөн акеси,
Дагы бир күн Саринжи
Чакырып алды Курманды.
Жөнөйүн деп Курманга.
Карачы кандын элине,
Кадыркеч Бермет теңине,
Сараладан санды айдап,
Көк аладан көптү айдап,
Тоюна бээ – бор алып,
Бөкөйдүн берген кырк жылкы,
Муну да бүт, кошо алып,
Атанын сөзүн кубаттап,
Атасы бөлөк киши албай
Кай жерде –
Жек-жааты менен дос алып.
Кашындагы беш жолдош,
Өзү катар бала алып,
Эсептебей мал алып,
Карача кандын шаарына
Камынды жалгыз жүрмөккө.
Анда энеси байкуш кеп айтат:
«Эселден калган кулунум,
Эртерээк келгин» – деп айтат.
Кайгырып Каныш кеп айтат:
– Кагылайын жалгызым,

Капалантып көп жүрбөй,
Кечикпей кел – деп айтат.
Кундуздай болгон карачач,
Күнүгө жууп тарармын,
Айланайын, жалгызым,
Күнүгө жолуң карармын.
Күнү катын, душман көп,
Менин эркелетер балам жок,
«Эс-акылың кандай?» – деп,
Алымды сурар адам жок.
Көз талганча жол карап,
Сени мен жараткандан сурармын.
Аман-эсен барып кел,
Ак Бермет жарың алып кел.
Аңгыраган чоң үйдө
Мендей жалгыз кемпир карып дээр.
Алдырба арың душманга,
Адамда кылар айла жок,
Бешенеге сызганга.
Арасы кыйла алыс жол,
Асылым жалгыз, аман бол.
Кечигип кетсең келбестен,
Кемпирге түшөр далай шор.
Башында мыкты болсом да
Падышам кетип, болдум кор.
Сени бакайлаган* душман көп,
Өзүнө өзүң мыкты бол.
Энеси берди батасын,
Эсине алды Саринжи
Эр Жамгыр сындуу атасын.
Алып кел деп жоргону,
Алтын ээр сырдыгач,
Көмкөрө ээр добулбас
Ыйлап турат буркурап,
Каныштын көзүнөн чыгып кандуу жаш.
Эс кирген башчы сенде жок,
Ээрчиген балдар баары мас.

Мас деп айтат жаштыкты,
Баарысы көөдө – жаш бала,
Жанында жолдош шеригиң.
Кайныңа бар да эрте кел,
Карыганда апаңдын
Кайгылуу кылба көңүлүн.
Жоргосун кармап токутуп,
Көмөлдүрүк узартып,
Куюшканын кыскартып,
Кош олоңун бек тартып,
Жалгызы атка минди эми.
Жайнатып малды көп алып,
Карача кандын шаарына –
Кайнына жалгыз жүрдү эми.
Бөкөй менен Саринжи
Тууган болуп кеткенин
Жамаке, Коңур билди эми.
Камынып жалгыз кайнына,
Жөнөймүн – деп жатканда.
Бай Коңур менен Жамаке,
Далдага бекем кирди эми.
Бөкөй менен Саринжи
Бир тууган болуп алды – деп,
Жамаке менен Коңурбай,
Экөөбүз кеңештен куру калдык – деп,
Арасын душман кылууга
Айласы мунун барбы? – деп,
Булар тууган болду чыңалып,
Арасын душман кылууга,
Айласын кандай кылалык?
Беш жолдошун ээрчитип,
Берметке жалгыз жөнөдү.
Акыл таап бир сөздөн
Арасын мунун бөлөлү,
Акыры алар ажырап,
Ак Берметтей сулууну
Бөкөйгө алып берели.

Акылдашып экөөсү
Ак кыядан тосмокко,
Өзүн жолдоштукка кошмокко
Коңурбай бузук жөнөдү.
Эл жүрчү жол менен жүрбөстөн,
Ал талаага салды эми,
Ашыккансып Коңурбай,
Алдынан чыгып барды эми.
Ачкадан атын кууратып,
Аптыгып келе жатканда
Коңурбай алдынан чыгып турду эми.
Саринжи менен Бөкөйдү
Душман кылып ачмакка,
Коңур жеринен пейлин бурду эми.
Жалгызга Коңур кеп айтат,
Жалгандан жасап көп айтат:
– Айланайын жалгызым,
Акырет кеткен акеңдин
Артында жетим, байкушум!
Атанын толгон кетигин,
Картадай жалгыз жетимим,
Алтын айдар*, чок белбоо
Асылдын жалгыз баласы
Алты атанга зар жүктөп,
Алды толо мал айдап,
Алыска барат карачы,
Нээти калыс, пейли ак,
Алдынан чыгып жолукту,
Коңурбай сындуу агасы.
Бар экен жалгыз, балдарым,
Ишиндин бир чаласы:
Алысыраак жерде эле,
Кайнатаң, Карачанын калаасы.
Күмүш айдар чок белбоо
Күлүстөндүн ургу,
Күтүрөтө мал айдап,
Күйөөгө бара жатканда,

Кез келди Коңур улугу,
Мен да бөлөк эмесмин
Жамгыр кан, Бөкөй уругу.
Беш жолдошуң бар экен,
Бешөө тең боз баш бала экен,
Эч нерсе билбес жан экен,
Эскиден жолдош албаган,
Башчы менен барбаган –
Балалыгың бар экен.
Калкыңа кеңеш салбапсың,
Калыңды санап ким берет? –
Мендей бир картандан жолдош албапсың.
Карача кандын шаарына,
Башчы менен барбапсың.
Калыңын мунун ким көрөт?
«Башчысы кайсы, кайда деп?» – деп,
Кайнатаң Карача кандан тил келет.
Айдап барган малыңды
Атаңа санап ким берет?
Берметтин жүзүн көрөсүң,
Жооп кайрар кишиң жок
Жолоочу мисал келерсиң,
Берметтин жүзүн көрөрсүң,
Жаш балдар жооп бералбас,
Жаман болуп келерсиң.
Беш жолдошуң тең экен,
Өзүң катар неме экен,
Эсептеп малды саноого
Мендей бир эски жолдош жөн экен.
Алдынан чыгып жалгыздын
Айтты минтип Коңурбай.
Нээти адал, пейли ак
Жүрүңүз, Коңур, биргелеп,
Иниңдин сөзү ушундай:
– Агасың, бирге жүрүңүз,
Арып калса өз атың
Кабарды минтип билиңиз.

Эски жолдош табам – деп,
Элге кантип барамын?
Кызматын көрүп бир барып,
Саринжи жетим баланын.
Картаң жолдош алам – деп,
Калкка кайдан барам – деп,
Картайып калган жолдошту
Кайсы элден таап алам? – деп.
Пейлиңди бузбай бирге жүр,
Атадан калган жетимди
Алып барып келиңиз,
Алыста калды элибиз,
Бөлөк-бөтөн эмессиз,
Бир тууган эле жөнүбүз.
Коңурбай анда кеп айтат:
– Жүр десең бирге барармын,
Бир туушкан адаммын,
Кабарсыз кетсем Бөкөйдөн
Каарына калармын.
Ажалдан мурун өлөрмүн,
Азабымды көрөрмүн.
Анда жалгыз мындай дейт:
– Өлтүрөм десе Бөкөйдүн,
Колунан сурап алар жок,
Мага кошо күйчү адам жок,
Жүрүңүз бирге, агайым,
«Эски жолдош барбы?» – деп,
Элге кантип барайын?
Бөлөк-бөтөн эмессиң,
Бир туугансың, агайын.
Анда Коңур мындай дейт:
– Барайын жалгыз, кайныңа,
Жеттим сөздүн дайнына,
Бармак болду Коңурбай,
Карача кандын айлына,
Токумун бүт шыпырып,
Атын коё берди – дейт,

Аралап малга келди – дейт.
Кайкы жалдуу, сур айгыр
Кабыргасын ачпаган,
Карт семирген кур айгыр
Ошону кармап минди – дейт,
Бекем токуп, бек тартып,
Далай-далай кепти айтып,
Өзүм көргөн жолго – деп,
Ишимди бүт ондо – деп,
Нээтине жараша
Ат куйругун түйдү – дейт.
– Күйөө сынып бузбастан,
Каадаң менен келе бер.
Мен жүргөн кара жол менен.
Даакылуу тайды таштабай,
Тамам баарын кыйкырып,
Айдады Коңур талаага,
Мурун жетти Коңурбай
Карача турган калаага.
Калаага мурун кирди эми,
Чаңдатып жылкы мал айдап,
Кабар салып кыйкырып,
«Жалгызы келе жатат!» – деп,
Жалпыга кабар берди эми.
Уккандын баары бүлүнүп,
Улуу-кичүү жүгүрүп,
Келин-кесек, кыз-кыркын
«Келе жатат күйөө» – деп,
Кабарына сүйүнүп,
Күйөөнүн жүзүн көрмөккө
Алдынан тозуп келди эми.
Кайнатасы Карача
Кабарын укту келет – деп,
Алтымыш чатыр, алты өргөө,
Ак сазга тикти бөлөктөп,
Жалгыз балам Саринжи,
Жамгырдан калган белек – деп,

Калаанын ичин тазалап,
Карача калды бүлүнүп,
Каргадай жалгыз келери,
Калбадыбы билинип.
Ак Берметтен кем көрбөйт,
Кайнатасы Карача
Катуу көөнү сүйүнүп.
Айылда балдар чогулуп,
Аттарын кармап алышып,
Көчөнүн чаңы буралып,
Көпчүлүгү жарышып,
Көк бөрү тартып чуулдап,
Талашып кармап алышып,
Кабарын булак укту эми.
Кан күйөөсү келет – деп,
Карайган топ, калың эл
Каршыдан тосуп чыкты эми.
Көк бөрү таштап алдына,
Атка чапкыч мыктысы,
Ар нерсеге ыктуусу
«Байге берет жездем» – деп,
Барган балдар келишип,
Жезденин берген байгесин
Ортого салып бөлүшүп.
«Амансызбы, жезде!» – деп,
Ат үстүнөн көрүшүп,
Аттарынын терлерин
Кар суусундай төгүшүп,
Барган балдар кубанып,
Кайтты булар жездеден
Ат тери кайтып бууланып,
Алтымыш келин, кырктай кыз,
Алар да чыкты чубалып.
Ак Берметтин теңи – деп,
Аялдын баары кубанып,
Алдынан тосуп барды эми.
Көк жоргонун үстүнөн,

Көк жалдын уулу жалгызды,
Көтөрүшүп алды эми.
Этегин жерге тийгизбей,
Ак кийизге салды эми.
«Кан күйөөсүн көтөр» – деп,
Калаага тиккен өргөөгө
Кадырлашып барды эми.
Келин-кыздар чуулдап:
«Келди күйөө бүгүн!» – деп,
Келин-кесек дуулдап,
Апкелип үйгө киргизип,
Төшөк салып төрүнө.
«Күйөөсү ушул экен – деп,
Ак Берметтей периге».
Али кабар уккан жок,
Кайнага, балдыз, жеңелер,
Кашында жүрөт топурап,–
Ак Бермет үйдөн чыккан жок.
Отурду жалгыз ошондо,
Беш жолдошу жанында,
Коңурбайдын тилеги –
Айласын тапса булардын,
Ортого бир сөз салууда.
Эки көзү төрт болуп,
Ичи күйүп өрт болуп,
Карача кандын Ак Бермет
Камынып турат барууга.
Кабарлашып жүр-жүрлөп,
Саринжиге али да
Тентушу Бермет келелек.
Тегеректеп алышып,
Аялдар жакын күйөөгө.
Саринжиге барам – деп,
Айткан жок Бермет бирөөгө.
Кабарын угуп «келди» – деп,
Ак Бермет сулуу ойлонду,
Алыстан келген балага

Барбаганым жөнбү – деп.
Анан Бермет ойлонуп,
Ак куудай басып толгонуп,
Жандаган жакшы жеңесин.
Жашынан бери бирге өскөн,
Көңүлү сырдаш немесин
Көрөлүк деп жатышат,
Көк жалдын жалгыз керээзин.
Ире-шире болгондо,
Таранчы талга конгондо,
Көз байланып калганда,
Караңгы жерди чалганда,
Камынды Бермет ошондо.
Жеңесин коштоп жанына
Саринжиге барганга.
Каркырасын сайынып,
Кундуздай болгон кара чач.
Далысына жайылып,
Үлпүлдөп үкү тагынып,
Булуттан чыккан ай мисал
Бууланып беттен шаң уруп,
«Көрүнбөйлүк жанга» – деп,
Ак Бермет чыкты камынып.
Бермет менен шуруну,
Аябай бойго тагынып.
Кайырма жака жаннатын*
Желбегей тартып жамынып,
Тотудай баккан Ак Бермет
«Баралык – деп, жалгызга
Жеңе, калбасын күйөө таарынып».
Үйдөн чыкты үлпүлдөп,
Нурдуу бети жаркылдап,
Чолпондой көзү жалтылдап,
Купа* баскан шурусу
Аркасында шаркылдап.
Айылдан чыкты Ак Бермет
Айдындан учкан ак каздай

Акырын басып жаркылдап,
Бал комуздай керилип,
Басарына эринип,
Атадан жетим калган – деп,
Кабарын угуп Ак Бермет
Жүрчү эле көөнү бөлүнүп.
Жанына кошуп жеңени,
– Жаш калды – деп, укчу элек,
Жүр күйөөнү көрөлү.
Кандай бала болду экен,
Каргадай болгон немени,
Айлынан чыгып буластап,
Ак Берметтин келгенин
Ал жерде бирөө көргөн жок.
Ак өргөөнүн сыртынан,
Акырын келип шыкаалайт,
Үстүнө Бермет кирген жок.
Ак өргөөнүн тушунан
Шыкаалап сырттан карады.
Акылга кенен Ак Бермет
Абыдан көрдү баланы.
Көргөн жерде Берметтин
Көңүлүнө бек жакты.
Анда Бермет мындай дейт:
– Туш-тушунан карасам,
Туйгун сыны бар экен,
Туулган жалгыз бала экен,
Акылы артык даанышман,
Ачылган бактым бар экен.
Жан-жанынан карасам,
Жагалмай сыны бар экен.
Жалгыздыгы болбосо,
Жакшынакай бала экен,
Жаш калды деп укчу элек,
Тирегинде бар экен,
Жанындагы беш жолдош
Өзү катар жан экен,

Эскирип кеткен бир картан,
Ушуларды баштап келген жан экен.
Ошо картаң жолдоштун
Ичинде бузук бар экен,
Бузукуну байкабай
Башчы кылып апкелген
Жалгыз балалыгы бар экен.
Аркардын ак таңындай түрүлүп,
Берметтин көргөндө көөнү сүйүнүп,
Ак бетинин актыгы
Пияланын агындай,
Нак ортоңку кызылы,–
Ак тооктун канындай,
Бетинин сырткы ажары
Арчалуу от-жалындай.
Ай-жамалдуу бото көз,
Адамга сонун ширин сөз –
Ак Бермет жөнү мамындай,
Ак сакал болгон Коңурдан
Берметке бир муң табылды ай.
Анда Бермет кеп айтат,
Жанымдагы женем – деп,
Жашымдан катар бирге өскөн
Сырымды билген немем – деп,
Женесине сыр айтты –
Бермет сыр айтканда муну айтты:
– Ак үйдүн көрдүк сыртынан
Алыстан келген немени,
Акылын тапчы, жене, сен!
Каргадай болгон жетимди,
Кандайча сынап көрөлү?
Ичинде бузук жүрөт – деп,
Балдыз болуп биз сырттан
Учурашып беш-алты ооз,
Сүйлөсөк кантет сүрөттөп?
«Амансызбы, жезде» – деп,
Балдыз болуп сүйлөйүн,

Акылы болсо күйөөнүн
«Балдыз эмес ушу» – деп,
Берметтигим билет – деп,
Ушу жерден сынайлы,
Берметтигим билбесе
Анда акылы жарым болгону.
Жеңеси турат кетүүгө
Балдыз болуп жезделеп,
Башка адамдын биринде,
Бермет кеп сүйлөдү жетимге:
«Ачпас айры кесенби,
Чайга салган аселди,
Алыстан шарың укчу элек,
Ак Берметтин өз теңи,
Аманбы, жезде, эсенби?
Элден кийин калыппыз,
Эбин таап кире албай.
Чоңойгон мындан чоң болбойт,
Ала-Тоо менен тең болбойт.
Ак Бермет болсо бой жетти,
Алигиче бир келбей,
Жезде, бул ишиңиз жөн болбойт.
Кичине десем чоң экен,
Чоңойгончо келбеген
Жездемин түк акылы жок экен,
Балдыз менен жезденин
Айтар сөзү шол экен.
Бел айлана бергенче
Белдей кырчын тал экен,
Беш атаңдан бер жакка,
Бешенеңде бакты бар,
Белгилүү жездем жан экен.
Беш жолдошуң бар экен,
Бешөө тең боз баш бала экен,
Баарыңарга аксакал,
Куда башы тон кийген
Бир жолдошуң бар экен,

Айтты-койду дебеңиз,
Жезде, артыкча убайым жебеңиз,
Ичинде бузугу бар чал экен.
Сагызганча чунаңдап,
Өзү куйту киши экен,
Балалык менен апкелген
Жездемдин башында кыйын иш экен.
Түрү бузук, пайдасыз,
Түбүндө душман ушу экен.
Кандай балдыз дебеңиз,
Биз үчүн кайгы жебеңиз,
Үстүңө басып кире албай,
Кийин келген немебиз.

Саринжи бул сөздү угуп, анын балдыз эмес, Берметтин өзү экенин билди. Бул мен үчүн күйүп, душманымды тааныш жатат, бирок Коңур мага ага сөрөй. Берметтин сөзүнө ал уялып калды. Коңурдун көңүлүн алайын – деп, Саринжи Берметке катуураак тийип, муну айтты:

Ак торгой келип уялайт,
Адырга бүткөн куурайды,
Абайлабай сүйлөсө,
Адамдын көөнү сынбайбы?
Азилдин кызы Ак Бермет
Адептүү, эстүү сен десем,
Келбей жатып кармашкан
Мындайда уят – парда ачкан –
Акылсыз Бермет турбайбы!
Аялсыз, бойдок өтсөм да
Коңур, албасам кантет мындайды?
Карала торгой уялайт,
Капталга бүткөн куурайды,
Карача кандын кызы эле,
Кадырлуу Бермет деп жүрсөм –
Капшыттан келип кармашкан,
Кайнаганы билбестен,

Калкты уялтып парда ачкан,
Кадырды билбес турбайбы!
Кайталык, Коңур, айылга,
Катынсыз бойдок өтсөм да
Кантип алам мындайды?
Жаман го айткан бул кеби,
Кайнагасын душман – деп,
Башка балдыз эмессиң,
Кулдук уруп жүгүнөр
Акесин көрүп бузук – дейт.
Бул Ак Берметтин неси – деп,
Басчы, Бермет, үнүңдү,
Келтирбе менин жинимди,
Келтирсең, Бермет жинимди
Кесип салам тилинди.
Билбей Бермет, жатасың
Аларың жалгыз келгенди.
Жакшы көрүп турсуңбу,
Тирүү жүрбөй өлгөндү?
Уялбастан сүйлөдүң,
Учурап жаңы көргөндө
Койчу, Бермет, урганым,
Коңурбай менин тууганым,
Кошо келген акеңди
Душман го – деп турганың,
Келбей жатып кеп айтып,
Кишинин баарын сындадың.
Быягына калганда
Бермет,ургаачылык кылганың.
Душман эмес Коңурбай –
Кайнагаң болот, сыйлагын,
Каймана балдыз сен болуп,
Мынча жаның кыйнадың.
Жалгызга жакын жан болсоң,
Акыреттик жар болсоң.
Жаныма келчи, курбалым,
Урушкан киши кейиптенип,

Үйгө келбей турганың...
Бейлиңе жакпай калдыбы,
Бул эмине кылганың?
Бекерге Бермет, өткөзбө,
Балалык жаштык жыргалың.
Бөлө сүйлөп кеп айтпа,
Бөтөн жок, баары тууганым.
Коңурбайдын жөнү үчүн,
Агасын сыйлап Саринжи
Ак Берметке кеп айтты,
Ачууланып көп айтты.
Анда Ак Бермет ойлоп мамындай:
«Илбирсче изин көмөйүн,
Ишенер бекен жалгызга
Мен Берметиң эмес – деп,
Башкача жооп берейин.
Байкап калды, жубарым!
Дагы балдыз болуп көрөйүн».
– Айланып өрдөк конбосо,
Айдың чалкар көл эмес,
Адамга жаман сүйлөчү
Жезде, акылсыз бала сен эмес.
Абайлап, жезде, айтыңыз,
Артылтып камчы чапкандай,
Ачууланып айткандай,
Аларың Бермет мен эмес.
Кайрылып өрдөк конбосо,
Карайган дайра көл эмес.
Капшытка келген балдызга
Кайраттанып айткандай,
Катарлап камчы чапкандай,
Менин калп жеримди тапкандай,
Калың айдап, мал берген
Кадимки Бермет мен эмес.
Кантесиз, жезде, абайла!
Бул сөзүңүз эп эмес
Өргөөнүн турам сыртында,

Аларың Бермет сулуу кыз
Өзүңүн конуш журтунда.
Көк жалдын уулу, жездеке!
«Ушул Бермет экен» – деп,
Көрүнгөнгө жулкунба.
Ак кайың, терек кырчында,
Картаңды бузук – деп айтсам,
Кайраттанып турсуң да,
Көңүлдү кайгы-муң кылба!
Көрөм – деп келген балдыздын
Көңүлүн, жезде, сындырба.
Балдызы менен урушуп,
Байкабай айтып бир сөздү
Уккан элге дүң кылба.
Ак Бермет апам келе элек,
Ачууланып сүйлөдүң,
Жезде, улам тескеп-өйдөлөп.
Кадыркеч Бермет мен эмес,
Анчалык какшык айтпа керелеп.
Ак Бермет жана мындай – деп,
Айткан сөзүн ойлонуп,
Асылы жалгыз Саринжи
Акыл ойлоп толгонуп,
Абайлабай сөз айтат:
– Ар сөздүн жөнүн билбейсиң,
Алыстан келген биздейдин
Арасын бөлүп сүйлөйсүң,
Чынында Бермет сен болсоң,
Көңүлүңдө сүйбөйсүң.
Кайманача качасың,
Кашыма неге келбейсиң?
Аңырлар учат асмандап,
Аңкасаң дарыя-көл мында,
Атадан калдым мен жашта.
Ак Бермет, сен деп келдим да,
Анчалык сөздү узартпай,
Айтышпай, Бермет, кел мында.

Каркылдап учат каз-өрдөк,
Карды ачса кумдуу көл мында.
Кайгырган жалгыз баламын,
Кадыркеч, Бермет, сен үчүн,
Калың айдап келдим да,
Кары-жашка баа бербей,
Кармашып сөзгө жаа бербей
Кантесиң, Бермет, кел мында.
Жанагы сөздү уккан соң
Бермет жаман шашты уялып,
Эшик ачып жеңеси,
Кирип келди буралып:
– Курбулук менен айткан сөз,
Кулагында калбасын,
Кубалап үйгө киралбай,
Кур эле айткан далбасым.
Бар экен улуу агаңыз,
Көңүлүбүз – жибек, жанабыз.
Эркелеп өсүп чоңойгон,
Энсеп жүргөн балабыз.
Кайтарып жооп каарына
Жаман көрүп Коңурбай,
Отурсунбу кошулуп,
Келини келсе жанына.
Кечип кой, баатыр, күнөөмдү! –
Сырттагы айткан сөздөрүн,
Кечиргин – деп тиленди.
Жанына келди жалгыздын,
Башка сөз токтоп түгөндү.
Энди ойлоду эки жаш –
Эркиндеп ойноп-күлөрдү.
Эшиктен кирди созулуп,
Кабыргалап чымчышып,
Өз теңине кошулуп
Колтукташып кол салып,
Кошулду Бермет теңине.
Ак Бермет сулуу периге,

Коңурбай жүрөт кайгырып,
«Кайдан билди кургур?» – деп,
Берметтин айткан кебине.
Берметтин сөзү ырас го,
Башынан Коңур чогултткан,
Бир далай сөздү көөнүнө.
Кан Бөкөйгө сөз тапса,
Кара ниет Коңурбай
Кайтмакчы шашып элине.
Күйүп кетип Ак Бермет,
Түшүнгөн болчу жөнүнө.
Жанын курман кылбайбы,
Жанында жалгыз бегине.
Оюнан чыкпай, Саринжи
Ойлоп жүргөн жүрөгү,
Оюнда теңи табылып,
Берметтин орундалды тилеги.
Бел куда болгон атасы –
Берметтин ушул күйөөсү
Баркына жетпес жан болсо,
Башканы Бермет сүйөбү?
Эки теңтуш баш кошуп,
Эзилишип жүрөгү.
Эшикке чыкты Коңурбай
Жаман көрүп ал жүрөт
«Менин сырымды кайдан билди?» – деп.
Душман эмес тим эле,
Тууганды душман – деп айткан
Бул Ак Берметтин тили эле.
Ак Бермет үйгө киргенде:
Кыз да болсо сүрү бар,
Коңурбай сыртында батпай жүрдү эле,
Эңсеп жүргөн эки жаш
Баш кошушкан түн эле.
Каалаган жалгыз Саринжи,
Кашындагы Ак Бермет,
Карачанын жалгыз кыз,

Капаста тоту, гүл эле
Каш карайып күн бата
Кайталык – деп, үйүнө,
Ак Бермет жеңесине кеп айтты,
Акырын чымчып алдыртан,
«Кетели эми» – деп айтты.
Жеңеси анда мындай дейт:
– Кагылайын, чырагым
Калды жакпай ушу сөз –
Кайталы деген жообуң
Каңгырып жалгыз калбайбы,
Каалаган курдаш ынагың?
Кетели десең – кош айтыш,
Келген издеп балага,
Кеп билбеген кишидей
Кетпейлик таштап талаага,
Эңсеп келген Саринжи
Эбин тапсаң изденер
Өзүң турган калаага.
Акылдашып сүйлөшүп,
Айтып көрчү коштошуп,
Менин айлансын жаным, садага!
Дайнын айтпай биз кетсек,
Талаада калып турбасын,
Капаланып калбасын,
Каалап келген курдашың.
Арага нечен конушуп,
Атайы келген издешип,
Алтыным, сенин бир башың,
Ай караңгы туюк жол,
Балалык кылып бастырса,
Калааны баккан сакчылар
Башка адамдай кылбасын.
Баргыла десе кетелик,
Бала да болсо Саринжи
Сен барып, баш кошо турган мундашын.
Жеңенин сөзүн макул – деп,

Ак Бермет анда ойлонду,
Жеңе, бул сөзүңүз акыл – деп.
Жеңесине сүйөнүп,
Эшикке чыгып Ак Бермет
Күлүп-жайнап жаркылдап,
Күмүштөй тиши жалтылдап,
«Күйөөңдү бери чакыр» – деп,
Башкалар жөнүн билбесин,
Балдыз, жеңе чуулдап,
Ушуну да сөз кылып,
Уккандар айтып жүрбөсүн.
Жеңеси кирди чакырып:
«Жүрчү эшикке, чырак» – деп,
«Кетсем – деп, үйгө кеталбай,
Курбуңуз күтүп турат» – деп,
Эшикке чыгып, кош айтыш,
Унчукпай кетсек уят – деп,
Эшик ачып жамынып,
Алып чыкты жеңеси,
Саринжи жалгыз баланы.
Ошончо эстүү киши экен Бермет –
Карачанын карагы.
Ак Бермет менен Саринжи
Акылдашып турганда,
Жанына бирөө барабы?
Анда Бермет кеп айтат:
– Кош айтышкан жеңебиз,
Жакшы жатып, жай уктап,
Биз эртең менен келебиз.
Кашыма турбай кетти – деп,
Капаланба, төрөбүз,
Эми биз үйгө кетебиз...
Кош аман бол, колуң бер,
Көңүлүң бизге туурабы?
Ата-энеден жоопсуз,
Ылайык эмес Берметтин
Бүгүн мында турганы.

Бел куда болгон атаңыз
Берметтин пейли сүйгөн курбалы,
Кош аман бол, колуң бер,
Бул сөзүм сизге тууралы?
Балалык пейлиң козгосо,
Калаага барсаң бастырып,
Каракчылар тозбосо
Кабарын сакчы билчү эле,
Карайган сазда каз-өрдөк,
Караңгыда чуулдап,
Киши көрүп боздосо
Баары тең дабыш салчу эле.
Калааны баккан сакчылар
Ким болсо кармап алчу эле,
Карача кандай атаңдын,
Алдына айдап барчу эле,
Улукка минтип суратып,
Уят кылып салчу эле,
Калааны сырттан бакчу эле,
Каалганын көзүндө
Кара кулпу салышып,
Кайтаруучу жатчу эле.
Калаага кирсең бастырып
Урулуп акыр жез мамы,
Байлагын бекем жоргону
Кашымда турат апаппак
Кайнатаң Карача турган ордону,
Кийизин аппак кылдаган,
Аялдан чыккан иштүүлөр
Алыстан көрүп сындаган,
Үй кырчоосу жибектен,
Бермет-шуру бастырып,
Чачыгын чаян чырмаган.
Баш чалгычы жибектен,
Баканы болот, сары жез,
Түндүгүн түртүп тиреткен
Алтын эшик, каалга
Ачкычы нагыз болоттон,

Үзүгү манат* түрдөгөн,
Кайнатаңдын ак ордо,
Кара аламан кирбеген.
Жүк бурчу – бакан ачалуу,
Купасын* чапкан дилдеден,
Туурдуктун башына,
Туташ баркыт чийдирген.
Аялдан уста жыйдырып,
Кол өнөрүн бүлдүргөн,
Оймочу оюп түр салган,
Оң капшытта керебет
Ага кайната, энең тынч алган.
Ак чийге жибек чырматып,
Чачыкка алтын курчаган.
Алтын эшик – каалга
Ачып үйгө киргенде
Оң капшытка бут салба,
Турнаны алган каргадай,
Көзү көргөн паранда*
Алынбай куру калбады ай.
Текөөрү болот – темирден,
Колдо жүрүп семирген,
Туурга конуп түнөгөн,
Башкасы колго алчу эмес,
Атадан бөлөк бүлөдөн,
Алты түлөк ак туйгун,
Атаңдын эрмек кылган кушу бар.
Кош коңгуроо, жеке сан
Тийип койсоң шаңгырап –
Адамча сүйлөп балдырап,
Ага тийсең, Саринжи,
Өзүңдү бир уятка калтырат.
Ак тукаба көшөгөм,
Атилес, шайы төшөгүм.
Акылың болсо табарсың,
Жалгыз, айткан сөздүн
Барамын десең коркпогун,

Сен да атамдын баласы,
Бул шаар – сенин өз элиң,
Оюнда болсо барарың –
Кош, аман бол! – деп айтып,
Колунан кармап көп айтып,
Жеңеси колдон жетелеп,
Жүрүп кетти Ак Бермет
Ыраазы болсо сөзгө – деп.
Жанындай сүйгөн адамын,
Ак Бермет кетти үйүнө.
Алда нечен ойлонду,
Саринжи сөздүн түрүнө.
«Айлымдан келген беш бала
Асылайын кимиңе?
Жалгыз да болсом барайын,
Жаным болсо тириде.
Сынап айткан Берметтин
Жыгылбайын ийнине
Үйгө кирип Саринжи
Жамбашын коюп төшөккө
Уктап көзүн жумган жок,
Уйкуга пейил кылган жок.
«Жалгыз да болсом барайын,
Жараткан болсун жардамчы,
Жалгызмын менде тууган жок»,
Эл уйкуга киргенде
Ээрин сыртка чыгарып,
Элирген аты көк жорго,
Эшикте турат чыңалып,
Жалгыздыгын билди эми,
Жанына жолдош албастан,
Жалгыздап атка минди эми.
Суулугун көктүн чалдырып,
Сугарып атын кандырып,
Көк жоргого камчы уруп,
Кечө менен салдырып,
Алган жок жолдош кашына.

Барбасам уят болом – деп,
Берметтин айткан назына, –
Деп, ошентип Саринжи
Уюлгутуп камчы уруп
Кирип барды ошондо
Ак Бермет айткан өрдөктүү
Карача кандын сазына.
Чуулдаша каз-өрдөк
Төмөнүрөөк барыптыр,
Балырга башын салыптыр.
Жүргөнү суу, кургак жок,
Булар да уктап калыптыр.
Каз-өрдөк добуш салбаса
Кабарын мунун ким билет?
Кыйкырык салса чуулдап,
Адамды өрдөк бүлдүрөт.
Андан өттү токтобой.
Калааны бакчу сакчылар
Кашына барса түк билбейт,
Калыптыр уктап үргүлөп.
Каалганы кайтарган
Кара кулпу салышкан
Калаага киши киргизбес,
Милдетин булар алышкан.
Акылы көп айтылуу,
Асылдын уулу Саринжи.
Бала да болсо даанышман,
Жан калтага кол салып.
Аябай акча алды эми,
Акырын түшүп түрттү эле.
Бирөө тура калды эми,
Чочуп кетип баладан,
Кыйкыра турган болду эле,
Колуна теңге-пул берип,
Кыйкыртпай басып калды эми.
Колуна акча тийген соң,
Коргонуна киргизип

Ат байлачу акырды,
Кошо барып бул сакчы
Аралап барып билгизип,
Эптегин – деп Саринжи
Карача кандын үйүнө,
Кетиңиз, аке,киргизип,
Аяктын жөнүн өзүң тап
Кызматыма болгун шат,
Кабарың билсе бир киши
Кайнатаңыз Карача
Эртең башымды кесет кызылдап.
Коркуп калган коргончу
Кайра басып жөнөдү,
Акырын барып Саринжи
Ак ордого келди эми.
Бурама тээк баскычын,
Өзүнүн теңи Ак Бермет,
Каттырып койгон ошо күн,
Каалганын ачкычын.
Эшикке кулпу салбаган,
Өзү аял болсо да
Берметтин өзү ушундай пендеден,
«Ачкычын таап киралбай,
Калбасын жалгыз элеңдеп.
Уйкусу жок энем – деп,
Кабарын билсе энекем
Кыйнай берет баарысын»,
«Ким экен? Жүзүн көрөм!» – деп.
Түрүндө көк, эр эле,
Жалгыз үйдө жаталбайт,
Саринжи бүгүн келер – деп,
Жаздыкка коюп жамбашын,
Уктабай Бермет отурган
Төрөсүн күтүп элеңдеп,
Жанына жакын барган жок,
Ак Бермет айткан баарына,
Келди жалгыз ошондо

Керектүү кыздын жанына,
Ак тукаба көшөгө
Ачып колун сунду эми,
Чочуп кеткен кишиче
Ак Бермет ыргып турду эми.
«Караңгыда кол салып,
Кайсалаган ким» –деди.
Ак Берметтин сөзү ушул
Саринжиге бет алып,
Жаштыктын сөзүн сүйлөдү.
– Түндө жүргөн кимсиң – деп,
Жүрөгүң жок жансыңбы?
Калтырап денең түрсүлдөп,
Жумушу жок эч кимде
Эмине ишке жүрсүң? – деп,
Айтчы мага жайында,
Сен кишисиңби дайындуу?
Кайсы адамсың? Жөнүндү айт!
Кара аламан билчү эмес,
Менин кан атам турган айылды.
Ачуусу келип сурданып,
Ала турган туйгундай,
Көңүлү толкуп кырданып,
Саринжи туруп мындай дейт:
Айттыңбы, Бермет, баарыңды!
Көтөрө бербе шаарыңды,
Артык көрбө адамдан,
Аялуу чымын жаныңды,
Ак Бермет көргөн жок белең,
Айдап келген малымды?
Антташкан сөздү унутпа,
Мен сенин алар теңиң Саринжи.
Тааныбайсың теңиңди
Уктум, Бермет, кебиңди!
Сыртынан мактап коркуткан
Көрдүм го сенин көлүндү.
Карагай найза сакчылар,

Калааны багып жатчулар,
Араладым элинди.
Каалганы кайтарган
Баары тең таягы бар бадачы,
Бузулган эски төрткүлдөй,
Атаң шаар калаасы.
Урулуп акыр, жез мамы!
Уялбайсың мактоодон, –
Устанын чапкан жыгачы.
Алтын эшик дегениң –
Ак теректин калканы,
Ачкычы жок бош турат,
Кыз башы менен калп айткан
Кабарың Бермет дечү эле,
Ушундай сөздү айтабы?
Биринчи айткан жериңиз
Балкылдаган саз – дединиз.
Ичи толгон каз – дединиз,
Чуулдап дабыш салат – деп,
Сакчылар кармап алат – деп.
Ойлондум эле анда мен:
«Буга кантип адам барат?» – деп.
Саздагың чалчык чака экен,
Каздарың жылан, бака экен.
Уялсаң, Бермет, бул сөзүң –
Укканга жалган калп экен...
Жалган экен сакчы – деп,
Жардашып жүргөн киши жок,
Дарбазаны кайтарган
Киши менен иши жок.
Көрдүм, Бермет баарыңды,
Көңүлүм сенден таарынды.
Көрсөм баары жалган сөз.
Көтөрүп айткан шаарыңды.
Жата бер, Бермет, жай алып,
Тааныбай: «Кимсиң?» – деп айттың,
Мен элем сени алар анык Саринжи.

Тилегиң сенин башка экен
Кайра тартты ошондо
Саринжи кайраттанып түрдөнүп,
Этегинен бек кармап,
Экинчи Бермет кеп айтат,
Балапан тоту үндөнүп:
– Балалыгың бар окшойт,
Байкабай жатсам мен сени,
Басып кетип барасың,
Менин айтканымдан сүрдөнүп.
Капаланба бегибиз,
Кантер экен деп айткан
Курдаштык, наздык кебибиз.
Салынган төшөк, куш жаздык –
Мунаса* болбой келиңиз!
Көтөрбөдүң назымды,
Сынадым сиздей асылды,
Кетирмек турсун мен сага,
Кыламын курман башымды!»
Көтөрүлгөн жүрөгү
Баланын кайта басылды...
Агарып булут таң атып,
Жаштык чери жазылды.
Жамынтып үйдөн колтуктап,
Алпарып атка мингизип,
«Аман бол!» – деп, кош айтып,
Жөнөттү жалгыз асылды...
Кайтып келди Саринжи
Арнап тиккен өргөөгө,
Аксакалы Коңурбай,
Калды чочуп баары тең
Кайда бардың дей албайт
Саринжидей балага.
Ошо күнү кечинде,
Күн түш оогон кезинде
Ак Берметти алып келишип,
Аралашып эки асыл,

Учурашып көрүшүп,
Олжого жеңе батар күн,
Күйөө-кыз бирге жатар күн,
Алты бакан курар күн,
Аял-эркек биригип,
Кыз оюнга чыгар күн,
Жаштыктын көөнү жыргар күн,
Жаш балдар чыгып ырдар күн,
Кыз-келиндер чогулуп,
Кыңшылашып күлөр күн,
Таң атканча уктабай
Тамашада жүрөр күн.
Келин-кыз үйгө толор күн,
Кенен оюн болор күн,
Арнаган ордо ак үйгө
Жеңелер төшөк салар күн,
Жетелешип күйөө-кыз
Жеңгетайлык алар күн.
Ойноп-күлүп, тамаша
Көргөндүн көөнүн шат кылып,
Төшөк салып өргөөгө
Саринжи менен Берметти
Алпарышып жаткырып,
Жанында келген беш жолдош
Ошо күн башка бөлүнүп,
Коңурбайды карасаң,
Кошулган жок буларга,
Колуна тийсе бирдеме
Ойлонуп жүргөн башында
Бузуктук ишти кыларга.
Ак Бермет менен Саринжи
Ак үйгө жатып калды эми,
Келин-кыздар тарашып,
Үй-үйүнө барды эми.
Атына чөптү жаңыртып,
Башкасы уктап калса да,
Баатыр Коңур уктабай

Эки асыл жаткан өргөөгө
Акырын басып барды эми.
Кирерде жүрөк батынбай,
Эңкейип карап эшиктен,
Шыкаалап жүрөт тешиктен,
Айылдан жалгыз чыкканда
Акыл кылып бир сөздү
Коңурбай, алдынан чыгып кезиккен.
Эңкейип Коңур караса,
Уктап балдар калыптыр,
Кучакташып тиги экөө,
Коңурукту салыптыр.
«Коңурук тартат, билбейт» – дейт,
Коңурбай кирип барыптыр,
Ак Берметтей сулуунун
Алтын айдар чоктугун*
Алты түймө чачында
Түгөл кесип алыптыр.
Үйдүн ичи булаңгыр,
Арзыган иши ошо экен –
Коңурбай бузук бүкчүндөп,
Чоң кисеге* салыптыр.
Көңүлү мунун тынды эми,
Көөнүндөгү бул ишин
Ошол күн кабыл кылды эми.
Жан-жаныбар укташып,
Жалгыз киши билген жок.
Кара атты минип кайкалап,
Калаадан чыкты чалкалап.
Кан Бөкөйдү бет алып,
Каранғыда жүрдү эми.
Коңурбай түндөп жөнөдү,
Колуна тийди кереги,
Билген жок мындай болгонун,
Жамгырдын жалгыз белеги,
Ортодо бузук сөз айтып,
Ошондойдон бузулат,

Бир туугандын себеби.
Арага нече жол жүрүп,
Ат чарчатып мол жүрүп,
Убакты болжоп кезинде
Күн төмөндөп бешимде;
Алтын чайнек чайды алып,
Күмүштөн кылган пияла
Алдына келип турганда,
Бөкөйдүн алган жары эле
Ордунан туруп буластап,
Оолжуп чайды сунганда,
Тамак бышып, чай ичип,
Ортосуна алып турганда,
Оңбогон бузук Коңурбай
Олжо тапкан немедей
Жетип калды тууганга.
Кубанып Коңур кеп айтат:
– Бөкөй, кулагың салгын – деп айтат,
Агасына кеп айтат,
Коңурбай ар түрлөп курап көп айтат:
«Көптөн бери көрүнбөй,
Каттай албай калдым – деп,
Ары балаң, ары иниң,
Бир туушкан жанмын,– деп,
Кечиккеним себеби –
Ага деп кыйнап болбостон,
Агаңдан калган Саринжи
«Кайныма кошо баргын!» – деп.
Кошо бардым кайнына,
Колум менен өткөздүм,
Куда башы мен болуп,
Курчалган элдин дайнына.
Карача канга кеп айттым,
Кайран кудаң Жамгырдан
Калган бала – деп айттым.
Берметиңдин күйөөсү –
Жакшы болсоң, Карача,

Бу да сенин перзентиң!..
«Жаш калган жетим бала,– деп.
Жакшы атасы кана?» – деп,
Жактырбай жатат ининди
Ак Берметтин жүрөгү
Бирге бардым кайнына,
Карача кандын айлына,
Качан уккан Ак Бермет
Кан Бөкөй, сенин дайыңы
Агасы деп сени айтып,
Жанына келбей Ак Бермет
Жалгызыңдан айныды,
Улуу Бөкөй агасы,
Уккан экен дайыңы.
Бу жерде бышык болсо да,
Кайнына жакпай акылы,
Калаасына кирген жок,
Жалгыз, ай-талаада жатыры.
«Арка чачым түйбөйм – дейт,
Атасы жок жетимге
Ак Бермет сулуу тийбейм,– дейт.
Агасы Бөкөй алсын,– дейт,
Айдап келген бул малын,
Айлына айдап барсын» – дейт.
Жактырбады жетимди,
Шайымды жаман кетирди.
Угуптур, Бөкөй, ордуңду,
Урматтуу Жамгыр баласы,
Кайран жалгыз кор болду.
Тийбейм дейт Бермет келиниң,
Сизди каалайт көңүлү!
Угуп тур, Бөкөй, кебимди.
Адилет, Бөкөй, каныбыз,
Айтканга кулак салыңыз.
Ак Бермет эмес – пери экен,
Кабарың угуп сыртыңан,
Каалап жаткан Берметти

Каң Бөкөй алса жөн экен.
Адам катары көргөн жок,
Агандан калган немени.
Карачанын Берметке
Кан Бөкөй, сизсиз кереги,
Келбесин дейт бөлөгү.
Келинге тийди керегин,
Ушул сөз анык болбосо,
Уялбай кантип келемин?
Айткын деп жанды койгон жок,
Атасы жок жетимге,
Айныгандын себебин,
Берейин Бөкөй колуңа,
Келиндин берген белегин,
Белек берип чаптырды –
Берметке зарыл керегиң.
Башка жерде кыз жокпу?
Иниңе алып бериңиз.
Жакшы экен Бермет сулуу кыз
Алыңыз, Бөкөй, бегибиз.
Аялдын пейли тар деген,
Капаланып жүрбөсүн
Кашында Акча теңиңиз?
Адам талып жыгылат,
Ак Берметтин түрүнө.
Айттык канча койгун – деп,
Ал кыз тийбейт иниңе.
Ылайык сизге жар экен,
Ырыскың абдан бар экен.
Кашында турчу жан экен,
Карача кандын Ак Бермет –
Кан Бөкөй алчу жан экен.
Калың айдап биз барсак,
Каалабай койду жетимди,
Жалгыздын каңтарган шору бар экен,
Белек берип жиберди,
Белекти Бермет бербесе

Бу жерге Коңур келеби?
Берметтин пейли сенде экен,
Жактырды Бөкөй төрөнү,
Куттуу болсун курдашың,
Кубанды, Бөкөй бир башың.
Катын алам дегенге
Капаланып жүрбөсүн
Кашында Акча мұндашың?
Болбостон Бермет жиберди,
Барып кабар салгын – деп,
Көрбөсөм да Бөкөйгө
Кумар болуп калдым – деп,
Кубаттап айтам мен дагы,
Курдашың Акча төрөбөйт,
Ак Берметти алгын» – деп,
Коңурбай сүйлөп бүттү эми.
– Уктум, Коңур, кебиң – деп,
Кулагын салгын кан Бөкөй –
Каргадайдан баш кошкон
Мен элем курдаш теңиң» – деп,
Алган жары Акчайым
Ордунан тура калды эми,
Айтмак үчүн бу дагы:
«Коңурбайдын Берметке
– Барып келген жөнүн,– деп.
Байкоомдо Коңурдун,
Айтып келген сөзүнүн
Баарысы жалган-төгүн – деп.
Алам – деп, баатыр аптыкпа,
Ак Бермет сизге келин – деп.
Ак Берметти алам – деп,
Ан үчүн пейлиң сүйбөсүн,
Көрбөсөм да билемин,
Берметтин сизге тийбесин.
Иниңе душман кылмакка,
Ойлочу ушул Коңурбай
Ортодо бузуп жүрбөсүн...

Коңурбай сөзү жалгандыр,
Акеңден калган жаш бала
Жүр десе кошо баргандыр.
Алыскы жерден жол жүрүп,
Атка урунуп жаш иниң
Ак Бермет менен экөө тең
Уктап жатып калгандыр.
Чачында алтын түймөсүн
Чарт кесип, уурдап алгандыр.
Улуксуң, Бөкөй, ойлочу,
Ушунун сөзү жалгандыр.
Күндөштүктөн кеп айтпайм,
Күйгөндүктөн деги айтпайм,
Күнүлүк кылып жатат – деп,
Бөкөй ойлонбосун жүрөгүң
Көрбөдүм перзент бир бала,
Орундалбай тилегим,
Сулуулардан кем белем,
Көтөрөргө балам жок
Кайгылуу күндө жүрөмүн.
Кан Бөкөй, баатыр, өзүң бил,
Бузуку тилге кирбегин.
Акеңден калган бир жетим,
Артыңда сүйөнч, тирегиң.
Кирбегин бузук тилине,
Айлыңда жатып кызыкпа,
Ак Берметтин түрүнө,
Келиниңди алам – деп,
Кантип кастык ойлойсуң
Каргадай жалгыз инине?
Жалгыздын зайбын сен алсаң,
Айыкпаган сөөк өчтү
Жаман болор түбүнө.
Ортодо бузук кеп айтса,
Ошого Бөкөй эрибе.
Ак Бермет сулуу көргөндүр,
Агаңдын жалгыз баласын.

Кашында курдаш – тең турса,
Кантип Бермет кааласын
Калкында сиздей агасын?
Келди бузук мында – деп,
Кебине кирип ошонун
Бөкөй, келиниң кантип аласың?
Акылың бар көрүңүз,
Айтып келген бу сөздүн
Баштан-аяк чамасын.
Келиниң алып уялбай,
Кетирбегин тентитип,
Акемдин жалгыз баласын.
Ичимде көп арманым,
Ал армандын жөнү ушул,
Бир бала деп зарладым.
Бир перзенттин зарпынан,
Ээрчибей бала артыман,
Кайгырды менин жүрөгүм,
Кайратым жок, күчүм жок,
Бир бала – деп жүрөмүн.
Акылман Бөкөй өзүң бил,
Азгырган тилге кирбегин.
Жалгыз уулун ыйлатып,
Сыздатпагын акеңдин,
Көрдө жаткан сөөгүн.
Акчайым айтып бул сөздү,
Анда Бөкөй мындай дейт:
– Коңурбайдын сөзүнө,
Жалганчыраак неме эле
Башынан бери ишенбейм,
Сөз айтып келген өзүнө.
Акчанын сөзү макул – деп,
Аламын десем катын кеп.
Аял да болсо бу байкуш,
Калыс сүйлөп жатат – деп.
Коңурбай туруп ордунан,
Жакын жүргөн жолдошуң

Жамакени чакыр –деп.
Жактырса Бермет чын айтып,
Бул сөзүнө макул – деп.
Жалган болсо бул сөзүң,
Башыңды алам, баатыр» – деп.
Бөкөйдүн айткан сөзүнөн
Коңурбай тура калды эми,
Жамакеге барды эми,
Өзүнүн айтып иштерин
Түшүндүрүп алды эми.
Башынан экөө бир киши,
Кеңеши бар бузмакчы
Саринжи менен агасын,
Ажыратсак – деп жүрчү,
Бул экөөнүн арасын.
Сүйлөштү, кабыл болду – деп,
Ойлогон тилек санаасын.
Алып келди Коңурбай
Жамакени ээрчитип,
Бөкөйдүн жакын кашына.
Анда Бөкөй кеп айтат:
– Коңурбай кошо барганбы,
Кудалыктын башына?
Айтып келди далай кеп,
Айталбаймын макул – деп.
Агайын көөнүн муздатып,
Арасын ачмак сөзүбү?
Айтканына ишенбейм,
Башынан жалган сүйлөчү,
Жамаке, сизсиз инибиз,
Жалганбы сөзү, чын бекен,
Кабарын эрте билиңиз.
Каалаган Бермет күйөөсү,
Кан Жамгырчы туягы
Каргадай жалгыз инибиз.
Бөлөк эмес – агайын
Жамаке, жөөнүн билип кел,

Жалган айтса Коңурдун
Токтотпой башын алайын,
Ырас болсо айтканы
Калың элден тандатып,
Жалгызга катын табайын.
Келин да болсо Берметтен
Качат белем, албайм – деп,
Мен болсом жаккан кереги,
Жамаке, эрте барып кел,
Жалган-чынын көрөлү.
Ырас болсо ушу сөз
Кызматыңа, Жамаке,
Кызыл жорго сеники,
Кыз Бермет сулуу меники
Аныкболсо ушул сөз –
Кыяңкылык сөз айтса,
Тетиги кыз алган Акчайым жердики,
Каалаганы чын болсо,
Кара жорго сеники.
Калп болсо, Бермет бул сөзү
Кадыркеч Акча чын айтат,
Тиги кашында Конур – жердики.
Тур Жамаке, барып кел,
Бермет менен сүйлөшүп
Өз оозунан кеп угуп,
Чапчаң кабар алып кел.
Берметтин сөзү чын болсо,
Белеги түймө – бул болсо,
Жакшы деп Коңур көп мактайт,
Жактырса Берметти алалы,
Ырас бекен угуп кел.
Коңурбайдын кабары.
Жайгарарбыз ыйлатпай,
Жалгыз жетим баланы.
Жан-дили менен ылдамдап,
Камынып шондо жөнөдү,
Дайындаган Жамаке,

Өзүнүн жакын адамы.
Минген атын чарчатып,
Эки конуп, үч конуп,
Бир далай жерге барганы.
Атын ачка кууратып,
Атынан аккан терлерин
Соорусуна кургатып,
Жамаке кайта салды эми,
Берметке барып келгенсип
Өзүнөн угуп ишенгенсип,
Убакты болжол күнүндө,
Бөкөйгө жетип барды эми.
Кызыл жоргону алдым – деп,
Кыз Берметке бардым – деп,
Коңурдан бетер көбөйтүп,
Кыйкырыкты салды эми:
– Башында бар дөөлөтүң,
Ашында бар шербетиң,
Адамдан артык келбетиң,
Айтканы ырас экен – деп,
Айлында жатса каалаган,
Сизди, жактырган сулуу Берметиң.
Кара жорго меники,
Каалаган Бермет сеники,
Күйгөнүнөн Акчайым,
Күнүлүк кылып жаткандыр,
Каршылык дагы сөз айтса,
Акча казаты жетти – жердики.
Акчайымды өлтүр, төлөнөт
Карача кандын Бермети,
Кан Бөкөй сиздей эрдики.
Айлында жатса жактырып,
Ак Бермет сулуу тийди – деп,
Абийир биздей элдики.
Ак Бермет сулуу кеп айтты,
Алуу-коюу жөнүнөн
Абдан мага көп айтты.

Тийбеймин дейт балага,
Көчмөндү долу немедей,
Жатат иниң Саринжи
Кичи бою талаада.
Берметти көрүп талдым мен.
Акылдан айран калдым мен,
Айтканындай бар экен
Айнек беттүү, чолпон көз,
Сиздей арстанга ылайык жар экен.
Кайттым угуп кубанып,
Калем каштуу, бети айдай
Кан Бөкөй алсаң Берметти
Кашында турса буралып,
Ак Бермет келсе бу жерге,
Акчайым сулуу дечү элең
Ак Берметти көргөн соң
Акчаны айдайсың өзүң чыгарып».
Жамаке сүйлөп турганда
Дагы берген белек – деп,
Зымырат көздүү бир шакек
Жамаке алып жанынан,
Бөкөйдү көздөп сунганда
Акчанын жаны чыдабай,
Ордунан тура калды эми.
Жалган сөздү чын кылып,
Аганын-тууган ортосун,
Ачуу кылып турганга.
Коңурбайдын сөзүнө
Ишенбеген Бөкөйүң
Жамаке айтса эриди.
Акчайым анда мындай дейт:
– Ишенгендей болду – деп,
Кан Бөкөйдүн көңүлү.
Калыстан киши жибербей
Барып кел деген Жамакең
Коңурбайдын шериги,
Алам деп жаткан Берметиң,

Айтканы жалган – туурабы?
Адилеттүү кишилер
Шундай ишти кылабы?
Инисинин зайыбын,
Агасы тартып алмагы –
Илгертен жок иш – ырасми.
Бузуктун кирбе кебине,
Сулуу алмак бар болсо,
Бөкөй сенин көөнүңдө
Карыган кезде талпынып,
Келиниңе теминбе,
Кетирер болдуң башымды
Айыбы жок өлүмгө.
Азыраак мага кезек бер,
Ак Берметтин жөнүнөн
Азыраак сүйлөп берүүгө
Согончогум канабай
Көрбөдүм перзент баланы,
Унуттуң Бөкөй уялбай
Көзү өткөн көк жал агаңы.
Ыйлатып кантип бөлөсүң
Өзүнө теңтуш баланы.
Акыры буздуң ортосун
Эки бузук арамы.
Туубасам да тутунган,
Эмчек сүтүм бербесем,
Элик сүтүн бердимби
Мечитке таштап кеткенде
Баламдай багып чоңойткон,
Коңурбай, бузук, мен сенден
Пайдалуу иш көрдүмбү,
Арага чагым жеткизип,
Акыры сенден өлдүмбү?
Белек деп бердиң Бөкөйгө
Уурдап келген белгиңди,
Ушулардын сөзүнө
Уялбай, Бөкөй, ишендиңби?

Ичимде көптүр арманым,
Арманым ушул кудайга,
Айыпсыз Бөкөй өлтүрсө,
Апалап ыйлап чыңырып,
Өлтүрбө деп кучактап,
Өзүмө келип жыгылып,
Артымда перзент калбадың.
Кайсы арманым айтайын,
Калбады перзент туягым.
Өзүмдөн бала жогунан,
Өлмөк болуп турамын.
Өзүнөн бала болбосо,
Өлгөндө өчтү чырагың.
Каргадайдан тең өскөн,
Каалап алган жарыңа,
Ушубу, Бөкөй, кыларың?!
Бузуктардын сөзүнө
Бурулуп, Бөкөй, ишенип,
Булардын кылган зыянын...
Түк бир оңбос Коңурбай,
Айыпсыз өлгөн жанымды,
Ак жерден салдың жалынды,
Али да болсо кой, Бөкөй,
Өлтүрбө, мендей жарынды.
Кумар болсоң сулууга
Темирден чокой киейин,
Теректен таяк алайын
Элди аралап барайын,
Элден сулуу табайын!
Сулуу таап келейин,
Суктанба, Бөкөй, келинге,
Атын Ак Бермет коюп берейин.
Армандуу мени өлтүрбө,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Бирок арт жагымда калган жок,
Апа – деп, ыйлар мерейим*.
Кан эмессиң о түлкүсүң,

Келиниң алсаң уялбай,
Уккан элге күлкүсүң.
Өлүп калса айлам жок,
Өлбөй тирүү соо болсо
Кайта келсе ордуна,
Катынын алган жетимдин
Түгөнбөгөн мүлкүсүң.
Кан эмессиң – камансың,
Кайсыныма тартынам?
Менин эми эле башым аларсың?
Бардык кандан жамансың,
Тең өстүк, Бөкөй экөөбүз,
Акылың кыска адамсың.
Келиниң алсаң уялбай,
Келече болуп каларсың
Агасын Бермет сүйөм – деп,
Алары жалгыз турганда,
Арбак уруп кетпесе,
Айтты экен кантип Ак Бермет,
Айлында сага тием – деп,
Каалаймын, Бөкөй, сүйөм – деп.
Калың айдап, той жүктөп,
Кашында турса курдашы,
Кара басып калбаса –
Кантип Бермет айтты экен
Картаңына тием? – деп.
Жалгызга жок мият* – деп,
Жадымда менин жок эле
Бөкөй, ушундай ишти кылат – деп,
Али да болсо коюңуз,
Эл укса мунуң уят кеп.
Атасы бөлөк киши эмес,
Алсаң тартып зайыбын,
Айласы жок жалгыздын
Агаңдан калган чырак – деп.
Дүнүйөнүн жалганы,
Түгөнгөн экен дүйнөнүн,

Мендейге берчү балдары,
Колумда баккан Коңурбай,
Түбү башым кандады
Өлгөнүмө кайгырбайм
Өчтүң шамым, жанбайсың,
Өзүмдөн туяк калбады.
Коңурбай барып келди де,
Уурдап келген топчуну
Белегиң деп берди де,
Кагылайын тууган эл,
Каргадай болгон жетимге.
Кайгырчу болсоң, турган эл!
Жетим, сенин жөнүң талашып,
Жеңең Акча өлдү де.
Жалгызга айткын ушуну,
Жакынга бузук иш салган,
Жамаке менен Коңурбай
Эки арамдын бузугу.
Каргадай болгон жетимге,
Кагылайын турган эл,
Айта көргүн ушуну!
Күчүнө толуп чоң болсо,
Жамаке менен Коңурбай
Экөөн кармап алсын де,
Акча энеме тийсин – деп,
Кабат мууздап салсын де.
Баламдай көргөн Саринжи
Жеңесинин намысын
Ушулардан алсын де!
Айтып болдум барымды,
Ак эмес, жалган сөз айтып,
Төгөр болдуң канымды.
Кудай берсин жазасын,
Көпсүнүшүп кор кылган
Силердей бузук залимди
Амалын таппай өлтүрттүң,
Алган эрим сой десе,

Алдымда турган бала жок,
Айтамын кимге зарымды.
Алган жарың мен элем,
Ал эми Бөкөй, кайыр кош
Атаңа аш бер жанымды!»
Акчанын угуп сөзүнө
Ачуусу келип Бөкөй кан –
Айтты бир аз өзүнө:
– Кийүүңө сенин жарашпайт
Кызыл кымкап-шайыңды.
Көп кайнатып түгөттүң,
Кызыл каптал чайымды,
Уктуңбу Акча, жайымды?
Чай кайнатып ичерге
Айылда жатсам жактырган
Алайын деп турамын
Ак Бермет сулуу айымды.
Көп кайнатып кор кылба,
Кара каптал чайымды.
Кием деп Акча ойлонбо,
Менин карала кымкап шайымды,
Билдиңби, Акча, жайымды?
Калкымда жатсам каалаган
Камынып жатам алмакка
Карача кандын Бермети
Каалаган сулуу айымды.
Ак Берметке ылайык
Акча, кийген жибегиң
Ачууланып кеп айттың,
Муздады сенден жүрөгүм,
Калды шордуу, ашыкпа,
Казылган көргө кирериң.
Кантип «кой» деп айтамын,
Каалаган кыздын тилегин?
Күндөштүк кылып кеп айттың,
Күнүлүк кылдың билемин.
Күндөй сулуу Берметке

Күйдүбү сенин жүрөгүң?
Артында перзент калган жок,
Аялдан туубас сен болдуң,
Ойлочу кантип жүрөмүн?
Кылычың алып камдангын!
Кызыталак, Коңурбай,
Али башын кеспейсиң,
Тилин тартпай сүйлөгөн
Кашымда Акча бүлөнүн!
Кан Бөкөй башын ал десе
Коңурбай токтоп турабы?
Кылычын кындан суурду,
Акчаны көздөп умтулду,
Арманда өлдү байкуш – деп,
Аял-эркек жардашып,
Карап турган калың эл
Катуу буга күйүндү.
Кылычы колдо жаландап,
Коңурбай жакын келгенде
Анык өлгөн экем – деп,
Акча жандан түңүлдү.
Оо, дүйнө, – деп чыңырып,
Баласыз күн ушу – деп,
Байкуштун чыккан добушу
Талай жерге угулуп.
Түк оңбогон, Коңурбай,
Баладай бактым өзүндү,
Сен өлтүрдүң өзүмдү –
Деп, эки ооз сөз сүйлөп,
Чыңырып Акча жыгылды.
Акчанын башы кесилди,
Ак Берметти алам – деп,
Акылсыз Бекөй эсирди.
Жалган сөздү чын кылып,
Аялын актан өлтүртүп,
Жамаке менен Коңурбай
Бөкөйгө кылды кесирди.

Айрылды Бөкөй жарынан,
Төргө төшөк салар жок
Төрөм деп басып барар жок,
Убакты чайын кайнатып,
Тамак берчү адам жок.
Ушул иш кыйын баарыдан,
Кадыркечин өлтүрүп,
Качан Берметти алганча
Калды Бөкөй каңгырап,
Кандай жан оокат берет? – деп,
Кан башы менен жалдырап.
Жамакени чакырып,
Ак Бермет качан келет? – деп,
Аңсап жаткан ошо кыз,
Мени качан көрөт? – деп.
Эртерээк ылдам чапчандап,
Батыраак болмок керек – деп,
Жамаке анда кеп айтат:
– Ак Бермет мага сөз айткан,
Анык Бермет өзү айткан:
Белегимди бер деген,
Калмактын каны Түлдүргө,
Кан Бөкөйүң сүйлөшүп,
Кырк солдат сурап алперсе
Экөөң баштап ээрчитип,
Ак кыянын алдында
Астыртан тосуп кел деген
Атам болбой жатыры,
Айныба, балам, мындан – деп,
Айтканына макул – деп.
Алтымыш төөгө жүк жүктөп,
Алыстан келген жетимди
Алдап-соолап алпарам,
Ак кыяга мен деген.
Ыйлаган болуп каламын,
Жанымдагы жолдошум,
Жабылып уруп келтектеп,

Жалгызды байлап бер деген.
Аныk көөнүм Бөкөйдө,
Мени ошол Ак кыядан бөл деген
Акылын тапсаң экөөңөр
Мен Бөкөйгө тең деген.
Жамаке анда дагы айтат:
– Калкымда Бөкөй бегибиз,
Катының Акча өлгөнгө
Кайгырбасын көөнүңүз.
Алперебиз аз күндө
Ак Бермет сиздин теңиңиз.
Азыр менин колума
Калмактын каны Гүлдүргө,
Кагаз жазып бериңиз.
Гүлдүр канга барайын,
Кырк солдат сурап алып бер,
Кыз Берметтин сөзү ушул
Эртерээк чапчаң барайын.
Чакырды Бөкөй, кат жаз – деп,
Өзүнүн катчы молдосун,
Чапчандатып бат жаз – деп.
Элге тынчтык бербеген
Элден бузук чыкты де.
Күнү-түнү тынчытпай,
Жүдөттү жаман журтту де.
Жакын иним болсо да,
Уят кылып курутту де.
Жамаке менен Коңурга
Кошуп берсин кырк солдат,
Гүлдүр кан сындуу мыкты де.
Уштатып* берем баланы,
Улук падыша Гүлдүр кан,
Баланы айдап барганда,
Токтотпой ассын даргага.
Зыяны тийди ушунун
Бул жерде элдин баарына.
Ушуну айтып дайындап,

Кат жаздырды Бөкөйүң,
Гүлдүр деген канына.
Кагазды алып колуна,
Жамаке чаба жөнөдү,
Коңурду кошуп жанына.
Таң агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда
Элдин баары кыбырап,
Төшөктөн туруп жатканда
Боз куурай башы шуудурап,
Боз торгой тынбай чулдурап,
Ак Бермет менен Саринжи
Төшөктөн турду зыңгырап.
Ойгонуп турган Ак Бермет
Оң далысын сыйпаса
Алтын айдар чоктук жок,
Алда кандай болду – деп,
Ичине түштү кайгы-от.
Түймөмдү ким алды? –деп
Түндө уйкуда жатканда
Ким алып кетип калды? – деп,
Жанындагы Саринжи –
Жамгырдын жалгыз чырагы
Айтайын деп теңине
Ак Бермет ойлоп турабы...
Саринжини токто – деп:
– Алтын айдар чоктугум,
Ким алды? – деп сурады,
Алынды түндө чоктугум.
Арка жакы чачымдан
Алты түймө гавхардан*
Айтамын кимге жоктугун.
Уктаган түнкү түн алды,
Бирок уурдап муну ким алды?
Кыркып алып кеткен бейм,
Андып бизди байлаган
Сурачы жалгыз бар бекен?

Жок болсо алып кетти го,
Кечеги тууганым деген кайнагам.
Кайнага мында жок болсо,
Түймөнү кыркып алды го,
Түнү-күнү чапкылап,
Айлыңызга барды го.
Алып барган түймөлөр
Абдан жаңжал салды го.
Кайнага жөн алган жок,
Көңүлүн башка бөлдү го.
Алып барып түймөнү
Бир кишиге берди го.
Түймө алган киши тынч
Душман болот түбүндө.
Жалгыз, өз башына келди го
Алдырган түймө-чоктугун
Ак Берметтин сөзүндө
Конурбайдан көрдү го.
Ак Бермет айтып бүткөнү.
Алды деп ошол акеңиз,
Уурулуктун этегин
Саринжиге жүктөдү.
Саринжи анда мындай дейт:
– Ак Бермет, бир аз сүйлөдүн,
Акең эле Конурбай
Келгенде пейлиң сүйбөдүң.
Уялып кеткен немени
Ууру нагыз ушу – деп,
Жоготуп өзүң түймөнү,
Кайнаганды ууру – деп,
Кадырын Бермет билбединиң.
Ичи күчүп жаталбай,
Түймөндү түндө алгандыр,
Аралашып жашыңдан
Айылдаш ойноп жүргөнүң.
Тууганың акең алды – деп,
Туура эмес, сенин бул кебиң.

Коңурбай менин тууганым,
Уурдап алган ошо – деп,
Уурулукка булгадың.
Кечеги сенин сөзүңөн
Кетип калды таарынып,
Ак Бермет мындай кылбагын.
Сыртыңдан кумар, зарлаган,
Зыркырап түндө жаталбай,
Түймөнү кыркып алгандыр,
Сырдашып өскөн урганың.
Саринжи түк кейибейт,
Жоголгон чоктук жөнүнөн.
Алган жок жалгыз мойнуна,
«Айлыңда бирөө алды» – деп,
Кайта жалгыз Берметтин
Өзүнө жүктөп койду да.
Эшикке чыкты бул экөө
Айтып бүтүп буралып.
Анда Бермет жалгызга
Бир сөз айтты чыңалып:
– Агаңыз жөн кеткен жок,
Бир сөз айтам көнсөңүз,
Айткын деп жооп берсеңиз.
Атадан жалгыз экенсиң,
Айлыңа кантип кетесиң?
Душманың абдан көп экен,
Тууганың эң аз экен,
Жакын тууган дегениң
Жатып атар кас экен,
Аңдыганы шолордун
Асылым, сиздей жаш экен.
Алып барган түймөнү
Агаңыз Бөкөй албасын,
Арачы түшөр тууган жок
Кастык ойлоп өзүңө,
Алган жарың Берметтен.
Ажыратып салбасын.

Ортобузду бөлбөсүн,
Түймө алпарган Коңурбай
Бермет берди муну – деп,
Кан Бөкөйгө бербесин.
Кайнатаңдын шаарында
Калкыңа барбай туруңуз,
Барсаң тууган – баары жоо
Башыңыз капа көрбөсүн.
Картайып кеткен эненди
Алдыралык бу жерге,
Жатындаш тууган жок экен,
Жалгызым, сага күйөргө.
Кайнатаң берет тактысын
Кандай дейсиң, жалгызым,
Капасы жок кайныңда
Ойноп-күлүп жүрөргө!
Тууганым деген Бөкөйүң
Душман болсо жолуңдан,
Тууганың жок болушар,
Жалгыз, эчтеме келбейт колуңдан.
Кайнатаң берсе тагын мин,
Каалаган нагыз тилеги –
Кадыркеч Бермет жарыңдын,
Калкына барсаң болбостон,
Кайгысы күндө көбөйөр
Каргадай жалгыз жаныңдын».
Анда жалгыз мындай дейт:
– Ак Бермет, аның кеп эмес,
Сени мен алып кетем деп келгем.
Мени алып калсаң жөн эмес.
Айтканыңа көнүүчү,
Албай жатып тизгинин
Аялына берүүчү
Акылсыз эркек мен эмес.
Кайнатамдын шаарында
Кантип карап жүрөмүн?
Кабыл эмес, Ак Бермет,

Ушу кылган тилегиң.
Кан Бөкөйдөн качтым – деп,
Кубатым жетпей шаштым – деп,
Кулунчак жалгыз жашмын – деп,
Уруусу башка бөлөк эл,
Уялбай кантип жүрөмүн?
Башка падыша болгончо
Барып ошол Бөкөйдүн
Бадасын жайып, мал багып,
Үйрөтүп торпок минемин.
Бу кайнатамдын калаасы,
Ар бир түркүн сөз айтып,
Берметтин алдаганын карачы!
Башкасы душман болсо да,
Кан болуп калкын сураган
Кашында жетим жалгыздын,
Кан Бөкөй болот агасы.
Аялга берип бийлигин,
Алтын так минип турганча
Айылга болом бадачы.
Ажалы жеткен киши өлөт,
Жалгызмын деп чочубайт,
Жамгырчынын баласы,
Тууганда жалгыз мен экем,
Жалгызга душман көп экен.
Калгын мында дегенче
Камынсын атаң, кабар айт,
Кайгырып ыйлап жаткандыр,
Качан келет балам – деп,
Картайган Каныш энекем.
Атаңа айт, Бермет, кабарды,
Топуратып той союп,
Жыйнасын шаар калааңды.
Жөнөткүн деп,– кебиң айт
Саринжи, Бермет баланды.
Кашында жолдош киши жок,
Кайгырып энем бир үйдө

Башына түштү караңгы –
Деп, ошентип, Саринжи
Турбаймын – деди – калааңа
Өзүң билгин, жалгыз, – деп,
Айтты Бермет ошондо:
– Айлансын жаным садага,
Калгын – деп, сага кеп айттым,
Жалгыздыгың жөнүнөн,
Капаланба, Саринжи,
Берметтин айткан кебинен.
Атама кабар салайын,
Аттанып эрте кетелик,
Кайнатаңдын элинен.
Ак Бермет анда ойлонуп,
Атасына айтты кабарды –
Кечиктирбей жөнөтсүн
«Чыккан кыз чийден тышкары»,
Акыры бөлөк болгон соң
Саринжи, Бермет баланды.
Кайтарсын – дейт, күйөөңүз,
Калгын – деп, канча кеп айтсам,
Жактырган жок жүрөгү.
Арасы бөлөк болгон соң
Асылган менен турабы?
Кабарын укту кызынан,
Карача кандын кулагы.
Кайтам – деп жатат деген соң
Берметтен башка балам жок,
Атасы келип жалгызга
А да: «Кал» – деп сурады.
Ыктыяр эмес, Саринжи,
Түбү мында калууга,
Калалбаймын бу жерде
Кайната, мага зарылба.
Албады тилим балам – деп,
Ал үчүн бизге таарынба.
Алтымышта апабыз

Ак үйдө жалгыз отурат,
Адам жок башка жанында.
«Келиним качан келет?» – деп.
Кейип энем кайгырып,
Кемпирдин күнү не болсун,
Жалгызынан айрылып.
Барып-келип туралы –
Акылман жалгыз жетимдин,
Атасына айткан жообу.
Калбасына көз жетип,
Жөнөтмөк болуп буларды,
Калаага кабар салды эми,
Калкын жыйнап алды эми.
Тор бээ кармап сойдуруп,
Тууган жыйып той кылып,
Кыйык байлап аттырып,
Кызыл манат үй сайып.
Суутуп күлүк чаптырып,
Эңишке балбан чыгарып,
Эки апта* берди кызык той,
Элдин баары кубанып,
Отуз күнү ойнотуп,
Кырк нөкөрдүн баштыгы,
Кыйбат Бермет сулууну
Кырк күнү күлпөт тойлотуп,
Алты бакан курдуруп,
Алыскы менен жакынга
Ак Берметти берет – деп,
Ашырып тоюн дүң кылып,
Эл ичинде усталар
Эсеп менен жыйдырып,
Жалгызыма жарак – деп,
Ак албарс кылыч кылдырып,
Жүз ачкычты салдырып,
Алтын жагдан* түрдөтүп,
Көрүүгө кооз болсун – деп,
Көк шалы оюп салдырып,

Арткан септин көлүгүн,
Алтымыштай нар кылып,
Кереге кабы келишкен;
Келген элдин баарысы
Карача кандын Бермети,
Калды жакын жөнөйт – деп,
Салтанатын көрүшкөн.
Алтымыш төөгө сеп жүктөп,
Асемдеп септи көп жүктөп,
Ак Берметтин өзүнө
Тегереги кундуздан
Күмүштөн купа орнотуп,
Сүрөтүн алган жылдыздан,
Ашырдым – деп Карача
Атагы бир эл кыргыздан,
Жетимиш төөгө сеп жүктөп,
Жээрде кашка жоргону
Асем менен токутуп,
Жеңелери жетелеп,
Ак Берметтин аты ошол.
Жабдык салып тердиктеп,
Жабдыгы күмүш жаркылдап,
Ак Берметтей сулуунун
Алтындай жүзү жаркылдап,
Жеңе-желпи, курдашы
Кош айтышып келишип,
Колтукташып кучактап,
Жеңелери көрүшүп,
Карача кан кандыгын
Калың элге билгизип,
Жээрде кашка жоргону
Жеңелери Берметке
Алып келип мингизип,
Калаадан чыкты чуулдап,
Бир далай жерге бөлүнбөй
Аял-эркек аралаш,
Аман бол! – деп, дуулдап,

Кундуз бөрк кийген Берметтин
Элечек ороп башына,
Саринжи келет бастырып,
Берметтин жакын кашына.
Көргөндүн баары кайгырат,
Жетиле элек жалгыздын
Балдыркан өмүр жашына.
Карача кан атасы,
Кайгырып ыйлап энеси
Калың эл калды бөлүнүп,
Арткан септи жетелеп,
Аман бол – деп, калыкка,
Ак Бермет менен Саринжи
Ажырап жолго жөнөдү,
Оңдоп келет беш жолдош,
Оогон жүктүн талганын,
Бир-бирине тиркешип,
Сеп жүктөгөн нарларын.
Каалгып уктап Саринжи
Ак Берметке сүйөнүп,
Уктап келе жатат да
Уйкунун калган зардабын.
Арага нече конушуп,
Атан төөлөр чоюлуп.
Аттан аккан кара тер
Тамчылап жерге куюлуп.
Бир күндөрү болгондо
Ак кыянын белине
Ак Берметтин үлпүнчөк
Кайрылып кетти желп этип,
Агарган шамал желине.
Эки жагын караса,
Алдындагы тегизден,
Адамдар көзгө көрүндү,
Ак Бермет көрүп ошону
Көңүлү канча бөлүндү.
Чочуп кетти Берметиң,

Көрүп элдин түрүнө,
Эмне жүргөн адам – деп,
Зыян кылчу немеби? –
Алтоосунун бирине.
Катуу ойготсом, жалгызым,
Каарланып коёр – деп,
Тийбейин деп жинине.
Ак Бермет анда чыдабай,
Акырын түртүп, кол салып,
Ойготту Бермет жалгызды:
– Укчу менин сөзүмдү,
Уйкудан аччы көзүңдү.
Урматын карап, элди көр,
Түрү башка көрүнөт,
Кылбасын бизге кесирди.
Арстаным, укчу сөзүмдү,
Аччы уйкудан көзүңдү,
Алдында элди карачы,
Кылбасын бизге кесирди.
Чочудум түрүн көргөндө,
Алар көптүр, биз азбыз,
Ай-талаада келтектеп,
Кылбасын бизди шерменде.
Алтын айдар, чок белбоо,
Асылың жалгыз, уйкуңду ач,
Аз күнү болду кошулдук,
Сагынып жүргөн эки жаш.
Алдыңдагы эл жоо болсо,
Асылган душман шол болсо,
Кайнатаңын шаарына
Кайра тартып, эрте кач,
Күмүш айдар, чок белбоо
Күлүстөн жалгыз бегиме,
Күйдү ичим чок болуп,
Карайган элдин көбүнө.
Касташкан душман шол болсо,
Каршыңдан тозгон жоо болсо,

Кайра тартып эрте кач,
Жалгызым, кайнатаңдын элине.
Айланайын, беш жолдош!
Аманат жанга эш жолдош,
Жалгызды коштоп алгыла,
Эл көрдүм түрү бузуктай
Эртерээк качып баргыла.
Алды-кийнин тоздурбай
Жалгызды, аман алып калгыла.
Угуп сөздүн жөнүнө
Умачтай көзүн ачты го,
Уйкусун чайыттай ачты го,
Уйкудан жалгыз ойгонуп,
Кайраттанып оңдонуп,
Качырып калчу жолборстой,
Канетсин байкуш комдонуп:
– Ак Бермет, аның кеп эмес,
Алар алдыңдан тозгон эл эмес.
Каршыңдан тозгон эл болсо,
Кармар жоосу мен болсом,
Кантесиң, Бермет, сүйлөбө,–
Качканым менин эп эмес.
Кашынан каршы эл көрсө
Качар киши мен эмес.
Алдындагы көк жорго
Кайра тартып какты эми,
Айланайын, беш жолдош!
Саринжи жалгыз чапты эми.
Жанымдагы беш жолдош
Жанга карал эш жолдош,
– Ак жагданды жүктөгөн
Алмач өркөч сары атан,
Чуудасынан алгыла,
Бат чөгөрө салгыла.
Жүз кулптуу сандык ичинде
Албарсым колго бергиле,
Каргадай жетим жалгыздын

Кайратын силер көргүлө.
Касташкан жоодон мен өлсөм,
Ак кыянын белине,
Кара жолдун ченине,
Аппак жууп, кепиндеп,
Ардактап мени көмгүлө.
Жасаган салса көрөйүн,
Жалгыз экем атадан
Жанымда жок мерейим,
Жаздым[1] болсом бул жоодон,
Жаздыгымды ала өлөйүн.
Жатындаш тууган болбосо
Жалгыздыкка не дейин?
Беш жолдош чапты туш-туштан,
Алмач өркөч сары атан,
Бат чөгөрө салышып,
Арканды кыркып жиберип,
Ак жагданды алышып,
Бир-бир кулпту колго алып,
Ачыша кетти жарышып,
Алтымышын ачканда
Кырктай кулпу калганда
Кыз алган жардан бөлүнүп,
Кыйноону тартса жашчылык,
Кыйын күйүт арман да.
Ортого алып жатканын,
Жамаке, Конур көрдү – дейт,
Жайында жаткан солдатка
Тездеп кабар берди – дейт.
Ак Бермет менен Саринжи
Ак кыяга келди – деп,
Алыстан бизди көрдү – деп,
Ачып жатат бирдеме,
Жазаны колго берди – деп.
Кыйын болчу жубарымбек,

[1] Жазым.

Бир баладан кырылып,
Ак Берметти алалбай,
Ажыратып бөлө албай
Бөкөйдү кантип көрөбүз?
Камындырбай карма – деп,
Жалгыздын жазасын колго беребиз.
Урматтуу Бермет сулууну,
Ушул жерден көрөбүз,
Жан алуучу желдеттер,
Тил билбеген калмактар
Коңурбайдан кеп угуп,
Козголушту солдаттар.
Атка минди тамамы*,
Адырандап чапкылап,
Аңгыча барып калганы,
Жыйырма кулпу калганда,
Жылас келген солдаттар
Туш-тушунан камады.
«Карма, карма, карма!» – деп,
Карсылдап мылтык атышып,
Кармай турган болушту
Каргадай жетим баланы.
Ак кыяга камалап,
Камчы менен сабалап,
Мылтык менен ургулап,
Этектен тартып жулгулап,
Колуна тийбей жарагы,
Ак кыяда келтектеп,
Алды кармап баланы.
Беш жолдошун карматып,
Ээринин үстүнө
Чалкасынан жаткызып,
Чакчайтып бекем таңганы.
Саринжи жалгыз жетимдин
Эки колун бекемдеп,
Аркасына таңды эми,
Бутуна кишен салды эми.

Мусапыр кылып жалгызды
Минтип байлап алды эми,
Алганынан ажырап,
Азаптуу Бермет калды эми.
Башындагы элечек
Көтөрүп жерге урду эми,
Жибек жоолук үлпүнчөк,
Башын бекем бууду эми.
Аттан түшө жүгүрүп,
Алганы Бермет байкуштун,
Асылым – деп чыңырып,
Барып жалгыз бегинин
Башын сүйөп турду эми.
– Кулжачар тайдан ат кылды,
Курбумду жаңы көргөндө
Куу экен акем жат кылды.
Текечер тайдан ат кылды,
Теңтушум жаңы көргөндө,
Тээксиз душман жат кылды.
Биздин үйдө жатканда,
Мактаган агаң ушубу?
Айтканыңча бар экен,
Өзү «адилет» жан экен,
Адисинен ашты – деп,
Инисине адеп берип жатабы?
Ак кыянын белинде,
Ачсаңчы, жалгыз көзүңдү,
Биз кимден көрдүк капаны?
Алганым, алты ай болбостон,
Атакемдин айлына
Аралаш бир күн конбостон,
Айрылдым сендей бегимден.
Бир күн да болсо энекем
Көрбөдү кызмат келинден,
Уруусу кыргыз укканда,
Ушул биздей бар бекен,
Жалгызым, ай-талаада бөлүнгөн?

Жаным секет курманың
Айтсам тилдеп урушкан,
Апкелди го солдатты
Акем деген тууганың.
Айтпадым беле мен сага,
Түнүндө кыркып уурдаган,
Түймөнү шондой кыларын,
Түшүнүп туруп болбодуң,
Кантейин жалгыз чырагым!
Арачалар тууган жок,
Ак кыянын белинде
Ажырап ыйлап турамын.
Акылыңдан тандырды,
Колу-бутуң таңылуу,
Козголо албас шал кылды.
Айласын кандай кыламын?
Арткан себим жетелеп,
Аралап барып көрбөдүм,
Атаңдан калган ордону.
Акем деген Коңурбай,
Ачып көзүң карачы,
Жалгызым, алды минип жоргоңду.
Акылды кайдан табамын,
Айланайын, кайната,
Артыңда ботоң кор болду,
Катарлап себим жетелеп,
Калдым көрбөй ордоңду.
Кагылайын, атаке,
Каректарың кор болду,
Боз тектириң тоо болду,
Болушарга киши жок
Босогоңдон жоо болду.
Эч болбосо жалгызым,
Энекемин жанында
Ажыратып бөлсөчү.
Айланайын, кайнатам,
Жалгызынын курдашын

Алып берип өлсөчү.
Жетимиш ат айдатып,
Жекендей пакта байлатып,
Карачанын төшүнө
Жергелеп жылкы жайнатып,
Куда болуп барсаңчы.
Өлбөй кайната, кантейин,
Келиниң алып келсеңчи,
Керегеден шыкаалап,
Атакем, жүзүн көрсөмчү.
Анан кийин өлсөңчү!
Алтымыш ат айдатып,
Аяктай кебез байлатып,
Бээ союп, той берип,
Кереге тартып, үй тигип,
Керилтип жүктү жыйбадым,
Келгендерге жүгүнүп,
Ийилип кызмат кылбадым.
Эки челек суу алып,
Энемден бата, дуба алып,
Эртели-кеч жүгүрүп,
Алдына барып турбадым.
Айланайын, жалгызым,
Абалдан сага жоо экен
Алдыңдан тосту тууганың!
Башын өйдө көтөрүп,
Анда жалгыз кеп айтат:
– Кочуучум толбойт акчага,
Кой сен – Бермет какшаба.
Уучум толбойт акчага,
Урматым, Бермет, какшаба.
Жал-куйругу бир тутам,
Жароокер кандан жүгүрсүн?
Жан күйөрү болбосо,
Жалгызыңа ким күйсүн?
Жаныңды бекер кыйнаба,
Бермет, жалынганың ким билсин.

Түп куйругу бир тутам,
Тулпарлар кайдан жүгүрсүн?
Бир тууганы болбосо,
Бул жалгызга ким күйсүн?
Тулданып жаның кыйнаба,
Бермет, туйлаганың ким билсин?
Жаратпай калсын жалгызды,
Жасабай калсын байкушту.
Туубай калсын энекем,
Туугансыз жалгыз – мен экем.
Атадан жалгыз болгон соң,
Арманын айтса көп экен.
Бөкөй төртөө, мен жалгыз,
Куруп калган мен байкуш,
Экөөнү өктөм дейт экен,
Үчөөнү үлкөн дейт экен,
Төртөөнү төрө дейт экен,
Бешөөнү бекзат* дейт экен.
Душман төртөө, мен жалгыз,
Ачуусу келсе жалгызды
Каргадай басып жейт экен.
Жаздым болсо жалгызың,
Жалгыз дөбө бейит экен.
Кармалды башым кыстоого,
Кайгырып жүрөк муздоодо.
Каралай турган Бөкөйүн,
Катыным тартып алмакка
Каршымдан солдат чыгарды,
Калдың, ата, келбейсин,
Кара топурак сыздоодо.
Жалгызмын жаным кармоодо,
Жан жолдошум Ак Бермет
Жанымда жалгыз зарлоодо.
Жакын деген Бөкөйүң
Жалгыздын зайбын алмакка
Жабылтып солдат чыгарды.
Жардам берер атакем,

Жатасың топурак чаңдоодо!
Арманын айтып Саринжи,
Ак Берметке сайрады.
Кантсин Бермет чыңырып,
Көккө үнү угулуп,
Саринжинин үстүнө
Кулачтап барып жыгылып,
Айрылдым, жалгыз, сенден – деп,
Адырлуу кыя-белден – деп,
– Туткунга түштү бир башың».
Тууганыңдын жогунан,
Ажыратар алым жок,
Кармаган калмак колунан,
Калганда көрдүм эмине?
Кагылайын, жалгызым,
Калбаймын, кетем соңунан.
Айбан солдат турсунбу?
Ар кимиси бир муштап,
Жалгызды басып тебелеп,
Бутунда кишен салынуу,
Бош болсо качып кетер – деп,
Муну койгон го тушап өрөлөп.
Адам шашса кыйкырат
Ата менен энелеп,
Кор кылды жалгыз карыпты,
Көрбөдүм – деп, Ак Бермет
Ойноп-күлүп он күнчө
Жалгыз менен жарыкты.
Башыма түштү караңгы,
Бар бекен колдон бошотор,
Байланган жалгыз адамды.
Ак кыянын белинен
Айланайын, атаке,
Ажыратты Берметтен
Азаптуу солдат баланды?
Актай башын каралап,
Айдай бетин жаралап,

Табактай бетке так салып,
Калды Бермет ажырап,
Арманын айтып какшанып.
Жабылып уруп келтектеп,
Жалгызды жөө айдады.
Жандап келип Берметтин
Бетине тамга салар – деп,
Бекзатынын зарпынан
Бетин тырмап алар – деп,
Жамаке менен Коңурбай
Ортого алып Берметтин
Эки колун кармады.
Кармады Бермет колунан,
Эгер Бермет бош болсо,
Кетмек эле жалгыздын
Бирге илешип соңунан.
Берметтен жалгыз бөлүндү
Көзүнөн аккан кара жаш
Этегине төгүлдү.
Жанды кыйнап өткөздүк,
Жашчылык далай өмүрдү,
«Кайыр кош!» – деп, кыйкырып,
Кайта көрөр бекемин,
Жалгызым, сенин өңүндү?
Беш жолдош менен алтоосун
Кара жолго салышты,
Калаадан келген солдаттар
Карс дедире келтектеп,
Малдай айдап алышты.
Каргадай жетим куу тумшук,
Кантип алат намысты?
Ортого алып жетелеп,
Бөкөйдүн ак сарай деген тамына
Жамаке менен Коңурбай
Берметти алып барышты.
Артына колун бек таңып,
Жаңжалды Бермет салар – деп,

Азыр барса бул Бермет
Жаман айтып сөз менен
Жандын баарын чыгар – деп.
Урматтуу Бөкөй улукка
Уят кылып салар – деп.
Жалгызынан түңүлсө,
Акыры сөзгө көнөт – деп,
Ак сарай тамга Берметти
Камап койду бөлөктөп.
Кармады деген сөздү угуп,
Жалгыздын карып калган энеси:
«Ак кыянын белинен
Ак Бермет менен Саринжи
Ажыратып бөлдү» – дейт.
«Билдиңерби муну» – деп,
Ар кимге барды бөжөктөп,
Кабарын угуп жалгыздын,
Аралашкан тууганы
Кара жолдун боюна
Катар тартып туралы.
Кармалыптыр – деп уктук,
Жамгырдын жалгыз чырагы.
Аял-эркек калбастан,
Жүргүлө көрүп калалы.
Жалгыздын иши курусун
Жабылган төрт дөбөттөр
Жайлаган экен баланы.
Ажыратар алы жок,
Кара жолдун кашына
Үркөрдөй болуп жыйылып,
Энеси байкуш алы жок,
«Кулунум» – деп чыңырып,
Далайга үнү угулуп.
Куу көчөнүн башында
Кулачтап жерге жыгылып,
Жанына келген киши жок,
Кемпир өлүп калса да,

Жан адамдын иши жок,
Башын сүйөр бала жок,
Бала үчүн түштү кайгы-чок.
Азыраак эли чуулдап,
Алдынан тосуп карады.
Ар кимиси бирден чаап,
Айдап келе жатканы,
Армандуу жетим баланы.
«Жалгыздын иши курсун – деп,
Жамгырдын көзү бар болсо,
Бөкөй кантип урсун – деп,
Жанына жакын келди эле,
Жабылып ыйлап жүгүрдү.
Эч болбосо жалгыздын
Бетинен өөп калалы,
Өзүнө жакын кан Бөкөй
Өксүткөн экен баланы.
Уялбай эле Берметти
Ушул Бөкөй алабы?
Ак Берметти алса да
Айдатпай эле койбойбу,
Агасынын артында
Каргадай жалгыз баланы?
Чуулдап ыйлайт тууганы,
Атасы менен бирге өскөн
Акылдуу дос Курманы.
Өлтүрөт Бөкөй көрсө – деп,
Жамгырдын ак ордосун аңтарып,
Аракет кылып бир ишке
Жүргөн экен бул дагы.
Кармаптыр – деп, бул уккан,
Жамгырчынын баласын,
Сандыктын баарын аңтарып,
Издеп жүрөт, бу Курман,
Калмактын каны Гүлдүргө
Кан Жамгырчы дос болуп,
Ошонун кол койдурган кагазын.

Анда жалгыз солдатка
Ушул жерлик элмин – деп,
Кармап берген Бөкөйдүн
Калктагы бузук менмин – деп.
Солдат да болсоң бир азга
Аз уруксат бергин – деп.
Бир саатка суранып:
– Өндү көрсө, жүз таят,
Бөкөйдүн жүзүн көрөйүн,
Карыган энем бар эле,
Кайыр кош айтып келейин.
Алып кал – деп сурайын,
Алып калса солдаттан
Жашы жеткен апамы
Колум менен көмөйүн,
Агабыз эле Бөкөйгө
Арзымды айтып көрөйүн.
Таңылган колу чечилбей
Бир саат жооп беришти,
Артынан ээрчип жалгыздын
Алты солдат келишти.
Кара жол менен чыңырып,
Саатым бүтсө айдайт – деп,
Каргадай жалгыз жүгүрүп,
Кара жолдун боюнда
Камалган Бермет бир тамда.
Кайгырган үнү жалгыздын
Берметке калды билинип,
Менин жалгызымдын үнү – деп,
Калмактар кармап алды эле,
Бу жакта кантип жүрөт – деп,
Жалындап жаны өрттөнүп,
Бермет күйүп кетти – дейт.
Каалгасы теректен,
Карс дедире тепти – дейт.
Каалга калды жарылып,
Анын да колу бош эмес,

Артында жүрөт таңылып.
Жара тээп эшикти
Жалгызым, токтой тургун
Ак Бермет келе жатканы
Аркасында чаңырып,
Эзилишкен эки асыл
Бир-бирине табылып.
Кармашар колу бош эмес,
Ийиндери талышып,
Кошулушуп алышып,
Кан Бөкөйдүн кашына
Барды булар жарышып.
Барса Бөкөй отурат,
Алтындан кылган тагында,
Кашына келип караса:
– Ажыраттык деди эле,
Дагы эле Ак Бермет жүрөт жанында.
Ант урган Бөкөй көөнү жок,
Жалгызды ажыратып калууга.
Эң мурун жалгыз кеп айтат:
– Эсенби, аке, – деп айтат.
Арман жок, көрдүм бетиңди,
Айыптар кылган ишим жок,
Алдымдан солдат чыгарып,
Айдатып жүргөн душман ким?
Айланайын, уялаш,
Агаңдан калган жетимди?
Башыма кара түн болду,
Баатыр, Бөкөй, туушкан,
Мени байлаткан киши ким болду?
Падышадан солдат алып келип,
Айдаткан киши ким болду?
Балапан көзүм чачырап,
Жайнаткан киши ким болду?
Алтындан болсун тагыңыз,
Ачылсын, Бөкөй, багыңыз,
Биздин жалгыз эле жаныбыз,

Айдады солдат бек байлап,
Арбагын сыйлап акеңдин
Ажыратып калыңыз!
Жезиттер* көнсө парага
Жергеси менен туташ бер
Жетип калар малыбыз.
Жетиминди айдатпай
Жезиттен алып калыңыз!
Анда Бөкөй кеп айтат:
– Абалап учкан зар беле,
Адырда жаткан калың мал,
Арсыз жетим, жубарымбек!
Атаңдан калган мал беле?
Жанында жүргөн Ак Бермет,
Малдын жөнүн сүйлөйсүң
Сага ыраа көрчү жан беле?
Айдаткан душман кайсы? – деп,
Айтасың жетим ары жок.
Айдаткан душман анык мен
Алып калгын мени аке – деп,
Атаңдан дүйнө бар беле?
Баатыр кылат пайдасын,
Саятчы тигет чайласын.
Калжыратып сүйлөтпөй,
Убара кылып Берметти,
Өйдө-ылдыйга сүйрөтпөй,
Кайда жүрөт солдаттар,
Муну казыр айдасын!
Тийбесин билди Бөкөйдүн,
Тири жанга пайдасын.
Анда жалгыз кеп айтат:
– Көрдүм, Бөкөй, өңүндү,
Калтырбай айтып кетейин,
Көөнүмдө арман-кебимди,
Айыбым жок айдатып,
Бөкөй, азапка салдың өмүрдү.
Алмакка пейлиң бар экен,

Ажыратып сен менден
Ак Бермет сулуу келинди.
Жалгыз эле жаныбыз,
Жакса Бермет алыңыз.
Кор кылбайын апамды,
Колум менен көмөйүн,
Калмактан алып калыңыз.
Өрдө төөң байлайын,
Көчкөндө малың айдайын,
Белен кумган колго алып,
Бет жуугучуң болоюн,
Кололуу кумган колго алып,
Кол жуугучуң болоюн.
Алып кал, Бөкөй, иниңди
Отуң менен кирейин,
Күлүң менен чыгайын.
Азан-заар турайын,
Ар кызматың кылайын!
Жакса Бермет алыңыз,
Келиниң Бермет экөөңөр
Жуунмакка отурсаң
Үстүнө сууну куяйын,
Куруп калсын жалгыздык,
Мындан ары мен сага
Кандайча кызмат кылайын!
Сен – төртөөсүң, мен – жалгыз
Жалдыратты кудайым,
Кааласаң Бермет берейин,
Ажыратып алсаңчы
Бөкөй, агаңдын жалгыз мерейин.
Арам өлүп калбасын,
Айланайын апамды
Аппак жууп көмөйүн.
Кайгырттың мендей жалгызды,
Бөлөк эмес, жакынсың,
Акем менен бир тууган
Агабыз Бөкөй баатырсың.

Жүрөгүм күйдү, чоң кылба,
Жүлүндөй жашты от кылба,
Артында калган бир белек –
Агаңдын наамын жок кылба.
Толкутуп жүрөк агызба,
Алып кал, Бөкөй, ининди,
Берметти минтип сен алсаң
Жеттиң, аке, намыска.
Жаралбай жалгыз калсамчы,
Бөкөй, бул сөз болсо оюңда
Кайныңа бар – деп жибербей,
Башында эле өзүң барсаңчы.
Акыры мындай кылганча,
Арзыганың Берметти
Өзүң барып алсаңчы.
Атасы башка жат болсо,
Саринжи кимге зарылсын,
Айланайын, Бөкөй кан,
Аталаш тууган жакынсың.
Ажыратып албасаң,
Айдоодон алып калбасаң
Арбак урат өзүндү,
Жакын-жатты билбеген
Ниетиң кара залимсиң.
Көрсөттүң сен заарыңды,
Ээледиң менин шаарымды.
Экинчи нысап кылбастан
Алдыңбы Бермет жарымды?
Ажыдаардай куу залим,
Сордуңбу менин канымды?
Арачалап аларга
Атамдын көзү болсочу,
Мени ай-талаадан ыйлатпай,
Алып келип Берметти
Жалгыз айлына бир түн консочу.
Жан тууганы жок болсо,
Мага окшогон жетимди

Башынан жаратпай койсочу.
Эстебединң агаңды,
Башыңда пейлиң билгемин,
Сендей көңүлү бузук адамды.
Өлүп калсам айлам жок,
Өлбөй тирүү, соо болсом,
Аман-эсен келермин
Ак Берметтей сулууну
Алганыңды көрөрмүн.
Жалгызга дагы күн тууса,
Бөкөй, жазаңды колго берермин.
Убалы сенин мойнуңда
Арам өлсө энемдин.
Каңтарбай миндиң кара боз
Мени, кан Бөкөй алып калбайт го.
Кантесиң, Бермет, кайыр кош!
Арка чачың түйүп ал,
Мени алтымыш күнү күйүп ал,
Алтымыш күндө келбесем,
Ажалым жетип өлгөнүм,
Алдыман солдат жиберип,
Алам деп жүргөн кайнагаң
Ант урган итке тийип ал!
Желке чачың түйүп ал,
Мени жетимиш күнү күйүп ал,
Жетимиш күндө келбесем,
Жезиттер мени сойгону.
Жетимди кармап өлтүрүп,
Жегичтер канга тойгону,
Женесиндей асылып,
Жетпей жүрөт арс уруп,
Жетесиз Бөкөй итиңе
Ак Бермет, байкуш, тийип ал!
Кан Бөкөйгө тийгенде,
Сенин каалап көөнүң сүйгөндө
Жаңыны кийсең жаркылдап,
Эскиңди чечип бере жүр,

Эки ортосу жапжакын
Бермет,энемдин жүзүн көрө жүр.
Ачкадан өлүп калбасын,
Ак бастекке* чай демдеп,
Алып келип бере жүр.
А да сенин кайненең
Бермет, арбак үчүн көрө жүр.
Келбей калса Саринжи
Тиерсиң Бөкөй акеңе,
Кызылды кийсең кылтылдап,
Жаман киймиң бере жүр.
Жакын эле арасы,
Жалгыз эле баласы,
Жан апам жүзүн көрө жүр.
Карыган киши карды ачып,
Каруусу кетип өлбөсүн,
Кайырың болсо бере жүр,
Кантесиң, Бермет, айрылдың,
Кайненең жүзүн көрө жүр, –
Деп, ошентип Саринжи,
Арзын айтты буркурап,
Арманын айтты чыркырап.
Райым кылбайт Бөкөй кан
Ыйлап жатат курган жан.
Анда Ак Бермет минтип кеп айтат:
– Кулун-тайдай курдашым,
Аралашып баш кошкон
Акылым сүйгөн мундашым.
Ата-энем сүйүп кошконум,
Менин акыреттик досторум.
Ажырап чыны калдымбы?
Айланайын, бостогум*.
Айттың жалгыз кебиңди,
Алып кал десең болгон жок.
Айылда жатып мактаган
Агайын-тууган элиңди,
Ажыратып өзүңдөн

Акем алмак бекен келинди.
Атышып колго түшүргөн
Абалдан жоонун мүлкүндөй.
Ак кыянын белинде
Талатып койду элине
Алтымыш төөдө себимди.
Кайгыга салып отурат,
Жалгыздыктын зарпынан
Жаш балапан өмүрдү.
Менин себимди журту талады,
Арка болот деп жүрсөм
Айдатып элден жоготмок,
Жалгызым, агадан калган баланы.
Жайнаган себим талатып,
Жалдыратып көзүмдү.
Жалгызды байлап беришип,
Коңурбай менен Жамаке,
Ортого алып жетелеп,
Алып келди өзүмдү,
Колумду байлап таңышты,
Бир тамга камап салышты.
Каргадай жалгыз баланын
Катынын тартып алмагы,
Кайнагага намыспы...
Койсочу чогуу себимди,
Кайнагам уксун кебимди.
Арткан себин таратпай,
Абалдан ойдо бар болсо –
Алса боло келинди.
Калганымбы ажырап
Кан атам берген себимден,
Кагылайын, кайнага,
Кеп уккун мендей келинден.
Угар бекен сөздөрүн
Мага окшогон карыптын,
Баштан-аяк кебимди
Жалгыз, баарын айтып арыттың.

Кулдук уруп жүгүнүп,
Уяла турган акемди,
Оо, жалгыздык курусун,
Убагы жок тааныттың.
Ажалга башың байлаба,
Айланайын, жалгызым
Анчалык боздоп сайраба.
Сен айтып койдуң бир сөздү,
Алдына келген келинин
Алсын кантип кайнага?
Кайгырба, жалгыз, сайраба,
Кайгыга жаның байлаба.
Кантесиң, жалгыз, сүйлөйсүң,
Каргадай жалгыз ининин
Катынын тартып алам – деп,
Кантип айтсын кайнага?
Каалаганың чын болсо –
Калдым, аке, мен мында,
Кашында турган жетимди
Калыңыз бөлүп, айдаба.
Айткандын баары муң беле,
Айдатып ийип иниңди
Ак Берметти алам – деп,
Аке, айтканыңыз чын беле?
Келбей жатып мен шордуу
Талашка түшкөн шум беле?
Адилет, аке, каныбыз,
Биздин ачылды бетте пардабыз,
Арманын айтып боздотпой,
Иниңди ажыратып калыңыз.
Дитинде, аке, мен болсом,
Тиейин сизге, алыңыз!
Айткан сөзүң сүйлөйүн,
Айдап барып мал берип,
Аралашкан жан эле,
Тийбесем да жалгызды
Айылдан көрүп жүрөйүн,

Анан сизге тиейин.
Жалгызымды алып калбасаң,
Өз теңимден ажырап,
Өзүңө кантип тиейин.
Тиймек турсун көздөп ал,
Өлтүрсөң жаным дапдаяр.
Кааласаң мейли тиейин,
Каргадай иниң алып кал,
Карасын көрүп жүрөйүн.
Иниңди алып калбасаң –
Катарымдан ажырап,
Кантип сизге тиейин.
Тиймек турсун көздөп ал,
Өлтүрсөң, аке, жан даяр.
Турумтай учту жылуудан,
Тууганың көп, сен жалгыз
Айрылдың Бермет сулуудан.
Жагалмай учту жылуудан,
Жалгыздыгың мен айтсам:
«Көнбөдүң неге мурунтан?
Жакының душман болгон соң,
Жалдырап, курбум, айрылдың,
Жактырган Бермет сулуудан.
Жан экенбиз экөөбүз,
Жаш кезде ыйлап муңдандык,
Жаман күндө туулган.
Кайра келер бекенсиң
Калмактан аман айлыңа,
Айыптар кылган ишиң жок,
Түшүнсө Гүлдүр дайыңа.
Кара башым кеспесе
Кайнагама тийбеймин,
Убайым тартып сен менден
Жалгыз, ушу баштан айныба.
Арка чачым түйөрмүн,
Асылым, сенден ажырап,
Агаңа кантип тиермин?

Алтымыш күн – деп, айтасың,
Ак Бермет өлүп калбаса,
Алты жылы күйөрмүн.
Азаптан башым бошосо,
Айланайын энемдин
Алдына барып жүрөрмүн.
Аманыңды тилермин,
Алты жылда келбесең,
Артыңдан издеп барармын,
Аманат жаным курмандык,
Кара чачым түйөрмүн,
Канча бир жылы күйөрмүн.
Каалап жаткан кайнага
Камоодон башым бошотсо,
Кагылайын энемдин
Кашына барып жүрөрмүн.
Бошонсоң, жалгыз, эрте кел,
Карыш жаным курмандык,
Кагылайын, жалгызым,
Кара көзүм талганча
Жолуңду карап күйөрмүн,
Агаң душман, арка жок,
Айласын кандай кылалык?
Алдына келип экөөбүз
Ач жорудай кептенген
Абийирсиз акеңден
Алып кал – деп сурадык.
Ырайымдуу жан болсоң
Колумду чечип койгула,
Келеби жалгыз келбейби?
Белен тамак менде жок,
Колум менен жалгызга
Берейин бир пияла суу алып.
Берметтин колун чечүүгө
Ал жерден киши чыгабы?
Айбатынан коркушат,
Ант урган Бөкөй зулумдан.

Аман бол, жалгыз, ажырап,
Кетип бара жатырсың,
Арзыган Бермет сулуудан.
Кайрылып учкан өрдөктүн
Карала моюн, бозу бар,
Калмактан аман кутулуп,
Кадыркечиң Берметти
Кайрылып келип өзүң ал.
Кыялап учкан өрдөктүн
Кызыл моюн бозу бар,
Кыялы бузук акеңе
Кыйнаса да тийбеймин,
Күнөөлүү иштен кутулсаң,
Кыз алган жарың Берметти
Кымбатым, жалгыз, өзүң ал.
Жатындаш киши жок экен
Жалгызым, сенин жергеңде,
Ачылат эле көңүлүм,
Энемдин жүзүн көргөндө.
Инисин берип калмакка,
Берметти алмак турбайбы,
Бети жок акең шерменде.
Балдыркан элек кулпунган,
Башынан көөнүн буруптур,
Барбай жүрүп сыртымдан.
Ач карышкыр, кузгундай
Акеңде уят жок тура,
Инисин берип калмакка,
Келген элден уялбай
Келинине умтулган.
Тилеги болбойт, келинден,
Тийбеймин, жалгыз, акеңе.
Кайгырба менин жөнүмдөн.
Куруп калсын кайнагам
Душманын жыгып алгансып,
Кулалыдай теминген,
Албай жатып айырды,

Алтымыш төөдө себимден.
Аман болгун, жалгыз! – деп,
Жанына келип Ак Бермет
Кармашар колу бош эмес
Көзүнөн жашы төгүлгөн.
Жүрөгү кайнап ташкандай
Нагыз көктөм жаз кандай?
Тултуюп Бөкөй отурат,
Албарсты келип баскандай.
Ачуусу келип арбайып,
Кубулуп өңү саргайып,
Берметтин айткан кебине.
Жеттим – деп, Бөкөй жүрчү эле, –
Ак Бермет сулуу периге.
Акмактыгын көрдүңбү?
Айыбы жок өлтүргөн
Акчайымдай теңине.
Каалаганы ырас – деп,
Кан Бөкөй жүргөн ишенип,
Бузуктардын кебине.
Кааламак турсун Бермети,
Карасын көрүп урушуп,
Келер эмес ченине.
Мас болуп Бөкөй жүрүптүр,
Торпогу өлгөн сыйырдай,
Куру тулуп териге.
Бөкөй туруп кеп айтат:
– Айдабайбы жетимди?
Көрүнгөн менен урушуп,
Абийирди кетирди.
Солдаттар, айдап эрте апар,
Күн-түн өтпөй дарга ас – деп,
Гүлдүр кан кылсын өкүмдү.
Тиерсиң түбү келиним,
Көңүлүн улап турасың,
Көк жетим жалгыз эриңин.
Аңгыча солдаттар келип жалгызды

Бөкөйдүн жүзүн билген соң,
Аркасынан түрткүлөп,
Айдап мындай жүр – деди.
Көргөндүн баары чуулдап,
Колунда кайрат, чама жок
Эртеден, жалгыз, – деп айтып,
Ээрчий түшүп Ак Бермет
Кала берди зырылдап,
Айдап кетти баланы.
Жамаке менен Коңурбай
Алып келин Берметти
Баягы тамга камады.
Камалды Бермет кайгырып,
Калдым деп бектен айрылып,
Ыктыяр эмес Берметке
Кара нээт бузуктар
Жатышат кан Бөкөйдү бай кылып.
Кармалып кеткен жалгызым,
Келеби деп кайрылып,
Толкуду кайнап жүрөгүм,
Кашыма келген бир жан жок
Караңгы тамда зарланып,
Кагылайын жалгыздын
Кадырына күйөмүн.
Жүрөккө муздай кайгы алып,
Жүрбөдүм бирге аз күнү
Курдашым кетти айдалып,
Зордуктап алып берем – деп,
Жинди болгон кишиче
Менин соо жаным турат байланып.
Кейидим, арман, сен үчүн,
Жалгызым келер бекен айланып.
Кутулар күнүм бар бекен,
Мен мына чырмалган капкан тузактан?
Ининин зайыбын алам – деп,
Кайнагам кетти нысаптан.
Кереге тартып үй тигип,

Кетип калган жалгыздын
Кеңешип сүйлөп биригип,
Турбадым алдында беш күн буралып.
Куу көңүл ачылбадың кубанып,
Алперем деп Бөкөйгө,
Аял-эркек бүтүн жок
Акадан жүрөк ысыса
«Кайыр» – десем бербейт ко.
Бир кесе муздак суу алып...
Алмадай болгон ак беттин,
Кызылы кетип бозорду,
Кыз кезимде баш кошкон,
Кыйбатым жалгыз бегиме,
Кыялды кайта кошорбу...
Жаш тилеги көл деген
Жардам кылар киши жок,
Менин, жазылган бактым ошолбу?
Кубатым жок, курсак ач,
Куугунга түштүң эки жаш,
Курдаштык гүлүн көралбай
Куурадың тамда алтын баш.
Ичпедим тамак эки күн,
Кай жерде бара жатасың,
Мекин кагылайын, жетимим?
Келтирер бекен ордуна
Кейиген иштин кетигин?
Келини тийбейм десе да
Күйөөмдү берип калмакка,
Менин күлүмдү чачып ар жакка,
Күнөөсүз тамда боздотуп,
Кашайсын көзү темселеп,
Көрдүңбү кайнаганын өкүмүн?
Күч келет тилим каргарга,
Күчтү кудай бербединң,
Күйөөмдү алып калганга.
Күйгөн жан жок биз үчүн,
Күнөөсүз тамда калганга.

Келелек жатып келинге
Кемиреңдеп көз арткан
Кан Бөкөй эмес акебиз
Кара сууну жээктен,
Баягы балык жечү чар карга.
Тирилей боздоп айрылган,
Бар бекен биздей жалганда?
Менин алтындан калка күбөгүм,
Азабын тартып жалгыздын
Арчадай күйдү жүрөгүм.
Пешенемде жок беле?
Бербейт менин тилегим.
Жалгыз Бермет чыңырды,
Жалгызын айтып бир далай,
Жанында жолдош киши жок.
Ары ачка, кайгылуу
Бермет шайы кетип жыгылды.
Айтылып бүттү Берметтин
Көөнүндө күйгөн арманы.
Ажыратар жалгыздын
Болбоду эч бир жардамы.
Эсинен чыкты Бөкөйдүн
Бир туугандын арбагы.
Жалгызды айдап жөнөдү,
Калмактардын шаарына,
Кастык кылды агасы
Каргадай жетим санына,
Уялбай Бөкөй көз артып,
Инисинин жарына.
Жамгырдын көзү барында,
Дос болгон экен ал өзү
Калмактын Гүлдүр канына.
Жалгызды кармап алды – деп,
Элине кабар билинген.
Достук жөндөн кол коюп,
Гүлдүрдүн берген кагазын,
Жамгырчынын үйүнөн

Курман таап алыптыр:
– Кагазга Жамгыр жаздырган,
Ар убакта көз сал – деп,
Артында жалгыз баласын.
Мен Курман, алдынан тосуп барайын.
Мен дагы аралашкан агайын.
Кармалыптыр – деп ыйлайт,
Менин катарымдын мерейи.
Калкасы тийген Жамгырдын
Каргадай уулун айдаткан,
Кашайган, Бөкөй, не дейин.
Кагылайын жалгыздын
Кагазын колго берейин.
Кагазда бар Гүлдүрдүн –
Өзүнүн жазган каламы.
Достукту танып кетпесе –
Доңуз кыял арамы.
Адилдик кылса куткарар
Алдына барган баланы.
Кан Бөкөйгө көрүнбөй
Качып Курман бекинип,
Калың токойду аралап,
Жүгүрүп келди Курманы.
Кыйчалыш өтүп кетти эле
Кыйкырды Курман жалгызга,
– Тура тур – деп өкүрүп.
Токтолуп жалгыз турду эми,
Баланын сөзүн макул – деп,
Солдаттар аяр кылды эми,
Курман келди жүгүрүп,
Кагазды таап алганга
Жалгызым кутулат – деп сүйүнүп.
Кагазды окуп караса
Ак Бермет менен Саринжи
Аттары турат чийилип.
Гүлдүрдүн колу коюлуп,
Адилдик кылса Гүлдүрдөн

Кутулуп келер жалгыз – деп,
Курмандын көөнү тоюнуп.
Кагазды Курман берди эми,
Кайран атаң дос болчу,
Калмактын Гүлдүр бегине,
Дүнүйө бербей болбойт – деп,
Жалбырактай көп кагаз
Жалгыздын түйдү белине.
Абалы мурун бергин – деп,
Аябай акча көп берип,
Жалгызым, кутулсаң эрте келгин – деп.
Кагазды көрсөт көзүнө,
Алдагы белиңе түйгөн акчаны
Сун, Гүлдүрдүн өзүнө.
Парага көөнү бузулуп,
«Бар, кете бер!» – деп койсо,
Жалгызым, ажап эмес өзүңө.
Кутулсаң эрте келгин – деп,
Курман акең менмин – деп,
Зорго келдим жашынып,
Бөкөй көрсө өлдүм – деп.
Абада жылдыз боз эле,
Атаң менен дос эле,
Аксайган картаң аюудай,
Жалгызым, атаңын досу ошо эле.
Кайтып кел аман калааңа,
Кайгырбаган киши жок
Каргадай жалгыз балага.
Көрбөй калды энеңиз,
Айланайын, жалгызым!
Келбей калам дебеңиз.
Курманды көздөп бет алып,
Каргадай жетим кеп айтат:
– Эркелетип чоңойткон,
Элден мурун биринчи,
Эненин жөнүн көп айтат.
Берсем аздык кылбайбы,

Курман, белиме түйгөн булдарың?
Мен жалгызга ким күйсүн?
Күйөт деген Бөкөйбү?
Берметти алам – деп жатат
Бети кара тууганым.
Атаң башка болсо да,
Аралашып бирге өстүң,
Арбагын, Курман, сыйлагын.
Кармалыптыр жалгыз – деп,
Калган кагаз достукту
Калтырбай издеп жыйнагын.
Карыган кезде кайгырып,
Калды энекем куу тумшук
Калбасын өлүп бир жерде
Катары элең Жамгырдын,
Кадырын, Курман,сыйлагын.
Жок экен күйөр элибиз,
Өлүп калса кемпирди,
Аруулап таза жуудуруп,
Ак кепиндеп көмүңүз.
Атама жолдош киши элең,
Айткан ушул кебибиз,
Атамсың сен да бир жүргөн,
Бизди агабыз Бөкөй бүлдүргөн.
Парага теңге-пул берип,
Куткарар бекен башымды,
Кутулсам ошол Гүлдүрдөн
Кайрылып кайта келгенче,
Бөкөй алар бекен келинди?
Кутулсам келип калаармын,
Алыс кылса өлүмдү.
Карыган кемпир апама,
Каралап, Курман, тура көр,
Кайыр кош айтып Курмандан,
Кайгырып жалгыз бөлүндү,
Аман келгин балам – деп,
Курман ыйлап чыңырып,

Көзүнүн жашы төгүлдү.
Токойго Курман кирди эми,
Топурлаган солдаттар,
Токтолбостон жүрдү эми.
Курман кагаз бербесе,
Достукту жалгыз билбеди.
Белине түйдү бекемдеп,
Кагаз акча аралаш,
Канча күмүш дилдени
Берейин деп параны,
Эскирип кеткен достукту,
Эсине алар дейсиңби
Эчтеме билбес арамы.
Айланайын десе да
Айдаган солдат көнөбү?
Беш жолдошу жанында,
Пенде болуп айдалды,
Жамгырдын жалгыз төлөгү.
Бутуна кишен салынып,
Артына колу таңылып,
Айдап барат солдаттар
Турпактан көзү көрүнбөй,
Кара жолдун чаңы уруп.
Артынан келер тууган жок.
Жалгыздын иши курусун,
Кор болдум – деп зарылып,
Кара жолго салышып,
Ат менен бирге жарышып.
Арманы көп жалгыздын,
Ачкалыктан карышып,
Гүлдүрдүн турган шаарына
Күнү-түнү тынбастан,
Эки жакка чыгарбай
Солдаттар жеткирди башка чабышып,
Күн төмөндөп бешимде
Намаз-дигер кечинде.
Муштумдай болуп чаң уюп,

Ар киминин көзүндө.
Ырайым кылбай солдаттар,
Ыйлаган менен тууган жок –
Байлоодон колун чечүүгө.
Кара малча чапкылап,
Калаага айдап барды эми.
Аралаш чаңда келатып,
Беш жолдош калып бир жакта,
Саринжи адаштырып калды эми.
Аны менен иши жок,
Белгилеген киши жок,
Солдаттар бешөөн айдап алды эми.
Өзү жалгыз жүгүрүп,
Келе жатса Саринжи
Алдынан бирөө чыкты эми.
Алдында турган кишиге
Анда жалгыз кеп айтат:
«Аке, мына ушунда тура тур,
Айтканымды уга тур.
Келдим көрбөс жайга – деп,
Мендей мусапырга жардам кыл.
Бир жаныңа пайда – деп,
Күнөөкөрдү сурачу,
Гүлдүр деген калмактын
Аке, турган жайы кайда? – деп.
Агалык кылсаң алып бар
Гүлдүр кандын өзүнө,
Мени көрсөтүп кой көзүнө,
Айта турган арзым бар.
Адилдик кылса өзүмө
Аке, менин чечкин азыр колумду.
Көрсөтүп кой барбасаң,
Гүлдүргө барчу жолумду.
Улукка кошо бир жүрсөң
Убайым-кайгы менде көп,
Аке, сен угар элең сонунду.
Баягы киши кеп айтат:

– Бала кезден байланып,
Башың сотко айдалып,
Каргадай болгон бечара
Кайдан жүрсүң? – деп айтат.
Жакын эле жерде – деп,
Гүлдүрдүн турган калаасы,
Күнөөң сенин эмине?
Өзүң кимдин баласы?
Анда жалгыз мындай дейт:
– Сураба, ата, тегимди,
Кыйнабай азыр коё тур,
Кысылып жүргөн көңүлдү.
Алпар баштап Гүлдүргө,
Анан уккун жөнүмдү.
Ырайым кылды балага
Колун чечип таңуудан
Ээрчитип алып жалгызды
Жөнөдү Гүлдүр турган калаага.
Эшигине эл батпайт,
Канчалары суралып,
Жаткан экен далайы,
Кутулгандар таралып,
Куугунтукта жүрсө да
Курчтугу бар сынган жок,
Жалгыздын эсинде бар балалык.
Гүлдүр каның кайда! – деп,
Үстүнө сурап кирди эми,
Теңге албаса киргизбейт,
Эшигин тозуп жүргөнү.
Саринжи ага да берди параны.
Колуна теңге тийген соң,
Кайда барсаң жол бош – деп,
Коё берди баланы.
Такта отурган Гүлдүрдүн
Жүрүп турган арааны.
Киргизди, жүр – деп, жол ачып,
Жолуккан киши баягы.

Үстүнө кирип келди эми.
Үлкөн Гүлдүр падышага
Саринжи салам берди эми.
Оюна келбей жалгыздын
Курмандын берген кагазы,
Тим эле бет алдынча кеп айтып,
Тартынбай кандан сүйлөдү,
Жамгырдын жалгыз баласы:
Бир-бирине кабарлаш,
Залимдердин бузугу
Айыптар кылган ишим жок,
Көрдүм мына ушуну.
Аяш ата, Гүлдүр кан,
Башымдан учуп солуду,
Балалыктын кызыгы.
Кара боор булдурук,
Кош канатын кыйдырып,
Эмине кылдым силерге,
Айылда жүргөн мендейди
Жиберип солдат жыйдырып,
Туу бээнди сойдумбу,
Тукур атың жардымбы?
Бак-чарбагың кыйратып,
Мен сенин малыңды уурдап алдымбы?
Казынаң оозун ачтымбы?
Бир айыптан жаздымбы?
Кыйнадың менин жанымды,
Кызыңды ала качтымбы?
Согумунду сойдумбу?
Айдатып минтип келгендей,
Айыптуу киши болдумбу,
Айтсаңчы Гүлдүр сөзүндү?
Жок эле менин айыбым,
Сулуу чыкты зайыбым.
Жетими элем элимин,
Жетиле элек өмүрүм,
Айдаткан Бөкөй агабыз

Аламын – деп, келинин.
Аяш ата, Гүлдүр кан!
Айтканыма ишенсең,
Айыбың кайсы, бала – деп,
Адилдик менен сурасаң,
Ант урган бузук Бөкөйдөн
Башкага болсо муназаң*.
Курч жүрөгү токтобой,
Айтып салды бир далай
Жамгырдын жетим баласы.
Айтканына түшүнбөйт,
Эмине? – деп, сурооого
Гүлдүргө кезек бербестен,
Арасында ыйлап муңайып,
Сүйлөп жатат Саринжи
Келишинче чамасы.
Өлдү го – деп, эстен чыгарып,
Унутуп, Гүлдүр, койбосон,
Мен Жамгырдын баласы.
Ишенбесең мынакей,
Мөөр басып, кол койгон
Гүлдүрдүн берген кагазы.
Абада жылдыз боз эле,
Атам өлдү барбадың,
Менин атам Жамгырчы
Сени менен дос эле.
Эртеден бери күүлөнүп,
Менин сага эркелеп
Сүйлөгөнүм ошо эле.
Өзүң менен дос болгон
Жамгырдан калган балабыз,
Эч айыптар ишим жок,
Ак кыянын белинен
Алдыман солдат жиберип,
Ак Берметти алам – деп,
Бизди, айдатты Бөкөй агабыз.
Алам – деп жатат келинин,

Артында уулу мен болом
Жамгырчы дос теңиңин.
Жаштыктан кабар бербедим,
Жамгырчы досуң өлгөндө,
Каттабадың, Гүлдүр кан.
Кан Жамгырдан айрылып,
Капалуу жаткан элдерге.
Кабарың билбейт болчумун,
Акем менен достукту
Аныгын билдим Курмандан
Кагазды колго бергенде.
Кан Жамгырдын иниси,
Каргадай жалгыз баланын
Катынын тартып алмакка,
Кармап берип отурат
Урукташ тууган жапжакын,
Уятсыз Бөкөй шерменде.
Табыңыз, Гүлдүр, күнөөмү
Мени өлтүрүп алмакчы,
Келини Бермет сулууну
Бөкөйдүн ушул тилеги.
Алганы сулуу болду – деп,
Айдатты мендей жетимди.
Досуңдун жалгыз уулуна,
Солдат берип жиберип,
Гүлдүр кан, кылдың өкүмдү.
Алар төртөө, мен жалгыз,
Атадан жетим – мен байкуш,
Ак Берметти алам – деп,
Агабыз Бөкөй бир тууган,
Айламды жаман кетирди.
Акыйкат кылып сураңыз.
Арка болор ага жок,
Айласын кандай кылабыз?
Айыбым жок башкача,
Алганым сулуу болгон соң,
Айдалып келип турабыз.

Камады солдат келтирбей,
Кашымда беш баланы,
Алар да мендей жаш эле,
Жетилелек кадамы.
Ушуну айтып Саринжи
Белинен чечип берди эми,
Апкелген акча параны.
Кагаздан кийин акча алып,
Ачылды Гүлдүр кабагы.
Тагынан түшүп, бер кел – деп,
Колунан кармап баланы.
Келген жерде угушкан эмес тилине,
Кагазды окуп түшүнүп,
Жамгырдын уулу экен – деп,
Жалаа кылган сөз менен,
Жазакер кылсам бекер – деп,
Катынын тартып алмакка,
Кастык кылган Бөкөйгө
Кашыма алып баланы,
Өзүм барсам бекен? – деп,
Каардуу эле Гүлдүр кан,
Бирок баланы көрүп бошоду.
Колуна алып тааныды,
Өзүнүн жазган кагазын.
Өлтүрбөй турган түрдөндү,
Жамгырдын жалгыз баласын.
Алпарып аны үйүнө
Арага коюп бир киши,
Түшүндү Гүлдүр тилине.
Үйүнө бир күн кондуруп,
Каардуу улук болсо да
Жетимди көрүп боору ачып,
Достуктун ойлоп түбүнө,
Эртең менен таң атты,
Эмине сурайт менден? – деп,
Ортодо тилмеч кеп айтат,
Атаңын сөзү ушу – деп,

Арада тилмеч көп айтат,
Анда бала мындай дейт:
– Гүлдүрдөн кылган тилегим
Эртерээк үйгө кетсем – деп,
Эзилип турат жалгыздын
Жалындап күйүп жүрөгү.
Кырк солдат берсин атабыз
Кыз алганым Берметке,
Кызыккан Бөкөй бузуктун
Кыйноосунда жатабыз.
Кырк солдат берсе ээрчитип,
Алпарайын тобума.
Бөкөйдү кармап апкелсин,
Гүлдүр кандын колуна.
Бошотпой бекем чырмасын,
Темир капка торуна.
Сүйлөсө Гүлдүр кебимди,
Алтымыш төөгө арттырып,
Кайнатам берген кызына.
Ак кыяда талаткан,
Ар түрдүү буюм-себимди,
Аркасы Гүлдүр тийбесе,
Алалбаймын Бөкөйдөн
Ак жерден кармап айдатып,
Азаптуу болгон кегимди.
Айтканына макул – деп,
Гүлдүр кан сөзгө көндү эми.
Алдына бир ат мингизип,
Айыбынан куткарып,
Башына боштон берди эми.
Керек болсо солдаттан,
Бир миң солдат алсын – деп!
Кубаты жок жетимче,
Айбаттуу болуп барсын – деп,
Бөкөйдөн кегин алсын – деп,
Жетимдин чыксын капасы
Биригип кошо барсынбы,

Биздей Гүлдүр атасы?
Атасы мунун Жамгырчы,
Абдан жакшы киши эле
Мени менен агайын.
Бөкөйдү кармап апкелсин,
Чыгалбас жерге салайын.
Салдырайын зынданга,
Катынын тартып алам – деп,
Кастык кылган неме экен,
Каргадай жетим тууганга.
Эрте кетсем экен – деп,
Элеңдеп турган Саринжи,
Ээрин апкел, току – деп,
Жүгүрүп ыргып минди – дейт,
Гүлдүр кан берген бууданга.
Кырк солдат берди ээрчитип,
Беш жолдошту эстен чыгарып,
Жүрүп калды тууганга.
Бара жатып Саринжи,
Беш жолдош түштү эсине,
Кайтып келди чапкылап,
– Аяш ата, Гүлдүр! –деп,
Аркаңды мага билдир – деп,
Мен бир досуңдан калган карыптыр,
Эсимди кудай алыптыр,
Азапты көрсө бир көргөн,
Аралашып бир жүргөн,
Беш жолдошум калыптыр.
Атам өлүп жаш калып,
Айталбай жүрдүм мен сага.
Аяш ата, Гүлдүр кан,
Ар сөзүмдүн кезегин,
Тийгизгин, Гүлдүр, жардамың!
Акылында бар болсо
Ар жылда барып атамдан
Алтын, күмүш алганың,
Камалып жатат бир тамда

Менин алган Бермет жарларым.
Карып калган кези эле
Билбей калдым, көрбөдүм,
Кагылайын апамдын
Кай жерде өлүп калганын,
Беш жолдошум чыгар –деп,
Жакын адам булар – деп,
Гүлдүр буйрук берди эми.
Зынданда жаткан беш жолдош,
Чыгарып алып келди эми,
Достуктан бир ат мингиздиң,
Бешөө жөө кетеби,
Аяш ата, Гүлдүр кан,
Беш аттын күчүн бер – деди.
Бешөөн атка мингизип
Кырк солдатты ээрчитип,
Калаадан чыкты талаага,
Анан Саринжи жалгыз кеп айтат.
Кырк солдаттын отузун
Дайындап беш балага
– Артымдан баргын жайыраак,
Он солдатты мен алып
Мурунурак барайын,
Мусапыр болуп калды эле
Берметтен кабар алайын.
Көбүрөөк сөзгө келалбай,
Камчы уруп атка жөнөдү.
Арага жүрүп убакты,
Элдин алды жатарда
Аттары терге чөмүлүп,
Аттын башын жыйбастан,
Арага токтоо кылбастан,
Жалгызың жетип келиптир,
Эки күн мурун Ак Бермет
Түнкүсүн түш көрүптүр.
Ак Берметтин түшүндө,
Жалгызы келип калыптыр,

Алам деген Бөкөйдү
Башына кайгы салыптыр,
Көтөрүлүп жүрөгү
Көргөн түшү аныктыр.
Жалгызым келет экен –деп,
Жатканым менин бекер –деп,
Андан мурун Берметке,
Аял менен эркектен
Бөкөй арачы салган канча адам,
Асты Бермет болбогон,
Ошентип Бөкөй чарчаган.
Анда Бермет ойлогон,
Чарчап калган Бөкөйгө
Тием деп кабар кылайын,
Бир жерге топтоп жыяйын,
Аман-эсен кутулуп,
Ар жерден издеп жүргөнчө,
Чогултуп баарын турайын.
Келсе жалгыз кутулуп,
Бир жерден кармап алсын – деп,
Ак Бермет акыл кылыптыр,
Айылдын келип сыртына,
Атын берип солдатка
Кылычын сууруп кынынан
Кыйналып жүргөн Саринжи,
Аңдып барса көрүнбөй,
Карматып семиз бээ союп,
Каалаган Бермет тиет – деп,
Кабыл болду тилек – деп,
Суу боюна үй тигип,
Сулуунун тоюн кылыптыр.
Кыйкырык-сүрөө чуу чыгат,
Кыз Берметтей сулууну,
Бөкөйдүн алар тою – деп,
Токтоп жалгыз тыңшаса
Ошондой деген ыр чыгат.
Бир үйгө чогуу түшүрүп,

Ак үйдүн келип сыртынан
Саринжи келип караса,
Ак Берметтин жанында
Ак чыныда куйган чай,
Бөкөй Берметти көздөп сунуптур.
Ошо күнү Бөкөйдүн
Алам – деп, пейли тыныптыр.
Жамаке менен Коңурбай,
Эсеп менен киргизип,
Кайра эсептеп чыгарып,
Үйдүн эшигин тосуп туруптур.
Жалгыздын жүрөгү ташып чок болуп,
Жалындап күйүп, от болуп,
Туштан келип көргөн соң,
Турсунбу жалгыз токтолуп,
Кыз Берметти карата
Кыйкырык салып октолуп.
Берметке сырттан сүйлөдү,
Бөкөй менен бир турат,
Азабынан айдалып,
Арманда жалгыз Саринжи.
Бул ишин көөнү сүйбөдү.
– Кубанган экен жүрөгүң,
Бермет, ушул экен тилегиң.
Мен айдалып бара жатканда
Арка чачым түйөм – деп,
Алты жылы күйөм – деп,
Айткан сөзүң канакей?
Алты жыл тургай Ак Бермет,
Алты күнү күйбөпсүң.
Аралашкан Бөкөй кан –
Куттуу болсун күйөрүң.
Унуттуңбу теңиңди?
Кубанттыңбы көңүлдү?
Курдашың эстен чыгарып,
Алам деп жүргөн Бөкөйгө,
Коштуңбу Бермет өмүрдү?

Аркалуу тууган жогунан
Айдалып келип турамын,
Кайрылар жакын болбосо,
Калк билбесе убалым.
Какшатам деп жүрчү элең
Кабыл кылган экенсиң,
Кан Бөкөйдүн мурадын.
Бөкөй: – Ким? – деп сурап тобунан,
Жалгыздын үнү окшойт – деп,
Кармап турган чынысы
Ыргып кетти колунан
Жалгызды көздөп кеп айтат,
Бермет ушул сөздүн соңунан:
– Ачылган кызыл гүлүмү
Ата-эне жүзүн көрсөтпөй,
Ай-талаада боздотуп,
Арманда кылган күнүмү,
Айныбай түшүм келген бейм?
Сыртта туруп сүйлөгөн
Акыреттик өз теңим,
Асылым жалгыз үнүбү?
Келгенби жалгыз курбалым?
Кирелек жатып какшыктап,
Менден кейигенсип турганың.
Келинин алам – деп жүрүп,
Кетирген сизди ким эле?
Кем акыл экен тууганың,
Көрүп алып күчөнбө,
Аралашып турганын.
Эки көзүм төрт болуп,
Качан келет жалгыз? – деп,
Жанымды секет кылгамын.
Капаланба Саринжи!
Калкыңдан билбейт бир киши,
Менин эмине кылып турганым.
Кейибей айткын сөзүңдү,
Керегеден шыкаалап,

Алтындай болуп көрүнгөн
Айдалган жалгыз көзүбү?
Аралашып калды – деп,
Айыптар кылба өзүмдү.
Кор болгонсуң туугандан,
Коркпогун жалгыз бүгүнкү
Кошулушуп тургандан.
Эч бир күдүк кылбагын,
Колунда чайды сунгандан,
Бирге отурат дебесең,
Мен тазамын, Саринжи,
Алам – деп жүргөн ургандан.
Билгемин сенин келериң
Душманды бүт чогулттум
Көрдүңбү менин өнөрүм?
Кейибе жалгыз жакыным,
Келериң билип жатырмын.
Ага-ининди чогултуп,
Ар жерде болуп калар –деп,
Түшүн эми Саринжи,
Ак Берметтин акылын.
Кайсыга жазып турганым,
Кармап берген тууганың,
Капшыттан каарып коркутпай,
Карууң келсе Бөкөйгө
Канакей кастык кылганың?
Анда жалгыз Саринжи
Жанында турган кылычты
Кынынан сууруп алды эми.
Кыйкырык чуу-чуу үн менен
Арт жактагы беш жолдош
Алар жетип берки онго,
Баары келип калды эми.
Жанына булар келген соң
Кайраттанып шерденип,
Түндүгүнүн бүркөгүн
Сыр найза менен ачты – дейт,

Эшигинин киричин
Ай балта менен чапты – дейт,
Эмине болуп кетти – деп,
Баатыр Бөкөй шашты – дейт.
Сыртка бир жан чыгарбай
Алып келген кырк солдат
Тегеректеп алды – дейт.
Тойго келген канча адам,
Токтошкон бойдон калды – дейт.
Кылычты кынга кайра – деп,
Жалгызсынткан жалгызга,
Табылды жардам о айла – деп.
Чырагданын сындырып,
Кез келгенин келтектеп,
Үйгө кирди он солдат.
Баланын зайыбын алам – деп,
Жүргөн Бөкөй кайда? – деп.
Кармасаң колдон чыгарбай,
Колу-бутун байла – деп.
Акылдан жаман шашты эми,
Бу сөздүн жөнүн укkан соң,
Ак Бермет кантип токтосун,
Жанындагы Бөкөйдүн
Чайын бетке чачты – дейт.
Кирип барып солдаттар
Бөкөй ушул деген соң,
Чалкасынан басты – дейт.
Зарланттың далай мени – деп,
Бермет, анын сакалын кармап жулду – дейт.
Солдаттар тытып бир жактан,
Элүү ашкан Бөкөйдү,
Ээгинде бир тал кылы жок,
Он беште бала кылды – дейт.
Өз келинин алам – деп,
Бөкөйдү, ушинтип кудай урду – дейт.
Ордунан зорго турду – дейт,
Ак Бермет алчу сенби – деп,

Сулуу кыз сага теңби – деп,
Гүлдүрдөн келген солдаттар,
Ортого алып урду – дейт.
Жамаке менен Коңурду
Саринжи эшиктен кармап алды – дейт.
Алган жары Бөкөйдүн
Акчайымды өлтүргөн,
Ак Бермет алып берем – деп,
Араны бузган ошолор,
Акча энеме тийсин – деп,
Солдаттарга карматып,
Саринжи койдой союп салды – дейт.
Өлтүрдү эки бузганды,
Жан кишиге бербестен,
Жабылып солдат тепкилеп,
Алып келет сүйрөшүп
Агасы Бөкөй душманды.
Ак Бермет тием деген соң
Бөкөй тиктирген экен ордону,
Дагы душман барбы? – деп,
Гүлдүрдөн барган солдаттар
Айылдын баарын жойлоду.
Дин жагынан жол ачкан,
Акеңе тийгин, балам – деп,
Алакан жайып кол ачкан,
Бу да ушуга жакын – деп,
Айдады кошо молдону.
Өрт койду тиккен үйүнө,
Асманга күлүн сапырды,
Бөкөйдүн акмактыгын карачы,
Ак Берметти алам – деп,
Айыбы жок өлтүргөн
Акчайым деген катынды.
Ортого алып солдаттар
Ар кимиси бир муштап,
Айдайбыз деп жатканда
Айласы кеткен шерменде,

Саринжини бет алып,
Бөкөй кечирим сурап бакырды:
– Кагылайын, жалгызым,
Жакшы кайтып келгениң,
Катынымды алат – деп,
Аганды жаман көргөнүң,
Катыныӊ албайм, мен сенин,
Катыгып, бышып келсин – деп,
Кармап берип Гүлдүргө
Кайрат-сыноо бергемин.
Каӊгыртып арам өлтүрбө,
Картайганда жанымды
Айдатпагын, алып кал,
Алжыган мендей чалыӊды.
Алгын өзүӊ жан иним
Акеӊден калган тагыӊды.
Кайтарып берип жүрөрмүн,
Картайсам да малыӊды.
Колуӊ менен көмгүн сен,
Кор кылба мендей аганды.
Ортону бузуп жоо кылган,
Өлтүрүп сөөгүн итке сал,
Жамаке, Коӊур арамды.
Анда жалгыз кеп айтат:
– Мен Саринжи, сен Бөкөй,
Кордук экөөбүзгө тең Бөкөй.
Жалгызсынтып кордодуӊ,
Жалдырасам болбодуӊ.
Кетирип келинди алам – деп,
Кери нээтти ойлодуӊ.
Келсем болуп жатыптыр,
Ника кыяр тойлоруӊ.
Мен барган жерге бар, Бөкөй!
Нак мыкаачы ит элеӊ,
Арам өлүп кал, Бөкөй.
Батырдыӊ эле тырмагыӊ,
Арам нээт мыкаачы,

Азабыңдан куурадым.
Айдатам деп жатканда
Алдыңа келип ыйладым.
Ошол залим сенсиң да,
Бир ырайым кылбадың,
Эми Бөкөй билдиңби,
Жамгырдын сага тууганын?
Ыйлаттың жетим-жесирди,
Кыз Берметти алам – деп,
Кылдың го залим, кесирди.
Балдыркан жүрөк жаш жаным,
Байлоодо жүрүп эзилди.
Барып, Бөкөй, тентип өл,
Көрбөйүн сенин көзүңдү.
Аңгыча солдат тепкилеп,
Арабага салышты,
Буту-колун залимдин
Чырмап байлап таңышты.
Барчу жерге жеткизбей,
Ар кимиси бир муштап,
Бөкөйдү узатпай союп салышты.
Саринжи элге кеп айтат:
– Мен айдалган кезекте,
Жүзүмдү көрбөй калды – деп,
Арам өлгөн мыкаачы,
Жүрөккө колун салды – деп.
Караңгы тамда камалып,
Ак Бермет ыйлап калды – деп,
Ак сүтүн берип эмизген,
Кимдин уулу дегизген,
Колунан тамак жегизген,
Эркелетип чоңойткон,
Энекем аман барбы? – деп.
Анда бирөө кеп айтат:
– Кечетен бери тили жок,
Энең эстен танды – деп.
Ак Бермет менен Саринжи

Эч нерсеге карабай,
Деген соң кесел энени,
Башканы ойго санабай,
Үйүн көздөп жөнөдү.
Барса энеси талыптыр,
Башчысы Курман болушуп,
Жыйылышып калыптыр.
Аңгыча жалгыз барды эми,
«Апам тирүү барбы?» – деп,
Аттан түшө жүгүрүп,
Кирүүдөн Бермет уялып,
Талаада туруп калды эми.
Мунун үнүн укkан соң,
Жабыла чыгып тууганы,
Кагылайын, жалгыз – деп,
Жамгырчы менен бирге өскөн –
Жакын көрчү Курманы,
Балдар үчүн экен го,
Кемпирдин баш көтөрбөй турганы.
Башына келип Саринжи:
– Айланайын, апа! – деп,
Айдалып жүрдүк нечен күн.
Бирок бул агабыз кылган жана – деп,
Башын сүйөп кемпирдин
Сүйлөп турду Саринжи:
– Уксаңчы – деп, зарымды,
Кармап бердим солдатка
Бузуку Бөкөй залимди,
Алдым Бермет жарымды.
Күйүткө күйгөн жүрөгүң,
Күйөр тууган менде жок,
Күнөөлүү болуп жүрөмүн.
Жетими менмин элиңин,
Баш көтөрүп сөзүмдү ук,
Айдалып бардым жалаага
Ак Бермет сындуу келиниң,
Киралбай турат талаада,

Айтсаңчы, апа, сөзүндү
Мендей жалгыз балаңа.
Турчу ордуңан, энекем,
Тууганда жалгыз мен экем.
Туугансыз жалгыз болгончо,
Мага окшогон шордууну
Туубай койсоң жөн экен!
Алсырап акыл-эси ооп,
Төшөктө жаткан энеси
Кашына уулу келгенде
Кайраттанып кеп айтат,
Карууга кирип денеси:
– Жаныма келип сүйлөгөн,
Жалгызымдын тилиби,
Жаман тууган курусун
Жайсыз кылды күнүмү.
Эркелетип өстүргөн,
Эрчитип жүрүп чоңойткон
Курбумдан калган белегим.
– Кулунумдун үнүбү?
Колумда турчу желегим,
Карманып жүрчү белегим,
Байлап берди дегенде
Көрбөймүн го дечү элем,
Бирок бар экен дале көрөрүм.
Тиледим эле өмүрүң,
Ачылды менин көңүлүм.
Айланайын, жалгызым
Кайда калды бөлүнүп,
Ак Бермет менин келиним?
Чыңылдап эшиктен чый чыккан,
Чымчыктай болуп үн чыккан,
Чыркыраган сөзүндөн,
Жанымды секет кылайын,
Жалгызым сенин өзүндөн,
Жаныма келип апалап,
Жалдыраган көзүндөн.

Келиним Бермет кай жакта?
Апкелчи бери көрөйүн,
Алган курдаш өз теңиң,
А да менин мерейим.
Айланайын, кулунум,
Бетиңди тозчу өбөйүн.
Куурадым ыйлап нечен күн,
Кулунум сенин зарпыңан,
Кууп барар дарман жок,
Илешип калбай артыңан.
Эсим ооп сүйлөбөй
Эртеден бери жатамын,
Эки бала дартынан.
Ак кыянын белинде
Алдынан солдат барды – деп,
Ак Берметтен жалгызды
Ажыратып салды – деп.
Агайындан кеп уккам,
Айдап кетип баламды
Ак Бермет мында калды – деп,
Эртели-кеч зыркырап,
Эзилип ыйлап жүргөмүн,
Эки бирдей ботомду
Көрөр күнүм барбы? – деп.
Кармады – деп, кеп угуп,
Үйдөн чыктым жүгүрүп,
Кулунум – деп чыңырып,
Кан көчөнүн башында.
Кубатым жок баралбай
Кулачтап жерге жыгылып,
Кулагым салып тыңшасам,
Аман келип калыптыр,
Айланайын, жалгызым
Апалап ыйлап чыңырып.
Ак Бермет балам кай жакта?
Апкелгиле көрөйүн,
Көрбөйм го – деп жүрчү элем,

Койгон экен кудайым
Келинимдин колунан
Татар тузун буюруп.
Бул добушту уккан соң,
Энекем ушул экен – деп,
Ак Бермет турат эшикте,
Көзүнөн жашы чубуруп.
Анда бирөө мындай дейт:
– Келиниң турат уялып,
Ырымсыз басып кирүүдөн –
Атасынын үйүнө.
Эмитен кантип барам – деп,
Убагы жок мен кирсем,
Уккан менен көргөнгө
Уят болуп калам – деп.
Анда кемпир кеп айтат:
– Жалгызымдан кем көрбөйм,
Айланам, Бермет, балам, – деп,
Апкелгиле бери жакка,
Отко майды салар – деп.
Алдын тосуп жүгүрүп,
Элдин кылган ырымын
Кийин өтөп алар – деп.
Энеси мындай деген соң,
Эки аял чыкты жүгүрүп,
Ортого алып Берметти
Ошол үйгө кийирип,
Келинин келет деген соң,
Кайраттанып кемпирдин
Көңүлү толкуп сүйүнүп.
Кыңшылап ыйлап Ак Бермет
Кыз дабышын салыптыр,
Эки келин жетелеп,
Энесине алып барыптыр.
Бермет ушу деген соң
Кемпир турду ордунан:
– Айланайын, кулунум,

Ак Бермет менен Саринжи!
Азабыңдан курудум.
Кулунум – деп, кучактап,
Кемпир байкуш кубанып,
Кейип жүргөн кайгысын
Кетирди ичтен чыгарып.
Күлө багып кеп сүйлөп,
Кемпирдин жүрөгү толду чыңалып.
Курман айтты бир сөздү,
Саринжини эшикке чыгарып:
– Мыкаачыдан кутулдук,
Эми чоң той кылалык.
Кабар салып калкыңа,
Кары-жашын жыялык.
Кайтып аман келсе – деп,
Канчабыз ыйлап сурадык.
Кайгырып жүргөн элдериң
Балам, калса боло кубанып.
Тууганың жыйып тойду бер,
Турба, балам, уялып.
Адашып кеткен жалгызы,
Ата ордуна конду – деп,
Өзүндү кан кылалык.
Кармалып кеткен Саринжи,
Кайтып аман келди – деп,
Катынын алам – деп жүрүп,
Каңгырып Бөкөй өлдү – деп,
Төрт агайын залимди,
Каргадай жалгыз женди – деп.
Жамаке менен Коңурду,
Кабат кармап мууздап,
Жазасын колго берди – деп.
Ак Бермет менен Саринжи,
Аман-эсен кошулуп,
Өлгөнү жаткан энеси
Өйдө туруп сүйүнүп,
Өз балдарын көрдү – деп.

Тойдо сүйлөп туралык.
Бала көндү макул – деп,
Аке, бул айтканың акыл – деп.
Туш-тушка кабар жиберип,
Толгон элди чакыр – деп.
Акылдашып бул экөө,
Бир пикирге келишти,
Ак ниет тойду кылмакка,
Туш-тушка кабар беришти.
Ак кыянын белинде,
Алтымыш төөдө септерин
Алды эле талап көпчүлүк,
Жалгыз келди деген соң
Ат чылбырын албастан,
Талаган элдин баарысы
Жеткирип өзү беришти.
Кереге тартып, үй тигип,
Керилтип жүктү жыйышты,
Келбеген киши калган жок,
Көлдөтүп чоң той кылышты.
Желини карыш бээ союп,
Желпилдеген төө союп,
Кемеге катар каздырып,
Чоң-чоң казан астырып,
Теңме-теңин май кылып,
Демдетип палоо бастырып,
Эл экиге бөлүнүп,
Балбанды тандап чыгарып,
Эки жактан балбандар
Элинен бата-дуба алып,
Жыккан балбан пул алып,
«Балбаныбыз жыкты» – деп,
Байгесин алып бүт бойдон,
Шаттанып эли кубанып,
Аттарды мыктап беришип,
Ач бөрүдөй жулкушуп,
Ат үстүнөн эңишип,

Эңиштен жыгып чыккандын
Эл олжосун бөлүшүп,
Топчулап чепкен кийгизип,
Токумдап чыңап төштөрүн
Карагай найза колго алып,
Качырышып баатырлар
Жалтанбай жумбай көздөрүн,
Колунда найза тирелип,
Аттарына камчы уруп,
Бир-биринен коркпостон
Сундуруп найза жиберип,
Кыйык байлап аттырып,
Суутуп күлүк чаптырып,
Тогуздап сайып байгеге,
Торпок союп улакка
Кырк жигиттен чаптырып,
Кызык кылды бул тоюн,
Келгендин көөнүн шат кылып,
Берген тою тарады,
Атанын тагын минсин – деп,
Кан шайлашты баланы.
Камоодо жүрүп бозоруп,
Кайта келди ордуна,
Алтындай болуп жаркырап,
Ак Берметтин жамалы.
Кордук кергөн жаштардын
Кошулду кайра талабы.

АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Айдар – эркектердин аркасына өрүлүп коюлган чачы.

Апта – жума, жети күн.

Аразат – эки ортодо, ара жолдо, арабөк калуу.

Асел – бал.

Бакайлоо – байкоо, абайлоо.

Бастек – чайнек.

Бекзат – бек тукуму.

Босток – көлдөлөң.

Буйнат – 1. Жаралган, жасалган; 2. Курулуш, имарат.

Гавхар// каухар – асыл таштын түрү, көөр.

Дилде – 1. Алтын, зер; 2. Алтын акча, алтын тыйын.

Жагдан – сандык, үкөк.

Жады – акыл.

Жаннат – териси өтө баалуу жаныбар.

Жезит – арамза, жек көрүмчү, бузуку. Кээде турмушта жок, пери түрүндөгү өзүнчө эл маанисинде.

Зымырат// зумурут// изумруд – асыл таштардын бир түрү.

Кадик – күмөн.

Кес//кез – 1. Чен өлчөм; 2. Түз деген мааниде.

Кесен – белес, ашуу.

Кисе – калың кайыштан кооздолуп жасалган оттук таш, куу ж.б. салынуучу, курга боосунан бекитилип же илинип коюлчу тегерек, кутуча түрүндөгү жалпак баштык.

Купа – тоголок, шарча түрүндөгү металлдан жасалган кооздук.

Маннат – колдон жасалуучу түктүү кездеменин түрү, көбүнчө кызыл түстө болот. Кээде ак өнү да кездешет. Ал боз үйгө жабуу катары да пайдаланылат.

Мерей – бала, тукум.

Мият – жак, тарап, жактоочу, болушуучу.

Муназа – 1. Тартипке салынган, жолго коюлган, уюштурулган; 2. Бир пикирге келүү, ынтымакка келүү.

Паранда – 1. Куш, куштар; 2. Учуучулар, учуп жүрүүчүлөр.

Сеп – күйөөгө чыккан кызга берилүүчү энчи.

Таман – 1. Бүткөнү, аягы; 2. Бардыгы, бүткүл.

Уштатып – карматып.

Өзөк – ушак. Эгей бири-бирине шай келген, баары бирдей.

Эсил – ыйык, аялуу, таза.

Чоктук – өрүлгөн чачтын учуна тагылуучу кооздук.

САРИНЖИ, БӨКӨЙ

(Сулайман Конокбаевдин айтуусу боюнча)

ЖАМГЫРЧЫ КАНДЫН ӨЛГӨНҮ. САРИНЖИНИН ЖЕТИМ КАЛГАНЫ

Улуу катындан Жамгырчы кан* жана кичүү катындан Бөкөй алты ага-инилүү экен. Экөө эки элге кан Жамгырчы алтын так минген, нөөмөттүү жүргөн болуптур. Бөкөй алты ага-ини болгону менен жарды болуп, жалгыз кара жорго деген бир гана аты болгон экен. Жамгырчы кандын мал-мүлкү болгону менен катыны бала төрөбөй жүрүп, бир эркек бала тапкан экен. Атын зарылганда көрдү деп, Саринжи коюптур. Саринжи 12ден 13кө аяк[1] басканда Жамгырчы каң Карача кандын кызы Берметке куда болгон экен.Айдап мал берип, алтын дилде*, зер* берип, ушу келинимди алып жалгыз уулумду үйлөнтүп, жаныма коңшу кылып кондурсам кудайга арманым жок – деп, турган экен. Жамгырчы Күлдүр кан менен дос болушуптур.

БӨКӨЙ КАН ЖАМГЫРЧЫ КАНДЫН КӨҢҮЛҮН СУРАГАНЫ

Ушинтип тилекте турганда Жамгырчы кан алэттен кетип оору болгон экен. Кепинин жазданып, кебесин арттырып калган экен. Ушинтип жаткан убакта калкы ыйлап, Жамгырчынын көңүлүн сурап: «Жамгырчы адам болбойт, кайра калкка ко-

[1] *Ажак* – катчыдан кеткен ката болушу мүмкүн.

шулбайт экен го» – деп түңүлүп турганда Жамгырчынын бир жигити Бөкөйгө кабарга барат. Бөкөйгө: «Жамгырчы кандын көңүлүн эмнеге сурабайсыз?» – дейт. Бөкөй кан кара жоргосун минип Жамгырчы канга келип, капаланып ыйлап турган жери:

«Ашуу бийик дабанбы,
Акылман аке, аманбы?
Аманат жаның кыйналып,
Арманда болуп турганда
Бүгүн уктум кабарды.
Кыбыладан шамалбы,
Кыйналып акем жатат – деп,
Бүгүн уктум кабарды.
Арманда болуп ыйласаң
Алсыраттың элиңди,
Асылган менен жараткан
Арманда болуп ыйласак,
Арманда кылбай элиңди
Койбойбу сиздей бегимди,
Капа кылдың жанымды,
Арманда кылбай элиңди,
Тилесе коёр бекен бегимди?
Минип турат экенсиң
Алтындан кылган тагыңды,
Калың журтуң ыйласа,
Коёбу сиздей канымды.
Аман койсо бегимди
Акылы кетте* бегимди,
Арылтар бекен жараткан
Көзүмдөн аккан селимди.
Акылман Күлдүр жактырып,
Алтындан берген ченинди.
Ар кылган ишиң жөн келген,
Сизге акылман Күлдүр чен берген.
Күлдү тууган чогулса,

Күймөнбөй ишиң жөп келген
Күлдүр кан сизге чен берген
Калың тама* элиңиз
Кайгырып журт сураса,
Калар бекен бегибиз».

ЖАМГЫРЧЫ КАНДЫН БӨКӨЙГӨ АЙТКАН КЕРЭЭЗИ

Бөкөй ушинтип ыйлап, талаада кадырын сурап турганын агасы Жамгырчы угуп, мууну бошоп, «барк[1] билген, калк билген иним эми келген экен го – деп кайраттанып, башын көтөрүп арманын айтканы:

«О, Бөкөй кан, чырагым,
Тыңда сөзүм ынагым.
Каруум кетип турганда
Капаланып камыгып,
Кан Бөкөй, иним, ыйладың.
Ыйлабагын, Бөкөй кан,
Аганң эле Жамгырчы
Амандыгын сурадың.
Арманда болуп жатканда
Амал жок кандай кыламын,
Кан аганңды көргөндө
Капаланып ыйладың,
Ыйлабагын буркурап,
Менин амандыгым сурагын.
Айттырдың менин арманым,
Аганңа капа салбагын.
Жакшы чыкма Бөкөй кан,
Жана билдиң түрүмдү,
Жалдыратпай жакшы бак
Жалгыз туума иниңди.

[1] Парк.

Муңкансаң билдим түрүндү,
Бул дүйнөдөн мен кетсем,
Муңайтпай бак, Бөкөй кан,
Муңканган жалгыз иниңди.
Муңкансаң билдим түрүндү,
Бул дүйнөдөн мен кетсем
Жалдыратпай жакшы бак,
Жалгыз туума иниңди.
Арманда болуп турганда
Асты байка түрүмдү.
Арманда кылбай жакшы бак,
Артында жалгыз иниңди[1].
Жабыгып турган кезимде
Жана билдиң түрүмдү,
Арманда кылбай жакшы бак,
Артында жалгыз иниңди.
Бейкапа болуп турганда
Мен байкадым түрүндү,
Бейишке кетсем жол тартып,
Бечара кылбай жакшы бак,
Берзентим жалгыз иниңди.
Муңайсам байка түрүмдү,
Бул дүйнөдөн мен кетсем
Жакшы баккын, Бөкөй кан,
Муңканган жалгыз иниңди.
Менин көзүм өткөн соң
Буза көрбө, Бөкөй кан,
Он эки канат үйүмдү.
Сандыгымда сарымды,
Кызыл май кылып жүктөбө
Эшигимде нарымды.
Эсимден танып турганда
Кимге айтамын алымды,
Кан агам көзү өттү – деп,

[1] *Инимди* – механикалык ката кеткен.

Кармап минбе тайымды,
Кайгыртып, Бөкөй, ыйлатпа,
Кемпир жандай айымды.

САРИНЖИНИН АТАСЫНА АЙТКАН АРМАНЫ

Атасы ошондой оор абалда жатканда жалгыз баласы Саринжи: «Атамдын көзү өтөт экен» – деп кайгырып, ыйлап турган жери:

– Бек атам кейип ыйлаба,
Бейкапа кылып кыйнаба.
Кан атакем, ыйлаба,
Карып жаным кыйнаба.
Жалдыраттың жалгызды,
Жабыктырдың, кан ата,
Бизге окшогон байкушту.
Баштагыдай заман жок,
Бай атакем өткөндө
Баркымды билер адам жок.
Булбул атам көзү өтсө
Муңайбасам амал жок,
Муңумду билер адам жок.
Кеңешкор атам көзү өтсө,
Кейишпей багар адам жок,
Баш тарттырдың амал жок,
Менин баркымды билер адам жок.
Атакем көзү барында
Ат жалын тартып минбедим[1],
Артылып доорон* сүрбөдүм.
Атакем көзү өткөн соң,
Арманда болуп күйгөнүм,
Калкымды тегиз билбедим.
Кан* атам көзү өткөн соң,

[1] Жогорку эки сап эки ирээт жазылып калган.

Капаланып күйгөнүм,
Калың журтуң буркурайт,
Кашында жетим зыркырайт,
Артында жетим чыркырайт,
Амалым кандай болот – деп,
Алганың-жарың буркурайт.

Ошондо Бөкөй балага ачуусу келип, атасы акылнасаат, керээз* кебин айтып турса, эмитен жөнүн, түрүн бөлүп, түсүн башка кылып... – деп, этегин кагып, чыгып кетти. Ошондо бала бул эмнеси, мага эмитен кекенгени, атамдын көзү өтө электе эле кекенет, мен дагы алты ооз арманымды айтайын – деди.

– Ой, ата, кайсы акылың менен эл күтүп, кайсы акылың менен журт күтүп жүргөнсүң,– деди,– күнүнүн күлү жоо деген, мага Бөкөй күнүлүк кылып жүрөт, аягымдан тарткандан башка адам болсун деген сөзү болбос, көзүндүн тирүү убагында акылнаасатыңды айтып кет – деди.

ЖАМГЫРЧЫ КАНДЫН САРИНЖИГЕ АЙТКАНЫ[1]

Жалгыз баласынын сөзүн уккандан кийин Жамгырчы кан кепинин жазданып, келмесин айтып ыйлап арманын айтканы:

– О, кагылайын кулунум,
Кулунум сенден айрылып,
Кур кайгы тартып турамын.
Кетөрбөсөм айла жок,
Кудуреттин кылыгын.
Кайгырбачы, жалгызым,
Камыкпачы байкушум.

[1] *Айткан* – механикалык ката.

Баштагыдай болбогун,
Ит кубар атка конбогун,
Атаңдын айткан акылын
Артымда, жалгыз, ойлогун.
Ак текирек туу болор,
Акылман атаң көзү өтсө,
Ашмачы кулуң чоң болор,
А, кулунум, кантейин,
Армандуу апаң кор болор.
Боз текирек туу болор
Боздогон атаң өткөн соң,
Босогодон жоо болор
Болбогон кулун, чоң болор,
Боздогон апаң кор болор.
Кайгырбачы, жалгызым,
Камыкпачы байкушум,
Абалап учкан зар эле,
Көөнүмдө кадик* бар эле.
Кадигим айтып өтөйүн,
Келиним Карача пашаа* баласы,
Жаңы өспүрүм бала эле,
Түбүндө башыңа мүшкүл ал эле.
Келиним Бермет алгынча,
Жаныма коңшу конгуча
Ай төбөдөн толбоду,
Арманда болуп ыйласам
Аманат жаным койбоду.
Кайгырып жаткан кан атаң
Кагылайын чырагым,
Кан атаң ушу дарттан оңбоду.
Акылдуу адам көп айтса,
Айткан тилин алыңыз,
Агаңыз болот кан Бөкөй
Ат жалын тартып мингиче,
Аралап топко киргенче,
Акыл болжоп билгенче
Ага акыл салыңыз,

Чырагым, аман болсун жаныңыз.
Акылга келген байымың,
Карача пашаа кайының,
Балам, мен айтайын дайының.
Бирок барамын десеңиз
Бек Жамгырдын уулу – деп,
Белгиленип барыңыз,
Кулунум, бекем болсун жаныңыз.

Акыл-насаат керээз кебимди айткыча атаң баштагыдай болбой турган болду. Кудайдан тилерим, жанымды койбой турган болду, аз нарык билген, калк билген өкүмү жүргөн агаң Бөкөй эмне десе эп деп, куп деп, кошомат кылып, корккон кишидей болуп тургун – деди. Ат жалын тартып мингиче ошондой болуп Карача падыша кайныңа барамын деп ойлосоң жаныңа беш жолдош алгын, кара санай турган, кас санай тургандан албагын, акыл-насаат, керээз кебимди айтар чакта айтпай, айтпас чакта айтып калдым. Бирок келинимди алып, жаныма коңшу кондуруп кетсем менде арман болот беле. Насаат керээз кебин угуп, Бөкөйгө аркалап жүрүп жан сакта, агаң Бөкөй эмне десе эп деп, куп деп тур – деди.

ЖАМГЫРЧЫ КАНДЫН ӨЛГӨНҮ

Ошондо атасы Жамгырчы акыл-насаат, керээз кебин айтып жаздыкты бийик коюп, жанымды тынчытайын деп турган эле, ошентип туруп Жамгырчы дүйнөдөн көчтү.

Саринжи атамдын арт жагында алты сууда алты иниси жатат го, алты иниси келет го, атамдан калган дүнүйөнү өз колума берет го деп ойлоду. Эч ким келген жок. Агасы өлүп жатса алты ага-инилүү Бөкөй ат бастырып барган жок. Бөкөй келбегенден

кийин бала Бөкөйдүн мага таарынганы го, акыры келбейт экен го деп ыйлаганын коюп, алтын, зерди чачып, атасын өзү башкарып койду.

БАЙКОҢУР МЕНЕН ЖАПАКЕНИН САРИНЖИГЕ КЫЛГАН АЙЛАСЫ

Бөкөй алтын такка минип күрүлдөп турган кезде анын Байконур, Жапаке деген эки жигити бар эле. Алардын иштегени, ойлогону бузуктук эле. Саринжи кайнына жөнөп бара жатканда булар бузуктук ойлоду. Байконур Жапаке деген инисин: «Сен барып алдынан чыккын. Көңүлүн жумшатып ыйлагын, бирге жүргөндөй болсо, бирге кайнына кошо баргын. Саринжинин колуктусу керээт* киши дейт. Ошондой болсо, мага кабар бергин – деди. Андан кийин Бөкөй канга барып кан сизге ылайык кыз таптык дейсиз, ошону менен Бөкөйдөн калың мал алабыз» – деди. Жапаке макул деп Саринжини көздөй кетти. Ошондо баланын жолун тосуп Жапакенин ыйлап турганы:

– О, кагылайын жалгызым,
Кайгырбачы байкушум,
Жабыккан байкуш не дейсиң?
Жакшымдан калган керээзим.
Жабыгып турган чырагым,
Жакшымдан калган туягым,
Талдан кылган кыягым,
Кайгырган жалгыз баласың,
Калың малды көп айдап,
Кайда кетип барасың?
Бул сөзүмдү айтпасам,
Көңүлүңө капа аласың,
Акылга келген байымың*,

Агаңдын аты Жапаке,
Чырагым, айтып кеткин дайыныӊ.
Карача кан кайыныӊ,
Кан акаӊыз Жапаке
Айтып кеткин дайыныӊ.

Ада бала атасын кошкондон кийин ыйлады:

– О, Жапаке, тура тур
Капа кылып кыйнаба,
Кан атам кошуп ыйлаба.
Кайгырган жалгыз баламын,
Калыӊ жорго кош айдап,
Кайыныма кетип барамын.
Муӊканган жалгыз баламын,
Буюрса Бермет аламын.
Муӊайбагын, жан ага,
Бүгүн кетип барамын.
Бала капа салганы,
Жапаке тилин албады,
Бала тилим албайт – деп,
Чиркиндин кыйын болду арманы.
Ичиндеги көп арман
Жапаке, дагы жашып кетсин – деп,
Эми бир айта калганы.

Ж а п а к е:

– Ай, чырагым, тура тур,
Менин сөзүм уга тур,
Бул сөзүмдү айтпасам
Көӊүлүӊө капа аласыӊ,
Жолдош кылган экенсиӊ.
Таманыӊ боз баш баласын,
Белгисиз кетип барасыӊ.
Берметти кантип аласыӊ.
Акылсыз кетип барасыӊ,

Ак Бермет кантип аласың.
Кеңешсиз кетип барасың,
Керээтиң кантип аласың.
Кеңеш таап иш кылар
Кейиген жалгыз баласың.

С а р и н ж и:

– Бала сүйлөйт буркурайт,
«Байкагын – деп зыркырайт,
Арманда кылып кыйнаба,
Атамды кошуп ыйлаба.
Кан атам кошуп ыйлаба,
Муңканган жалгыз баламын,
Буюрса Бермет аламын.
Камыккан жалгыз баламын,
Кааласа Бермет аламын.
Акыл болжоп, бил – деди,
Жапаке, арманда болбой жүр – деди.
Кебиме кулак сал – деди,
Карача падыша каныма
Кейитпей бирге бар – деди.
Кейитпей бирге барсаңыз
Кетте* экен кайнатам
Өзүң жооп ал» – деди.

ЖАПАКЕ САРИНЖИНИН КАЙНЫНА ЖҮРГӨНҮ

Жапаке чиркин сүйүнүп, көңүлүнө башкача кош убак келип, бала менен бирге жөнөдү:

Кайраты ашкан заманы,
Кайнына бирге барады.
Кайнына барган жеринен

[1] *Саринжини* – механикалык ката.

Калың журту көз салып,
Жактырды жалгыз баланы.
Кайнына барган кезинде
Алганым кандай болот – деп,
Берметтин жагып турган заманы.
Бермет башын тартып, жандан түңүлдү,
Күүгүм кирип, күн бата
Күйөөн көздөй жүгүрдү.
Акырын басып гүлдөнүп
Аяндай басып түрдөнүп,
Кайкалап чуркап баратат.
Кеңеш таап иш кылаар
Кейиген жалгыз баласың,
Аларың Бермет керээт күң
Курдашы жалгыз Саринжи
Астынан көзүн салады[1].
Жактырды жалгыз баланы,
А себептен жалгыздын,
Айтылган экен урааны.
Алары Бермет керээт күн,
Жалгыздын амандыгын сурады,
Жалгызды көрүп жактырып,
Кудайга тобо кылады.
Жапсардан* карап турады,
Асылзат жалгыз экен – деп,
Бир көргөндө биледи,
Жалгыздын амандыгын тиледи.
Жабыгып келген Бермет күң,
Ордуна келди жүрөгү.

[1] *Салды* – ырдын муун өлчөмүнө караганда бир муун жетпей жазылып калган.

БЕРМЕТТИН АСТЫРТАН МЕЙМАНДАРДЫ СЫНАГАНЫ

Жанындагы жолдошту
Бир эле көрүп сынады,
Ошондо тобо кылады,
Жалгыздын кылган ишине
Бенденин чыгат кумары.
Арадан (ага)[1] кошулуп,
Аралаш келген Жапаке
Берметти көрүп кетсем – деп,
Бөкөй канга жетсем – деп,
Акыл болжоп турады.
Жапакенин арманы
Ошондо Бермет биледи.
Жалгызым – деп буркурап,
Бермет күң ыйлап жиберди.
Бөлөккө сырын билгизбей,
Бөлөгүнө тийгизбей,
Кетерби сөзүн туюнтуп,
Керээттик менен угузуп,
Башкача жаш булады,
Бермет балдыз болуп ыйлады.
Жапакени көргөндө
Бермет күң жаны калбай ыйлады.
Жаркылдаган Берметке
Жана бир кайгы камалды,
Жазым айтып койбосом
Жанында жолдош жаманы,
Ойлогонуң арамдык
Кандай кылам амалды.
Тууганың эмес душманың,
Жанындагы Жапаке
Ичинде көптүр бушманы,

---

[1] *Ага* – катчы тарабынан жазылбай калган сөз катары сунуш этилди.

Бул эмне кылганың,
Буластаган мен байкуш
Капалык жазып турганым,
Болор бекен жыргалым!
Ай төбөдөн толбойбу,
Бермет күндүн зарынан
Тууганың душман болбойбу.
Беш күн өтпөй арадан
Азапка башың конбойбу,
Сизди ажалдан мурун сойбойбу.
Арамдыгы көп экен,
Мени тырмантып жесир койбойбу!
Акыл болжо, жалгызым,
Ошондой шумдук болбойбу!
Анда жалгыз кеп айтат,
Аларым Бермет бечара,
Акыл болжо – деп айтат.
Акыл болжоп турганың
Менин аманат жаным кыйнадың.
Атаандашып кеп айтпай,
Алганым Бермет, сен айтпай,
Аманат жаным кыйнадың.
Алда Таала бак берсе
Болор менин жыргалым.
Ай төбөдөн толобу,
Өлүмдөн качкан оңобу.
Андай айтпай тура тур,
Ажал жетип күн бүтсө,
Адамзат бендени
Сандыкка салса коёбу,
Жараткан акылың менен болобу?
Анда Бермет кеп айтат,
Акыл болжо деп айтат.
Аламан менен тең эмес,
Ал сөзүң эсеп эмес,
Оозго алар кеп эмес,
Аларың Бермет мен эмес,

Ажалдан кудай сактасын,
Жалгызым, ал сөзүң дурус кеп эмес.
Орундуу уяң мен эмес,
Оозго алар кеп эмес,
Жанында балдыз алам – деп,
Оолукканың мен эмес.
Ушунтип кайгы көрөдү,
Беш жолдош билбей калсын – деп,
Бермет күң үйгө жөнөдү.
Керээт Бермет кетти – деп,
Арт жагынан жүгүрүп,
Жеңелери келеди.
Бермет жымыйып басып турады,
Келе салып жеңеси
Берметтин сөзүн сурады.
Анда жеңелери ыйлады,
Күйөөң жайын айткын – деп,
Жеңеси сурап турады.
«Алдага тобо кыларың,
Аларың жалгыз сынадың.
Теңирге тобо кыларың,
Теңтушунду сынадың.
Авалап учкан телкушун,
Акылман экен теңтушуң.
Кунан тайдай курдашың,
Асоо тайдай сырдашың
Акылман бекен курдашың?
Анда Бермет кеп айтат:
«Аял кыл, жеңе, – деп айтат.
Жорголоп басып мен барсам
Жанында жаман адам бар.
Ал арамдык ойлоп келиптир.
Алары Бермет бечара
Асты эле кайгы көрүптүр.
Ойлогону арамдык,
Издегени жамандык,
Жамаке бирге келиптир».

САРИНЖИ МЕНЕН АК БЕРМЕТ ЖАНА ЖАПАКЕ

Бермет жеңе сизге айтат
Эрте мадал барыңыз,
Жалгызга көзүң салыңыз,
Тилегин кудай берсин де,
Дилбарым* жалгыз келсин де,
Ай тууганда келсин де,
Алар болсо келсин де,
Атакемдин Айдың-Көл
Өрдөк, чүрөк, казы бар,
Алганынча жалгызым
Бир келбеди, жашы бар,
Муну байкап өтсүн де,
Акыл менен жетсин де,
Аял кылбай келсин де,
Алары Бермет керээттин
Алтын жүзүн көрсүн де,
Аял кылбай чапчаң бар,
Айтууга көнсүн де,
Көтөрөм кудай салганын,
Мен айтамын арманым,
Арманымды уксун де,
Бир кумардан кансын де.
Жеңелери жүгүрдү,
Жалгызды көздөй бүлүндү.
Жайкалып өскөн жаш каны,
Жашырбастан бул сөзүн
Жеңесине айтканы.
Айткан сөзүн түрдөдү,
Жалгыздын түрүн көргөн соң,
Бери эшикке жүр – деди.
Эшитти сөзүн түрдөнүп[1],

[1] *Түрдөнү* – механикалык ката.

Жалгыз эшикке чыкты гүлдөнүп.
Жалгыз келсе эшикке
Жан-жөкөр жеңе кеп айтты,
Керээт Бермет кеп айтат,
Жалгызым кечикпей келсин – деп айтат.
Көтөрөт экем мен десе
Бир кудайдын салганын,
Аларың Бермет керээт күң
Айтат экен арманын.
Арманда кылбай Берметти
Ылайыктыр бармагың,
Байкасаң барып туруңуз,
Баш тарттырбай Берметке
Барып сөзүн угуңуз.
Келе салса жалгызым.
Арман-арзын[1] айтам – дейт[2],
Кан Бөкөйгө жетсем – деп,
Арадан чатак салсам – деп,
Бөкөйдөн мал алсам – деп,
Жапаке чиркин жүгүрдү.
Асыл жалгыз чалкалап,
Саринжидей жалгызың
Аяңдай басып калкалап,
Асылзат жалгыз келатат.
Айдыңды көздөй жөнөдү,
Кеңеши ашык жалгызың
Келе жатат буралып,
Берметтин түрүн көрсөм – деп,
Жапакеңдин арман, кайгы ичинде
Арт жагынан аңдыды,
Арадан абдан бузук болуп,
Тиет деп турат жардыгы.
Алдындагы жалгыздын
Ойлогону ой экен,

[1] Азын.
[2] Де.

Кайнатасы Карача
Журт сураган зор экен.
Чоңдун кызын алам – деп,
Чолпондой жалгыз барам – деп,
Айдыңга келди жүгүрүп,
Асылзат[1] жалгыз сүйүнүп,
Алдынан өттү илинбей.
Асылзат жалгыз Саринжи
А кудайлап сүйүндү.
Берметтин жүзүн көрсөм – деп,
Жапаке чиркин сүйүнүп,
Акыл менен биледи,
Каалганы ачып киреди.
Курдашым жалгыз келет – деп,
Керебеттин үстүндө
Керилип жаткан Бермет күң
Кабагын ачып күлөдү.
Айтса сөзү коробой,
Ак шумкар жакка жолобой,
Керебеттин үстүндө
Керээт Бермет сулуунун
Жатканын жалгыз биледи.
Жайкалган жалгыз келет – деп,
Кабагын ачып күлөдү.
Көп ойлобой санааны,
Көрдү Бермет баланы,
Бермет күңдүн кыялы
Жалгызына жагады.
Акылы ашык экен – деп,
Жактырды жалгыз баланы,
Жайкалып турган Берметтин
Жазылган экен кабагы.
Өз боюна бактиги,
Бермет күңдүн актыгы –
Актыгын карап олтурсаң,

[1] *Заат* – айтылышы боюнча жазылып калган.

Акшанын жааган карындай.
Эки беттин кызылы
Ак тооктун канындай.
Саринжи жалгыз буралып,
Жүгүрүп келди Бермет жанына.
Колодой* болгон мойнуна
Колун салып бурады,
Койчу нары – деп Бермет,
Колун кагып турады,
Жалгыз кийин таарынды
Жалгызым кете берет – деп,
Бермет керебеттен кулады.
Кетирбестен жалгызды
Этектен кармап бурады.
Айта турган арзым бар,
Жалгызым, аял кыл – деп турады.
Аял кыл – деп, жалгызын
Алаары Бермет ыйлады.
Кара күчкө мен жаттым,
Жалгызым, мамыгар бекен – деп жаттым,
Андыча* кылып мен жаттым,
Жалгызым, арманда болор – деп жаттым.
Акылман жалгыз сен – деди,
Алаарым жалгыз кел – деди.
Ай караңгы, түн кыска
Аял кылбай кел – деди.

Экөө керебеттин үстүндө буралып, кубанып отурганда Жапаке: – Экөө уктап кетсе экен, кыздын жүзүгүн алып, Бөкөйгө ишеничтүү болуп барсам экен – деп, ойлонуп турду. Саринжи жалгыз келгенден кийин Бермет: – Саринжи баатыр экен го – деп, Саринжинин мойнуна колун арта салып, керегени көздөй колун сунуп, көкүрөгү тунуп, жалгызды көрүп анык зат, мыкты зат экенин билип, кубанат. Ошентип жатып экөө уктап кетет.

ЖАПАКЕНИН АК БЕРМЕТТЕН САЛАМ МЕНЕН БӨКӨЙГӨ КЕЛГЕНИ

Жапаке Саринжи менен Ак Берметтин керебетте уктап атканын билип, колундагы алтын жүзүгүн уурдап алып, Бөкөйдү кездөй качып кете берди. Анда Бөкөйдүн керээт кара башында тогуз катыны бар эле. Тогуз катындын баарынан артык көргөн Акша деген бир сулуу катыны бар эле. Тогуз катынга тогуз күн жатса, Акшанын жакшылыгына кызыгып, жалгыз өзүнө тогуз күн жатар эле. Акшага жаткан күнү таң атканы билинбей калар эле. Акша алтын чайдооско чай кайнатып, күмүш пиялага куюп, Бөкөйгө берип турган убагында, алтын жүзүктү уурдап алып, Жапаке[1] Бөкөйгө келет. Акша катын өмүрү согончогу канабаганы менен, мен бас боломун деп ойлобогон эле. Ошондо Бөкөйгө Жапакенин айтып турган жери:

Акылман Бөкөй, каным ай,
Ак Бермет болду жарың ай,
Ак Берметтей жарынды
Арманда кылбай барың ай!
Ак Бермет болду жарыңыз,
Акылман Бөкөй барыңыз,
Муну арманда кылбай алыңыз!
Акылың болжоп билем – дейт,
Ак Бермет сизге тием – дейт.
Теги эле жалгызга тийсем күйөм – дейт,
Өзөнгө тарта коном – дейт,
Өкүмү ашык Бөкөйдүн
Өз алган жары болом – дейт.
Алдында турган ага жок,
Артында турган ини жок,
Жалгызга тийсем бечара

[1] *Жапакенин* – механикалык ката.

Өрт өчкөндөй болом – дейт.
Оруну ашык жан экен,
Ойлогону Бөкөй кан экен,
Күн-түн ойлоп жүргөнү
Өзүң сындуу кан экен.
Бермет болду сиздики,
Ырысыңыз бар экен,
Дүбүртү ашык жан экен.
Сизде тогуз катын бар экен,
Тогузу бирдей бириксе,
Берметтин түрүн көргөн жан
Сүйүнчүгө албас жан экен.
Бермет болду сиздики,
О, таксыр* кан, ырысыңыз бар экен.
Көрүп келдим көз менен,
Аялдан ашык порумун,
Ишенбесең мынакей,
Белекке берди жүзүгүн*.
Белегин колго алыңыз,
Бермет болду жарыңыз,
Бөкөй кан, бейкапа кылбай барыңыз.

Бөкөй ошондо кубанып, жүзүктү ала коюп, чыпалагына сала коюп, жүзүк чыпалагына батпай, жүрөгү туйлап жатпай, жүзүктү ойлоп болжоп олтуруп, жүзүгү бул экен, буту кандай экен – деп, жүзүгүн көрүп, оолугуп кетет. Ошондо Бөкөй кан: – Ой, Жапаке! Сенин аялга эбиң жок, айтууга кебиң жок, сөзгө чоркок, жүрөгүң жок коркок элең, барып Байконурду чакырып келчи? – деди.

БӨКӨЙ КАНДЫН БАЙКОҢУРДУ АК БЕРМЕТКЕ ЖИБЕРГЕНИ

Жапаке Байконурду чакырды. Байконур үйгө кирген соң: – Жапаке, кечеги ишиң эмне болду? – деди.

– Бардым, барган менен бакалап, жүзүгүн уурдап алдым, Бөкөйгө капалык салдым – деди. Ошондо Байконур ойлонуп бүлүнүп, Бөкөйдү көздөй жүгүрүп келип, эшикке тура калды. Бөкөй кан: – Ой, Байконур, сен мындан көрө эптүү элең, мынабу жүзүктү Бермет белекке берип жибериптир. Берметтен мага белек келиптир. Кыз башы менен, кыз чачы менен жүзүктү бергенден кийин жүдөгөн эмедей болуп, барбаганым, албаганым болбойт го – деди. Эшикте жабдык-жасалгасы менен кара жорго тур, ошону мингин, бүгүн түндөн калбай баргын[1]. Бермет мендик боло турган болсо керебеттин үстүндө жатып сүйлөшүп, менин кебимди айткандай болсо, таңды[2] атырбай кайткандай бол, керебеттин үстүндө эртең менен мени тапкандай бол – деди.

Сөзүңдү коротпой, жообуңду жолотпой, Бермет мендик болгондой болсо, күндүн мурдун чыгарбай келгендей бол, кечикпей мага жооп бергендей бол, Бермет мендик боло турган болсо кара жорго сеники да, Бермет меники, сурак суроочу алтын тактын үстүндө[3] мени кубант – деди. Сөзүн угуп, Байконур жайдары тартып күлүп, жүрүп кетти. Берметти ала турган болгон соң беренжиден* беш кабат, атилестен* алты кабат калың төшөк салган менен таң жакында атпай турат. Байконур Берметке барбай, орто жолдон сөз курап, Бөкөйгө келди. Ошондо Байконурдун кеткенин Акша деген кандын катыны билди. Тилимди алса койдурайын, агасынан (калган)[4] жалгыз баланын жанын кыйнай турган болду го деп, (турса)[5] Бөкөй төшөк-

---

[1] *Бергин* – сүйлөмдүн маанисине караганда механикалык ката кетирилген.

[2] *Тайыңды* – механикалык ката.

[3] Үстүнө.

[4] *Калган* – түп нускада жазылбай калгандыктан сүйлөмдүн маанисине карата сунуш этилди.

[5] *Турса* – жазылбай калган сөз.

ордун көтөрүп, сурáкканадагы[1] тагына жүгүрдү. Ошондо Акша (Бөкөйдүн)[2] Берметти аныкаламын дегенин билди. Билип, алтын чайдооско чайды кайнатып, күмүш пияланы колтугуна кысып, Бөкөйдүн артынан Акша да барды.

Акша келсе, Бөкөй күнүлүк кылып келди го – деп Акшаны тилдеп турган жери:

– Айланбасаң үстүмө
Алтын чайдоос чай менен
Керээт билип келдиңби,
Сулуу Бермет айымды?
Суналбагын бекерге,
Сен билерсиң жайымды.
Аяндай басып желесиң,
Бирөөнүн төрдө жаткан кызына.
Күнүлүктү кыласың,
Буралбагын бекерге
Кайсыга жазып турасың,
Асылдан кордук көрөсүң,
Ажалдан* мурун өлөсүң.

Акшанын айтканы:

Алганың Акша бечара,
Алганың Акша ыйлады,
Жалгызды арка кылады.
Жалгызды турат аркалап,
Күйгөнүнө чыдабай,
Алтын чайдоос, пияла
Көтөрүп урду талкалап,
Акша ыйлады чалкалап.
Акылман төрөм сен элең,
Алган жарың мен элем,
Кай керээттен кем элем.

---

[1] *Сурак канаа* – угулушу боюнча созулма үндүү менен жазылып калган.

[2] *Бөкөйдүн* – сүйлөмдүн тактыгы үчүн ушул сөз болушу керек эле.

Жакшыдан калган керээзиң,
Жалгыз үкөң ыйлатпа,
Жалгыздын жанын кыйнатпа.
Алганың Акша байкушту
Капалантып кууратпа.
Келиниң Бермет албагын,
Кейишке башың салбагын,
Кеңешкор журтуң чогулса
«Келинчи» атка калбагын.
Койгун, төрөм, бул ишти
Дин мусулман* бенденин,
Тили келме келгендин,
Уктап жаткан адамдын,
Эчтеме билбес жамандын
Түшүнө кирбес куп иштир.

Таксыр каным, тил алсаң кой бул ишти – деп ыйлап турганда, байбиче, кой ыйлаба, бул ишти койдум дегендин ортосунда Байконур көрүнө калды. Ошондо Байконурду көрүп, карай берди. Бөкөйдүн күйүп турганын көрүп, Байконур ошондо ыр менен айтты:

– Ой-бой, таксыр каным ай,
Түндө келген Жапаке
Айтканынча бар экен,
Бар да, болсо кан Бөкөй,
Ак Бермет сиздики болду, ал Бөкөй!
Ийниме чапан кием – дейт,
Ибилис Бөкөй[1] турганда
Жалгызга кантип тием – дейт.
Тийген менен а байкуш,
Тирүү кантип жүрөм – дейт.
Дилбер* эле кан Бөкөй
Төрөнүн жайын билем – дейт,
Камыш башы калам – дейт,
Сизге дубай салам – дейт,

[1] *Бкөй* – механикалык ката.

Саламын ала келбесе,
Ичкен ашың арам – дейт.
Ай төбөдөн толом – дейт,
Бул дүйнөдө болбосо,
Кыяматтык* болом – дейт.
Арбак, анттын баарысын
Сизге жүктөп келем – дейт.
Абайлагын чоң Бөкөй,
Айткан сөзү шол Бөкөй.

Ошондой деп Байконур айтса, анда Бөкөй: – Кара жорго сеники, Бермет меники – деди.

ЖАКШЫ КӨРГӨН АКШАНЫ ӨЛТҮРГӨНҮ

Байконурдан Берметтин сөзүн уккандан соң Ак Бермет меники, ажалдуу Акша жердики, тиги турган Акшанын кесе чапкын келдесин, башына каптап куу чачын, сүйрөй салгын денесин, не себептен кемитет Берметти, кудайдын сүйгөн бендесин. Дароо чапкын – деди.

Бөкөй кан ошондой дегенден кийин Байконур колундагы канжары менен кылычын алып Акшаны өлтүрөм деп жүгүрдү. Байконурду туубаса да тутунгандай кылып багып алган баласы эле. Байконурдун өлтүрөрүн билген соң, ошондо Акшанын жалынып ырдаганы:

– Ой, Байконур, тура тур,
Бир аз сабыр кыла тур.
Туубасам да тутунган
Жалгыз уулум сен элең,
Энекең байкуш мен элем.
Бир тырмактын жогунан
Тумшугу жок мен элем.
Бөөдө өлтүрбө өзүмдү,
Убалым тешсин көзүндү.

Акырет* жайга барганда
Качканына койбосмун,
Ноктолоп минип өзүндү,
Уктуңбу менин сөзүмдү,
Коңур ай, убалым тешсин көзүндү!
Байконур канжарын тутуп турады.
Чымын жаным калса – деп,
Акша Бөкөйдү көздөй жылады.
Кандай амал кылам – деп,
Амалын таппай турады.
Акылман төрөм сен элең,
Алган жарың мен[1] элем,
Мен кай керээттен кем элем,
Бир баланын жогунан
Тумшугу жок мен элем.
Өлөмүн деп санабай,
Өтүп кеттим дүйнөдөн.
Согончогум канабай,
Арманым көп кудайга
Алдыма мерсет* бала албай.
Койчу, төрөм, бул ишти,
Дин мусулман адамдын,
Тили келме келгендин,
Түшүнө кирбес куу ишти.
О, таксырым, тил алгын,
Койчу жаман бул ишти.
Бир өзүнө ыйлайын,
Өлүп кетет экемин,
Айла жок кандай кылайын,
Акылман Бөкөй, ойлочу,
Аманат жаным сурайын!

Анда Бөкөй кан: – Ой, Коңурбай, койгун! – (дегенинче)[2] болбой, турган Акшанын башын чаап жиберсе, Акшанын башы ыргып кетет.

---

[1] *Менен* – механикалык ката.

[2] *Дегенинче* – жазылбай калган сөз.

БӨКӨЙ КАН АК БЕРМЕТТИ ӨЗҮ АЛУУГА КҮЛДҮР КАНДАН УРУКСАТ[1] АЛГАНЫ

Эми Бөкөй бул жакшы катындан ажырап калган соң, сууну башынан ылайлап жибердик, аягынан тундуруп алалык – деп, кырк жигитке ат току дейт. Ошондо Бөкөй Күлдүр канга барып, арыз, таксыр,– дейт. Ал: – Арызың болсо айт – дейт. Айтканым: – Элимден бир бала чыкты, тилиме көнбөдү. Калың журтту жеп, түгөтө турган болду, өлтүрөсүзбү, тиргизесизби, элге жүзүн көрсөтпөй Саринжини жок кылсаңыз экен. Жаман катын, жаш баласын бизге ынанам* кылсаңыз экен – деди.

Андай болсо сизди тели-тентекти тыйсын деп, алтын такка мингизип, калк суратып койгомун, карматып колума бергин, элдин жүзүн көрсөтпөймүн, жаман катын, жаш баласын сизге бердим – деп, Күлдүр кан жооп берди.

АК БЕРМЕТТИ САРИНЖИ АЛЫП ЖОЛГО ЧЫККАНЫ

Бөкөй кан: – Эми мында минтип турбайлык, Ак-Жайыктын белинен жалгызды тосуп алалык – деди. Бөкөй ошондо тосуп калды. Карача падыша кызын жөнөтмөкчү болуп кабарлап койсо, кызы жөнөбөй жатып алат. Кан ошондо: «Эмне мудаасы* бар экен, ошону айтсын, ошону ордуна келтирип берейин, анан кийин жөнөсүн – деп, Ак Бермет жеңесинен айтты. Ат башындай алтын сандык согуп берсин, ичине албарс кылыч салсын, анан жөнөймүн – деди. Кызынан жооп тийгенден кийин усталарды жыйдырып ат башындай алтын сандык соктуруп, ичи-

[1] *Руксат* – механикалык ката.

не албарс* кылыч салып берди. Сандыкты көрүнөө жерге төөнүн үстүнө таңып койду.

Көчтүн алды менен күйөө жолдошу болуп, Саринжи беш жолдошу менен жөнөдү.

АК БЕРМЕТТИ БӨКӨЙ КАН ТАРТЫП АЛГАНЫ

Көчтүн арт жагынан желе басып, жыгыла жазып, Бермет жөнөдү. Ошондо Бермет жолдо келе жатып ат үстүндө уктап түш көрөт, Бермет түшүндө Саринжини Күлдүр кан айдатканын көрөт. Аны жалгызына айта албай, беш жолдошко айтып турган жери:

– Алдымдагы беш жолдош –
Аманат жанга эш жолдош,
Аз гана сабыр кыла тур,
Менин арманым калың уга тур.
Атка минип алыптыр.
Агасы Бөкөй башында,
Кырк жигити кашында,
Асем менен келиптир.
Агар алтын, ак күмүш
Бей-бечара карыпка
Кудайы кылып бериптир.
Жалгызым кыйноо көрүптүр.
Айланайын, беш жолдош,
Жалгызды алып кет, жолдош.
Азап жакын көрүнөт,
Ыймандуу журтка жет, жолдош.
Анда жалгыз кеп айтат,
Алганым жалгыз, бечара
Армандуу болбо – деп айтат.
Аманат жаным кыйнайсың,
Мынчалык несин ыйлайсың?

Аркы-терки басамын,
Арам сийдик Бөкөйдөн
Мен өзүм кайда качамын!
Бөкөйдөн качып кеткенче
Ээн талаа, эрме[1] чөл
Куу талаада жатамын.
Кашымдагы беш жолдош,
Алмач эркеч сары атан,
Ылдам жүгүн чеч, жолдош!
Басып бүтүн бүктөнөр,
Шилтегенде кылоосу
Адамдын башын илип түшүргөн,
Ак албарс алып беринер,
Асыл тууган жалгыздын
Өнөрү болсо көрүнөр.
Арам сийдик Бөкөйдөн
Келгени болсо көрөйүн,
Ак албарс колго тийгизгин,
Адебин колго берейин!
Айтып оозун жыйганча
Беш жолдошу жүгүрүп,
Дароо чуркап барады.
Алтын сандык колго алып,
А беш жолдош алганча –
Бөкөй кан келип калады,
Келе салып кармады.
Ырыстуу жалгыз чачылбай,
Алтын сандык ачтырбай,
Анда жалгыз зардады.
Жалгыздын айтып турган арманы:
– Арманымды айтсам – деп,
Анда бир жалгыз ыйлады,
Эчтеме койбой алам – деп,
Агасы Бөкөй турады.

---

[1] Ээн – катчыдан кеткен жаңылыштык болушу мүмкүн, адатта салттуу түрдө «эрме чөл» деп айтылат.

Арманым айтып ыйласам,
Аркасы тиер бекен – деп,
Жалгыз туума Саринжи
Бөкөйдөн жанын сурады.
Ашуу бийик дабанбы*,
Акылман аке, аманбы?
Кырк жигитин кошчу алып,
Бүгүн аке келет – деп,
Уктум эле кабарды.
Атка минсе жылауң,
Иним зайыбын алып келет – деп,
Кырк жигитиң кошчу алып,
Алдымдан тосуп келүүң.
Үкөм* малдан өлбөйт – деп,
Агар алтын, ак күмүш
Бей-бечара карыпка
Кудайы кылып берүүң!
Ака жан, ушубу кыйноо көрүүм.
Эки колум байлаттың,
Солдаттыкка айдаттың,
Менин шорум кайнаттың.
Айттырбагын арманым,
Ака жан, кыйын болду жаңжалың!
Анда бир Бермет ыйлады,
Жалгызым – деп зыркырап,
Жаманы тиер бекен – деп,
Жаш алган жары чыркырап.
Кагылайын, жалгызым,
Кайгырбачы, байкушум,
Бек байлагын белинди,
Бедер кыл тама элинди.
Бошонбочу жалгызым,
Кургатар бекен жараткан,
Көзүмдөн аккан селимди.
Кучакташып бир жүрөргө
Койбоду жалгыз бегимди.
Алганы Бермет бечара

Көөнүндө капа, какшады,
Жалгызга жардамы тиер бекен – деп,
Көтөрө чалып мактады.
Кечээ биздикинде жатканда
Отургуча он айткан[1]
Адөөлөт акең ушубу?
Айтканынча бар экен,
Кары десең бала экен.
Карыкканы акеңдин
Куруган Бермет кар экен.
Ойногону, күткөнү
Өзүң сындуу бала экен.
Жалгыздан ыраат көрбөгөн
Мен байкуш ырысы жок жан экен.

Ыйлаганы менен болбой, ой-боюна койбой, эки жигитин чакырып, айдап жөнөгүн, өлтүрөбү, тиргизеби, айтор, мусулман жүзүн көрсөтпөй жок кылат – деди.

Бөкөй Берметти алам – деп, караңгы тамга камап койду. Саринжини айдатып жибере турган болду.

САРИНЖИНИН АЙДАЛГАНЫ. АЙДАТАРДЫН АЛДЫНДА САРИНЖИНИН АЙТКАНЫ

– Кетерин билип жалгызың,
Кейип турат байкушуң.
Аке жан – деп ыйлады,
Арманын айтып турганы.
Бечара[2] тарткан жалгыздын
Болор бекен жыргалы.
Акылман акем сен элең,

[1] *Аткан.*

[2] *Бечара* – угулушу боюнча жазылган.

Армандуу жалгыз мен элем.
Акылман элең Бөкөй кан,
Аркасы тийчү бек* элең.
Айтууңа көнөйүн,
Алганым Бермет байкушту
Намыс кылбай берейин.
Акылың ашык кан Бөкөй,
Айдатпай алып кал, Бөкөй!
Айдатпай алып калсаңыз,
Алтындан болсун тагыңыз,
Артылып турсун багыңыз.
Жабыктырып ыйлатпай,
Жалгыздын айткан сөзүнө
Жан ага, кулак салыңыз!
Кыл дегениң кылайын,
Кол куушуруп турайын.
Колуңа сууну куяйын,
О, дегениң угайын.
Ар кызматың кылайын,
Алдыңдан кетпей турайын.
Алганың Бермет экөөңө
Үстүнө суу куяйын,
Бой тазалап турайын!
Болбогон ишке жолуктум,
Бөкөй кан, кандай кылайын!
Чымындай жаным каларбы,
Бир өзүңө ыйлайын!
Кебиңе кулак салайын,
Кейий турган жалгызга
Тиер бекен паанайың?
Карыганда энекем
Жооп берсең уялаш,
Боздотпой багып алайын.
Кайгырган жалгыз келеби,
Камыктырба, кан Бөкөй,
Карыган байкуш энемди.
Алды-кийнин каратпай,

Бөкөй кан: – Айда! –деп, ачуу кылады,
Амалым кандай болот – деп,
Жалгыздын мууну бошоп турады.
Бөкөйдөн жооп келген соң
Эки бир жигит кубады,
Кудайлап бала ыйлады.
Токтотпостон бачагар
Айдаймын – деп турады.
Кайгырган жалгыз бечара,
Эсил жалгыз бөлүндү,
Жанындагы бир жигит
Энесин көздөй жүгүрдү,
Жалгыз, эми жандан түңүлдү.
Мунун армандуусу билинди,
Апасын көздөй жүгүрдү.
Айдоого кетет экем – деп,
Кайран эр аманат жандан түңүлдү.
Асыл жалгыз буркурап,
Айдоодо барат чыркырап,
Алганы Бермет бир тамда
Амалым кандай болот – деп,
Ыйлап турат зыркырап,
Айдатарын билген соң,
Агасы экен кан Бөкөй
Айткан тилин албады,
Анда жалгыз каргады: –
Кан болбосоң, куруп кал!
Бөкөй, тагың минип куруп кал,
Балдарың мендей ыйласын,
Башыңды калмак туурасын!
Кан эмессиң, түлкүсүң,
Бир тууганың айдатып,
Элге-журтка күлкүсүң.
Өлүп калсам амал жок,
Өлбөй тирүү мен калсам,
Түгөнбөс катар мүлкүсүң.
Кан эмес карышкырсың,

Кара албарсты баскырсын.
Эжелде ишим ондосо,
Бакырың келип башка урсун!
Көөнүндү шайтан азгырсын,
Мен Саринжи, сен Бөкөй,
Өлүп калсам айла жок,
Өлбөсөм ушул иш –
Экөөбүзгө тең Бөкөй.
Мен көргөндү көрөрмүн,
Акылын таап иш кылсам,
Сен да солдаттыкка жөнөрсүң.
Акыл болжоп билерсиң,
Күлдүр баба канымдын
Колуна барып тиерсиң,
Бир күнү аманат жаның тилерсиң!
Ажалым жетип өлөрмүн,
Ажалым жетип өлбөсөм –
Айланып кайтып келермин,
Адебиң колго берермин!

САРИНЖИНИН ЭНЕСИ

Жалгыз ошондой деп ыйлап турса бир жигит Жадаал энесине жүгүрүп барып, кабар берди. Анда энеси жалгызды издеп бара жатса, Бөкөйдүн кырк жигити энесин бир тамга камап койду. Ошондо энеси тамда ыйлап турганы:

– Караңгы тамда буркурап,
Кулунум – деп чыркырап,
Кагылайын, кулунум,
Кулунум, сенден айрылып,
Кур кайгы тартып турумун,
Көтөрбөсөм айла жок –
Бир кудайдын кылуун.
Ак болот элең сындырды,

Апаңды кайгы кылдырды.
Тулпар элең жалгызым,
Тайдырыптыр кыядан,
Шумкар элең кулунум,
Учуруптур уядан.
Жумурткадан ак элең,
Жалгызым, бир энеден так элең.
Жалгыздан ыраат көрбөгөн
Кандай ырысы жок жан элем.
Эч бир акыл санабай,
Энесине карабай,
Көчөнү көздөй жүгүрдү,
Жалгыз уулу Саринжи
Көрө албастан бөлүндү.
Көзүнүн жашы булады,
Энеси үнүн эшитип,
Көчөнү көздөй чурады.
Айдоодо жүргөн жалгызды
Көрө салып ыйлады.
Келе жатса кайгырып,
Досу келет жүгүрүп,
Алганы Бермет бечара
Амалым кандай болот – деп,
Бир тамда туруп чыңырып,
Эки колу байлалуу,
Айнектей көзү жайналуу,
Шакардай ичи кайноодо.
Кара жашы төгүлүп,
Кишени менен басалбай,
Тарамышы көрүнүп,
Амалым кандай болот – деп,
Жалгыздын көөнү бөлүнүп,
Көрө салып ыйлады,
Айдоодо жүргөн жалгызга
Акыл айтып турады.
Көп зыркырап ыйлабай,
Бек байлагын белиңди.

Бектикке сал көөнүңдү,
Чындап жесир койдуңбу,
Боздогон Бермет келинди.
Мүнүшкөр* салган конушбу,
Жалпы тама* элинден,
Жаркылдаган келинден
Айрылганың ушубу?
Тиги караңгы тамдын ичинде
Картайган апаң чыңырат,
Жалгызым – деп чыңырса,
Жараткан көккө угулат.
Жабыкпагын, энеке,
Бул жалгыздай кайдан туулат?
Жалгызым, сенден айрылып,
Бизди эле кудай уруптур.
Келе жатсам буркурап,
Алыс эмес мынакей,
Мына түнөргөн тамдын ичинде
Ак канышың[1] Бермет көрүптүр.
Ай төбөдөн толобу,
Алганың Бермет байкушка
Жалгызым, сүйлөшүп кетсең болобу?
Уга салып жабыгып,
Урматтуу жалгыз камыгып...

Саринжи мен Берметке алып барсаңар мына бул кызыл дилде акча – деп, чөнтөгүнөн эки жүз дилде бул[2] чыгарды. Чыгарган менен алган жок. Анын кебине кулак салган жок. Баары кара көңүл кан ичмей жигит экен. Жалдырабай, жалынбай булуңду жаныңа салып ал. Эрте барып келели, Бөкөйгө барып жооп берели – деди.

---

[1] Бул сөз «Ак канымың» болуп туура эмес жазылган, анткени бул түрүндө эч мааниси жок.

[2] *Бул* – пул мааниде.

САРИНЖИ-БӨКӨЙ

(Үзүндү)

(Аткаруучу Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер **Болуш Мадазимов.** Запись Кыргыз радиосунан алынды. Нотасын кагазга түшүргөн искусство таануу илимдеринин доктору, црофессор **Камчыбек Дүйшалиев).**

«Саринжи-Бөкөй» дастанында кыргыз, кыпчак элинен муңдук уруусунан Булан деген киши болгон экен. Буландын эки аялы болгон. Бир аялынан бир уулдуу болот да, анын атын Жамгырчы коёт. Экинчи аялынан төрт уулдуу болуп, төртөөнүн чону Бөкөй. Күндөрдүн биринде Булан каза болгондон Жамгырчыны кийин ордуна кан кылып шайлашкан. Жамгырчы адилет, эстүү, акылдуу, сөзмөр, элге жакшы караган кан болгон.Бирок 55 менен 65тин ортолугуна чейин балалуу болбой жүрөт. 55 менен 65 жаштын ортолугунда балалуу болуп зарылып жүрүп көргөн баласынын атын Саринжи койгон. Саринжи алты жашка чыкканда Жамгырчы катуу ооруйт, оорудан айыкпастыгына көзү жеткенден кийин иниси Бөкөй дагы Жамгырчынын артынан башка элге кан болуп жүргөн. Бирок Бөкөй кичине акылы өксүгүрөөк болгон. Ошондуктан үч-төрт жыл атасынан келип кабар албай калган. Кантсе дагы эми алты жашар Саринжини азыр жаш, энеси башка болсо дагы аталаш иним Бөкөйгө тапшырайын деп Курман деген үзөңгү жолдошун жөнөтүп Бөкөйдү алдырып туруп ошондо Жамгырчы алты жашар Саринжи уулун бир тууган иниси Бөкөйгө тапшырып турган жеринен үзүндү. (*Комуз чертилет.*)

Э-хи!
Айтайын Бөкөй арманым
Агаң эле Жамгырчы

Чыгарып эстен салганың
Жашы келди алтыга
Менин жалгыз эле балдарым.
Жаттым алты ай төшөктө
Кетти кубат арманым,
Иши жок тууган кайрылбайт
Кимге айтам Бөкөй зарларын.
Көтөрө албай башымды
Көтөрдүм бактым арманым.
Албадың Бөкөй эсиңе
Алтайдан бери бир келип,
Көрүнбөдүң көзүмө.
Кабарга келдиң уялбай
Кайгырасың несине.
Көрдүңбү Бөкөй түрүмдү
Акыл айтар киши жок,
Артымда жалгыз иниңди.
Арманым көп айтууга
Аталаш Бөкөй иниңди,
Жалгыздык көзгө көрүндү.
Жакын тууган болбосо
Жат адам билбейт киминди.
Саргайып азып өңүнөн
Саринжи ботом бүлүндү,
Ат бастырып келбепсиң
Акыры Бөкөй таарынттың сен
Энеси башка иниңди.
Кайрыла берип нетемин,
Калды жакын жалганда
Кайыр кош айтып кетемин.
Каттабай коюп билдирдиң
Энемдин башка экенин.
Түшүрдү кесел тагымдан
Кеттим мен кубат каруумдан,
Келип кабар албадың
Менин кеселдеп жаткан жанымдан.
И-ий, э-эй.

САРИНЖИ, АК БЕРМЕТ

Эки жигиттин бирөө ак көңүл экен: – Ой, кудайдын кылышы, үлкөндүн* өкүмү ошондой болот. Жалдырабай, жалынбай булуңду жаныңа салып ал. Бермет бу тамдын ичинде турган болсо, муңдаштырып, сырдаштырып алып кетемин. Муңдаштырды, сырдаштырды – десе, мени атып, сени алып калсын – деди. Ошондо жалгызды жабыктырып, Берметти көздөй алып жөнөдү. Көзүнүн жашын булап, Саринжи ыйлап жиберди:

Кур кайгы тарткан жабырсың,
Кудайым мында барбысың?
Теригип боздоп ыйлаба,
Менин теңтушум, шордуу барыпсың?
Арманда болгон жанбысың,
Алганым байкуш барбысың?
Арманда болуп ыйлаба,
Аманат жаның кыйнаба.
Алганы Бермет чыңырды,
Караңгы тамда жулунду.
Түлкү жүрбөс түмөн жол,
Жолунда кетип барамын,
Түшүмө кирбес салдаттын
Колунда кетип барамын.
Карышкыр жүрбөс кара жол,
Жолунда кетип барамын.
Капарда жок салдаттын
Колунда кетип барамын.
Алда бир өлүм боломун,
Өлүү эмесмин, тирүүмүн,
Өлгөндөрдүн биримин.
Күлүктү минсе бош энди,
Күйгөн курдаш, кош энди.
Алтын жүзүң көрүүгө
Айла жок, курдаш, кош энди.

Аргымак минсең бош энди,
Кайгылуу курдаш, кош энди.
Күмүш жүзүң көрүүгө
Айла жок курдаш, кош энди!
Алтымыш муунум шалдырап,
Караңгы тамда турумун[1],
Айнектей көзүм жалдырап,
Арманым көп кудайга,
Тил билбеген салдаттар
Айдап барат балдырап.
Анда бир Бермет чыңырды,
Караңгы тамдан тыңдаса
Жалгыздын үнү угулду.
Амалым кандай болот – деп,
Жабыккан Бермет чыңырды.
Эки буттан туралбай,
Бермет күң бет алдынан жыгылды.
Амалым кандай болот – деп,
Алганы Бермет ыйлады.
Эч ылаажын табалбай,
Эки бетин тырмады.
Кыйбат баа жалгызды
Бир көрөргө зар болду,
Кызылала кан болду.
Эми жандан түңүлдү,
Акбермет эшигин көздөй жүгүрдү.
Кайгырып ыйлап чыкты эле,
Каалганы тепти эле,
Каалга беш бөлүнүп кетти эле.
Күч менен тепкен Бермет күң,
Тура калды чыңырып,
Жүзтөмөндөп жыгылып,
Мууну бошоп буркурап,
Жалгызым, сабыр кылгын – деп,

[1] Ушул саптан баштап алты жолу машинкадан эки ирээт басылып калган.

Бермет күң турат жулунуп,
Айдоодо барат жалгызы
Аманат жандан түңүлүп,
Бермет күң артынан барды жүгүрүп.
Арт жагын карап турады,
Аял кылып токто – деп,
Алганы Бермет ыйлады.
Айдоодо жүргөн жалгызым,
Арка бир кылып турады.
Алтын айдар*, чок белбоо
Асыл кандын баласы
Акылман жалгыз, көзүңдү ач,
Аган душман көзүңдү ач,
Күмүш айдар, чок белбоо
Күлүстөн* жалгыз көзүңдү ач,
Асыл падыша* баласы,
Акең душман көзүңдү ач!
Кунан, тайдай курдашым,
Асоо тайдай сырдашым,
Бирге барып, бир турган,
Кагылайын жолдошум
Тура турчу курдашым.
Кунандай багып ат кылган,
Курдашым аман турганда
Кудай бардыр кантейин,
Мулууке* Бөкөй жат кылган,
Көңүлүмдү бас кылган,
Кудай бардыр акеге,
Курдашымдан жат кылган.
Ак жорго минсең бура тур,
Кер жорго минсең тура тур!
Алдына барды буркурап,
А кудайлап зыркырап
Амалым кандай болот – деп,
Алганы Бермет чыркырап.

АК БЕРМЕТТИН БӨКӨЙДӨН САРИНЖИНИ СУРАГАНЫ

Артынан ыйлап барса эч амалын таппай бүлүнүп, чымындай жандан түңүлүп, кантип алып калам деп, баягы жерден эптеп колу-бутун бошотуп, алып калсам деп боздоп, барайын да Бөкөйгө акыл салайын, жалгызды эптеп алып калайын, жалгызга жөнүн айтпай, Ак Бермет: – Мен сага тийгени келдим (деп)[1], Бөкөйгө барайын, эптеп Саринжини байлоодон колу-бутун бошотуп, айдоодон алып калайын – деп, Бөкөйдүн үстүнө барып, ыйлап турганы:

– Камыккан карып мен элем,
Кайрыкер төрөм сен элең,
Армандуу карып мен элем,
Бир аркасы тиер эр элең,
Алар жарың мен элем.
Акылың болжоп тиейин,
Таксыр, амандыгың тилейин.
Кадырыңды билейин,
Таксыр, камыкпай сага тиейин!
Ак Бермет эле аларың
Артык экен таалайым.
Кашыңа келди жарыңыз,
Кайгыртпай эптеп алыңыз.
Ак Бермет эле аларың,
Артык экен талабың,
Айдоодо жүргөн жалгызга
Таксыр, тиер бекен паанайың?
Анда Бөкөй кеп айтат
Алган жарым сен болсоң
Арманда болбо – деп айтат.
Арманда болуп ыйладың,
Алар жарым сен болсоң,

[1] *Деп* – жазылбай калган.

Ак беттин несин тырмадың?
Капалык жазып кайгырдың,
Кан Бөкөй болот аларың,
Камыкпачы буркурап,
Артык экен таалайың.
Абалап учкан сар* бекен,
Айдоодо кеткен жалгыздан,
Өлүмгө кеткен байкуштан,
О, байкуш, дагы үмүтүң бар бекен?
Анда Бермет ыйлады
Көзүнүн жашын булады,
Андай айтпайт[1] экен – деп,
Алдына келген буркурап,
Бермет арманын айтты зыркырап.
Кандай айла кылам – деп,
Кан Бөкөйдөй төрөмдү
Каргап ийди чыркырап.
Кан төрөмдөн айрылып,
Канткенде сага тиемин,
Тийген менен мен байкуш
Тирүү кантип жүрөмүн.
Дилбер Бөкөй мен десе,
Динсиз чиркин экенсиң.
Аламын деп андыдын,
Кайнага киши сен элең,
Кайгырып турган мен байкуш
Канетип сага тиемин,
Тийген менен мен байкуш,
Тирүү кантип жүрөмүн!
Тиймек түгүл, көздөп алып
Сакалына сиемин!
Ичтен күрмө киемин,
Изденип кантип тиемин,
Кана алчы көрөмүн,
Өкүмүндү билейин,

[1] *Айтпайт* – механикалык ката.

Жалгыздын амандыгын тилермин.
Өкүмдүү Бөкөй сен десем,
Өлөрман чиркин экенсиң,
Көздөп эле өлүгүнө сиемин!
Аманат жандан түңүлүп,
Алганы Бермет бечара
Жалгызын көздөй жүгүрүп,
Кур кайгы тартып чыңырып,
Курдашым деп, көп боздоп,
Кудайга үнү угулуп,
Артынан барды жулунуп.
Жалгыздын барды артынан,
Жабыгып кетти Бермет күң
Ушул иштин зарынан.

САРИНЖИНИН АЙДАЛЫП КЕТКЕНИ

Ак Бермет арманда болуп ыйлады
Бермет күндү бу көрүп,
Жалгызы артын карап турады.
Айдоодо жүрүп кор болгон,
Жамгырчы кандын чырагы,
Жалтылдап карап Берметти,
Жана бир жалгыз ыйлады.
Эч айласын табалбай,
Берметтин көзүнөн жаш булады.
Көрө коюп Берметти
Көкүрөгү тынады.
Көрө салып кайран эр
Көп кайгыны кылады[1].
Көрүп акыл токтотту,
Жалгыз эми айтар сөзүн окшотту.
Айтканымды угуңуз,
Алганым, Бермет, сыздабай

[1] *Клады* – механикалык ката.

Аз гана сабыр кылыңыз.
Акыл болжоп билиңиз,
Он беш (күнгө)[1] күйүңүз,
Он беш күндө келбесем,
Оолугуп жаткан Бөкөйгө
Кордук көрбөй тийиңиз.
Кан Бөкөй болсо алганың,
Жабыгып турган апама
Эскинди бере жүрүңүз.
Анда-санда келе жүр,
Апакем жүзүн көрө жүр.
Жаңыны кийсең жаркырап,
Жабыгып турган апама
Эскинди чечип бере жүр.
Эриктирбей келе жүр,
Теңтушуң мени сыйласаң,
Телмирип калган апама
Тер кийминди бере жүр.
Анда-санда бара жүр,
Айткан тилим ала жүр
Арманда кылып ыйлатпай,
Апакемди бага жүр.
Анда Бермет буркурап,
Жабыгып Бермет зыркырап,
Жалгызым, – деп чыркырап,
Жабыкканы курусун,
Көзүнөн жашы дыркырап,
Мынчалык несин наалыдың,
Наалыбачы жалгызым,
Апаңды кайдан тааныдым!
Көрүп турсам апаңды,
Көтөрүп жүрүп багармын,
Көп ыйлаба зарланып,
Айттырбай тилин алармын.

---

[1] *Күнгө* – жазылбай калгандыгы кийинки ыр жолу аркылуу белгилүү болуп турат.

Артыкча багып жүрөрмүн,
Айдоодо кеткен жалгызым,
Сенин амандыгың тилеймин.
Сары аяз куйган аягың,
Сагынбагын жалгызым,
Санааңда барбы баягың.
Авадан түшкөн боз эле,
Калк бийлеген Күлдүр кан
Кан атаң менен дос эле.
Мал бастырык көп болуп,
Барган жайың ушу эле.
Камыш башы калам де,
Калк бийлеген Күлдүргө
Дувай-дувай салам де!
Саламын ала албаса,
Алакандай ак кагаз
Берип жибер өзүмө,
Ордосуна жетейин,
Чымындай жандан безейин,
Жалгызым, сенден калып нетейин.
Жалгызым сенден калгыча
Этегиң кармап кетейин,
Эстен тайып турганда
Кыямат* жайга жетейин.

САРИНЖИНИН АЙДООДОН КАЙТКАНЫ. КҮЛДҮР КАНДЫН САРИНЖИНИ БОШОТКОНУ, БӨКӨЙДҮН АЙДАЛГАНЫ

Ошондо жалгызды айдап, колун бекем байлап, эки жигит калың талдын арасы менен Күлдүрдүн калаасына жетип барды.

Барганда жалгыз акыл таппай, маң болуп турганда беш жолдошу айтты: – Күлдүрдүн чарбагы тигил турбайбы, барсаңыз болбойбу. Берметтин тилин алсаңыз болбойбу! – деди. Сиз өлүп, биз кал-

сак, аз гана тама элибиз акылыбызды таба албайт, сиз тирүү калып, биз өлсөк, бейөдин[1] өлүгүбүздүн сөөгүн таап алуучунун тукуму турбайсызбы, тиги турган солдаттар биздин тилибизди билбес. Сөзүбүздү билбес, кошо өлтүрүп коёр – деди. Ошондо салдатка: – Саринжи мен эле – деп, жалгызды далдалап таштап, төрт жолдошунун артынан ээрчип бир жолдошу алдына жүрүп барды. Солдаттын алдына баргандан кийин сен кимсиң? – деп, солдаттар сурады. – Мен Саринжи – деп, бир жолдошу барды. Бешөөн ордун түбүнө салып жиберди. Саринжи жалгыз жүгүргөн боюнча Күлдүр канга барды. Жаткан жерин билип, үстүнө кирип, Күлдүргө ыйлап турган жери:

– Ой-бой, таксыр, Күлдүр кан,
Үлкөндүгүң билдир, кан.
Үлкөндүгүң билгизгин,
Аркаңды бизге тийгизгин!
Таксыр, мынча неге күйгүздүң?
Кыйналганым ушу эле,
Өтүп кеткен атакем,
Сиз менен кыяматтык дос эле,
Күлдүр кан, келген жайым ушу эле.
Акыл ойдун кайыбы –
Арманда болгон мен байкуш
Сулуу чыкты зайыбы.
Бөкөй алтоо, мен жалгыз,
Зайыбымды тартып алганы.
Ушуну үчүн мен
Суракка түшүп куурадым!
Сөзгө кулак салыңыз,
Сөзгө кулак салсаңыз,
Бизге уруксат бериңиз,
Бу жыл үйгө барайын,

[1] *Бйөдин* – механикалык ката.

Оюн-күлкү көрөйүн,
Ажалым жетсем өлөйүн,
Айланып кайта келейин.
Капа кылды жанымды,
Кадыр кылат деп келдим
Күлдүр сиздей канымды.
Ой, таксыр, каным,
Тартууңа берейин,
Он эки сууда малымды,
Өзүндөн буйрук болбосо,
Ким билет менин алымды.
Айткан тилиң албады,
Күйгөнүнө чыдабай
Күлдүрдү жалгыз каргады.
Ой, Күлдүр кан, тура тур,
Асылган менен болбодуң,
Аманат жаным койбодуң,
Койбосоң, Күлдүр, мейлиңчи,
Капалык келди көөнүмө,
Тийгизбесең аркаңды,
Баралбайт экем элиме.
Күлдүр кан болбой куруп кал,
Багың менен туруп кал!
Бүркүт келер дал бакка
Куш коноду чарбакка,
Досуңа кара санасаң
Жолугарсың арбакка!*
Ой, кудурет, кор кылдың,
Тил билбеген калмакка.
Кара боо булдурук
Кош канатын кыйдырып,
Суу башында досуңду
Салдаттыкка жыйдырып
Досуң келди туйдуңбу,
Дин мусулман бендеге,
Тили келме* келгенге
Адам көш таттың туйдуңбу,

Кызырак бээ матадың,
Кызыталак Күлдүр кан,
Дин мусулман бендени
Көргөзчү, кай колуң менен жасадың?
Артым менен жылдымбы,
Уурулугуң кылдымбы,
Ушуну үчүн мен байкуш,
Суракка түшүп турдумбу.
Бөөдө өлтүрбө өзүмдү,
Убалым тешер көзүндү!
Акыретке барганда
Качканыңа койбоймун,
Кармап алып Күлдүр кан,
Ноктолоп минем өзүндү,
Уктуңбу менин сөзүмдү,
Түбүндө, убалым тешсин көзүндү!
Орундуу сөзүң билбесең – деп,
Айтып оозун жыйгыча
Кирип келди буркурап,
Ногой Садык тилмечи,
Баланы көрүп буркурап,
Тилмеч ыйлап зыркырап,
О, Күлдүр кан, тура тур,
Менин сөзүм уга тур.
Жалдыратпай жалгызды,
Жабыктырбай байкушту,
Көзүнүн жашын жошулттуң,
Күлдүр кан, мына бу турган жалгызды.
Көп боздотпой бошоткун!
Күлдүр кан барды жүгүрүп
Өлтүрүп иет экен деп,
Жалгыз турат чымын жандан түңүлүп.

Күлдүр кан барып колунан сүйөп, бутунан кишенин алып, бошотуп жиберди.

САРИНЖИНИН КЫРК СОЛДАТ МЕНЕН КАЙТМАКЧЫ БОЛГОНУ

Ор түбүндө беш жолдош,
Үстүнөн чыгып калады,
Көрө койду беш жолдош,
Байлоодон чыккан баланы.
Көрө коюп беш жолдош
Жалгызым, – деп ыйлады.
Беш жолдошун көргөн соң,
Жайылып карап туралбай,
Күлдүрдү көздөй жүгүрдү,
Күлдүрдү көрүп ыйлады,
Беш жолдошту сурады.
Ой-бой, таксыр, Күлдүр кан,
Үлкөндүгүң билдир кан,
Үлкөндүгүң билгизгин,
Аркаңды бизге тийгизгин.
Ой, жалдыраган жалгызды,
Мынчалык несин күйгүздүң?
Сууда жаткан балыкты,
Жан акылдан таанытты.
Ор түбүндө беш жолдош,
Бир мен гана күйөмүн,
Күйгөнүмдү санасам,
Зыркырады сөөгүм.
Авадагы муз эле,
Бирөө кыяматтык дос эле.
Бирөө менин жээним,
Азып турат көөнүм.
Бирөө биздин кудабыз,
Кудабызды ойлосом
Кур кайгы тартып турамын.

Бири биздин бөлөбүз,
Бөлөбүздү биз таштап,
Жалгыз кантип жөнөйбүз.
Ор түбүндө беш жолдош,
Азап менен дозокту*
Аралаша көрөбүз.
Беш жолдош берсең жөнөйбүз,
Беш жолдошум бербесең
Айтканыма көнбөсөң
Сакалың күнгө куурасың
Тукумуң менен ыйлайсың!
Өлүп кетсем айла жок,
Өлбөй тирүү мен болсом,
Чынжырга байлап койсоң турбасмын.
Бала капа тарткан соң,
Тилмечи жөнүн айткан соң
Кайран жалгыз Саринжи
Капалык жазып турдубу?
Ор түбүндө жолдошун
Аман-эсен чыгар – деп,
Күлдүр кан бир салдатка буюрду.
Беш жолдош тийди колуна
Ыйлап турган жалгыздын
Күлдүр кан көндү оюна.
Беш жолдошун ээрчитип,
Дагы Күлдүрдү көздөй жөнөдү.
Алтоону көрүп Күлдүрүң
Аманат жандан түңүлдү.
Күлдүр канга баланын
Жалындыгы билинди.
Ой-бой, таксыр Күлдүр кан
Аркаңды бизге тийгизгин,

Басып берген мөөрүң жок,
Сызып берген катың жок
Белгисиз кантип барамын
Берметти кантип аламын.
Кайгырган жалгыз баламын,
Катыным кантип аламын.
Бөкөй алтоо, мен жалгыз
Жалгыз кантип барамын?

Ошондо Күлдүр шашып, сөзүн эшитип, жезден кылган чоң мөөрдү басып, чоң Дорунга жазып, ошондо бешөө беш жорго минип, айылын көзөй жөнөп кара көңүл, кан ичмей адамдын көңүлүн өлбөгөн, олтуруп жерге сийбеген, кырк салдат менен аман-эсен кутулганын (билип)[1], айылын көздөп, аман-эсен жүрүп кетти.

САРИНЖИНИН АЙЫЛЫНА КАЙТКАНДАН СОҢКУ АБАЛЫ

Ал түндө Бермет кайгырып жатып, жалгыз аман-эсен келгенин Бермет түшүндө көрдү. Жалгызым келди, тилегимди берди – деп, Бермет сүйүнүп, аркы-терки жүгүрүп: «Жалгызым келе турган болду, тилегимди бере турган болду, алты ага чогуу бир жерде турсун – деп, баарын чакырып бир жерге жыйып алып олтурайын» – деп, Бөкөйдүн жанына барды. Бермет ичинен: – Жалгыз биротоло кырып тынсын! – деп олтурду.

---

[1] *Билип* – сүйлөмдүн мааниси так болуш үчүн сунуш этилди, катчы жазбай кеткен сыяктуу.

Берметти көрүп кубанып,
Бөкөй турат буралып,
Бөкөй кубанып турганда
Тилегенин береди,
Баягы дилбар жалгыз келеди,
Кан Бөкөйдөй төрөнүн
Эшиктен сөзүн угады.
Канжарын кармап сабынан
Сууруп алып кабынан
Эшиктин көнчөгүнөн кагады,
Эңкейип үйдү карады.
Каалап алган Бермет күң
Кайкалап карай турады.
Берметти көрүп Саринжи
Эми акылдан танады.
Тийип алган экен – деп,
Кайрандын эми кетти амалы.
Алганым Бермет тийиптир – деп,
Чиркиндин тилдеп турган заманы.
Акылы жок жанбысың[1],
Арам Бермет, барбысың?
Айткан сөздү билбеген,
Убадага күйбөгөн
Журттан чыккан карбысың?
Анда Бермет турду чыңырып,
Кудайга үнү угулуп.
Анда Бермет жулунду,
Жалгызым, аманбы – деп чыңырды.
Орундуу Бермет керээт күң
Ою менен болоду,
Жанындагы Бөкөйдү

[1] *Жабысың* – механикалык ката.

Колундагы ысык чай
Пияла менен урады.
Бөкөй кетти жыгылып,
Бермет күң тура калды чыңырып,
Жалгызды көрүп буркурап,
Ак Бермет жашып кетти чыркырап,
Кагылайын жалгызым,
Кайгырбачы, байкушум!
Атка минсең желерсиң,
Түндөгү түндө билинген
Жалгызым, сенин келериң.
Билбедим, байкуш, өлөрүң,
Алты сууда чочкоңду
Акыл менен чогулткан
Амалдуу бейбак өнөрүм.
Түндөгү түндө билинген
Жалгызым, сенин келериң.
Кагылайын бууданым,
Бууданга чалыш тууганым,
Канакей душман кырганың,
Акыл менен жыгамын!
Алганым Бермет байкуштун
Алайын айткам сөзүнү,
Ыраазы болду өзүнө.
Анда жалгыз кеп айтат:
– Алганым Бермет бечара,
Арманда болбо – деп айтат.
Алтын такка* чыга тур,
Аз гана сабыр кыла тур,
Алтын такка тура тур.
Алтын тактын түбүндө
Бөкөйбүсүң, канбысың,
Бөкөй үйдө барбысың,

Айттым эле башында,
Ыйлап турдум кашында.
Ыйласам да болбодуң,
Айдатып жибердиң, ит Бөкөй!
Он бир күндүн ичинде
Өлбөй тирүү мен келдим,
Эми кайттым кашыңа.
Боор ооруду жараткан
Көзүмдөн аккан жашыңа.
Кашымдагы салдаттар,
Бөкөйдүн жайын билгиле.
Карап турбай салдаттар,
Эртелеп үйгө киргиле.
Тиги турган Бөкөйдүн
Чалкасынан салгыла,
Сакалын такыр жулгула.
Башка тээп ургула,
Бирин койбой жайлаңар,
Той баш болуп тургандыр,
Жапаке менен Байконур.
Экөөнү мыктап кармаңар!

Ошондо салдаттар чубап кирип, Бөкөйдүн көөп олтурганын билип, кармап башына чайды куюп, сакалын такыр жулуп, табасы кангандай болуп уруп, алты аганы ини Бөкөй зардап, Байконур менен Жапакени бекем кармап, акылман жалгыз сүйүнүп, аттан түшүп жүгүрүп, салдаттардын ар кылган ишин коштоп, Жапаке менен Байконурду Акша жеңесине атап мууздап, алтын тактыга минип, Саринжи жетим ага-инисин чогултуп, өзү билип, алты ага-иниси менен Бөкөйдү айдап Күлдүргө тапшырып, көзү жайнап, Бөкөйдүн шору кайнайт.

Алты күнү той кылып,
Аңгемесин чоң кылып,
Алтын такка минип,
Армандуу жалгыз чоң болуп,
Калмактын кетти колуна
Асемдүү Бөкөй кор болуп,
Берген экен жалгыздын
Бешенеде* багына,
Белсенип минди кайран эр
Бөкөйдүн алтын тагына.
Кулпунган жалгыз Саринжи
Кур кайгы чыгып ичинен,
Минип алды кулпунуп,
Бөкөйдүн алтын тагына.
Канчалык тартты кайгыны,
Кубат берсин жараткан
Бир чымындай жанына.

АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Ажал – өлүм, адамга (жалпы эле жандууларга) чектелген тирүүлүктүн-жашоонун бүтүшү, тирүү жүрүүнүн, жашоонун аяктоо чеги.

Айдар – 1. Эркектердин өрүлгөн төбө чачы (мындай чач калмактарда кийинки убакка чейин сакталган). 2. Шер, арстан.

Акырет – тиги дүйнө, о дүйнө.

Албарс – мыкты, өтө курч болот.

Албарсты – кыргыз жана башка түрк элдеринин эски түшүнүгүндө чачы жайылган, эмчектери саландаган аял кейпиндеги жан, сөлөкөт.

Алда Таала – (Алла – ислам дининдеги жападан жалгыз кудайдын ысымы, Таала – баарынан жогору. Демек, баарынан күчтүү, баарынан жогору турган кудай (Алда) маанисин туюнтат.

Андыча// андаза – ойлонуу, ойго батуу.

Андоо – байкоо.

Арбак – 1. Өлгөн адамдын руху, куту. 2. Ыйык адамдардын же белгилүү ата-бабалардын жогорку күчкө ээ руху (культу). 3. Өтмө мааниде: атак-даңк, бедел, сыймык.

Атилес – жибек кездеменин түрү.

Байын – ачык, даана, так.

Бактир – тазалык, актык.

Бакыр – кедей, жарды, колунда жок.

Бейиш – куранда такыба адамдар өлгөндөн кийин түбөлүк жыргап жашоочу тигил дүйнөдөгү жайдын аты.

Бек – эпосто уруунун, элдин башчысы, башкаруучусу деген мансаптык титул катары айтылат.

Беренжи – 1. Жибек кездеменин бир түрү. 2. Сабы асыл таштар менен кооздолгон кылыч.

Берзент – бала, тукум, туяк.

Бешене – маңдай, чеке, баш.

Дабан – бийик ашуу, бел, кыя.

Дилбер//дилбар – 1. Жүрөктү ойноткон, көңүлдү элжиреткен. 2. Ашык, сүйгөн.

Дилде – 1. Алтын, зер. 2. Алтын акча, алтын тыйын.

Дозок – тиги дүйнөдөгү кыйноо жайы. 2. *Өтм.* Кыйноо, азап.

Дооран – өлгөн адамдын күнөөсүн көтөрүп алуу, күнөө ордуна акча, мал берүү. 2. *Өтм.* Жыргал, мезгил.

Жапсар – боз үйдүн жабык башы.

Жараткан – Кудай, Теңир маанисинде.

Желдет – 1. Баш кесер, баш алуучу. 2. Залим, катаал. 3. Башкаруучунун кызматкери, жигити, жасоол.

Жүзүк – шакек.

Зер – алтын.

Ибилис – азезил, азгыруучу, шайтан.

Кадик – 1. Алдамчы, митаам. 2. *Өтм.* Шек, күмөн, чоочулаган.

Кан – уруунун, элдин, мамлекеттин баында турган башкаруучу адам.

Келде – баш.

Келме – ислам динин туткан адамдардын кудайдын бирдигин, Мукамбет анын элчиси, өкүлү экендигин, ырастоо, моюнга алуу, ага ишенгендигин айгинелөө үчүн атайын айтылган формула: Ла иллахи иллалла, Мухаммед Расул Алла – Бир Алладан башка Алда жок, Мукамбет Алданын элчиси.

Керээз – өлгөн адамдын артында калган жакындарына калтырган кеңеши, акыл-насаат, өтүнүчү.

Керээт – алдын-ала туюуга, сезүүгө жөндөмдүүлүк.

Кетте – 1. Чоң, дардайган. 2. *Өтм.* Чоң, чоң иштеги улук.

Коло – дөңгөч, бир кертим карагай.

Күлду – бүткүл, бардык, бүт.

Күлүстөн – гүлдөй жайнаган, баралына келген, толукшуган.

Кыямат (тике туру, тирилүү) – 1. Диний түшүнүктө бүлүнүүчүлүктү, жер астын-үстүн болуп тиричиликтин, жашоонун бүтүүсүн, акыр замандын келишин билдирет. 2. *Өтм.* Оорчулук, өтө кыйын күн, алаамат, бүлгүн.

Кыбыла – Меке шаары тарап (кыргыздар үчүн батыш тарап). Намаз окуганда ошол тарапка карап окулат.

Мадал – жаныбар.

Мерсет – бала, тукум, туяк.

Мудаа – мыкты, сонун; тилек, сураныч, өтүнүч.

Мулуукө – тескери кыял, уятсыз, начар адам.

Мусулман – ислам динин туткан адам.

Мүнүшкөр//мулушкөр – куш таптоочу, саятчы.

Нар – бир өркөчтүү төө.

Нөөмөт//нөөбөт – кезек.

Падыша – мамлекет акими, кан; бир мамлекеттин башын жеке өзү кармаган адам.

Пашаа – бир элди, бир мамлекетти жеке бийлеген адам.

Сар – үрөй, ырай.

Согончогу канабайт – төрөбөйт, бала көрбөйт деген мааниде.

Так – падыша, кан отура турган орундук.

Таксыр – улуу даражалуу төрөм.

Тама – уруунун аты.

Теңир – 1. Асман, көк. 2. Кудай маанисинде.

Туяк – бала, тукум.

Өкө – ини.

Өлкөн – чоң, улуу.

Шайтан – 1. Азгыруучу азезил. 2. *Өтм.* Тентек, тек турбаган, жинди.

Ынахам – ыйгаруу.

Эшитүү – угуу.

КЫЗ САЙКАЛ

(Орузбай
Урмамбетовдун
айтуусу боюнча)

«КЫЗ САЙКАЛ» – БААТЫРДЫК ЭПОС

«Манас» баштаган эпостордун, поэмалардын жаралышы, алардын көркөм мурас катары калыптаныш процесси узак мезгилди басып өткөн. Ар бир айтуучу же жаратуучу элдин өткөндөгү тарыхын, жашоо образын гана чагылдырбастан, анын келечегин, умутун, кыялын берүүгө аракет жасашкан. Көркөм мурастар элдик идеяны чагылдыруучу негизги курал болуу менен бирге тарбиялык зор маанииге ээ.

Кыргыздын нукура элдик эпикалык чыгармаларынын ичинен «Кыз Сайкалдын» окуясынын көп тармактуулугу, кенендиги, эпикалык мүнөздө берилиши, каармандардын эпикалык образдарынын сүрөттөлүшү, көптүгү (102 каарман катышат) көркөмдүк өзгөчөлүгү жагынан кенже эпос деп айтууга толук негиз бар. «Кыз Сайкалдын» жанрдык мүнөзүн аныктоодо көптөгөн окумуштуулар кенже эпос деп жүрүшөт. Мисалы, белгилүү окумуштуулар К.Артыкбаев[1], С. Кайыпов[2] жанрдык жактан эпос деп аныктама беришкен. Чындыгында, ушул типтеги чыгарма болгон «Жаңыл Мырза» да эпос делип жүрбөйбү. «Кыз Сайкал» эпосунун сюжети толугу менен эпос жанрынын жүгүн көтөрө алат.

---

[1] *Артыкбаев К.* «Сөз баккан жигит». «Кыргызстан маданияты», 1967, № 7, 17-февраль.

[2] *Кайыпов С.* «Кыз Сайкал» макаласы. «Манас» энциклопедиясы. 1-китеп. – Б., 1995, 367-бет.

Эпостун бир гана варианты бар. Айтуучу Оруз-бай Урмамбетов 1975-жылы «Кыз Сайкал» эпосун Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусуна тапшырган.[1] Эпос жөнүндө айтуучу мындай дейт:

«Кыз Сайкалды» мен жазуудан мурун көп кишиден уктум. Алгачкы окуясын ыр аралаш кара сөз менен 1947-жылы Ак-Суу районундагы Кайырма-Арык деген жерден Кайдуу раматылык кишиден уктум эле. Андан кийин биздин айылдагы Акматаалы абам айтчу эле, айрыкча Манас менен Сайкалдын кезигүүсүн. Өзүм да окуяны башынан аягына чейин элге айтып берип жүрчүмүн, азыр да олтура калган жерде Кыз Сайкалдан баштап калсам кызыгып угушат. Кыз Сайкалды кагазга 1969-жылы түшүрүп бүткөмүн, бирок толук эмес эле. Кийин толук жетик кылып бүттүм го деген ойго келдим, эски жазуумду көчүрүп чыктым. Мындан башка Кыз Сайкалдын окуясын Чүйдөн, Ысык-Көлдөн, Тянь-Шандан да уккамын.[2]

Демек, «Кыз Сайкал» эл арасында кеңири айтылган чыгарма. Аны өз алдынча чыгарма катары кагаз бетине жалгыз О. Урмамбетов түшүргөн.

Эпикалык традицияны өздөштүрүү жеңил-желпи иш эмес. Мында элдин тарыхын, этнографиясын, тилин, рухун, духун, сөз казынасын тереңден таанып билүү зарылдыгы турат. Элдик оозеки чыгармаларды айтуучулардын төкмөлүк-импровизатордук салттарын В. В. Радлов өзүнүн «Эпической поэзии и фольклора тюркских народов Сибири и

---

[1] КРУИАнын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. (Мындан ары инв. номери гана көрсөтүлөт). Инв. № 686 (5324) Бир чоң жалпы (общая) дептер кол жазма. 311 бет. Чыгарма 4324 ыр сабынан турат. Кара сөз аралаш айтылат.

[2] Инв. №686 (5324).

Средней Азии»[1] *деген изилдөөсүндө кеңири изилдеп, айтуучулук – бул чыгарманы кайрадан жаратуучулук экендигин түрдүү фактылык материалдын негизинде далилдеген.*

Эпикалык жанрдагы баатырдын төрөлүшү, анын тез чоңоюшу, курал-жарагы, минген аты, казатка даярдыгы, казат алдындагы кеңеш, согуштун жүрүшү, элдин, жоокерлердин жалпы абалы, баатырларга мүнөздүү көрүнүштөр, жылкы тийүү, кыздын сулуулугу, баатырдыгы, боз үйдүн көрүнүшү, тойго камылга, той, андагы улуттук оюндар, баатырдын өлүмү, аны акыркы сапарга узатуу, аш, табияттын көрүнүшү сыяктуу салттык мотивдик элементтерди ар бир айтуучу өз алдынча баяндап, жекече чыгармачылык өнөрканасында ишке ашырат. Бирок дайыма эле жогорку деңгээлде жаралат деп айтууга болбойт Кээде чоң таланттардан үлгү алып, элдик бай казынадан сугарылса да үлгүлүү вариант, олуттуу чыгарма жаралбай калган учурлар кезигет.

О.Урмамбетовдун «Кыз Сайкалындагы» окуя «Манас» эпосунун сюжеттик өзөгүнөн алынган. «Манас» эпосунун окуяларынан алынган «Багыш», «Кан Кошой», «Толтой», «Билерик» эпостору, ошондой эле окуясы бир мезгилде өнүккөн «Эр Төштүк», «Жолой кан» эпостору да өз алдынча чыгарма катары кыргыз фольклорунда алган орду бар. Минтип чыгармадан чыгарма жаратуу түркмонгол элдеринин, айрыкча чыгыш элдеринин фольклорунда («Тотунаме», «Миң бир түн») көп кезигет. Муну канатташ элдердин адабий мурастарындагы салттуу көрүнүш, өзүнчө бир ыкма десек болот.

«Кыз Сайкал» эпосунда окуя тээ алыстан башат алып, нойгут уруусунан чыккан Карача кан-

[1] *Радлов В.В.* В кн. Образцы народной литературы тюркских племен. т. I. Ч, I. СПВ. 1866.

дын кытай, калмактан келген жоолордон элин сактап, чеп куруп, жоокер курап, хандык милдетин адал моюндаганын баяндоодон башталат. Чыгармада элдин бирде тынч, бейпил, бирде чаңы асманга сапырылган согуштук жоокерчилик турмушу, жаратылыштын кооздугу реалдуу сүрөттөөгө алынган.

Ошол жоокерчилик замандын шартында кимдин байлыгы көп, аскери күчтүү болсо экинчи бир элге кол салып, үстөмдүк кылып турганы маалым. Кытайдын Алакө[1] деген канынын алтымыш уулунун бири, ашкан бай, аскери мол Сагда кан нойгут, калмактарга кол салып, калмак кандары Улаң, Ушаңды баш ийдирип алат. Кооз жерине, байлыгына кызыгып нойгут Карача канга Догур деген белгилүү баатырын 25 миң колу менен жөнөтөт.

Эчен мыкты эр өлүп,
Эрдемсиген шер өлүп,

ат өлүгү менен эр өлүгү тоо болгон, суу ордуна кан аккан кыргын жүрөт. Карача кан жеңет. Муну уккан Сагда жинденип, бир чети Карачадан чочулап, экинчиден, кан төгүлгөн согуш кылбай, Карачаны жөн сөзгө келтирүү аракетин кылып кат жазып, Улаңды он жигити менен Карачага жиберет. Анда Алтын-Күрөк, Баян-Жүрөк деген малга, жанга жайлуу жерлерин сурап, жана да калмактар кандай салык төлөсө дал ошондой салык төлөп, кол кайырбай баш ийгиле, болбосо кайрадан согуш баштап, элиңди чаап кыргын салам деп жазат.

Карача эли, кеңешчилери менен акылдашып, «ансыз да чоң кыргындан кийин алсырап турган элди бөөдө өлүмгө түртпөйлү. Сураганын берип, чыр-чатаксыз жашайлы» деген чечимге келишет. Сагданын айтканына көнүп, көптөгөн жылдар бою алык-

[1] «Манас» эпосундагы Алооке «Кыз Сайкалда» Алакө, Алакөө деп айтыла берген.

салык төлөп турат. Ошентип, кытай Сагда Алтын-Курөк, Баян-Жуурөктөй кооз жерлерди ээлеп, каалагандай шапар тээп, кара өзгөйлүгү ашынып, салыкты каалагандай алып, элди кыйноого салат.

Эпостун жалпы көлөмүнүн үчтөн бир бөлүгүн кыз Сайкал төрөлгөнгө чейинки окуялар, тактап айтканда, Карача кандын айланасындагы окуялар түзөт. «Кыз Сайкал» эпосунун жалпы сюжетин үч бөлүккө бөлүүгө болот. Биринчи, Карача кандын окуясы. Экинчи, Сайкал төрөлүп, эр жетип, баатыр кыз аталып, кытай, калмактар менен согушуп, атасынын өчүн алып, элин биримдикте, эркиндикте кармап, кан Сайкал атыгып, жаамы журтка тааныылышы. Үчүнчү бөлүгү, Сайкал менен Манастын сайышы, акыреттик жар болуп, Манасты акыркы сапарга узатышы.

Көп жылдар бою төрөлгөн балдары токтобой, бала дегенде ак эткенден так эткен Карачанын Зуурабүбү аттуу зайыбы кош бойлуу болот. Эпикалык салт боюнча байыркы мотивдерден болгон баласыздык жана түш көрүү мотиви чыгарманын өзөктүү окуяларын баяндоодо негизги ролду аткарган. Сырткы душмандардын запкысынан жабыр тартканбаласыз кан аялынын көргөн керемет түшүн жорутуп, кубанычка батат. Баатырдын типологиялык образын берүүчү белгилер, өзгөчөлүктөр тууралсында бала бойго бүткөндөн баштап эле айтыла баштайт. Зуурабүбүнүн ай-күнү жетип, кыз төрөйт. Нариете жөн кыз эмес.

Кежигеде жалы бар,
Как соруда калы бар.
Кыз болуучу өңү жок,
Уул баладай түрү бар.
Оозун ачып ыйласа,
Баркылдаган үнү бар,

эр жигиттен артык, баатыр болчу белгилери менен жарык дүйнөгө келет. Кайраты кетип, кары-

лык башына түшкөндө перзенттүү болгон Карача: «Кыз болсо да чунагым аман болор бекен» – деп жаратканга жалбарат.

Айтуучу О. Урмамбетов чыгарманын негизги каарманы болгон Сайкалдын образын берүүдө фольклордо кезигүүчү, тактап айтканда, эпикалык образга таандык болгон мотив, көркөм каражаттарды чебер колдонгону айкын көрүнөт. Сайкал жашынан тентек чыгып, өзү куракту улардан акыл-эс, кара күч жагынан артыкчылык кылып, тегерегиндеги балдар менен кармашып, бүлүк салат. Токмок жеп калган баланын энеси:

Как баш кандын кызы – деп,
Бүт кырылып эркеги,
Аман жүрөт ушу – деп.
Ээнбаш өсүп, ээ бербей,
Балдардын баарын урат – деп.
Тирүү жүрсө шуркуя,
Акыры бирди кылат – деп, –

каргап шилеп, Карачага тил тийгизет. Кан биринчиден, кызынын тегин эместигин байкап, экинчиден, тентек кызды алаксытып, сыртка көбүрөөк алып чыгайын деп эркекче тарбиялап, өзү менен кошо ууга алып чыгып, мергенчиликтин жайын, курал-жарактын, жоокерчиликтин сырын үйрөтө баштайт. Баатырларга мүнөздүү (эркекпи, кызбы баарында кезигет) бала кезиндеги тентектиги эпикалык чыгармаларда өзүнчө салт катары кезигет да, каармандын башкалардан өзгөчөлүгүн бекемдейт.

Сайкалдын «Карачанын Кыз Сайкал» атка конушуна он бешке жашы толуп, өз алдынча ит агытып, куш салып жүргөндө, беш кызды аттары менен кошо чалып салган эки жолборсту камчы менен чаап салышы, Карычал байдын ашында эр сайышка чыгууга киши табылбай, кыргыз, казактын намысын талашып, кытайдын Зарун каны-

нын Кежир аттуу балбанына жекеге чыгып сайып түшүрүшү, андан кийин отуз жыл бою:

Көңүлү сүйгөн жерди алып,
Санагы жок мал алып,
Алтын күмүш зар алып

жүргөн Сагда кандын жосунсуз жоруктарын Шерик аттуу балбандан угуп, ыңгайлуу жагдайды күтүп жүргөн Сайкалдын кезектеги салыкты жыйноого келген кытайлардын сазайын колуна бериши. Зарундун көп колу менен Сайкалдын колунун кырчылдашкан беттешүүсүндөгү Сайкалдын жеңиши сыяктуу көптөгөн баатырдык эрдиктери себепкер болот.

Кыз Сайкалдын баатырдыгы жөнүндөгү кабар төгөрөктүн төрт бурчуна угулат. Доргу, Ушаң, Улаң сыяктуу калмак баатырлары да Сайкалга тең келе албай, же өздөрү да ич ара бириге албай, аргасыз чачырай баштайт. Ушаң айласы кеткенде Сайкалдын алдына келет. Эл баатыры акылга салып, биринчиден, элди кырып жер тозутпай, экинчиден, атасы менен жашташ кары кишини сыйлап:

Карыган эмес жаш болсоң,
Калмак элге баш болсоң,
Кесет элем башыңды,
Көлдөтөт элем жашыңды,
Чаңдатат элем жериңди,
Чабат элем элиңди, –

деп «алдыңа келсе атаңдын кунун кеч» дегендей Ушаң менен жөн-жай кепке келет.

Айтуучу Сайкалдын образын берүүдө ар бир эпизоддук окуялардын берилишин, чечилишин бири-бирине окшоштурбай, каармандыү түрдүү кырдаалдан алып көрсөтөт. Жалаң эле Сайкалдын эрдигин көтөрө чаппай, анын каршылашынын да баатырдыгын, өткүрлүгүн белгилейт. Терс каармандын об-

разы аркылуу Сайкалдын асыл сапаттарын ачып берүүгө аракет кылат.

Арадан убакыт өтүп, Карача кан картаят. Далай электен өтүп, сынга толгон кыз Сайкал атасынын ордуна кан болуп «Кан Сайкал» атка конот. Атасынын көзү өткөндө чоң урмат, сый менен зыйнатына туруп, акыркы сапарга узатат.

Кыз Сайкалдын Манас менен таанышуусуна өбөлгө түзгөн окуя бул – Эр Кошой менен Сайкалдын жолугушу. Эр Кошой кол салган Сагда канды жеринен кууп чыгат. Кошойдон куугун жеген Сагда Сайкалды көздөй жөнөйт. Артынан Кошой, алдынан Сайкал чыгып көптөн бери көкөйгө тийген душманды биротоло талкалашат. Кыз Сайкал Катагандын кан Кошойду сый-урмат менен тосуп, аздектеп коноктойт. Кошой баатырды кыраакы кыз сынап:

Катаганды кан Кошой,
Кыргыздан чыккан эр экен.
Адамдан артык турпаты,
Анык туулган дөө экен.
Карылыгы болбосо,
Катагандын Кошойго,
Тийип алчу неме экен –

деп, баатырдыгын, мырзалыгын баалайт. Ушул окуядан кийин «Кыз Сайкал» эпосунун «Манас» эпосу менен түздөн-түз байланышы бар бөлүгү башталат. Белгилей кетчү нерсе, айтуучу О. Урмамбетов Кыз Сайкалдын Манаска жолукканга чейинки окуясын абдан кызыктуу, кеңири иштеген. Сайкал Манас менен сайышка түшкөн кезде бир элдин каны, эрдиги, баатырдыгы жаамы журтка белгилүү, сүйлөсө сөзү тең, күрөшсө күчү тең баатыр кыз болгон.

Айтылуу Көкөтөйдүн ашында Манас балбан күрөшкө киши таппай, Кошойду чыгарат. Кыз Сай-

калга кабар жетпей, ашка барбай калат. Ошондо Кошой Сайкалдын келбей калганына арман кылып:

Айбаты ашкан эр эле,
Ургаачы жолборс дээр эле.
Карача кандын кыз Сайкал,
Кыйындык башка иш түшсө,
Жарай турган неме эле –

деп, анын баатырдыгын, шердигин, аруулугун, сулуулугун узун сабак кеп кылып өтөт. Кыз туурасындагы кабарды жүрөгүнө багып калган Манас, аш өткөн соң Бакайга жол баштатып, Алмамбет, Чубак, Сыргак, кырк чорону жанына алып, Кыз Сайкалды көздөй жол тартат.

Сайкал менен Манастын беттешүүсү, сайышы жөнүндөгү эпизод «Манас» эпосунун негизги варианттарынын бардыгында айтылат. Кыз Сайкал С.Каралаевдин вариантында нойгуттун каны Карачанын, С.Орозбаковдун вариантында калмак каны Карачанын (лакап аты Каткалаң) кызы.

С. Орозбаковдо Манас Текес кан менен беттешип жеңет. Туу көтөрүп, кан шайлоо үчүн эл арасынан ылайыктуу киши тандашат. Токсон миң үйлүү эли бар, жашы сексенге жетип калган Карачаны кан шайламак болушат. Ошондо Сайкал:

Өкүмдөн жутап калгандай,
Өлүп калган Текестин,
Тоноп тонун алгандай,
Жакшы болбос мунуңуз[1] –

деп, атасынын кан болушуна каршы чыгат. Текестин иниси Тейиш кан көтөрүлүп, чоң той берет. Тойдогу салтанатта түрдүү улуттук оюндар ойнолуп, эр сайышка ар улуттун өкүлдөрү чыгып, эл

[1] «Манас». С. Орозбаков /С. Мусаевдин редакциясы менен даярдалган академиялык басылыш / III китеп. – Бишкек, «Кыргызстан». 1995-ж. 93-бет.

намысын талашат. Казак, калмак биригип бир баатыр чыгармак болуп, эр сайышка Сайкал чыгат. Атагы далайга кеткен баатыр кызга эч ким бет келип чыга албай коёт. Бакай: «Катындан качкан не жорук, туулбай кал» – деп сүйлөнүп, канча айтса да эч киши укпайт. Түш оогондо Манас:

Туубай калсын баарыңды,
Сайыштырып катынга,
Кетирдиңер арымды[2] –

деп өзү чыгат.

«Далайды кырып баш ийдирип, кылымга аты угулган кыргыздын кыйынын окус кылайын, кыргыздын журтун кырайын» – деп кыз Сайкал эр сайышка кирет. Беттешүүдө Манасты Сайкал аттан оодара тартып сала жаздаганда, Акбалтанын Чубагы «эңиш эмес, сайыш» деп Сайкалдын атынын башына чаап өтүп, Манасты жөлөп алып калат. Сайыштын акырына чыкпай, Сайкал баш тартат. Сайкалды кайра сайышка чакырып, «Же жеңилбей же жеңбей кетпейм» деген Манасты: «Казак, калмак жыгылдык, алдың намыс акыр» – деп, араң кепке келтиришет.

Андан кийин кыз Сайкал,
Айкөл Манас баатырдын,
Көрүнбөдү көзүнө.
«Нак ушуну алам» – деп,
Манастын кетти эсине[2].

Мында көрүнүп тургандай Манас Сайкалды жеңе албай калат, башкача айтканда, Манас менен Сайкалдын сайышы акырына чейин чыкпай, Сайкал сайыштан баш тартат. Айтуучу подтекст-

[1] Ошондо, 99-бет.

[2] «Манас». С. Орозбаковдун варианты. III том // С. Мусаевдин редакциясы менен даярдалган академиялык басылыш. – Б., «Кыргызстан». 1995-ж., 109-б.

те «Манастын айбатынан жүрөксүгөн Сайкал экинчи ирет чыкпай коёт» деген ойду берет. Оюндун шарты боюнча баш тарткан жан жеңилген болот.

Саякбай Каралаевде Сайкал менен Манастын беттешүүсү туурасында экинчи бир эпизоддук окуяда эскерүү формасында берилет. Манас баатыр Бээжинди менден жашырып жүрүпсүң деп Алмамбетке таарынычын айтат. Алмамбеттин далай кыйын кезеңдерде намыска жарап, чын дилинен кызмат өтөгөнүн, анын ичинде

Алтынын талап алам – деп,
Карача кандын кыз Сайкал,
Олжого тартып алам – деп, –

Манас Бакайды баш кылып Чубак, Сыргак, Алмамбет, кырк чоросу менен кыз Сайкалдын жылкысына тиет. «Адамдын сырттан кыз Сайкал» чууну салып:

Баарысын сайды кыйратып,
Ошондо, кызыл айза, курч болот,
Кынап бердиң Алмамбет,
Алтымыш күнү атышка,
Жалгыз мага кошулуп,
Чыдап бердиң Алмамбет –

деп, Манас баатыр өткөндү эскерип, бирок ичинде жашырган сырыңды билбептирмин деп Алмамбетке катуу каарын төгөт[1].

С. Каралаевдин вариантындагы Сайкал менен Манас туурасындагы эпизод менен «Кыз Сайкалдагы» эпизод үндөшүп турат. Сайкал ат үстүнөн Манасты көтөрүп алып, кайра ойлонуп:

---

[1] «Манас». С. Каралаевдин варианты // А. Жайнакованын редакциясы менен даярдалган академиялык басылыш. – Бишкек, «Шам» басмасы, 1998, 581-б.

Кыргыз элдин шери экен,
Ачуум менен ыргытсам,
Кыргыздын бели сынат – деп,
Калжайып калган экен – деп,
Кабарын укса кытайды,
Кайрадан кудай урат деп[1]*, –*

атка отургузат. Манас эсин жыйнап, каары кайнап, чындап күчүн жыйнап, Сайкалды ат үстүнөн эңип алып кетет.

Багыш Сазан уулунун айтуусунда Манас менен Чубак нойгут кызы Сайкалдын Текеликтеги жылкысына тийип айдап бара жатканда, артынан Сайкал жетип барып чатак салат. Манас менен жекеме-жекеге чыгат. Мында да Манас жеңиле жаздап, Чубактын жардамы менен Сайкалды араң жеңет[2]*.*

«Манас» эпосунун Ош областынын Ноокат районунан (Ч.Сыдыковдон) жазылып алынган «Манастын эр Көкчө менен урушу» деген эпизодунда Манас кырк чоросу менен Көкчөгө бара жатып, өргүп жатып калышат. Кытайлардын кыз Сайкал келип, кырк чоронун аттарын айдап кетип калат. Манас кубалап жетип, Сайкал менен сайышат[3]*.*

«Манас» эпосундагы Сайкал туурасындагы эпизод эки традициялык учурду көрсөтөт. Биринчиден, Манас менен Сайкалдын кармашуусу же сайышы, экинчиден, Сайкалдын жеңилип, акыреттик жар болушу. Бул мотив жогоруда айтылгандай ар бир вариантта ар түрдүү турмуштук кырдаалда, ар кандай мүнөздө берилген.

Эпикалык каармандын үйлөнүшү туурасында салттык эпизод же мотив ар түрдүү окуялардын

---

[1] «Манас». II китеп. С. Каралаевдин варианты. – Ф.: Кыргызстан, 1986-ж. 230-б.

[2] Багыш Сазан уулу. Инв. № 579 (1080).

[3] *Абдылдаев Э.* «Манас» эпосунун историзми. – Ф., 1987, 24-б.

өнүгүшүнүн бардык баскычтарында жолугуп, таталал конфликти, күчтүү ситуациялык абалды түзөт да окуянын андан ары өнүгүшүнө же кульминациялык чечилишине өбөлгө болот.

«Кыз Сайкал» эпосунда баатырдык үйлөнүү мотиви Сайкал менен Манас туурасындагы эпизоддо күчтүү берилген. Сайкал жылкысына тийген Манастын кабарын угуп, «боконо сөөгү болк этип, бүткөн бою солк этип:

Ачылып күлүп, бүлүнүп,
Тилекти кудай берген экен, –

деп сүйүнүп», Манаска чоң кайрат менен барайын, жылкыма тийген эренге бир тамаша салайын деп, акыл-эсин жыйнап, даярданат. Ошол түнү түшүндө колуна Буудайык куш келип конот.

Бутуна таккан боо эмес,
Томого жок башында.
Туурга конбой чаркырайт,
Айнектей көзү жаркырайт.
Алтындан боосун тактырбайт.
Томого салса каттырбайт.

Ал аңгыча колундагы куш күн батышты көздөй учуп кетет.

Келечекте боло турган ишти кабарлоочу, белги берүүчү түш көрүү мотивин айтуучу орундуу пайдаланган. Көргөн түшүнөн көңүлү кирдеп, эмне болсо да тагдырдан көрөрмүн деген кайрат менен Манаска жөнөйт.

Манас Сайкалдын жылкысына тийип, бул чатактан кийинки беттешүү эпосто бир топ курч чагылдырылат. Жылкыга тийүү менен өзүнүн каршылашына чакырык (вызов) жасайт. Көңүлүн бурат. Жылкысынан, унаасынан ажыраган тараптын же элдик баатырдын душман артынан кубалап, өч алуусу жоокерлик замандагы турмуштук зарылдык-

тан пайда болгон көөнө мотивдерден экенинде талаш жок.

Түрдүү баатырдык ыкма билген, кара күчү Манастан кем болбогон Сайкал, Бакай, Чубак, Сыргак, кырк чорону сайып, бардыгын чаң тополоң кылат. Жекеге чыккан Манасты да жыга турган болот.

Айкөл шер барат кейкейип,
Ээрден көчүк кыйшайып,
Сайкалды көздөй эңкейип.
Ошондо баатыр кабылан,
Алдырып ийсем өлдүм – деп,
А дүйнө жайды көрдүм – деп –

ачуусу келип, жолборстой түйүлүп, каны дургуп чыгат. Сайкал өзүнчө ойлонот:

Бул кылышым бекер – деп,
Аттан алсам Айкөлдү,
Ааламга бул сөз жетер – деп.
Мен кара бет Сайкалды,
Журт маскара кылат – деп,
Кыраанын аттан түшүрсөм,
Кыргыздын бели сынар – деп, –

«ак көңүлү кош тартып, кур кармаган колун бош тартып», «Манастын жеңишине шарт түзөт. Баатыр Манас намыстана түшүп, алп күчүн бүт жыйнап:

Эңкее түшүп Эр Манас,
Эп дегизип Сайкалды,
Эңип алды Эр Манас.
Чын күчүнө салганда,
Жеңип алды Эр Манас.

Манас менен Кыз Сайкалдын сайышы, Сайкал Манасты жеңип ала жаздап, араң дегенде Манастын жеңишке жетиши «Манас» эпосунун вариант-тарында да «Кыз Сайкал» баатырдык эпосунда

да туруктуу атылып, урунттуу жана кызыктуу окуя болуп эсептелет. Айрыкча, «Кыз Сайкалда» өзгөчөлөнгөн, кульминациялык эпизод болуу менен чыгарманын мазмундук жана көркөмдүк касиет сапатын тереңдетип турат.

Манастын Кыз Сайкал менен сайышынын себебин Кыргылчалдын Каныкей менен Чубактын байланышы бар деген ушагынан улам: «Аялым Каныкей начар чыкты, үстүнө Карачанын Кыз Сайкалын алам» – деп атайын издеп барат. Бул Манастын эки аялы жакшы чыкпай, анын үстүнө олжо катын болуп, кийин Каныкейди ак никелеп алып, анын артынан ушак чыкканынан улам Манаска тең аял издөө үчүн өрчүтүлгөн окуя болгонун окумуштуулар изилдөөлөрүндө белгилешкен[1].

Манас Сайкалдын ордосунда кырк күн өргүп, оюн, тамаша менен убакыт өтөт. Баатырдын жолго чыгар кези келип, кыз Сайкал:

Айкөлүм Манас ала кет,
Ат берейин энчилеп.
Атайын берген тартуум бул,
Ардагыңа энчилеп, –

деп болочокто төрөлө турган уулуна кызыл буурул, тулпар чыкма тай берет.

Сайкал Семетейге тартуулаган Тайбуурул жана Сайкал туурасында «Каныкейдин жомогунда» Каныкей тарабынан кеңири баяндалат. Тайбуурул кайыптан туулган тулпар. Аны Каныкей ырымдап эч кимге көрсөтпөй багат. Каныкей өзүнүн жомогунда Семетейге Тайбуурул он эки жылдан бери ээсин күтүп жүргөнүн, Чалкуйрук, Аккула, Алгара, Кулансур, Телкүрөң сыяктуу тулпар аттардан өй-

---

[1] «Манас». С. Каралаевдин варианты//А. Жайнакованын жалпы редакциясы менен даярдалган академиялык басылыш. – Б.: «Кыргызстан», 1998; «Манас» энциклопедиясы, I китеп. – Б., 1995.

дө турган, теңдешсиз тулпар экенин саймедирейт[1]*. Ошентип, Манастын Сайкалды жеңишин, Сайкалдын акыреттик жар болушун көөнө салттык мотивдердин эпосто кеңири чагылышы деп карайбыз. Чыгарманын контекстинде Сайкалдын Манасты жеңип алсам «Кыргыздын бели сынат» деп, бир чоң элдин ар-намысын ойлоп, өзүнүн аялдыгын унутпай, баатырдык намысын экинчи планга койгону окуяны курчутуп, философиялык, турмуштук реалдуу маанисин тереңдеткен. Экинчиден, кыз Сайкалдан жеңилсе Манас, Манас болбой калат эле. Бул айтуучулардын тапкан чебер табылгасы. Андан ары Сайкал: «Каныкейге күнү болуп баруу уят» – деп айтканы менен чындыгында, Сайкалдын жеке адамдык, аялдык бактысы да негизги маселелердин бири. Ошого карабай Сайкал кандык, баатырдык даражасын төмөндөтүп, бактысын бирөө менен бөлүшүп, күнү болуп жашагандан баш тартат. Ошол эле учурда канышаны сыйлап: «Каныкейге күнү болбойм» – деп, кызга таандык сыпайыкерчилик, адамкерчилик көрсөтүп жатат. Каныкей менен тайлашуу орунсуз деп түшүнөт. Манас кан болсо да ага токол болуу баатыр кыз, бир элдин каны – Сайкал үчүн намыс сезилет. Анткени менен Манастан ажыроо, аны менен жарык дүйнөдө өмүр сүрбөө Сайкалдын чоң трагедиясы. Айтуучу О.Урмамбетов мына ушундай психологиялык кайрыктарды подтекстте берүү менен кыз Сайкалдын толук, салмактуу образын жаратууга жетишкен.*

Сайкалдын лирикалык образы да поэмада аялзатынын назиктигин, сулуулугун мүнөздөгөн символдор, эпитет, салыштыруулар аркылуу берилген.

Кайраттуу кара чачы бар,
Капкара болгон кашы бар.

---

[1] «Семетей». С. Каралаевдин варианты. I китеп. – Ф.: «Кыргызстан», 1987. 177-б.

Жууруп бирөө койгондой,
Жумуру болгон башы бар.
Кежигеде жалы бар,
Как сооруда калы бар.

* * *

Тайгаланат суу жукпай,
Уздай аппак этинен.
Нур төгүлөт бетинен,
Каухардай жанып жалындап,
От чагылат көзүнөн.

* * *

Узун мойну койкоюп,
Уюткан кыттай олчоюп.

* * *

Токмоктой болгон кара чач,
Аркасына төгүлүп.
Короздой мойну койкоюп.

* * *

Көк сеңир тоодой көрүнүп.

* * *

Асмандагы жылдыздай
Ак булактын суусундай[1].

Кыз Сайкалдын эпикалык образын О. Урмамбетов «арстан», «жаш жолборс», «бала жолборс», «шер», «берен», «баатыр», «кан Сайкал», «эр Сайкал», «долу», «эл башы» деген гипербола, эпитетер менен берсе, С. Орозбаков «заары катуу», «каары катуу», «айбаты катуу», «жаалданган», «күркүрөгөн», «долу» деп баатырдык катаал мүнөзүн,

[1] Инв. № 686 (5324) «Кыз Сайкал». О. Урмамбетовдун варианты.

Акак тиштүү, койгон каш,
Жазы маңдай, түймө баш,
Ак-кызылы бөлүнгөн,
Айнектей көзү көрүнгөн.
Нурдуу кызыл бети бар,
Уздан аппак эти бар.
Короз моюн, кобул кол,
Атаны сонун сулуу бол![1] –

деп, сырт келбетин сүрөттөйт.

Кыз Сайкалдын образы – аялдардын сулуулугун, назиктигин, баатырлыгын, чечкиндүүлүгүн, акылын, сарамжалдуулугун даңазалаган, жалпыланган көркөм эпикалык образ. «Манаста» да, «Кыз Сайкалда» да Сайкал элин, жерин сырткы душмандардан коргоп, элдин биримдигин, көз карандысыздыгын жана өзүнүн аялдык намысын сактаган баатыр кыз, эл башында турган кан катары сүрөттөлөт. «Кыз Сайкал», «Баатыр Сайкал», «Кан Сайкал» аталып, Сайкалдын образынын эволюциялык өсүшүн көрсөтөт.

Эпосто Сайкал менен Манас акыреттик жар болуп ажырашкан күндөн тартып «арадан бир топ жыл өтүп», Манастын өлгөндүгү туурасында Каныкейден кабар келет. Кабарды Ажыбай деген чабарман кан Сайкалга жеткирет.

Айдай болгон эки бет,
Аткып, аткып алды эле.
Айкөл Манас шерим – деп,
Акыреттик эрим – деп,
Ай айланбай жедим – деп –

оозунан жалын чыгып, көзүнүн жашы талаалап, «кош бөйрөгүн таянып, кошогун айтып» отуруп калат. Калайык акыл кошуп, эр Манастын жери-

[1] «Манас». С. Орозбаковдун варианты. /С. Мусаевдин редакциясы менен даярдалган академиялык басылыш. III китеп. – Б.: Кыргызстан, 1995. 93, 100–109-беттер.

не жөнөө зарылдыгын айтышат. Ошондо кыз Сайкал «Чал Буурулду баш кылып, алты жүз жылкы айдатып, алтымыш адам кошо алып», кең Таласка барып, кылкылдаган эл менен кошо кайран баатырды акыркы сапарга узатат. Алтымыш күнү Каныкей менен бирге зыйнатына турат. Кыз Сайкал өз жерине келгенден кийин:

Айкөл сенден ажырап,
Бул жүрүшүм бекер – деп.

А дүйнөлүк Манаска,
Зайып болуп калган – дейт.
Кайгы толуп ичине,
Майып болуп калган – дейт.
Кай кеткени билинбей,
Кайып болуп калган – дейт[1].

Ушундай трагедия менен эпостун окуясы аяктайт.

Манасты акыркы сапарга узатууга Сайкалдын барышы туурасындагы эпизод «Манас» эпосунун С.Озбаков айткан вариантында айтылбайт. Келгендердин ичинде Сайкалдын аты гана аталып өтөт.

С. Каралаевде Манас өлөр алдында Каныкейге керээзин айтып:

Карача кандын кыз Сайкал,
Убада кылган кеби бар,
Өлөрүндө кырк күнү,
Зыйнатыңа турам – деп[2],

акыреттик жар болуп антташкан Сайкалды чакырт дейт.

Кабарга барган Ажыбайды Сайкал сабап: «Манасың бир өлмөк түгүл, миң өлсүн, барбайм», – деп жолго салат. Бул кабарды уккан Манастын досу Көкбө-

---

[1] Инв. № 686. О. Урмамбетовдун варианты.

[2] «Манас». С. Каралаевдин варианты. II китеп. – Ф.: Кыргызстан, 1986. 230-б.

рүнүн уулу 12 жашар Коёнаалы Кыз Сайкалга барып, аттан эңип алып, Сайкалды сабап, айдап келет. Коёнаалы Сайкалга жээн болот[1].

Мында көрүнүп тургандай бул эпизоддо С. Каралаев окуяны курчутуп, өзгөчөлүк киргизген.

Семетейчи Ж. Кожеков айткан «Семетей» эпосунда Бээжинден жарадар болгон Манасты кыяматтык жар болууга антташкан Кыз Сайкал алып келет. Манас Таласка келип үч жыл туруп калат. Манастын жаратынан айыкпай турганын сезген Канықей менен Кыз Сайкал сарамжалын көрүп, Манастын тирүүсүндө күмбөзүн салдырып коюшат. Манас өлгөндөн кийин Кыз Сайкал менен Канықей кара кийип, азасын кылат[2].

Тоголок Молдодо Манас өлөр алдында жакындары менен бирге а дүйнөлүк жары Кыз Сайкалды да чакыртып, керезин айтат[3]. *Манас өлгөндөн соң Сайкал Канықей менен бирге кара кийип:*

Ашы-жытын бергенче,
Арманын айтып Кыз Сайкал.
Айкөл Манас султандан,
Калганын айткан Кыз Сайкал.
Манастан мурун өлбөй – деп,
Көзүн жашка толтуруп[4]

кошогун айтып олтурат.

Маркумду акыркы сапарга узатуу тууралындагы салттуу окуя «Манас» эпосунун бардык варианттарында, негизинен, окшош айтылып, айрым гана айырмачылыктар кезигет. Мисалдардан көрүп тургандай, Манас өлөр алдында Сайкалды атай-

---

[1] «Манас». С. Каралаевдин варианты. II китеп. – Ф.: Кыргызстан, 1986.

[2] Инв. № 17. «Семетей». Ж. Кожековдун айтуусунда.

[3] Инв. № 8. «Манас». Манастын кичи казаты. II бөлүм.// Т. Молдонун айтуусунда.

[4] Инв. № 16. «Манас» Т. Молдонун айтуусунда.

лап алдырган. Кээ бир варианттарда жана «Кыз Сайкал» эпосунда Манастын керээзи боюнча баатыр өлгөндөн кийин Канықей кабар берип алдырат. Кандай болгондо да Сайкал Манасты акыркы сапарга узатууга катышат.

Элдик баатырды жерге коюу, жоктоо, ашын берүү, күмбөз тургузуу сыяктуу салттык окуялар эпикалык чыгармаларда туруктуу түрдө орун алып, ага жакын адамдар гана катышат. Демек, душман маркумдун сөөгү кайда экенин билбесин, арбакты кордобосун, өлүктөн өчүн албасын деген ой менен сөөк койгон жерди өтө ишенимдүү адамдар гана билген. Манасты көмгөнгө да аз сандагы жакын, ишенимдүү адамдар барган.

Кыз Сайкалдын Манаска акыреттик жар болушу жана кайып болуп кеткендиги туурасында Манас изилдөөчү С. Алиев: «Кыз Сайкалдын Манастан жеңилип, ага акыреттик жар болушу, Сайкалдын күйөөсү бар экени айтылбагандыгы, Манас өлгөндөн кийин берген анты боюнча кайып болуп кеткендиги баатырдык эпосторго таандык салттык баатырдык үйлөнүү сюжетинин «Манас» эпосунда аталык-феодалдык коомдун бүлөлүк мамилелеринин жана түшүнүктөрүнүн нормаларына ылайыкталып өзгөртүлгөн түрдө да сакталгандыгын көрсөтүп турат»[1] – деп туура белгилеген.

Карачанын бир туган иниси Жараштын эгиз уулдары Айтууган менен Күнтууганды Сайкалдын тарбиялап жүрүшү Сайкалдын мурасчылары катары өөрчүтүлгөн окуя. Анткени Сайкалдын артында калып, элдин башында турчу мураскор керек болгон. Бул жоокерчилик замандагы турмуштук зарылдык.

Эми айтуучунун чыгармачылык өнөрканасы эпостун поэтикасы жөнүндө айтсак, О. Урмамбетов

---

[1] *Алиев С.* «Акыреттик жар» макаласы. «Манас» энциклопедиясы. I китеп. – Б., 1995. 73-б.

образдарды жаратууда, согуштук кырдаалды, кайсы бир жай окуяны баяндоодо, жаратылышты сүрөттөөдө керкөм сөз каражаттарын, тропторду пайдаланып, көркөм, элестүү, реалдуу берген. Мисалы,

Жаман үйдүн үзүгүн,
Жарты күнү ырдаган,
Жайсаң ырчы дагы бар –

деген туруктуу ыр түрмөгүн орду менен пайдаланып, образга конкреттүүлүктү берсе, «Он үчкө жашы келгенде бүт кыялы өзгөрүп, балалык түрү сезилбей, ар ишке көңүл болгоп, көзгө атар мерген, атка саяпкер, ар ишке талапкер, кушка мүнүшкөр, ыгы жок күлбөгөн, адам сүрдөгөн, эркек кийимин таштап, кашы керилген, чачы аркага өрүлгөн, кундуз бөрктүү, кулундай сындуу көрктүү, өң түспөлдүү, келишкен сулуу да болду» деген жорго сөздөрдөн Сайкалдын бойго жеткен курагын элестетүү кыйын эмес. Сөзгө бай, тили жатык, уйкаштыкты жыш колдонуп, ыр түзүлүшүнө көркөмдүк, ойго ырааттуулук берген. Же болбосо:

Жерге батпай күбүлүп,
Мөмөсү бышып шагынан.

Кекилик, кыргоол, коёнду,
Тезектен бетер териштн –

деген саптардан жердин байлыгын, аң-куштун көптүгүнөн тезектей тергендигин, ууда жүргөндөрдүн аныкмергендигин даана көрсөтөт. Ошондой эле түрдүү ыр формаларын, поэтикалык ыкмаларды колдонгондуктан, поэманын көркөмдүгү жогорулап, угуучуну өзүнө тартат, тажатма стилден оолак кылат.

Мөлтүрөгөн сен болсоң,
Бетиңе чыккан мең болсом.

Сен болсоң тоонун улары,
Мен болом чөлдүн тынары, –

деген саптар элдик ырдын нугуна салынып, лирикалык ыргак менен айтылат. Бул ыр саптары элдик ырларда да кездешет.

Жыйырма беш миң аскеринин өлгөнү өлүп, калганы дайнын билгизбей качып кеткенде Сагда кандын аскерин жоктоп:

Караңгыда адашып,
Тай жоголот дечү эле.
Үйрү менен жоо алып,
Мал жоголот дечү эле.
Колдон качып, боо тытып,
Куш жоголот дечү эле.
Жатка качып адашып,
Кыз жоголот дечү эле,–

деп айтканы замана поэзиясынын нускоо, үлгү ырларынын стилинде жазылган.

Албетте, элдик эпос көөнө сюжеттин нугунда айтылган менен профессионал адабияттын гүлдөө доорунда жаралып (жазылып) кээ бир учурда профессионал адабиятка ооп түшкөн учурлары да кезигет. Муну учурдун таасири катары кароо керек. Кандай болгон күндө да «Кыз Сайкал», «Гүлгаакы» сыяктуу дастандардын жаралышы эпикалык жанрдын катарын байытып, изилдөө иштерине өзгөчөлүк киргизет.

«Кыз Сайкал» эпосунун негизги идеясы – элдин биримдигин, эркиндигин сактоо, коргоо, баатырлыкты даңазалоо. Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза, Гүлгаакы, Кыз Дарыйка сыяктуу элден чыккан баатыр кыздардын эрдигин, аруулугун, сулуулугун санжыралоо.

«Кыз Сайкалдын» поэтикалык түзүлүшү өмүр баян түрүндө болуп, эпикалык чыгармачылыктын салтынан чыкпай, сюжетти цикл боюнча берүү формасы сакталган. Өз алдынча баатырдык эпос катары кыргыз фольклорунда алган орду бар.

Гүлбара. ОРОЗОВА, ф.и.к.

Байыркы өткөн замандарда кыргыз элинде нойгут уругунан чыккан Карача аттуу кан болгон. Ал адам Кең-Турпан тарабында калмак кандары менен чектеш, элин жоодон сактап бирде жеңсе, бирде жеңдирип, кытай, калмак кандары менен тынымсыз кармашып турган. Кээде кытайдан, кээде калмактан кол келип Карача кандын жанын тындырган эмес. Кең-Турпанды турак кылып, Жылгындуунун өзөнүнө чоң чек салдырган. Буга кытай, калмак усталарын алдырып дүйнө сарп кылган. Кең-Турпан жоонун да, кербендин да басып өткөн жолунда болуп пайдалуу жагы көп болсо дагы, бирде зыяндуу жагы да болгон, Карача кан көп бүлгүнгө учураган. Өзүнө коргон чеп салып, чек арасын тактап, жер-жерге кароолчу коюп, душмандан катуу сактанып, зор коопсуздукта турган жалпы кербен, элчи, жай адамдар кандын эсебинен өтүп, анан кийин жол алып, Карачанын аймагынан өтө алган. Карача кан акылдуу, кыраакы, айлакер дагы адам эле. Калмак кандары менен кагылышса да элчилери сактап, көп жылдар чыр-чатаксыз жашаган. Карача кан көп бала көрсө да, балдары токтогон эмес бул жагынан көп капага батып сакал, чачы агарган, өзүнө аскер башчы шайлап элден чыккан курбулаш баатырлардын ишенимин арбытып жоо камында мыкты турган, эл сыйлап, эл кадырлаган карыя болгон. Жердин алыстыгынан өзүнө катарлаш кыргыз, казак жана башка кандарга аты кийин гана угулган.

Ошондогу Карача кандын баяны:

Кең-Турпан деген жеринде,
Калың нойгут элинде.
Карача аттуу кан болгон,
Кабары журтка даң болгон.
Төрт түлүгү шай болгон.
Катылып келген душманы,
Айласын таппай жай болгон.
Кара калмак кытайга,
Аты чыгып нар болгон.
Жоо тийгизбей асырап,
Калкы өсүп сан болгон.
Акыл менен эл сурап,
Калкына камкор хан болгон.
Тарап келген уругу,
Айтылуу нойгут тукуму,
Кайып кандын бир уулу.
Ээлеп жаткан жерлери,
Ала-Айгыр, Лобнор, Үч-Турпан,
Текес, Күнөс, Жылгындуу,
Күрөө да буга караган.
Жылгындуунун оюна,
Кең-Өзөндүн боюна,
Ар элден уста алдырган,
Алтындан ордо салдырган.
Тегерегин чеп кылган,
Темирдей катуу бек кылган.
Төрт чарчы кылып салдырган,
Көргөндүн көөнүн талдырган.
Ар бурчунда мунара,
Бийиктигин сураба.
Күнүндө ачык, түнкүсү,
Дарбазасы жабылуу.
Кытай уста жасаган,
Мунаранын үстүнө,
Жез коңгуроо тагылуу.
Кароол коюп күн, түнү,
Кан ордосу багылуу.

Чек арада чеги бар,
Таш орноткон чеби бар.
Чек аралаш жерлерде,
Башы ачылбай, ээ чыкпай,
Талашта турган жери бар.
Алты дайра куюшкан,
Айтылуу Лобнор көлү бар.
Айланасын курчаган,
Улуу, улуу тоосу бар.
Бийигине токтобой,
Улар учкан зоосу бар.
Карачанын жеринде,
Куланы кумда ойногон,
Кабыланы күндүз жойлогон.
Кийиги малдай жайылган,
Өзөнү ташып сайынан.
Бадалдан басат маңкайып.
Бакандай мүйүзү арбайып,
Бугу-марал жаныбар.
Буттары узун тарбайып,
Аркар, кулжа, текеси,
Мүйүздөрү калжайып.
Калың токой чер болуп,
Карагай, кайың, талы бар.
Адам атын билбеген,
Дүрүйө чөптүн баары бар.
Төрт аяктуу, канаттуу,
Көрүп туруп көз тоёт.
Тоо, түзүндө жайнаган,
Нечен түркүн жаныбар.
Күкүгү сайрап таңшыган,
Безенип булбул балкыган.
Жалама зоонун бетинен,
Жай учуп барчын калкыган.
Уядан канат күүлөшүп,
Балапаны таңшыган.
Кара шынар, карчыга,

Шумкары көктө кайкыган.
Көк ирим дайра көлдөрдө,
Каз, өрдөк, ак куу чалкыган.
Ушул жерди жердешкен,
Ою менен ээлешкен.
Уругу нойгут эл экен,
Карача кандын калкынын,
Уюткусу дээр экен.
Кыргыздан башка бул элде,
Ооп келген казак бар.
Уйгур менен дунган бар,
Жери менен жер болуп,
Эли менен эл болуп,
Эзелден бери турган бар.
Азыноолак түтүн калмактар,
Карача калкын кургандар.
Карача кандын жанында,
Ары баатыр, ары шер,
Айлакер мыкты берендер,
Айтылган сөзгө чечендер,
Жампоз, Күрөң, Тели бар,
Серке, Тунжур шери бар.
Ал Карача каныңдын,
Тең курбусу ушулар.
Канча кызмат кылынат,
Тикесинен турушуп,
Ар акылын бүтүрөт.
Баатырлар кеңеш курушуп,
Карача кан баш болуп,
Эрикбесе жатышат,
Эриксе ордо атышат.
Шумкар салып, куш салып,
Ит агытып, из чалып,
Илбесин деп барышат.
Ченине душман жолобой,
Көп жылдан бери Карача,
Көңүлү ачык, көөнү шат.

Калың нойгут калкы аман,
Малы-жаны жалпы аман,
Бейкут жыргап жатышат.

Карача кан эч нерседен капарсыз жаткан кезде Ак-Тосор тоодогу кароолчу калмак ичин аралап чалып, укмуштуу катуу кабар алып келди. Бежинден Алакө* кандын 60 уулунун бири Сагда баатыр 70 миң кол менен жарактанып аттанып, кытайдын будунунан* бата алып, жолунан кезиккенди жайлап, жапайы кийикти малча айдап, сарамжалын сап кылып, дөөлөрүн сан кылып каптап келатыптыр. Алдынан эч жан айбат, кайрат кыла албай багынып бериптир деди.

Эмесе, ошол Сагда кандан кабар салалы:

Сагда кандын өзүнөн,
Аныктап кабар алалык.
Кытайлардын Алакө,
Андан кабар салалык.
Айбаты башка, заары күч,
Кандан кабар салалык.
Соорондиктин Алакө,
Кытайда кыйын кан эле.
Адамдан ашкан айлакер,
Амалы башка жан эле.
Ал Алакө каныңдын,
Алтымыш уулу бар эле.
Арасынан мыктысы,
Ар кайсы жерде кан эле.
Чоюкан эле тун уулу
Кайраты башка шер чыккан,
Сагда деген бир уулу,
Атасындай айлакер,
Баарынан кыйын тың уулу.
Ошо быйыл бул Сагда,
Кечилдерге кан болуп,
Атагы кетип даң болуп,

Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Алакө,
Бежинге жыйын куруптур,
60 уулун жыйыптыр.
Берендерин бүт жыйып,
Бөлөк жыйын кылыптыр.
Балдарына Алакө,
Каарданып кеп айтат.
Ачуу чачып арбайып,
Ач буурадай калжайып,
Акыл сөзүн эми айтат.
60 уулум барында,
Ааламдын жүзүн чаламын.
Кургактан чарчы жер койбой,
Бендеден бир да эл койбой,
Суу, дайра, деңиз көл койбой,
Түгөлү менен чаламын.
Кулак угуп көрбөгөн,
Кандын баарын аламын,
Бул дүйнөнүн жүзүндө,
Бардык баарын аламын.
Каршылашкан жан болсо,
Башына балаа саламын.
60 уулум барында,
Бир көрөмүн чамамды,
Бир сураймын ааламды.
Ма караган жерлерди,
60ка бөлөмүн.
Жерин бөлүп чек коюп,
Энчисине беремин.
Казынасын ачамын,
Алтынын суудай чачамын.
Балдарым барда тартынып,
Аянып неге жатамын.
Жана туруп Алакө,
Жана мындай кеп салды.
80 миң черүү алам – деп,

Жер дүйнөнү чалам – деп.
Казынасы толтура,
Кандын баарын чабам – деп.
Кулак угуп көрбөгөн,
Жерге чейин барам – деп.
Какыраган кара кум,
Чөлгө чейин барам – деп.
Тили, дини башкача,
Элге чейин барам – деп.
Каяша айткан бар болсо,
Бар эсебин табам – деп.

Алакө кан Бежинге бата албай, бекер карап жата албай, калың кара кытайдан 200 миң кол жыйып, курал-жарагын камдады. Ошол жылы жайында деңиз бойлоп жортуулга жөнөдү.

Алакө кандын Сагда деген бир уулу кечилдерге кан болуп калган. Келерки жылы атасынын жолуна түшүп ар кайсы жерге адам жиберип чалдырып калмакта Ушаң, Улаң кандардан кыргыздын Карача канынан кабар алат. Бекер жатпай ошолорду каратам деп 70 миң кол жыйнап казатка чыкты. Ордуна кечилге кан кылып жаш Конурбайды дайындады.

Алакөнүн Сагда кан,
Ары баатыр, ары шер,
Адамзаттан башка жан.
Айлакер, митаам, амалдуу,
Дүйнөгө көзү тойбогон,
Сан дүнүйө мал үчүн,
Кыргын салчу адамга.
Алтыны сайдай толсо да,
Аламын деген ааламды.
Зөөкүрлүктү көп кылган,
Төрөлөрдүн тукуму,
Сагда атын атабай,
Кан-төрө дешет ушуну.
Алыска казат алам – деп,

Ааламдын жүзүн чалам – деп,
Алты миң черүү кол жыйды.
Жетик күлүк ат камдап,
Киерине тон жыйды,
Каруу жарак мол жыйды.
Сазаңшаң, Тыргоот, Шибеден,
Эрендерин тандады.
Каканчын менен Чымачын,
Калоодон эч жан албады.
Ошо күндөн опурап,
Алакө кандын ордосу
Азан-казан топурап,
Будунунун башына,
Кытайдын бурхан ташына,
Сагда барып сыйынып.
Ламасынын алдына,
Таазим кылып жыгылып.
Андан келип Сагда кан,
Добулбасын кактырды.
Кол жыйылып келүүгө,
Замбирегин аттырды.
Жоо келгендей бу элди,
Ченеми жок шаштырды.
Алып чыкты кошунду,
Бежинден берки талаага,
Кошун барбай калаага,
Сагда төрө ошондо,
Баатырларын тандады.
Ар уруктун башына,
Кол башчысын шайлады.
Сазаңшаңдын элине,
Чаңжуңу аттуу балбанды,
Тыргоотторго Таранды,
Шибеге болду кол башчы.
Качыр минип кайкайган,
Шибелердин Сараны.
Адамдан башка бөлүнүп,

Кара тоодой карааны.
Мына ушул дөөлөрдүн,
Кабыландай кайраты.
Оп тартчудай өңдөнүп,
Ажыдаардай айбаты.
Тай казандай баштары,
Аргамжыдай чубалып,
Аркасында чачылуу.
Арасын чычкан уялап,
Түйдөктөнгөн чачтары.
Тир укмуштай сүрлөрү,
Көп окшобой кейиптери,
Адамдан башка түрлөрү.
Күндөн бетер күркүрөйт,
Сүйлөгөндө үндөрү.
Тулку бойго чак келбейт,
Үстүндөгү кийгени.
Кере кулач далысы,
Мөңгүдөй болуп ийиндери.
Сазаңшаң, Тыргоот, Шибенин,
Адам уулу түшүнбөс,
Ар башка экен тилдери.
Ат көтөрбөй буларды,
Керик, качыр, шүдүңгүт*,
Укмуш жан экен мингени.
Ар бирөөнүн өзүндө,
Он эки балбан күчү бар.
Ар биринин кийими,
Атан төөлүк жүгү бар.
Болот туулга, болот соот,
Бойлоруна кийгени.
Болот найза колго алып,
Кынсыз кылыч байланып,
Болот калкан колунда.
Алаңгир жаасы жонунда,
Жоо дегенде шайланып,
Ар биринин өзүндө,

Он эки балбан коштоо бар.
Тамагын камдап тапташып,
Алып жүрөт балбандар.
Бир жегенде ар бири,
Бир доңузга тойбогон.
Бир казан ашты бир ичсе,
Курсагы чыгып тойбогон.
Канжа* тартып куркурап,
Тай чабым жерден ургурлар,
Ыш жыттанып буркурап.
Ушулардын соңунан,
Калың кошун чубады.
Бет алган жакка чү дешип,
Берендер карап турабы.
Кумурскадай жыбырап,
Талаанын бети капкара.
Жердин жүзү көрүнбөй,
Колго толду ай-талаа.
Туура кырк күн дегенде
Колду сапка топтоду.
Кыжылдашып кыйла күн,
Санатын алган окшоду.
Кол санатын алганда,
Өрүүнгө бир күн токтоду.
Санат жетпей бул колго,
Чала кетип акыры,
Санатын салды болжолго.
Санакчылар ошондо,
Жетимиш миң кол – деди.
Карап туруп тууралап,
Коргол салган дорбого.
Кол санатын алган соң,
Кайра жолго камынды.
Керней, сурнай тартылып,
Добулбасы кагылды.
Баары уксун деп кошундун,
Замбирек үнү жаңырды.

Кара желек кан туусу,
Көтөрүлдү кылкылдап.
Аяк башы үч күндүк,
Адамдын башы былкылдап,
Кошун жолду баштады.
Күн батып таң аткыча,
Козголо элек арт жагы.
Кара чаң учуп буркурап,
Сөз угулбайт чуркурап.
Кошун өткөн жерлерде,
Корголчолук таш калбай,
Күкүм болду быркырап.
Туура аккан өзөн сай,
Сооло түшүп жылтырап.
Ала-була саздуу жер,
Урпак болду быркырап.
Көк шиберлүү көк мейкин,
Боз талаа болду кубарган.
Каптап өтсө талаада,
Жан калбайт го булардан.
Заманасын баарынын,
Кууруп кетип баратат.
Асмандагы канаттуу,
Жердеги төрт аяктуу,
Кырып кетип баратат.
Алды аркасы узарып,
Кылкылдаган калың кол
Жылып кетип баратат.
Кол аркасы көрүнбөй,
Кара туман чаң болуп,
Адам, айбан дебестен,
Көргөндүн баары таң болуп.

Сагда баатыр калың кошуну менен кытай калмактын чек арасына келип токтоду. Ала жүргөн Ордо чатырын тиктирип койду эле, чек арада Чатыр шаар пайда болду.

Бул кошун каптап келе жатканда эле жолунда эч жан калбай, ал эмес калмактардын кароолчусуна чейин качып жөнөшкөн. Эртеси эртең менен түштушка кытайлар дүрбү салып караса жапайы жүргөн малдан башка айланада бир жан көрүнбөйт. Менин кабарымды укканда булардын жүрөгү катуу түшкөн экен, эми бизге даап келе албайт. Жолдон тоскон жоо жок экен, эки күн өрүгүн алалы, ага чейин эч ким каттабаса чегин тепсеп кирип мүшкүлдү башына салалы, эл-жерин басып алалы, кан ордосун көрүп, казынасын бөлүп алабыз деди.

Эмки сөз калмак кандары Улаң, Ушаң кандан болсун. Сагда кандын 70 миң кол менен жерди каптап келе жатканын көрүп катуу чочуп калкына коркута буйрук берген. Кимде-ким жолунан чыкса аталы, жеткени эч адам калбай качып, мал-жаны менен көчүп, чек араны ачык, ээн калтыргыла деди. Биз болсок катуу даярданып туруп, Сагда канды тозгон бололук, кокустан кетсе иш оңолуп, алдына келип айтканына көнүп, сураганын берип тынчып жатып калалы. Биз муну кылсак Сагда кан токтобой бурутту көздөй жортуул чалып кете берет, муну менен кармашуу кыйын. Эгерде муну менен бир кармашса Карача, Кошой, Жаангер, Текечи, Тээкчи, Кашкардын Карабек кандары кармаша алат, согушса ошолор согушуп, кырылса ошолор кырылсын, эмне болсо да ошолор болсун – деп Сагда канга сый камдап алдына барган жери:

Ушаң кан менен Улаң кан,
Экөө бирдей кытмыр кан.
Кең олтуруп, кеп кылып,
Убаданы бек кылып,
Мергендерин жыйдырып,
Торолмо-Саздын түзүнөн,
Ой-Арчанын үстүнөн,
Жапайы каман чочкодон,

Үйүрү менен кыргызып,
Бир дөбөгө жыйгызып,
Куйкалатып бышырып,
Сагда канга сый кылып.
Кымыздан арак тарттырып,
Доңуз менен аракты,
Төөгө жүктөп арттырып,
60 жигит жанында.
Барган экен эки бек,
Сагда кандын алдына.
Аттан түшүп жүгүрүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Таазим кылып, баш ийип,
Келинден бетер жүгүнүп.
Саламын айтып сабылып,
Сагдага турду багынып.
Баатыр Сагда каныбыз,
Саламды алик алыңыз.
Улук төрөм алдында,
Калмактардын айлынан,
Келип калган чагыбыз.
Улук төрөм сен келип,
Бар экен биздин багыбыз.
Тосуп келдик атайлап,
Кан төрөм сенин алдыңдан.
Арып-ачып келди – деп,
Ал сурайлы деп келдик,
Калмактардын айлынан.
Каталык кылсак кечиргин,
Касиеттүү таксыр кан.
Сагда кан келет дегенде,
Кароолчуну шаштырдык.
Черүүнүн баарын таратып,
Чек араны ачтырдык.
Аскериң эс алганча,
Айылга келдик чакырып.
Баатыр Сагда жүрүңүз,

Биздин сыйды көрүңүз.
Не кааласаң бүт даяр,
Жакшылыкта көөнүбүз.
Сурайм десең эл даяр,
Көрөм десең жер даяр,
Алам десең жан даяр,
Ааламдан чыккан шеримсиң,
Адамдан чыккан эримсиң.
Билеги күчтүү арстандай,
Бирим Сагда өзүңсүң.
Камдалуу Сизге үйүбүз,
Чакырдык төрөм жүрүңүз.
Камылгалуу дапдаяр,
Камдап койгон сыйыбыз.
Ээн талаага калтырып,
Жарабайт төрөм мунубуз.
Сагда төрөм алдыңа,
Кол куушуруп турубуз.
Жай олтуруп эс алып,
Алы-жайын калмактын,
Андан кийин угуңуз.
Чакырдык каным барыңыз,
Жалпы калмак зубундан*,
Аныктап кабар алыңыз.

Сагда кан эки кандын саламын алик алып, айтканына кумары канып, каткырып күлүп, бүткөн бою жибип төрөлөргө төр жактан орун берди. Сагда канга сый кылып алып келгендерди түшүртүп, Сагданын алдына туюк бышкан доңуздан койдуруп, көөкөрлөгөн арак алгызды. Ошондо жай олтуруп Сагда он эки көөкөр арак ичип, бир доңузду мүлжүп койду. Калганын чатырга катып, бүтүн бойдон басып калды.

Сарамжалың күтө бер, каалаган күнү барамын – деп эки канды узатып, өзү алп уйкуга кирди. Алты күн болот дегенде ойгонуп кол башчы төрөлөрүн чакырып, Сагда кандын кеңеш кылып турганы:

Улугум, төрөм байкагын,
Жалпы угуп менин айтканым.
Башынан менин сөзүм бар,
Дегенимен кайтпаймын.
Кырааным Жожу угуп тур,
Кыйла жерди чаласың,
Көңүлүмө жаккандай,
Бир сонун жерди табасың.
Ортоңку тоону урчуктап,
Оролмо-Тоонун тумшуктап,
Ордо куруп жаткандай,
Ойноп көңүл ачкандай,
Аттанып жолго чыкпаймын,
Ушул жерге кыштаймын.
Кыш айланган жазында,
Жортуулду өзүм баштаймын.
Эртең Догур төрө сен,
Жыйырма беш миң кол менен
Чанжуну менен Таранды,
Бул экөөнү аласың.
Буруттардын төрөсү,
Карача канды чабасың.
Акылды менден үйрөнбө,
Эсебин өзүң табасың.
Жеңген арал сеники,
Сан жетпеген калың мал,
Сап алтын, күмүш меники.
Баш ийишип уккандар,
Раазылык билгизип,
Андан кийин Сагда кан,
Ордосуна киргизип,
Көөкөрлөп арак бергизип,
Көк каман этин жегизип.
Төрөлөрүн эритип,
Көпкө олтурду шаттанып,
Сагда баштап баатырлар,
Колго келди аттанып.

Коюлган кошун такталып,
Кол башчы Жожу башкарып,
Буйругун берди Сагда кан.
Бөлүнүп чыкты бер жакка,
Чаңжуну эли Сазаңшаң.
Кериле минип кутургур,
Түпөксүз* найза колго алып,
Жалаң кылыч байланып.
Жоо дегенде шаңданып.
Тыргооттордун Таранды,
Качыр минип кайкайып,
Мунун да укмуш карааны.
Бу да чыкты бөлүнүп.
Опол-тоодой көрүнүп,
Шайма-шай жанда жарагы.
Догур колду башкарып,
Жөнөмөк болду аттанып.
Добулбас үнү жаңырып,
Замбирек үнү чаңырып,
Ушулардын үнүнөн,
Тоо кабышып жаңырып.

Сагда кан Догур баатырды 25 миң кол менен Карача канга атказды. Калган элүү миң черүүнү Жожу төрө бешке бөлүп, башына беш төрө шайлап, аш тамагын камдатып быйыл кыштайсың – деп буйрук берди. Андан кийин жанына 60 жандооч жигит алып Ушаң кан менен Улаң канга келгени:

Айтканыңа көндү эле,
Ушаң кандын ордого,
Улугу Сагда келди эле.
Ал аңгыча болгон жок,
Аттан алып эпилдеп,
Сый көргөзүп эки кан,
Өзү чуркап декилдеп,
Кан төрүнө өткөрүп,
Кытай кур белден чечтирип.

Кебез өтүк, кең күрмө,
Кечилдердин Сагда хан,
Орун алып олтурду,
Кандын төрү жагынан.
Жайы килем салынган,
Ар жерине балпайтып,
Аюу талпак салынган.
Туш-тушу жарык болсун – деп,
Алтымыш чырак жагылган.
Арстан, жолборс шерлердин,
Кебин жасап катырган.
Төрт бурчуна коюлган,
Асыл таштан чоң бурхан*.
Алты баштуу ажыдаар,
Кан тагына тартылган.
Түркүгү күмүш чоң ордо,
Каалгасы алтындан.
Орун алып олтурду,
Жоросу менен Сагда хан.
Чыканакка койдуруп,
Куш жүнүнөн мамыктан.
Дасторкону салынып,
Ар түркүн тамак коюлуп,
Арагы келди куюлуп.
Тамакка карап олтуруп,
60 төрө, Сагда кан,
Башкасына көөнү жок.
Аракка ичин толтуруп,
Үстү-үстүнө домболоп,
Ичкен сайын алдырап,
Устукандан тер чыгып,
Муундары шалдырап,
Чаалыгып келген Сагда кан.
Чалкасынан бир түшүп,
Көзү уйкуга кетиптир.
Коркуратып ошондо,
Конурукту салыптыр.

Калган кытай төрөсү,
Катар уктап калыптыр.
Бул жорукту көргөндө,
Эмне шумдук болду – деп,
Жүрөгү чыгып кабынан.
Былк этип баспай жанынан,
Өлсө азапты көрдүк – деп,
Улаң кан менен Ушаң кан
Жыргап уктап ал жатса,
Жылас алгыр кан жатса,
Өзүнчө кайгы болушуп.
Уктаган канын тик багып,
Ойгото албай коюшуп.
Эки күнү өткөндө,
Капталына толгонуп,
Кан Сагда турду ойгонуп.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Ушаң кан өзү жүгүрүп,
Жез дагыра, миз* кумган.
Колуна алып белендеп,
Жүз чайкатты төрөнү.
Барган сайын маалкатып,
Балакеттүү Сагданын,
Ашып барат өнөрү.
Тоюп алган Сагда кандан бөлөгү.
Башка айткан сөзү жок,
Кайра олтуруп тамакка,
Кайра кирди аракка.
Күрптөй болуп күүлөнүп,
Эки канга ошондо,
Болду сонун тамаша.
Каарын төгүп жинденди,
Каадасын салып кан Сагда.

Сагда кан катуу ойго келип, өзүнчө күңгүрөнүп сүйлөнүп, эки канга жинин чачып күүлөнүп турду. Анткени ичинен ойлоду, булар өзүлөрү алдымда

жүгүрүп турушат, жигит-жаландан кызматчысы жок өндөнүп, көрсө булар мага чын баш ийип, чын кызмат кылайын деген экен. Андан көрө мен көп сырымды алдырбай бул экөөнү алдыма кызматчы кылып бара-бара кандыкты да өзүм алайын. Эч адам каршы чыккан жок, калкка да кадырым жеткен окшойт. Булардын казынасын ачтырып, карк алтынын сарп кылып, өзүмө оюмдагыдай ордо салдырайын деди.

Эки канды аттантып, элиндеги усталарды тандатып жыйдырып, карагай кайың кыйдырып, кытайларга кыш куйдуруп бышыртып ордо салдырып турган жери:

Кечилдердин Сагда кан,
Устаны жыйды сандаган.
Ордо салып кириштн,
Күн өткөзбөй арадан.
Сепил салып четине,
Чоподон кышты куйдуруп.
Калыңдыгын тогуз кез,
Калың кылып кургузуп.
Ар бурчуна сепилдин,
Төрт мунара тургузуп.
Эшигинин бетине,
Ажыдаар кебин тарттырып.
Башкалардан канча артык,
Көркөмдүгүн арттырып.
Ченеми жок кенебей,
Алтын, күмүш сарп кылып.
Дарбазанын башына,
Сагда баатыр өз атын,
Алтындатып жаздырып.
Жаңы ордону жай кылып,
Ичкенин жалаң май кылып,
Сагда кан жатты зөөкүрлөп,
Бар көңүлүн шат кылып.

Кызматында эки кан,
Айткан ишин бат кылып.
Ата журтка жат болуп,
Кандык аты жоюлуп,
Төрө деген ат конуп,
Улук Сагда зор болуп.
Кызмат кылды эки кан,
Тамандары чор болуп.
Бөөдөсүнөн кабылып,
Бөлөкчө жаман кор болуп,
Жүргөн эле башында,
Баатыр Сагда келет – деп.
Бурутту барып женет – деп,
Тилекти кудай берет – деп.
Эми жүрөт ичинде,
Убайым тартып эки кан,
Бул Сагда качан өлөт – деп.
Кан башыбыз кул болуп,
Жамбашыбыз сыз болуп,
Деп ошентип эки кан,
Ичинде кайгы муз болуп.

Карача кан Сагданын кабарын уккандан кийин ордосуна тынчып жата алган жок. Муну билип туруп камынбай коюшум болбойт. Эртедир-кечтир Сагда менен кагылышамын. Андан көрө камылганы бышыктайын деп Карача кандын камынып, жоонун жолун тосуп аттанган жери:

Катуу кабар сөз угуп,
Кайраттанды Карача.
Кыйын жумуш болчудай,
Ойлонуп аны самаса.
Кошунду, колду жыяйын,
Куу ыргай каскан кыяйын.
Карап турбай камынып,
Жолун тосуп чыгайын.
Алакө кандын арамы,

Күтпөгөн жерде турайын.
Калкандуусун кагайын,
Туулгачаны туурайын.
Кыдыр чалып, бак берип,
Жол ачкан болсо кудайым, –
Деп ошентип Карача,
Кан добулун кактырды.
Карааны алыс бектерге,
Атайлап киши чаптырды.
Кан ордонун үстүнө,
Казат туусун тактырды.
Жарагын алып шайланып,
Күлазыгын байланып,
Туш-туш жактан кол келди.
Аз гана эмес мол келди.
Эрен келди, эр келди,
Найзакер нечен дөө келди.
Жарак-жабдык артканга,
Качыр, эшек, төө келди.
Чомун артып бүктөттү,
Азык-түлүк жүктөттү.
Сарамжалы бүткөндө,
Буйрук кылды Карача.
Жол тоспосок болбойт – деп,
Жоо күчүнө жараша.
Дарбазасын кактырды,
Кан ордосун жаптырды.
Кандай заман болот – деп,
Казынасын кактырды.
Ордо адамдын баарына,
Жанына жарак тактырды.
Алты кабат Ордону,
Сакчы коюп бактырды.
Таң азанын чакыртып,
Эрте намаз окушуп,
Эсил жандан чочушуп,
Жаратканга жалынып,

Жарагын байлап камынып.
Эр Карача баш болуп,
Эми атына минди ошол.
Алдындагы Тоо-Буурул,
Бугу чылбыр, ак тизгин,
Алла деп колго илди ошол.
Добулбасын кактырып,
Керней менен сурнайын,
Бакылдатта тарттырып.
Күн чыгардын алдында,
Кошунун тизди сап кылып.
Токтобой жөнөп колду алды эле,
Сагда канды бет алып,
Аттанып жөнөп калды эле.
Тыным албай Карача,
Басып өттү Баянды.
Тепчиди дайра Саянды,
Жер чегине жеткенде,
Улуу-Тоонун оюнан,
Улагар суунун боюнан,
Кошуну тынып жай алды.
Сабы менен сап болуп,
Кароол коюп туш-тушка,
Карача жатты сак болуп.
Каршысы Сагда кан менен,
Кармаш болор чак болуп.
Кыйла күнү Карача,
Жол тиктеди зеригип.
Жолдоштору эригип,
Араң турат баатырлар,
Алуучу куштай теминип.
Ал аңгыча болгон жок,
Чалгынчы менен кароолчу,
Улуу-Тоодон аттанып,
Ушулар келип калганы.
Ал Карача каныңа,
Жетип кабар салганы.

Дааналап көрүп келдик – деп,
Алакө кандын Сагданы.
Баш ийгенин дагы айтты,
Калмак элдин кандары.
Мунаралуу чоң сепил,
Ордосун көркөм салганы.
Анык болду каным – деп,
Элүү миң кошун кол менен,
Сагданын кыштап калганы.
Жыйырма беш миң кол менен,
Аттанды деп биз жакка,
Чаңжуңу, Таран балбаны.
Сазаңшаң, Тыргоот чыгыптыр,
Ал жерде калып калганы.
Булардын катуу жолу – деп,
Жыйырма беш миң колу – деп,
Өзгөчө катуу жиндери
Качыр эмес, ат эмес,
Башка айбан деп мингени.
Жерге тиет чачтары,
Тай казандай баштары.
Адамдан башка түрлөрү,
Күркүрөйт күндөй үндөрү.
Баары кырка дөө – деди,
Ат көтөрбөс алптардан,
Кыйласы келет жөө – деди.
Муну укканда Карача,
Түгөл экен жанында,
Курдаштарын караса.
Жампоз, Күрөң, Тели бар,
Серке, Тунжур шери бар,
Куланды, Кудаш эри бар.
Ал Карача каныңдын,
Ишенген шери ушулар.
Тикесинен турушуп,
Баатырлар кеңеш курушуп,
Эр күчүнө салышат,

Көрөлү деп урушуп.
Бет алышып кармашсак,
Ар амалга салбасак.
Каптап кетип жүрбөсүн,
Кериги* менен тебелеп.
Жыйырма беш миң черүүгө,
Чын айтсак кай жан теңелет.
Жыйырма беш кошун кол болсо,
Каруу-жарак мол болсо,
Текши баары дөө болсо,
Теңинен көбү жоо болсо,
Тил билбеген макулук,
Келе жатса жабылып.
Баштаган Дорбу кан болсо,
Балакет ошол жан болсо,
Айланы мындай кылалы,
Атка минип жаракты,
Бойго илип текши туралы.
Лоб дайрадан кечерде,
Жолун тосуп чыгалы.
Жабылып сууга киришип,
Алды-алдынан акканда,
Берки өйүздү бет алып,
Жанталашып жатканда,
Кызыкты буга көрсөтүп,
Ошондо кыргын кылалы –

деп, Карача баатырлар менен кеңеш куруп, калың колду тосуп кандай талкалоонун амалын кылып, ойдун тереңине тунуп турду. Чынында эле 25 миң колго алакандай болгон Карачанын 6 миң адамы үркөрдөй болуп көрүндү. Анын үстүнө Сагда кандын кандай гана болбосун эч жерде жеңдирбейт деген эң ишенимдүү, каардуу Сазаңшаң, Тыргоот ургунан кураган жалаң баатыр, дөөлөрү эле. Булар урушса канга тойбогон, жөндөп тамакка тойбогондор. Ар биринде эң кеминде он эрдин күчү барлар, урушпай багынып берейин десе да булар тилге көнчү

немелер эмес. Карача кан элинин түрүн караса жоодон коркуп апкаарыбай, эч бирөө калтырабай, эрлери эрденип, шерлери шерденип күлүп турат. Ошондо баарынан улуусу Жампос баатырдын Карача канга жана калкка, колго карап айтып турган жери:

Ардактуу каным Карача,
Абайлап байкап олтурсам,
Ар нерсе түшөт санаага.
Казатка кирген турабыз,
Урунчук тоонун талаада.
Ар акылы табылар,
Аттанып чыккан душмандын
Көптүгүнө караба.
Кайратты катуу кылалы,
Чыныгы өзүң айткандай,
Кашаттан тосуп туралы.
Өйүзгө кечип чыкканда,
Жапырт найза суналы.
Бул амалды кылбасак,
Аныктыгы белгилүү,
Каптап кетсе бул элдин,
Аягына чыгары.
Бир кишиге беш киши,
Алды-алдынан жабышса,
Таркабайбы кумары.
Андан айла болбосо,
Жол жүрүүсүн созолу.
Айтылуу Баян-Жүрөктүн,
Бөксөсүнөн тосолу.
Алдында аты арыса,
Ач болуп, мууну талыса.
Оңунан келип жүрбөсүн,
Ошондо чыксак чабышка.
Кошунун кошчу Сагда кан,
Ошол кан калса алыста,
Жаман ат калар биз жакка.

Киргизсек жоону айылга,
Бел байлап коюп өлүмгө,
Бек туралы намыска.

Ары ойлонуп, бери ойлонуп көрүшсө мындан башка акыл-амал жоктой көрүнүп, карап турбастан калың кол Лоб дайранын калың четине ыгып, көрүнбөй бугуп, Сагда кандын колунун келатканын көрүп, кумардан чыгып турушту.

Догур да оңой амалдуу куу эмес эле. Лоб дайранын жээгине келгенде колду токтотуп, туш-тушка дүрбү салып, алысты чалып, ар тараптан кабар алып турду. Көз салып караган жактан эч нерсе жоктой көрүндү. Догур кан Лоб дайранын жээгине жакын келип, жулунуп аккан көк ирим тереңин көрүп, тегеректеген кеңешчилерин бөлүп, акыл куруп турду.

Ошондо Догур: – Суунун агымы катуу, түбү терең, эни кенен экен, дагы бир жагы күн кечтеп да бара жатат, күн дагы бүркөө тартып турат. Сууга чыланып чыксак анан күн ачылбай жаап берсе, караңгыда кайсалап, караган бутакка жашына албай, көрүнгөн жерде томпоюп жүрбөйлү. Анын үстүнө бул дайранын күзүндө кирген акыркы ачуусу экен, бөөдө каарына калбай биздин түнөп калганыбыз эп го. Эрте туруп таңга маал дарыя тартылганда кечсек ошондо оңуна келер. Беркилер Догурдун бул акылына көнбөй, оюна келгенин бербей, жаалдашып эрте кечип, аркы өйүзгө өтүп бир жолу өргүп жатмай болушту. Догур кыйылып туруп зорго макул болду. Эмесе деди Догур: – Нечен дайра кечип көргөмүн, бирден тизилип кечкенде дайраны бууп, саал кармагандай болуп, суунун күчүн күчөтүп алабыз. Азыр суу боюна тизилип туруп каз-катар салып кечебиз. Алды аркабыз тосулбай суу жолу бош болуп, суу урмагы аз болуп, аман-эсен кечип кетебиз, – деп айтканындай кылды. Буга кыңк дебей калганы түгөл моюн сунду. Колду 25 сапка тизген-

де туурасы үч чакырым жээкти ээледи, ошондогу көп колдун сууну кечкен жери:

Агып жаткан Лоб дайра,
Агыны катуу күркүрөп.
Көбүгүн чачып көк ирим,
Көргөндүн бою дүркүрөп.
Тай чабымдай эни бар,
Көк ирим жеген бийик жар,
Куюлма болгон жээги бар.
Аркан бою тереңи,
Абайлабай кечкендин,
Агып кетер жери бар.
Ал аңгыча болгон жок,
Кашаттын куму бур этип,
Туз сураган кой өңдүү
Кыйкырышып чур этип,
Аттуу, жөөлүү дебестен,
Сууга кирди күр этип.
Камчы салып такымга,
Качыр, ат минген дөөлөрү.
Калбай барат алардан,
Ат көтөрбөс жөөлөрү.
Өлөмүн деп самабай,
Кулач урду өйүзгө,
Өлгөнүнө карабай.
Агып жаткан дайранын,
Өлчөмүн көрүп кенебей,
Кебелишпейт бири да,
Коркуу жок экен кенедей.
Каз-катары бузулбай,
Сал* согулган немедей.
Агып сууга киргенде,
Бирден чумуп чыгышып,
Андан кийин баратат,
Бир-бирине ыгышып.
Чаңжуну менен Таранды,

Алар карап турабы.
Жардын жээгин уратып,
Чаңды асманга буратып,
Керик менен качырды,
Камчы салып чуратып*.
Сууга кирди кенебей,
Суучул экен мингени.
Кетип барат кебелбей,
Сууга сүзгөн кемедей.
Агынын катуу үрөтүп,
Толкунун жарып жиретип.
Тили жок жаткан жоо менен,
Тил билген адам күрөшүп.
Суунун үстү шаң болуп,
Көргөн адам таң болуп.
Аралары үзүлбөй,
Кадимки аккан сал болуп.
Топ бузулду биринде,
Бир азыраак барганда,
Опурулуп калың жан.
Орто чендеп калганда,
Көтөрүлүп деңгээли,
Көк ийрим дайра калкылдап.
Булут ойноп нөшөрлөп,
Чагылган үнү чартылдап,
Шамал чыгып маңдайдан,
Жамгыр төктү шатырап.
Үшүк басты аларды,
Ат-маты менен калтырап.
Кыйындары баратат,
Кыймылдабай жулунуп,
Жалакай аттар андан көп,
Ээсине баш бербей
Кайра тартты бурулуп.
Аты кайра тарткандар,
Аркы өйүзгө өтө албай,
Берки өйүзгө кече албай,

Каалаган жерге жете албай,
Кайсалактап бүлүнүп,
Чын жанынан түнүлүп,
Капталынан жыгылып,
Канча бири дайынсыз,
Чөгүп жатты кырылып.
Суунун үстүн карасаң,
Өкүрүк менен бакырык.
Чыңырып жылкы кишенеп,
Качырлар салып айкырык.
Аккандан жалпы жөө агып,
Ат минген жалаң дөө агып,
Төрт аягы асмандап,
Комдолгон жүктүү төө агып.
Дайранын бети чуу болуп,
Айткан сөзгө тил албай,
Күркүрөгөн дөөлөрдүн
Көргөн күнү буу болуп.
Бөөдө ажал түшүп башына,
Чындап шору катышып.
Карап жатты Карача,
Кошуну менен баарысы,
Тамашага батышып.

Калың кошундун бул жоругу, көргөн кордугу ойдогудай иш болду. Канчалык агып жатса да колдун карааны кебелбегендей көрүнөт. Күн батардын алдында алды жанталашып жээкке чыкмак болду. Күн баягыдан жааганы сээлдеп, шамал басылбай кайра уруп турду. Лоб дайранын күүлөнгөн эпкини кечкендерди катуу ылдыйлатып, күүсү менен кыйла төмөн жактан чыгармак болду. Бул туш кашаты тик, жээгинде караган-токой жок чоң ачык эле. Карача кан суудан чыккандарды баатыр, найзакеркылыччандарды жиберип тамаша салып, калганы тез жетип Баян-Жүрөктөн тосуп, кадимки урушту баштамак болушту.

Ошондогу баатырлардын капыстан келип кол салып турган жери:

Айтканындай Карача,
Чыныгына келди – деп.
Каалагандай бир кудай,
Чын тилекти берди – деп.
А деп суудан чыкканда,
Типтик кирип барышып,
Не экенин билгенче,
Тегеректей калышып,
Канча болсо ошонун,
Текши башын алышып.
Мүңкүрөген кургурга,
Мүшкүлдү минтип салышып,
Бир жагынан карасаң,
Күчөнгөн дайра агызып.
Кызыкты минтип кылды эле.
Жайнаган колду четинен,
Ою менен кырды эле.
Ошондо дагы көп кошун,
Топ жазылып бөлүнбөйт.
Канча кыргын тапса да,
Түгөнчүдөй көрүнбөйт.
Күүгүм кирип күн батып,
Моокумдары канышты.
Канча бирин кыйратып,
Кыйындыгын мындан бил,
Алар да салды урушту.
Мылтык атып, жаа тартып,
Суу үстүндө келатып.
Кырылганын кошундун,
Көптөн кийин көрүшүп.
Кайраты барлар калтарбай,
Жээкке чыгып келишип.
Бир заматтын ичинде,
Коргошун ок, сыр жебе,
Жамгырдай кылып төгүшүп.

Карача кандын адамдары катуу кыргын салган менен жамгырдай төгүлгөн окко чыдай албады. Капырдын өнөрү артык экен деп урушту токтотуп качып жөнөдү. Ошондо да эрден чыгым болуп, аты өлүп жөөлөгөндөр көп болду. Кокус таң атканга калсак тирүүлөй жеп кетер деп караңгыда качып жөнөдү.

Калың кол жээкке чыгып, урушту токтотуп, мылтык үнү тынып, бир аз туруп калың камышты, токойду өрттөп киришти. Чоң өрттөн, алоолонгон оттон айлана тегиз жарык болду. Тирүү калгандары кийимин сыгып кургатып, аттарын жабуулап, алсызына жардам берип уйку ойго келген жок.

Эртең менен күн чыкканда караса, суудан аман чыккандары алигиче самсып суу болуп, үшүп жатыптыр. Лоб дайранын жээгинде ат өлүгү, эр өлүгү тоодой болгон экен. Догур баатыр кошунун ачык талаага жыйгызды. Ачыккан аскерлер өлгөн аттардын бирин койбой союшту да, шишкебек кылып тоюшту. Үшүгөнү жазылып кайраттанып алышты. Канча адам жок экенин түгөлдөп чыкты. Көп адам жок болуп, ат кырылып, ок-дары, курал, тамак-аш дайынсыз агып жок болуп, аябай алсырай түшкөн экен. Тирүүсү он сегиз миң болуп, 7 миң адам өлгөнгө чыгарылды.

Доргу баатыр суу кечерде чабалын алдыга салып, берендери артта калган эле, ошолордун дээрлик баары аман калганына сүйүндү, өлгөнүнө катуу күйүндү.

Кечеги суу кечерде тил албай, конуп калууга макул болбогондордун аман калгандарын түгөлү менен башын алдырды, анан кийин бизге амал менен кыргын салган ким болду деп из чалдырды. Жолдо өлгөн өлүктөрдү, токумчан ок тийип өлгөн аттарды көрүп буруттан экен деп аныкташып, изине салып жөнөдү. Догур баатыр баштагыдай эмес өтө аярланып, жоо жарагын даярланып, аз жол жүрүп,

көп өрүүн кылып, ыңгайлуу жайга конуп, колду сергитип жаткызып, санаты жок кийиктен мергендерге аткызып, канжыгага азык-түлүгүн камдатып баратты.

Кошун Текечинин тоосуна келгенде токтошуп, жол башчылар топтошуп турганда, Догур кеңеш эмес мындай буйрук берди. Кошунду үчкө бөлдү. Эң мыкты дөөлөр, эрлери көп Сазаңшаңды изге салып, чалгын чалып, бурутту барып чаап алууга буюрду. Булар тике кирип буруттун кошуну менен согушмак болду. Калган эки бөлүгү анын артынан акмаламак болушту. Буга кайраты ашкан, нечен жол баскан, урушка дасыккан Параң деген жол башчы дайындалды. Керикке минген Чаңжусу баш болгон алптарды алдыга салып, 6 миң кошун алып, кылчайбай жолго чыкты. Калгандары кеп-кеңешин курушуп, артта калышты.

Булар жата берсин, эмки сөздү Карача кандан салалык. Кошунга кыргын салып, жамгырдай октон аман калып, аттуу-жөөлүү беш жүз жигит барып көргөндөрүн айтып турган жери:

Ассалоом алейкум,
Кан Карача каныбыз.
Көргөн менен билгенди,
Айталы кабыл алыңыз.
Араң качып кутулуп,
Өлүмдөн келген чагыбыз.
Жарты сөздү калп айтсак,
Токтотпой башты алыңыз.
Шейит болуп ал жерде,
Тирүү кайттык жармыбыз.
Кылчайып кайра качпасак,
Чыгар эмес дайныбыз.
Өчөшкөн менен капырга,
Өлчүдөйбүз баарыбыз.
Конобу десек калың кол,

Сууга кирди бешимде.
Колдун алды кылкылдап,
Сүзүп чыкты кечинде.
Туш келген жерден кечишти,
Салбай эле кечүүгө.
Жалпы сууга кириштн,
Сал болуп суудан өтүүгө.
Чубап кечет деп турсак,
Каз-катар колду тизишти.
Уу-чуу түшүп калың кол,
Анан сууга кириштн.
Жээкке чыгып келгенин,
Капысынан качырдык.
Башын кесип кылычтап,
Кыйланын шорун катырдык.
Дагы сонун иш болду,
Алла Таала кудайдан.
Биз жака болуп жакшылык,
Чагылган атып чартылдап,
Жамгыр төгүп шатырап.
Суунун бетин карасак,
Алды-алдынан аккан көп,
Алдастап агып жаткан көп.
А дегенде билген жок,
Алды жатса кырылып.
Өлгөн адам тоо болуп,
Үстү, үстүнө жыгылып.
Бир маалда сезип калды окшойт,
Калың кошун айкырып.
Алдында болгон окуя,
Артына жетти айтылып.
Аңгыча салды карасак,
Суу үстүнөн биз жакка,
Жапырт мылтык атылып,
Жамгырдай жаа тартылып,
Ок төгүлдү жамгырдай,
Алакандай жер калбай,

Коёрго башты жашырып.
Кайрылып уруш кыла албай,
Качып бердик огунан.
Кайрат кылып тура албай,
Көптүгүнө салганда,
Жибердик суудан чыгарып.
Кырган менен түгөнбөйт.
Тажаганда токтодук.
Ээ боло албай биз калып,
Октон шейит болгонду,
Коё албадык жашырып.
Жамгырдай ок жаганда,
Жанталашып бул жанды,
Ала качтык качырып.
Алда кайда кетсек да,
Мылтык үнү тынган жок.
Таң атканча атылып,
Токойду өрттөп салышты.
Тыйпыл кылып, жок кылды,
Карагай, черди, камышты.
Таң атканча кобурап,
Уктабай таңды атырды.
Бир тындырбай аткылап,
Мылтыктан түтүн бүркүштү.
Жердеги төрт аяктуу,
Асмандагы канаттуу,
Неме койбой үркүттү.
Күн чыкканда бурулуп,
Лоб дайра жээгин карасак,
Кара талдай дүмпүйөт.
Дагы эле көп карааны,
Кырылгандай болду эле,
Кыйла аскер адамы.
Камынган жоо көрүнөт
Күчтүү экен курал-жарагы –

деп баатырлар бардык болгон баянды төкпөй-чачпай баштан аяк айтып токтоп, өлгөндөрүн жоктоп,

көзүнө жаш алып басылды. Беркилер да катуу кайгырып кайра бири-бирине кайрат айтып жоону жеңүүнүн акылына өтүштү. Карача кан айлына өмүр баатырды жиберип төрт миң кошун чогултуп: – Эки күндүн ичинде бизге келесиң – деп, артын караса кара чаң созулуп калың кол келип, Карача кандын кайраты ташый түштү. Кан желегин кайкалата аштап асманга көтөрүп, келе жаткан колдун жолун тосуп, Баян-Жүрөктөгү Саян кара талаасынын учукыйырына көз жетпеген түздө турду. Ал аңгыча найзасы асман тиреген алптар алдына түшкөн кол көрүндү. Карача кандын аскери колу аттан түшпөй таң калып, көзүн айырбай карап турду. Алар үн жетер жерге келип токтоду. Абайлап Карача көзүн салса колдун карааны 5–6 миндей эле окшоду, дагы артынан кол көрүнөбү десе караан жок. Ошондо таң калып, бул жоругун көргөндө Карача кан шаңданып колун сүрөп, кайратын үрөп айтып турган жери:

Жампоз, Күрөң, Тунжурлар,
Куланды, Кудаш курбулар,
Жалпы турган кыраандар,
Айтканыма кулак сал.
Мобу келген кошундун,
Турушунда кызык бар.
Адамдан суук көрүнгөн,
Ырайында бузук бар.
Алы-күчүнө чиренип,
Келген экен ушулар.
Болгон колу бул болсо,
Буйдамга койбой жеңебиз.
Булардай кылып бизди да,
Эр деп тууган энебиз.
Кайрат-күчкө салалык,
Жалтанбастан баралык.
Санга бөлбөй санааны,
Сандалып жатпай камалып.

Алдында минген айбаны,
Аянбай кечкен дайраны,
Балбандыгы болбосо,
Ылдамдыгы жок экен.
Жүз түрлөнүп келсе да,
Ушулар бизден эр эмес.
Кыйынсынган кыйыны,
Кабылан бизден шер эмес.
Касын салып кармашсак,
Биздин күч андан кем эмес.
Кол эсебин карасак,
Ошондо дагы тең эмес.
Тилекти кудай берген го,
Бүт кырылып калганы.
Ажалы жеткен келген го,
Аябай катуу киргиле,
Аркыратып күлүктү.
Ураан тартып дем менен,
Катуу салып бүлүктү.
Алдынан чыкпай буларга,
Капталынан баргыла,
Тоң моюн доңуз мингени,
Тоорумай уруш салгыла.
Абайлатпай качырып,
Аркасынан шаштырып,
Жарагын тартып алгыла, –

деп Карача сөзүн айтып бүтүрүп сарамжал күтүшүп турганда, Бараң баатыр да кошунун жайгарып, акылын айтып башкарып, Карача кандын колунун түрүн көрүп калтарып, бир аз апкарып турду. Колдун карааны, саны да көп көрүнүп, эмнеге келдик деп бөлүнүп, Догурга келтирип ичинен сөгүнүп, кылчайып кошунун карап, ачуусу тарап, Чаңжуңу жекеге чык деп самап, элине дагы мындай деди: – Жекеде алсак да, алдырсак да тобуңарды бузбай чогуучаран уруш салгыла, бөлүнсөңөр тегеректеп кетет

да, жалпы түпкө жетет. Бул сөздү алдыңкы укканы арткысына айтып колдун акырына жеткизди.

Керик минип кейкейип Чаңжуңу жекеге чыкты. Кыргыздардан жашы кырктардан ашкан, жеткен балбан, неченди алган Жамгырчынын Жантели аттуу уулу чыкты. Ошондогу эки баатырдын сайышы:

Догур кандын Чаңжуңу,
Минген экен керикке.
Эми келип ачуусу,
Калың колдун ичинен,
Жетип турган алпы ушу.
Караандуусу, чоңу ушу,
Адамдан башка зору ушу.
Жекеге чыкты Чаңжуңу,
Керкилең минип чамынып.
Ачуу чачып паччагар*,
Көк камандай чамынып.
Алдындагы кериктин,
Тумшукта мүйүзү аркайып,
Кулактары шалпайып,
Үстүнө ээр чак келбей,
Ыңырчак токуп таңуулап,
Ысыкта өскөн мал экен,
Алып жүрөт жабуулап.
Карап турсаң Чаңжуңу,
Каарды катуу баштады.
Соккон желге биринде,
Сакал, мурут, чачтары.
Кыр муруту коркоюп,
Көзүн жапкан каштары.
Аркы-терки сөздөрү,
Алакандай көздөрү.
Жалаң темир кийгени,
Жалаң кылыч илгени.
Ооздуктан неме жок,
Октолу керик мингени.

Кызык экен ушунун,
Айткан жакка тил алып,
Ою менен жүргөнү.
Эрки менен имерип,
Айбан тилин билгени.
Чаңжуңудай балбан жок,
Кармаган колдо калкан жок,
Чоң зүңгү найза бетке алып,
Алдындагы керикти,
Бир кулдурап кепке алып.
Чоң зүңгү найза колго алып,
Качырып жөнөп калды эле.
Жантели эрди бет алып,
Кетип барат оюнда,
Күүлөнгөн бойдон жетем – деп.
Найзалабай ушуну,
Күү менен коюп өтөм – деп.
Кара тоодой карааны,
Кесир кармап найзаны,
Кемсинтип барат баланы.
Алдын тосо качырды,
Жамгырчынын Жантели.
Ачуусун салып бул дагы,
Айбаттанып киргени.
Өлүмдөн коркуп баатырда,
Жок экен такыр сүрдөнүү.
Беш асыйда быштырган*,
Торайгыр экен мингени,
Төрт аякта ала бар,
Маңдайында кашка бар,
Камбар ата нак тулпар,
Жылкыдан чыккан башка мал.
Сүмбөдөй сулуу семирген,
Жал, куйругу төгүлгөн,
Жүгүргөндө элирген.
Буудай шаңдуу көрүнгөн,
Тизгин уруп, какпаган,

Башка камчы чаппаган.
Кылыч, найза, камчыдан,
Жалтанып кайра качпаган.
Казатка минчү чын тулпар,
Күн, түнү сыйлап таптаган,
Жамгырчынын Жантели,
Кара тору өңү бар,
Кайнардай жанган көзү бар.
Мурутун толгоп имерген,
Кулакка толгоп жиберген,
Арстандай жүрөктүү,
Жолборстой билектүү,
Беттешип нечен баатырга,
Салган шер эле дүмөктү*.
Жалтанып оозун жумбаган,
Найзаны жаза урбаган.
Кыйладан артык мыкты эле,
Найзакерден ыктуу эле.
Болжогон жерге найзасын,
Бир урганда жыкчу эле.
Алдындагы Торуга,
Катуулап камчы урду эле.
Чаңжуңу менен эр Тели,
Бет келишип турду эле.
Жеп ийчүдөй бир-бирин,
Эки дөө найза сунду эле.
Керикке минип кенебей,
Кесирленди Чаңжуңу.
Кыргыздан келген баатырды,
Бучкагына тенебей.
Союлдай кармап найзасын,
Жазгап барды Чаңжуңу
Жыга чапчу немедей.
Мындан мурун Чаңжуну
Ушинтип жыккан далайды.
Жамгырчынын Жантели,
Мунусуна карайбы.

Баатыр жетип аңгыча,
Найза менен Чаңжуңуну,
Жалпайта чаап салгыча
Найза коюп өттү эле,
Кекиртектин өзүнө.
Күчтүүлүгүн мындан бил,
Бөрү тил кирип корогон,
Кежигеден Чаңжуңунун,
Учу чыгып сороюп
Сокондо болот жетиптир,
Аман калып моюн сөөк,
Оң күрөөнү талкалап,
Шилини союп өтүптүр.
Белинен найза сыныптыр,
Колунан ыргып зүңгүсү,
Керик минип кейкейип,
Мойнуна каскак тагынып,
Кесирлүү Чаңжу туруптур.
Кайра тартып эр Тели,
Эңгиреп турган немени,
Чоюн баш алып колуна,
Чокудан ары уруптур.
Салмагынан чоюндун,
Жарылып башы сыныптыр.
Капталга жана бир согуп,
Караан туткан балбанын,
Калдайтып жерге жыгыптыр.
Андан кийин Жантели,
Кылчайып артын караса,
Чаңжуңунун кериги
Салмак болду тамаша.
Ким көргөн мындай жумушту,
Тумшугу менен качырып,
Керкилең баштап урушту.
Тик качырып калганда,
Жантели турду дал болуп,
Биле албай эмне кылышты.

Турган экен жолунда,
Жара тартып кетчүдөй,
Керкиленди оңуна.
Кыя чабар кылыч жок,
Чоюн баш жалгыз колунда.
Ошентип чочкоң жетерде,
Жаныбарың Торуну,
Эки бөлүп өтөрдө,
Капталдан келген бу каман,
Тумшугу мүйүз куу каман,
Ичин эшип кетерде,
Шашып жаңсап ура албай,
Чоюн баш тосо бергени.
Күү менен чочкоң келгени,
Бул жерден кудай бергени.
Чоюн башка урунуп,
Мурдунда мүйүзү быркырап,
Мээ козголуп зыркырап,
Ала салып жыгылып,
Апчып жерди сугунуп,
Төрт аягы кыбырап,
Жатып калды тырпырап.
Ошондо Тели эс алды,
Эки жакты карабай,
Алчандата бастырып,
Тор күлүктү алкынтып,
Кыргызды көздөй бет алды.
Бул жорукту көргөндө,
Ишенген дөөсү өлгөндө,
Сазаңшаң эли буркурап,
Кошулушуп калың кол,
Кыйкырып турду чуркурап.
Намысынан Бараң хан,
Бүткөн бою зыркырап,
Араң турду жан чыдап.
Жекеден атын чыгарып,
Карача, кыргыз кубанып,

Жамгырчынын Жантели,
Чекеден терин сыланып,
Жаныбарың Тору тулпар,
Өпкөсүн кагып ээлигип,
Бучкактан буусун чыгарып.

Кыргыздар адеп келген дөөсүн жеңгенден кийин чоң кайрат алып, душманын таңгалтып, чоң бүлүк салып баштагыдан миң эсе шерденип турушту. Кытайлар жакты караса найзачанын, кылыччанын бөлүп, мергенин топтоп, мылтыгын октоп, шаймананын жамдап*, жаа жебесин камдап жатты. Муну көргөн Карача: бизди бул кытайлар ок жаадырып жамгырдай төгүп, бирден терип кетпесин. Ортону ачалы колду экиге бөлүп, оң менен солго качалы. Эки капталына чыгып анан уруш салалы, дүрмөтү түгөнүп алардан биринде мылтык атылганда биз ошондо ок аталы. Ушуну айтып Карача оозун жыйганча, Бараң кан кошунуна ат коюуга буйрук бергендеги жери:

Бараң кан турган кайгырып,
Баатырынан айрылып.
Бараң кан буйрук бергенде,
Очогор* атчу мергенге,
Оозунан түтүн буратып,
Жабыл деди көп колду.
Белги кылып бир атып,
Алты миң кошун айкырып,
Найзанын учун жапырып,
Добулбас үнү жаңырып,
Аламандап жабылып,
Бурут дешип бет алып,
Калган экен качырып.
Асманга үнү чаңырып,
Жалпы мылтык атылып,
Алаңгир* жаасы тартылып,
Асман жарган ызы-чуу,

Ой-тоонун баары жаңырып.
Боло түштү заматта,
Кара туман, кара чаң,
Бургуп кара талаадан.
Жамгырдай огу төгүлүп,
Жан койбостой көрүнүп.
Жарыла берди кыргыздар,
Оң менен солго бөлүнүп.
Бул амалды кылбаса,
Кетүүчүдөй бекерге,
Кыйланын каны төгүлүп.
Окко алып учкан бар,
Анча-мынча адамы.
Баарыдан жакшы иш болду,
Карача салган амалы.
Чаңга аралаш байкабай,
Айкырып кошуун келатат,
Аткылап куру талааны.
Айтканындай Карача,
Кол бөлүнүп чачылып,
Бириндеп мылтык атылып,
Өлчөмүнө келгенде,
Бараңдан* түтүн булатып.
Чукулдан чыгып жаа тартып,
Чоң дүмөкө* салды эле,
Канчаларын жыга атып,
Кара жерге сулатып.
Ал аңгыча эки кол,
Аралашып калды эле.
Мылтыктын үнү басылып,
Кара күчкө салды эле.
Кытайдын колун карасаң,
Уйгу-туйгу арасы.
Башаламан болушуп,
Кай жагына чабарын,
Унутушуп коюшуп.
Оңолуп жолго салгыча,

Баатырлар жетип аңгыча,
Туш келгенин найзалап,
Кыйындары кылычтап,
Баатырлар кирип балталап,
Кирип барды, кыйлаларын талкалап.
Жан аяшпай эки жоо,
Өжөрлөнүп кармашып,
Бир бирине жармашып,
Өлүмгө башын арнашып,
Өчү бар жандай таймашып.
Эчен мыкты эр өлүп,
Эрдемсиген шер өлүп,
Кагылышкан кармашта,
Эки жактан тең өлүп.
Бир заматтын ичинде,
Жерге батпай көп өлүк.
Коюндашып жыгылып,
Өзгөчө жаман кырылып,
Үйөрдөй* болгон кошундун,
Арасы барат суюлуп.
Кызыл кан суудай чачылып,
Жуурулушуп топурак,
Суу сепкендей лып этип,
Уюган чаң-чуң басылып.
Кармашкан эки жоо болуп,
Ат өлүгү сан жетпей,
Эр өлүгү тоо болуп,
Бир кездерде карасаң,
Эрендери кыргыздын
Оюп кирип барыптыр.
Кез келгенин кетирбей,
Союп кирип калыптыр.
Кайра тартпай кармашып,
Кайратты катуу салыптыр.
Кытайдын колу биринде,
Карачанын киши си,
Карааны артып алыптыр.

Мына муну көргөндө,
Акылдан Бараң шашканы,
Анча-мынча кол менен,
Артын карай качканы.
Кармашууга ал келбей,
Кутулар жагын бет алды.
Бараң баштап көп жаңжу,
Кылчайып артын карабай
Баарысы качты талаалай.
Калганы жатат кармашып,
Өлгөнүнө карабай.
Ошондо кетти кыргыздар,
Бирөөнө бештен жабылып,
Бир заматта жок болду,
Баарынын башы чабылып.
Ушул ишти кылбаса,
Берер эмес багынып.

Бул жолку казат эң каардуу болду, эки жактан тең эл ченебей кырылды, ат өлүгү, эр өлүгү тоодой болуп жыйылды. Суу ордуна кан агып, жыпар жыттуу гүл талаа каңырсып кан жыттанды. Карача кан баарылап жаралуусун дарылап, шейит өлгөндөрүн ак кепиндеп, аруу жууп койдуруп, өлгөнүнө өкүнүп, боор тартып өкүрүп, куранын окушуп, аттарын токушуп, асыл жандан чочушуп, аттанып кошууну менен Саян дайрага келди. Уруш болгон талааны азуулуу айбан, асмандагы канаттуу тойлоп калды.

Карача кан кытайлардын колунан жарадар болуп, тирүү калгандарынан, колго түшкөндөрүнөн жүз адамды атка мингизип ала келип, жайланганда суракка алды. Булардан Карача кан ким менен согушуп жатканын билмек болду. Болбосо эки жоо бирин бири сурабай, ким экенин тааныбай согушканды гана билген. Тилмеч салып сураша келсе айтылуу Сагда баатыр экени чын, бул жерге ал келген эмес, 25 миң кол менен Догур келген, ал азыр

да жок. 6 миң колду Бараң деген баштап келип кыргын болгонун айтты. Догур баатыр дарыядан кечкен жерде экенин да, 12 миң кол бар деп да кабарлады.

Догур келбей койбойт экен, акжолтой Баян-Жүрөктөн дагы күтөлү деп мурдагы ордуна келишти. Баштагыдан каруусу күч алды, кырылган кошундун куралынын бирин койбой, соот-чопкутуна чейин, аттарын, тил билбеген айбанына чейин олжолоп айдап, олжону артып алышкан. Эки миң адамын жалаң мылтык атып жаа тартканга, калганын кылыч чаап найза сайганга койду. Баштагыдан жоо менен үйүр алышып, атышканга көнө түштү. Анан дагы мурдагыдай кабарсыз жатпай ар кайсы жолго кароолун бекемдеп коюшту.

Эми Бараң баатырдан кабар алалы, миңдей адамы менен Бараң баатыр Догурга келди. Кошуну кырылып, ичи күйүп ачуусу келген Бараң: – Бизди өлүмгө жумшап, өзүң башыңды калкалап каласың, сен буруттун кол кошунун, каруу жосунун билип туруп атайылап өлүмгө кармап бердиң деп кепке келбей эле экөө чатакташып, кармаша кетишти. Булардын чатагына эч ким киришкен жок. Акыры Догурду Бараң баатыр көтөрүп уруп, көөдөнүнө минип, көөдөнүн канжарлап тилип, башын кесип салды.

Эми мен Сагда канга барсам баштан айрыламын, бурутка барсам жеңилемин, андан көрө акырын элге кирип, арасына сиңип жок болоюн деп 12 миң колду ээрчитип караңгы түндөп жол жүрүп кытайга кайра кирип кетти. Бул калың черүүгө да жакты, жерине жеткенде кай кеткени билинбей кол жок болду.

Эмки сөз Сагда баатырдан болсун. Сагданын алдына кеткен кошундан бир адам да кайрылып келген жок. Анткени барган адамдар суук кабарды

Сагдага айтсак сөзсүз өлөбүз деп көргөн жолу менен элин көздөй аттанууда. Сагда баатыр күнү-түнү көзү ачылбай баскан дөөлөтүнө мас болуп жакында буруттун калың казынасы ордомо толот деп жата берген. Ортодон көп убакыт өтүп, эли шекшип атайлап адам жиберип кабар алдырды. Алар кошун кырылган жерди көрүп жанынан чочуп, калтырап коркуп түгөлү менен 25 миң адам жер менен жексен болгонун айтты. Муну укканда Сагда кандын жини ошондо кайнады:

Кечилдердин Сагда кан,
Буурадан бетер буртулдап,
Оозунан көбүк буркулдап.
Каары чыгып өңүнүн,
Жутуп ийчү немедей
Чаары чыгып көзүнүн.
Адам чыдап тура алгыс,
Заары чыгып сөзүнүн.
Жутуучудай зиркилдеп,
Сакал, муруту бириндеп.
Ойдо жок кабар кеп угуп,
Чоң жаңжалды баштады.
Ордодогу адамын,
Кырып ийе жаздады.
Каарданып бакырды,
Төрөлөрдүн баарысын,
Түгөлү менен чакырды.
Чогуу келди бул жерге,
Чочулап беги, кандары.
Сагданын түрүн көргөндө,
Чыга түшүп жандары.
Ачууланып кеп айтат,
Сагда кан мындай деп айтат:
– Азганактай бурутту,
Аз гана кошуп алат – деп,
Көп барганда не пайда,
Көбү мында калат – деп.

Жеке өзүм барып жеңем – деп,
Катын, кызын олжолоп,
Алтынын артып келем – деп.
Догур кеткен жол менен,
25 миң кол менен,
Алтын эмес өзү жок.
25 миңдин ичинен,
Бир адамдын көзү жок.
Караңгыда адашып,
Тай жоголот дечү эле.
Үйүрү менен жоо алып,
Мал жоголот дечү эле.
Колдон качып, боо тытып,
Куш жоголот дечү эле.
Жатка качып адашып,
Кыз жоголот дечү эле.
Биздеги жорук жорукпу,
Ким көрүптүр дүйнөдө.
Бул өңдөнгөн кордукту.
25 миң не адам,
Дайны чыкпай жоголсо.
Табылбай изи бир адам,
Айбан эмес, мал эмес,
Бир жака оттоп кеткидей,
Же агып аткан суу эмес,
Жерге сиңип кетчүдөй.
Жер түбүнө жеттиби,
Ажыдаар соруп кеттиби.
Дарыядан актыбы,
Жырткыч айбан жардыбы.
Бурут келип буларды,
Бүтүн кырып салдыбы.
Чыны менен буруттан,
Кырылдыбы барлыгы.
25 миңдин ичинен,
Кантип бирөө калбасын.
Башына мүшкүл иш түшсө,

Кантип бирөө калбасын.
Карышкыр жеди дегенге,
Шибелер* калып алар жок.
Болуп турган шумдук го,
Дайыны жок, кабар жок.
Айтарым ушул төрөлөр,
Туш-туш жакка чабасың,
Туш-туштан чалгын чаласың,
Жердин түбү болсо да,
Жоголгон жокту табасың.
Өлгөндөрдүн сөөгүн таап,
Бүт эсебин аласың.
Кырк күндө жообун бербесең,
Биринди койбой соёмун.
Бүт ажалың өзүмдөн,
Тындым кылып коёмун.
Атаңдын көрү адамдар,
Намыс кайда, ар кайда,
Эчтеме менен ишиң жок,
Жүрөсүнөр кай жайда.
Бул жоругум барында,
Көчөсүн кактап аралайм.
Айтылуу Бээжин калаанын,
Алакө кандын алдына,
Кай бетим менен барамын.
Кеткениңер ылдам кайт,
Ылдам келип жообун айт.
Жыл мезгили убакыт,
Кыш экенин билбеймин.
Жер кыртышы каткалаң,
Муз экенин билбеймин.
Бурутка жолду чаламын,
Буркуратып тозоңун,
Будуң-чаңды саламын.
Ат сергитип токтобой,
Кулак угуп көз көргүс,
Жерге чейин барамын.

Адам тилин билбеген,
Элге чейин барамын –

деп Сагда баатыр баарын жекирип, ачууланып өкүрүп туш-тушка аттантты. Өзү Кайкы-Кара атына минип колго келди. Кол башчыга 40 күнгө чейин кошунга бөлүп, эсебин алып тактап турасың, 41-күнү жортулга чыгамын деди. Буйрукту катуу берип жай жаткан кошунду катуу дүрбөтүп коюп, ордосуна келди. Улаң кан менен Ушаң канды чакыртып бириң барып Бурутка кабар саласың, 41 күн өткөндө, кыш түшкөндө Сагда кан 50 миң адам менен келем деди де, Карача канга салам де, мени сыйласа урушу жок багынып берсин, мен айткан жайга көнсүн, мен салган алык-салыкты камдап берсин, ага көнбөсө арманы жок камынып кармашар жерге келсин де. Буга улуураак Улаң кан бармак болуп, Сагдадан мөөр басылган кат чийгизип жанга салып, жанына он чакты жигит кошчу алып жөнөп калды.

Эмки сөз Карача кандан болсун. Баягы колду кырып калганын кууп жиберип, дагы кол келет го деп көпкө зарыккан, анын үстүнө Сагда кандын ордо чөйрөсүнө тыңчы жиберип сөз тил алса Сагда кыштап туруп анан жолго чыгат деген кабар алды. Мунун бышыктыгына жетип, даяр тургула жоо келгенде чогулалы деп үй-үйүнө таратып, жолго үзбөй кароолчу коюп, айылында камырабай кудай салганды көрдүк деп жата берген. Ошондон бери мына бүгүн гана Улаң канды кароолчулар коштоп ортодогу элчи экен деп он чакты кытай жигити менен Карача канга алып келишти. Учурашып, койнундагы катты сунуп, Улаң кандын айтып турган жери:

Саламатпы Карача,
Дидарлашар чак келди.
Жараткан кудай кааласа,
Жай олтуруп айтайын,

Мен жакта түркүн тамаша.
Кабарында бар чыгар,
Калмакка Сагда келгени,
Баш ийгенбиз кыңк этпей,
Баласы калмак элдери.
Келген Сагда төрөнү,
Оюна салып биз койдук,
Ою менен биз болдук.
Таманына жыгылып,
Өзгөчө жанды кыйнадык.
Тикебиз менен тик туруп,
Тегеле кыйын сыйладык.
Алдына бардык жагынып,
Ок атпай бердик багынып.
Кас кылбаска ант бердик,
Буркун ташка тайынып.
Санаабыз бирге дегендей,
Зубун* чогун сайынып,
Кызматына турууга,
Алтын ченин тагынып.
Болбосо элди кырмакпыз,
Ушинтти абийир жабылып.
Калк тукуму түгөнмөк,
Кокустан калсак жаңылып.
Сексен миң жакын колу бар,
Адамдан башка түрлөрү,
Арасында зооту бар.
Айтканына көнбөстүн,
Түгөнбөй турган шору ал.
Элдешкенге эл болчу,
Сагданын мындай жолу бар.
Тилимди алсаң Карача,
Тийишпей туруп тосуп ал.
Кырааным өзүң билесиң,
Коркуткан эмес бул сөзүм.
Каарып алса калк чабат,
Кыйыгына тийгенге,

Кылып коёт алаамат.
Урушка бөлбөй көөнүңдү,
Кылсаң ишиң оң болот.
Элдешүү жакка далалат,
Ойдогусун аткарсаң.
Ошондо гана жан калат.
Карача уксаң сөзүмдү,
Элчилике мен келдим,
Эч кимиңе тартпаймын,
Эки жакка тең келдим.
Карача өзү келсин – дейт,
Айтканыма көнсүн – дейт,
Катка жаздым ачыгын,
Жыл маалына ошону,
Жыйып туруп берсин – дейт.

Улаң кан толугу менен Сагда төрөнүн айтканын толук Карача канга баяндады. Катты алып окутса: Алтын-Күрөк, Баян-Жүрөк деген жерин сураган жана калмактар кандай алык-салык төлөсө силер дагы ошондой салык төлөп, кол кайырбай толугу менен мага баш иесиң. Менин ордомо келип чен* тон алып мындан аркы кызматты мага кыласың. Бул айтканга көнбөсөң айткан мөөнөтүмдө армансыз камынып, каалаган жериңен тосуп алгын дептир. Сен жигиттериң менен эс алып тур, мен адамдарды жыйып акылдашып жооп берейин деп, кеп кеңешчүлөрүн алдырып, Карача кандын айтып турганы:

Улуктарым кулак сал,
Уккандырсың баарыңар,
Калмактан келди Ушаң чал.
Кеңешкени чакырттым,
Көп аңгеме мында бар.
Элчиликке келиптир,
Орточу болуп Сагдадан.
Кабары катуу көрүнөт,

Каптап кетсе көп кошун,
Калбайт го деймин биздин жан.
Кат жазып элчи шайлаптыр,
Айтканыма көнсүн – деп,
Буруттардын Карача,
Баш ийип мага келсин – деп.
Бересе жок, доо салып,
Алык-салык берсин – деп.
Айтканыма көнбөсө,
Элүү миң кошун Сагданы,
Эртеңки күнү көрсүн – деп.
Мунусуна мен макул,
Көмүскөдө жатат кеп.
Чакыртып алып акырын,
Балээни башка салбасын,
Билбедим кандай акылын,
Далайды мага кылдың – деп,
Аскерим арбын кырдың – деп.
Жазалап башты алабы,
Андан кийин Сагда кан,
Балакетти салабы.
Башчысыз калган бул элди,
Тыйпыл кылып чабабы.
Же болбосо Сагда кан,
Чын эле айтып жатабы.
Бул айтканы чын болсо,
Ортодо чырды басалы.
Сураганын берели,
Тагдырдын жазуун көрөлү.
Күчүнө салса биз жакты,
Аныкда анын жеңери.
Кандай дейсиң эл-журтум,
Жок ко дейм акыл бөлөгү.
Улаң кандын алдында,
Ушундай жоопко келели.
Өлгөндөрүн доо дебей,
Сөзгө келсе жоо дебей,

Чын кудайдын бергени,
Аман калсак асырап,
Бүлгүнгө салбай эл-жерди –

деп Карача кан элине кеңешин курду. Эч кими буга жооп бере албай далайга унчукпай турду, ошондо алардын арасында акылман, чечен, көптү көргөн, элчиликте нечен жүргөн, нечендин эбин билген Ачакей деген кары бар эле. Сакалын сылап, үнүн жасап айтып турган жери:

Калайык сөзгө кулак сал,
Сөз сүйлөйүн мен бир чал.
Карачанын айтканы,
Абайласаң жөнү бар.
Ушу жашка келгени,
Далайды көргөн ушул жан.
Сөзүмдү угуп эп көргөн,
Эчен төрө, эчен кан.
Элчиликке алдына,
Кыйласына баргамын.
Талаш-тартыш, чыр болгон
Ортосунда кандардын.
Эби менен бүтүргөм,
Эп келишпес жаңжалын.
Бул айтканы чын болсо,
Улук төрө Сагданын
Ушуну колдон чыгарбай,
Ыгына көнүп кармагын.
Өзүңөр көрүп келдиңер,
Зардабы, күчү, салмагын.
Акыры башты иелик,
Жазганын көрүп алданын,
Ылайык ко кан төрөм,
Кызматына турам – деп,
Кытай ченин алганың.
Унчукпай төлөп туралы,
Доо кылып, алык салганын.

Жылына чыкса кеп эмес,
Азыноолураак мал-жаның.
Малдан жарды эмеспиз,
Сапат жетпей жатпайбы,
Дүркүрөгөн чарбагың.
Буга макул бололу,
Кур намысты коёлу.
Башка арамы жок болсо,
Напсисин бизден буюрган.
Капыр да болсо бул Сагда,
Даражасы башкача
Кудайдын берген коногу.
Өзү келген ырысты,
Текебер кылган оңобу.
Карача каным айткандай,
Каршылашсак аныктыр
Буйдамга келбей жеңери,
Сурабай башты кеспейби,
Буулуп жаткан дөөлөрү.
Кыскартайын сөзүмдү.
Сураганын берели.
Эп көрсөңөр ушундай,
Жыйынтыкка келели –

деп Ачакей карыя акыл сөзүн айтып элге кайрылды. Акыры ойлоп көрсө башка жол таап кетүүчү жери жок экен. Чынында эле ушундай болучу. Карача кан ичинен сыздап, тышынан күлүп туруп, карыянын айтканына, калкынын акылына көнүп камданып алып, Сагда канга барууга Ушаң кандын алдында убада кылды.

Карача кан Улаң кан менен жеке калып да аңгемелешти. Улаң кан арак-шарап ичип олтуруп, кымызга кызып Сагда кандын 25 миң аскери сени чабам деп кетип орто жолдон жок болду. Сагда кан муну териштирсе кытай черүүлөрү өзүлөрү менен өзүлөрү чатакташа кетишип кырылып, калганы

кытайга качып кирип кетиптир деди. Муну угуп Карача кандын көңүлү катуу жайланды.

Улаң канды жөнөтүп коюп, Карача камынып, жанына Ачакей карыяны алып, сураган малын камдап коюп Сагда канга жөнөдү. Сагда кан бул кабарды угуп, кудай берди буруттун бул канынын мага баш ийиши кийинкиге жөрөлгө болот экен, эми мен Кашкар каны Карабекке кол сунсам оң болот экен деп ичинен күлүндөдү. Кандардын алдына багынып келиши алдыга даңгыр жол салып ажыдаардай араанын ачты.

Сагда кан ар акылга келип ойлонуп, ары-бери толгонуп, мындай ойго келди. Мен баш ийген кандарды калтыратпай, кор кылып жалдыратпай, бирок катуу баш ийдирип, айтканыма көңүл бурдуруп дос катары, кеп-кеңешчи катары кармайын, ошондо гана мага көөнү берилип кызматымды ак дагы, так дагы аткарат. Ал эми түбү душман экенин унутпашым керек, жеринен жер алып, ордо куруп чеп салып өзүмдөн башчы шайлап, кайтаруга аскер коюп камылгам катуу болуш керек, ошондо гана менин ишим оң болот деди.

Карача канды Сагда ошол шарт менен урматтап тосуп алып, сый ордосуна өзү турган жерге кирсин деди. Ошондо Карача кандын Сагда менен учурашып айтып турган жери:

Салам айтып баш уруп,
Биз келдик төрөм сиз жакка.
Даражасы, жолу улук,
Жагдайына карата.
Дидарлашсак, даамдашсак, –
Деп келдик кудай кааласа.
Соорондик кандын тукуму,
Алакөңүл өз уулу.
Төрө Сагда келди – деп,
Санаадагы тилекти,

Каалап кудай берди – деп.
Улаң кандан кече уктук,
Кулакка сыяр сөз уктук.
Улугум сенден кат алдык,
Төрөнүн мөөрү басылган.
Мең Карача кан жакка,
Туюнтуп кабар жазылган.
Тоголок кагаз ичинде,
Ток этер жери айтылган.
Жер сурапсың жеримден,
Аянбайм сиздей канымдан.
Мал сурапсың малымдан,
Айланып кетсин кан төрөм.
Ошол мал сенин жаныңдан.
Кайдан жаман иш болсун,
Кызматың кылып кан төрөм,
Алтындан чениң тагынсам.
Төрөгө кылган кызматым,
Журтума кылган урматым.
Эл кырылып, жоолашып,
Кан төккүлүк кылбасын,
Узун өмүр жаш берип,
Өмүрлүү болсо бул башым.
Аман болсоң көрөрсүң,
Өтөймүн төрөм кызматың.
Сурап турган жериңиз,
Алтын-Күрөк асыл жер,
Баян-Жүрөк баалуу жер.
Не кааласаң табылар,
Каалаган аңдын баары бар.
Бийиги бар, түзү бар,
Адыры бар, тоосу бар,
Шаркырап аккан суусу бар.
Жана төрөм айтайын
Кызык жери ушу бар.
Жайкысын жылуу, күз салкын,
Кышкысын малың арыбайт.

Тогуз күн кар жааса да,
Томуктай карга алдырбайт.
Шамал кетет учуруп,
Кечинде күрөп баштаса.
Эртең менен карасаң,
Кеткендей бирөө шыпырып.
Илгертеден келаткан,
Бабалардан кеп калган.
Ошон үчүн бул жерди,
Алтын-Күрөк деп калган.
Кыскасы, төрөм байкагын,
Ушул менин айтарым.
Чегиң коюп жериңди ал,
Жер кыртышын көрүп ал.
Келе жатат айдалып,
Айтылган санда калың мал;
Ылайык деп төрөгө,
Жолборстон ичик жасаттык,
Жолубуз мындай билип ал.
Жонуңузга жарашсын,
Жолборс төрөм кийип ал –

деп Карача кан Сагда төрөгө баарын айтып, ирети менен сөздү баштап, ирети менен аягын бүтүрүп таштады. Сагда төрө Карачанын сөзүнө, жеткен чечен, ар ишке акылы жетме экенине көңүлү түшүп, ойдогусунан да Карачанын сыйы ашып кеткенине бек ыраазы болду. Баарыдан жолборстон жасаткан сый ичик көңүлүн ачып, кийгенде куп жарашып, көңүлү туйтунуп, жону кулпунуп, айдар чачы аркасынан төгүлүп, кашын керип, жайдары жүзү жарк этип, сөзгө эрип Карачага арнап төрөлүк сыпатын кармап айтып турган жери:

Айтылса салам сен жактан,
Алик алмак биз жактан.
Колунду кармап таксыр кан,
Жооп айтат сага Сагда кан.

Дидар көрүп, даам ичмей,
Буйругу бар го Алладан.
Касиет башта болбосо,
Кезиге бербейт жөн адам.
Түбү жүрүп кор болбойт,
Сагда атымды сыйлаган.
Сага да сыйды көргөзөм,
Мени сен кандай сыйласаң.
Түбүн туура ойлопсуң,
Каарымды салсам кырылмак,
Казаты жетип кыйла адам.
Бөөдөсүнөн жан кыйбай,
Коркуптурсуң убалдан.
Төрө деп келген сый алып,
Ушунуңа кубанам.
Жакындашып жоо болбой,
Ынтымакта жашайлык.
Аныk болсо убадаң,
Аныңа урмат-сый кылып,
Даражаңды көтөрүп,
Чен тонум берип чыгарам.
Өзүм деген адамга,
Көрсөтпөймүн зордукту.
Аскерим арбын экен – деп,
Салбаймын ага чоңдукту.
Карача досум андыктан,
Көп экен деп коркпогун,
Бир айланып жылына,
Бере турган салыктан.
Түп атаңды сурасам,
Түбүң бурут эл экен.
Келген жанга меймандос,
Түбүнөн пейлиң кең экен.
Ак шарият жолу бар,
Ак мечиттен окуган,
Мусулмандын эли экен.
Биз дагы сендей элдерден,

Таш кудайга* сыйынган.
Дини башка дебесең,
Адамдан башка кулдурап,
Тили башка дебесең,
Кең сүйлөшүп биз алдык,
Ойдогу сөздү болтуруп.
Кандай болот Карача,
Калган сөздү кептешсек,
Чайга карап олтуруп –

деп Сагда төрө Карача канды сурабай туруп мусулман эли деп, пейили кенен деп жайкап, өзү жеген тамактан оолак кылды. Андан кийин Сагда төрө Карачанын айдап келген калың малын көрүп, бадачы, уйчу, койчу, жылкычыга өткөзүп берди. Ал малды Баян-Жүрөк, Алтын-Күрөккө калмактан алган мал менен кошуп туруп күтүрөтүп айдатып, ошол жерде кыштатмак болду. Башка эч сөз сүйлөнбөй Карачага чен тонун берип атказды. Карача кан кош айтышып, аттанып элин көздөй жөнөрдө Сагда кан керней, сурнай тарттырып, дар оюнун көрсөттү. Чен тондон таанып, алдынан чыккан кытай адамы бу дагы бир улук төрө экен деп өтүп кеткенче жүгүнүп, ордунан жылбай турушат. Карача кан жолдоштору менен ордосуна келип, кандыгын кылып капарсыз жата берди. Карача канга баарынан мыктысы Сагданын колу кырылганынан кеп салбай, шек, кек санабаганында болду. Сагданын оюн байкаса даражасын жогорулатуу төрөлүктө, байлыкта экен. Сагда төрө казатка аттануучу оюн бузду. Аскерин камынтып коюп, ордо кыздын кызыгына, тамак ширинине, шараптын күчтүүсүнө кирип, төрөлүк пейил күтүп, дөөлөттөнүп дөгүрсүп, бою балкып, ар ойго калкып, көл дайрадай чалкып жата берди. Ошол жылы кыш каардуу өтүп, жаз кысымга алды. Аттары аркайып, качырлар каркайып, кериги керкейип, жөөлөрү калжа-

йып иши төмөндөдү. Аскеринин арасынан бир жагынан ак жетпей, бир жагынан көк жетпей шалкы деген дарт тийип өлө баштады. Муну көргөн Сагда: бул жерде жата берсем ат арыгып, эл оругунан өлөт. Андан көрө эч ким муну байкай электе жолго чыгайын, эмне болсо да ээн жерде болоюн деп, калмактагы ордосуна Доргучуну, кыргызга ордо салып чен күткөнгө өзүнүн жаш иниси Зарунду коюп, кабарын мурун уккан Текечи, Тээкчи Кашкар каны Карабекти багынтам деп, союш малын айдап, казанчысын шайлап, көктөмдө самсып жөнөп кетти.

Эмки сөз Карача кандан болсун. Карача кан ордосуна жай жатып он үч жыл өткөрдү. Жашы улгайды, кытай төрөлөрү баягыдай эмес, оюна келгенин жасап кээде жылкы тийип, малын айдай качып, эр өлтүрсө сөзгө келбей Карача канды дагы тоготпос болду. Алтын-Күрөк, Баян-Жүрөккө ордо салып, аскери арбып, алык-салыктын биринин артынан бири келип элдин тынчын ала баштады. Ордо салганда Зарун кан Карачага күч кылып алтын, күмүш алган. Калмак кандарынын эли аягы итке минген жардылыкка келди.

Карача кан көп жолу балалуу болсо дагы балдары токтогон эмес. Ошол кездерде кырктын кырына келген Зуурабүбү аттуу бир зайыбы бар эле. Ошол 40 жашында кош бойлуу болуп, жолборстун этине талгагы канып, арадан күн өтүп, мезгил жетип, толготор күнү келгенде түнүндө түш көрүп, таңга маал кан төрөсүн ойготуп, айтып турган жери:

Асылым төрөм ойгонуп,
Мен жакты карап толгонуп,
Түндө жатып түш көрдүм,
Бир ажайып иш көрдүм.
Кан төрөм берсең сен жоруп,
Бир жагынан калгамбы,
Бөйрөгүм сыздап эт ооруп.
Түндөгү көргөн түшүмдө,

Өзүң менен бир сонун,
Кызык жайда жүрүппүз.
Айланам бейиш карасам,
Кадыр түнгө кириппиз.
Оң кол жакты карасам,
Каз-өрдөк, ак куу бетинде,
Толкуп жаткан көл экен.
Көлдүн жээги көк шибер,
Түркүн гүл, дарак жайнаган,
Түркүн куш түрлүү сайраган.
Асманы ачык ай талаа,
Көркөмү укмуш жер экен.
Тегерегим карасам,
Көзгө тааныш жүздөрү,
Үч айланта курчаган,
Өзүбүздүн эл экен.
Аял, эркек аралаш,
Ортосунда мен экем.
Ал аңгыча болгон жок,
Кан төрөм сени карасам,
Тоо-Буурул атка минипсиң,
Төрө тонуң кийинип,
Алчактата бастырып,
Эл аралап жүрүпсүң.
Жаныңда жүрөт коштошуп,
Овозгериң жигитиң.
Алдыңда атың алкынат,
Алыптырсың кондуруп,
Алтын боолуу ак шумкар,
Айды карап талпынат.
Өткүр экен башкача,
Айнектей көзү жаркырап,
Ак куудай аппак жүнү бар.
Анда-санда шаңшыса,
Чаркыраган үнү бар.
Канатын сермеп талпынса,
Жыгыла жаздайт күүсүнөн,

Тегеректеп тургандар.
Табына келген шумкарды,
Алып чыгып салыпсың,
Каалаганың алыпсың,
Канжыгаңа чалыпсың.
Жердегини жерде алды,
Чөлдөгүнү чөлдө алды,
Көлдөгүнү көлдө алды.
Асмандап учкан ак шумкар,
Чабыты кетти алыска.
Айлантып алтын тууруңа,
Кондуруп алдың абышка,
Бул эмине болучу.
Ачык айтып, ак сүйлөп,
Кан төрөм түшүм жоручу.

Бул түштү Карача кан жаздыктан башын көтөрүп, аябай назар салып угуп турду. Түштүн маанисине түшүнсө да, бул түштү өзүм жоруганым болбос, эртең менен Аян байбичеге жорутайын деп, байбичеси экөө бир үйгө Аян байбичени чакырып, түшүн айтып баяндаганда түшүң түш экен, өңүндө көрчү иш экен деп жоруп турган жери:

Зуурабүбү сырдашым,
Кичүү да болсоң курдашым.
Кадырлаган өзүндөн,
Карагаттай көзүндөн,
Каралды кетсин бул башым.
Түндөгү түшүң түш экен,
Өңүндө келчү иш экен.
Ачык айтып, ак сүйлөп,
Болорун жоруп берейин.
Жанымдай көргөн жан эркем.
Түндөгү көргөн жерлериң,
Түркүн гүл түрлүү жайнаган,
Түркүн куш түрлүү сайраган,
Көк шибери жайкалган,

Өзүңдүн жериң эмеспи.
Үч айланта курчаган,
Эркек, аял аралаш,
Өзүңдүн элиң эмеспи.
Каз, өрдөк, ак куу калкыган,
Толкуну жээкке балкыган,
Өзүңдүн көлүң эмеспи.
Асыл төрөм Карача,
Төрө тонун кийгени,
Сен жаныңда жүргөнү,
Тоо-Буурулду мингени,
Түгөнбөс сенин багыңда,
Козголбойт төрөң кандыктан.
Түбөлүк минип тагына,
Азамат эрлер жанында,
Кондурганы колунда.
Ак шумкар болсо табында,
Айтып жүргөн оюңда,
Азырынча боюңда,
Ак шумкардай талпынган,
Азамат уулдуу болосуң,
Арып калган чагында.
Кырктын келип кырына,
Боюңа бүткөн бала экен.
Кан Карача төрөңдүн,
Оюнан бүткөн бала экен.
Айбат күчү баланын,
Айтканың байкап олтурсам,
Адамда асыл жан экен.
Айды карап талпынса,
Чабыты болсо алыста,
Көлдөгүнү көлдө алса,
Чөлдөгүнү чөлдө алса,
Атагы кетип ааламга,
Эл, жер алат турбайбы,
Аркасы тийип адамга.
Алтын туурга конгону,

Айтсам түбү болжолу,
Ордуңду басып калкыңа,
Алтын так минип эл баккан,
Өзүндөй кан-бек болгону.
Айбат күчү артыкча,
Арстандай жүрөктүү,
Жолборстой билектүү,
Каратат экен өзүнө,
Талпынып колун созгонду.
Түндөгү түшүң түш экен,
Кабыл кылса бир кудай,
Жорусам түшүң ушу экен –

деп Аян байбиче колунан келишинче Зуурабүбү байбиченин түшүн жоруду. Айтканың келсин деп түш ырымын кылып, түш жоругуч Аян байбичени кошо алып, Кайыңдыдагы Тал-Мазарга мал чалып, зыярат кылып келишти. Байбиченин эти ооруп, толгоо киргенде Аян баштаган эмчи-домчу катындар тегеректешти. Толгоо тогуз күн болуп, Карача чочуп аксарыбашыл союп, ырымдап жуманын түнүндө таң атар кезде байбиче төрөдү. Катындар эркек төрөсө кандан чоң сүйүнчү алабыз деп кудайдан тилеп жатышкан эле, жерге түшкөндөн кийин караса кыз болуп калды. Баары да, байбиче да жалдырап катып, кыз тууду деп кымпыйып унчукпай жатып калышты. Аян байбиче киндигин кескен, эми киринтип, ит көйнөгүн кийинтип, оро-чулгоосуна салып берсин. Колуна алганда баркырап ыйлап, бала чиренсе каруусу келбей таштап ийе жаздап бетин ачып караса кыз эмес эле бир укмуш болуп көрүндү:

Кайраттуу кара чачы бар,
Капкара болгон кашы бар.
Жууруп бирөө койгондой,
Жумуру болгон башы бар.
Тармалдашкан жылбырскы*
Кежигеде жалы бар.

Как сооруда калы бар,
Кыз болуучу өңү жок,
Уул баладай түрү бар.
Оозун ачып ыйласа,
Баркыраган үнү бар.
Эки көзү ачылуу,
Алаканы жазылуу,
Чирменгени жигиттей,
Бир катынга бой бербей,
Оңой эмес каруусу.
Байбиче чочуп аз калды,
Борумун көрүп баланы,
Таштап ийе жаздады.
Байбиче эмес ал жерден,
Танданды буга башкасы,
Киринткенде баланы,
Тайгаланат суу жукпай.
Ууздай аппак этинен,
Абайласа аялдар,
Нур төгүлөт бетинен.
Каухардай жанып жалындап,
От чагылат көзүнөн.
Таңгалдырды буларды,
Башкача бала туулганы.
Биринен бири угушуп,
Катындар салып чуулганды,
Туулбай жатып баланын,
Калганбы карды ачынып.
Ак эмчегин байбиче,
Оозуна салды эле.
Эми алды бала асылып,
Уйкуга кирди тырп этпей,
Ыйлаганы басылып.

Катын-калач төрөлгөн укмуш баланы ар кандай жакка жоруп жатышты. Бирөө башын жээр бекен десе, бирөө да башкача айтууда. Аян байбиче көптү көргөн, көзү ачык, ар нерсеге көзү жеткен

киши эле. Бул бала ургаачы болсо да Зуурабүбүнүн түшү туура келип, болгондо да эр жигиттен кем калбаган кыз болуп чыгат деп жоруду да, Карача канга сүйүнчүлөп, болгон сырды айтып коёюн деп келди.

Карача сүйүнчү дегенде жүрөгү айрылгандай кубанды, кыздуу болдуңуз деп баланын сын-сыпатын айтты эле, ого бетер күлүндөп кубанчы дагы артты. Кубанычка баткан Карача кан сүйүнчү берип, байбичесине кирип, бетин ачып перзентин көрүп, бетине басып жыттап: – Тууруна сүйүнбө, турарына сүйүн деген, ушунум кыз болсо да чунагым аман болор бекен деп кудайдан тилек кылып, элин жыйып чоң той берип САЙКАЛ деп ат коюп, ардактап багып чоңойткон жери:

Кан Карача Сайкалды,
Кыз экен деп жерибей,
Жалгыздыгын билгизди.
Буту басып чыккандан,
Уул баладай кийгизди.
Ырым кылып ырымдап,
Тумар тагып мойнуна,
Текиреңдеп ойносо,
Канбай турат ойнуна.
Тили чыгып булдурап,
Зуура энени кубантып,
Күлүп турат чулдурап.
Кулундай ойноп секирип,
Ата-эненин төбөсүн,
Асман, көккө жеткирип.
Карачанын Кыз Сайкал,
Мойнуна таккан тумары,
Кылыгы өссө күндөн күн,
Баласынын ойнуна
Таркар эмес кумары.
Жетиге жашы келгенде,

Бою өсүп болкоюп,
Он бештеги жигиттей,
Мойну узарып койкоюп.
Далысы чыгып жазылып,
Ойноп чыгып айылдан,
Бир бала келбейт катылып.
Чоңсунганды жаш Сайкал,
Тилегин коёт катырып.
Чыкчу болду кээ күнү,
Атка үйрөнүп айылдан,
Атасын ээрчип бастырып.
Балдар таяк жесе да,
Сайкал уруп койду – деп,
Эч бир жан айтпайт жашырып.
Бир күндөрү жаш Сайкал,
Бирөөлөрдүн баласын,
Чыркыратып жатканда
Көзү чалды Карача.
Бир кемпир келди болушуп,
Ыйлап жаткан балага.
Абайлап турса ал кемпир,
Ар кандай ыплас сөз менен,
Канды салды санаага.
Как баш кандын кызы – деп,
Бүт кырылып эркеги,
Аман жүрөт ушу – деп.
Ээн баш өсүп, ээ бербей,
Балдардын баарын урат – деп.
Тирүү жүрсө шуркуя,
Акыры бирди кылат – деп.
Ушунусун койбосо,
Кандын башын жутат – деп.
Арыраактан берирээк
Багып койсо не болот,
Мындай ишти кылба – деп,
Айылдан бала урба – деп,
Кагып койсо не болот.

Ээнбаштыгын койбосо,
Сеники өттү – деп коёт.
Ичи күйгөн бирөөлөр,
Боорун кактап жеп коёт.
Эркек кийимин кийгизсе,
Эр болот деп жүрөт го,
Даражасы эркекке,
Тең болот деп жүрөт го, –
Деп ошентип ал кемпир,
Сайкалга келип жетерде,
Ачуусу менен Сайкалды,
Жаакка чаап өтөрдө,
Карача келди жай басып.
Ал кемпир турду элейип,
Акылынан адашып.
Кемпирдин сөзүн элебей,
Колдон алып Сайкалды,
Акыл айтты кожурап,
Эч нерсе сезбес эмедей.
Чунагым Сайкал садага,
Бул кылганың эмине,
Эси жок жаман балача.
Катылганың эминең,
Өзүндүн теңтуш балаңа.
Бир жерин койсоң сындырып,
Калбайбызбы жалаага.
Мындай ишти кылбай жүр,
Каргап коёт апасы.
Кармап алып бир жерден,
Уруп коёт атасы.
Эси жок бала сен белең,
Баласы тентек экен – деп,
Жек көрүп калат эл деген.
Турганда Сайкал кеп айтты,
Ыйлаган бала басылып,
Өзү келип тийди – дейт,
Кызтеке деп катылып.

Чоң кишиче кеп айтат,
Бек уялып турдум – деп.
Тилинен тапты бул бала,
Ошондон кийин урдум – деп.

Кемпир жанагы сөздү айтканына, жазыгы жок кызды какканына, экөөнү арачалоонун ордуна баласына болушуп жатканына, кылган иши ошол экенине, эки бети кызарып уяты бетине чыгып, селейип туруп калганда, Карача кан Сайкалды колдон алып жетелеп үйүн көздөй бет алды. Анан кийин баласына болушмак турсун өз бетин өзү аткып, баласынын оозун чоюп, ээнбаш сүйлөбөй жүр деп уруп салды. Өз баласында да күнөө бар экенин сезип салмактуулук кылса да, кемпирдин сөзү кандын сөөгүнө тийбей койгон жок. Мен уулдай көрүп канчалык эркелетсем деле кыз аты өчпөй, эл эркектей көрбөй жүрө берчү неме турбайбы. Андан көрө кызымды урбай, сокпой, жаман айтпай акыл сөзүмдү айтып өзүм менен атка мингизип ит агытып, куш салдырып, жаа тарттырып алып жүрүп тарбия-жолумду берейин. Эси болсо сөзүмдү угуп, айтканымды кылып, эс кирер деди. Карача кандын, «кызым бир киши болуп чыгат го» деген үмүтү дагы бар эле.

Карача мындай ойлоп жүрсө бир күнү жаш Сайкал атасына эркелеп айтып турган сөзү:

Жана айттың го, атаке,
Куш салганы барам – деп.
Кийик улап, аң атып,
Жаныма тайган алам – деп.
Кытайга чейин жол кезип,
Кыйла жерди чалам – деп.
Мени дагы жаныңа,
Ээрчите барчы, атаке.
Сени менен барайын,
Ээр токунуп,

Атыма минип алайын.
Силер менен
Шумкарың берчи салайын.
Атаке, силер барганча,
Мен дагы барып келейин.
Кийикти кууп тайгандар,
Тиштегенин көрөйүн.
Бая күнү көп киши,
Колунда конгон кушу бар,
Ээрчитип жүргөн ити бар,
Асынган мылтык жаасы бар,
Канжыгасы толтура,
Байланып жүрөт бир неме.
Бирөөнү бер деп кыйкырсам,
Көрбөй кетти өзүмдү.
Кожурашып барайын,
Укпай кетти сөзүмдү.
Өзү аппак мойну узун,
Тумшугу, буту кыпкызыл,
Укмуштай сонун немени,
Бир киши алып баратат.
Ошонун аты эмне эле,
Мергендерге ошондон,
Аттырып берсең сен деле.

Карача баланын сөзүн угуп, балдай татыган сөзүнө кумардан чыгып, баланын да далалаты бар экен го деп бою балкып кызып, көпкө ойлонуп карап туруп, кызынын бетинен өөп, эркелетип ойлонуп турду. Ала барсам чек арага чейин барганым болбойт го, андан көрө бүгүн Ала-Көлгө шумкар салып келейин. Баламдын жанагы көрдүм дегени ак куу болсо керек, буюрса кызыма көргөзөйүн деп жигит-жалаңын ээрчитип, куш-тайганын алып, Сайкалды кыпыйтып кыргыйдай кылып атка мингизип, илбээсиндеп жөнөдү, ошондогу болгон сонун тамаша:

Нойгуттардын Карача,
Ит агытып куш салып,
Ала-Көлдүн жээгинде,
Салмак болду тамаша.
Шумкарларын кондуруп,
Машкелерин* ээрчитип,
Жигиттер келет жанаша.
Баратышат шатырап,
Тамаша сүйлөп бажырап,
Алдындагы аттары,
Оозун бербей алкынат.
Табына келген шумкарлар,
Теминишип талпынат.
Жойчу кара машкелер,
Илбээсиндин изин кууп,
Жерден албай тумшугун,
Желип жүрөт анталап.
Жете келди заматта,
Адырма бел адырга,
Ат ойнотуп Карача,
Ала-Көлдө шабырга*,
Кыргый куштай кымылдап,
Кызы Сайкал жанында.
Келген жери булардын,
Кадимки Ала-Көл экен.
Ала-була токою,
Аргай жери чер экен.
Жапайы жандык болбосо,
Жан келбеген ээн экен.
Жайы, кышы илбээсин,
Тукумдан чачып уюктап,
Мекен кылган жери экен.
Чакырып күкүк талынан,
Булбулу сайрап багынан.
Жерге батпай күбүлүп,
Мөмөсү бышып шагынан.
Нечен түркүн илбээсин,

Токоюнда чардаган.
Нечен-нечен арал бар,
Жан аралап барбаган.
Ак чардак учуп, көл бойлоп,
Бетинде сүзүп калкыган,
Каз, өрдөк, ак куу көлдө ойноп.
Касиеттүү Ала-Көл,
Ушундай сонун жер болгон.
Илбээсинин көрүп туруп көз тойгон.
Четинен кирсе аралап,
Бостек, короз аралаш.
Камыштан учат бар этип,
Шилтеп ийсе шумкарды,
Илип түшөт шап этип.
Жебенин огу жеткенде,
Жерге түшөт талп этип.
Уча албай шашып калганы,
Шакка кирет жалп этип.
Тамаша салып келишти,
Кекилик, кыргоол, коёнду,
Тезектен бетер теришти.
Ала-Көлдүн шабырга,
Ак кууга шумкар салышты.
Өрдөк, казы аралаш,
Мындан көптү алышты.
Бөлүштүрүп олжону,
Канжыгага чалышты.
Кызыкка батып жаш Сайкал,
Кошо жүрдү кубанып.
Кубанчы батпайт койнуна,
Олжосуна койкойгон,
Узун моюн куу алып.

Жаш Сайкал кубанычка койну толуп, ойну канып, көргөнүн кожурап айтып, кууну алып үйгө келди. Нечен жолу мындан кийин Карача кан жигиттерине кошуп берди. Алар ээрчитип жүрүп, куш

салганды, жаа тартканды үйрөттү, көрө элек сонун жерлерди көргөздү. Бирок алар Баян-Жүрөк, Алтын-Күрөк жакка эрчитип барган жок. Сайкал кийинчерээк балдарды жыйып өзүнчө баруучу болду, буга макул болуп Карача да оюна койду.

Жашы он бирге келгенде кадимки салабаттуу жигиттей болуп, сүйрүсүнө сүт, ийрисине эт толуп залкайган адам болуп чыга келди. Он үчкө жашы келгенде бүт кыялы өзгөрүп, балалык түрү сезилбей, ар ишке көңүл болгоп, көзгө атар мерген, атка саяпкер, ар ишке талапкер, кушка мүнүшкөр, ыгы жок күлбөгөн, адам сүрдөгөн, эркек кийимин таштап, кашы керилген, чачы аркага өрүлгөн, кундуз бөрктүү, кулундай сындуу көрктүү, өң түспөлдүү, келишкен сулуу да болду.

Көйкөлүп көзүн сүзгөн, көргөндүн көөнү түшкөн, жаш Сайкал тентектиги жоюлуп, тез эле каны коюлуп, боюн түзөп басып чоюлуп, жанына өзү теңдүү кыздарды үйүр кылып аларга да өз өнөрүн үйрөтүп курбу-курдаш күттү.

Бир күнү теңтуш курбу кыздары, балдары менен куш салып талаага чыгышты. Илбээсиндин изин кууп кызыгып олтуруп ошол жердеги Жолборсту деген колотко капыстан келип калышат. Мурун мындайды билбеген балдар-кыздар аппак карды буртулдатып келатышса алдынан бир түлкү качат. Баары – ити, өзүлөрү болуп кууп жөнөшөт, түлкү түз эле ошол колотко салат. – Ошол да кызыкпы – деп Сайкал теңтуш бир кызы менен шумкарын кондуруп башка тарапка жөнөмөк болду, аңгыча түлкү кууган кыздар, балдардын жерди бузган айкырыгы чыкты. Караса чубалган эки зор мышыктай болгон нерсе балдар, кыздарды биринен сала бирин алып ыргытып жаткан экен. Аны көргөн жаш Сайкал шумкарын жанындагы кызга кармата коюп, алдындагы Чал-Буурулга камчы уруп жолборсту качырып турган жери:

Муну көргөн жаш Сайкал,
Токтоп карап тура албай.
Жарагы жок колунда,
Башка айла-амал кыла албай.
Кара жаак, ак камчы,
Кармап колго алды эле.
Алдындагы Чал-Буурул,
Алкынтып оозун ачтырып,
Тушардан* жаткан аппак кар,
Буртулдата бастырып,
Балдарды көздөй тап уруп,
Желдей сызып калды эле.
Жүрөгүндө кара жок,
Баатыр мындай болорбу.
Оюна албай жөнөдү,
Мындан эмне болорду.
Колоттогу ток жолборс,
Кара колду билбес шок жолборс.
Уктап жаткан кезинде,
Жарышып балдар барыптыр.
Чочуган жолборс кол салып,
Бешөөнү чалып салыптыр.
Калгандары кайрылып,
Кутулууга жолборстон,
Жанталашып калыптыр.
Ошондо Сайкал карасан,
Ачуусу келип бакырды,
Арстандай айкырды.
Кыздын үнүн укканда,
Эки жолборс элеңдеп,
Коркуп кулак жапырды.
Айбатынан, түрүнөн,
Сайкал кыздын сүрүнөн,
Кайрат кылып аркырап,
Айнектей көзү жаркырап,
Качып берди калтырап.
Чал-Буурул менен жаш Сайкал,

Жеткен экен чуратып.
Эки шилтеп экөөнү,
Жыга чапты сулатып.
Камчы тийген жерлери,
Сынган экен быркырап.
Эки жолборс кулады,
Баш көтөрбөй тыркырап.

Бул жорукту ар жакта мүнүшкөрлүк кылып жүргөн кан Карача жигиттери менен көрүп, алар да жетип келишсе эки жолборс сулап жатат. Беш кызды чалып салып, аттарын жарып салган, калгандары аман калган.

Карача муну көрүп бир чети капа болсо, бир чети жолборсту камчы менен мышыкча көрбөй бир уруп жаткыза чапкан кызынын жоругун көрүп кубанды. Жолборсту атына байланып, Карача кан чоң олжого батты. Мындан кийин эч жакка чыкпаска Сайкалга буйрук берди. Эл дагы кыздарын, балдарын өзү менен кошо алып жүрбөсө, өзүнчө эч жакка чыгарчу болбоду.

Арадан жыл өтүп баарлыгы унут калып, Сайкал бойго жетип, каруу күчү толуп, акылы өсүп, бетинин ажары ачылып, ашкан сулуу болду. Бир күнү айылдын четине кыз-келиндер менен сейилдеп чыгышты. Ошол кезде башка бир айылдын он чакты көпкөн боз уланы атка минип, көпкөнүнөн көзүнө эч нерсе көрүнбөй келе жатышкан. Алдынан аңгыча көп кыз чыгып калды. Ичинен бирөө жүргүлө тетиги ортосундагы болтойгон толук кызды тамашага алалы, бойго жеткен убагы экен деп, кан кызы экени, Сайкал экенинде иши барбы, жигиттер жөнөп калышты. Кыз-келиндерге келип ичинен бир чеченсинген жигити кыздарга тийишип, артыкча Сайкалга сөйкөнүп, өзүн көтөрүп айтып турган жери:

Саламатпы, эсенби,
Чайпала баскан сулуулар.

Көрбөсө жүрөк сагынган,
Жаным бирге курбулар.
Алик алып саламды,
Бир азга токтоп туруңар.
Жигиттердин айтканын,
Тырчыбай угуп туруңар.
Бириң келин, бириң кыз,
Турушуңар бир укмуш.
Кийгениң сайма түрүндөй,
Кылактайсың баарыңар,
Гүлкайырдын гүлүндөй.
Текши экен жашыңар,
Улуу-кичүүң билинбей.
Ортоңордо бар экен,
Өңдү, түстүү кашка кыз,
Өзгөңөрдөн башка кыз.
Бою узун болук кыз,
Бойго жеткен толук кыз.
Караандуураак кырдуу кыз,
Башкаңардан сындуу кыз.
Кеп сүйлөсөк укчу кыз,
Бир жолуккан боз улан,
Ар кумардан чыкчу кыз.
Мойнуң бери созчу кыз,
Кызылынан өбөйүн.
Бетиң бери тозчу кыз,
Мөлтүрөгөн сен болсоң,
Бетиңе чыккан мең болом.
Бек антташып алалы,
Издеген жарың мен болом.
Колуңду сунчу кармайын,
Убада берип бек кысып,
Жолуктум деп арнайын.
Айткан сөзгө бек болсоң,
Убадамдан танбаймын.
Сен болсоң тоонун улары,
Мен болом чөлдүн тынары.

Жаракөр сулуу экенсиң,
Жаагыңдан сылап койгондун,
Жазылчудай кумары –

деп жигит кыздарга сүйлөгөндө жанындагы жигиттер коштой чаап каткырып күлүп калышты. Аңысы аз келгенсип аттан түшүп кыздарды аймалап-жалмалап, эмчек-башын кармалап кириштн. Кыздар чоочун немелерден уялып кымтыланса да болбоду. Ошондо Сайкалдын чын ачуусу келип, оозуна сөзүн алып, жигиттин колун кагып, айтып турган жери:

Саламаттык, эсендик,
Жайкала баскан уландар.
Келинди көрсө кеп айтып,
Кызга көзү кумарлар.
Кыз көрбөгөн немедей,
Көзүн артып тургандар.
Эжекелер буларды,
Шамал айдап, жел айдап,
Учуп келе жатканбы.
Эмдигиче бир көрбөй,
Кыздан көзү катканбы.
Кайдан келе жаткандар,
Таноосунан көпкөндөр,
Келин-кесек кыз көрсө,
Эт бетинен кеткендер.
Колунан келер иши жок,
Кургак сөзгө чечендер.
Көп ачууга тийбестен,
Жолунарды арткыла,
Ат тизгинин тарткыла.
Барып таап алгыла,
Эр издеген ким эле.
Ушунчаңда колуң тарт,
Ээнбаштык кылбай тим эле.
Кыйыкка тийсең кокустан,

Кызыкты жигит көрөсүң,
Бириң калбай өлөсүң –

деп Сайкал айтса жанагы жигит ого бетер күчөдү. Кыз чыдабай колдун учу менен каруусун сыга кармады эле, жаны көзүнө көрүнүп бакырып жиберди. Эки көздүн тушун кол менен кысып койду эле, көздөрү торсоюп чыга түштү. Калганын карууга уруп, түгөл өзүнүн чылбыры менен байлап салып, кыздар шылдыңдап күлүп турушту. Анан Сайкал экенин таанытып, колдорун чечип коё берди. Жигиттер ошондон кийин кызга тийишкис болуп кылчайбай жөнөштү. Ал жигиттер алыскы айылдан экен, көпкөнүнө чыдабай эл-жер көрөбүз деп аттанып, кыргыздын жеринде сайрандап жүрүшкөн Сайкалдын атын жат билишип, жолуккан жанга көргөндөрүн айтып, атын кыйла жерге таратты. Карача кандын кызы жеткен алп болуптур, балбан деген жигит чыпалагына келбейт экен деп, аты алыска жайыла баштады.

Сайкал 16 жашка келгенде баягыдан эки эсе күчү толуп, жөн бастырып, куш салганды коюп, кайрадан эрлерче кийинип, жанына жарак илип, келиштире ат минип, Карача кандын ордо аскерине кошулуп найза сайганды, кылыч чапканды, жаа тартып, мылтык атканга машыгып, кыйын-кыйын эрлери менен күч сынашып, ык үйрөнө баштады. Күндөрдүн биринде ошол Карачанын ордо аскерин башкарган жашы отуздарга барган, ары баатыр, ары балбан Шерик аттуу жигит бар эле. Ошол Сайкалга Лоб дайра, Лобнор Баян-Жүрөк, Алтын-Күрөк деген жерди көргөнүн жана аны Карача кан Сагда төрөгө багынып ага бергенин, анын канча жылдан бери алык-салык берип турганын, калмак кандарынын баянын түгөл айтып чыкты. Карача кан ушул күнгө чейин бул тууралуу бир да сөз айтпаганын Шерикке Сайкал айтты. Буга өтө таңгал-

ды. Ошондо Сайкал ошол жерлерди мага бир көргөзчү – деп Шерикке асылды. Эртеси Шерик баштаган беш жигит, Сайкал болуп чек арадагы Кароол чокудагы кароолчуга келип, аттан түшүп жай маани сурашып турганда Баян-Жүрөк, Алтын-Күрөк алыста жаткан Лоб дайра, көлүн көргөзүп Шерик баатырдын айтып турган жери:

Карындашым жаш Сайкал,
Айтканымды байкап ал.
Кечээ күнкү убада,
Көңүлүңө түйүп кал.
Каныбыз укса бул сөздү,
Башталбасын чоң жаңжал.
Ушунда чоң сыр бар окшойт,
Ичине бекем сактаса.
Кытай, калмак кабарын,
Эмгиче сага айтпаса.
Сагда канга сый кылып,
Берген асыл жерлерин.
Алымына деп төлөп,
Кытайга көп мал бергенин.
Эми сенден сураарым,
Шерик менен бир барып,
Жерди көрдүм дебегин.
Шек чыгарып сен койсоң,
Кандан таяк жебейин.
Окуя кандай болгонун,
Баштан аяк өзүнө,
Баяндап айтып берейин.
Мындан аркы көрүнгөн,
Көк токой болуп бөлүнгөн.
Адырмактуу тоосунан,
Куюлуп куму төгүлгөн.
Эчки-теке жай алган,
Ээн жаткан төрүнөн.
Түзүнөн башың адашат,

Түрлүү кийик көбүнөн.
Чардап жатат карасаң,
Каз, өрдөк батпай көлүнөн.
Арстан, жолборс жай кылып,
Бөкөн, кулан жайылып,
Бөлүнүп оттоп чөлүнөн.
Ошол жердин аттары,
Баян-Жүрөк баалуу жер,
Алтын-Күрөк асыл жер.
Ар жагы Лобнор, Лоб дайра,
Барлык суудан чоң дайра.
Сагданын колу чыкканда,
Кыраандар тосуп турган жер.
Жээгине чыгарбай,
Жыйырма беш миң кошунун,
Ченебей туруп кырган жер.
Тетигинде көрүнгөн,
Дөбө болуп бөлүнгөн,
Айланасын бек кылган,
Алтын ордо чеп кылган,
Зарун кандын ордосу.
Анын жайын айтайын,
Кечилдин каны Алакө,
Алтымыш уулу бар экен.
Эң улуусу Чою кан,
Андан кийин Сагда экен.
Ушу турган Зарун кан,
Алакө кандын бир уулу.
Алтын тактын ордосун,
Турак кылып чеп кылган.
Айына алат алымды.
Каары катуу Зарун хан,
Жылына алат салымды.
Алса малга тойбогон,
Алган сайын жулунуп,
Кулкуну куурап толбогон.
Бул жерге коргон кургаңы,

Мына ушул Зарундун
Отуз жыл болду турганы.

Сагдадан кабар кылалы,
Элүү миң ашуун кол менен.
Ар элдин жерин талашкан.
А дегенде калмактын,
Эки канын караткан.
Ордо салып жерине,
Ага да койгон беги бар.
Барган жерин бышыктап,
Анда курган чеби бар.
Айланасын курчаган,
Эсеп жеткис черүү бар.
Адамынын түрлөрү,
Көргөндүн эси чыккандай.
Жандан башка сүрлөрү,
Качыр эмес ат эмес,
Керик деген мингени.
Алптары бар карасаң,
Көк сеңирдей карааны.
Найза, кылыч, айбалта,
Кара мылтык, сыр жебе,
Камылгалуу жарагы.
Алышкан адам соо калбас,
Артык анын амалы.
Отуз жылдан бер жака,
Ошол Сагда каныңа,
Нечен кандар карады.
Кээ бирөөнү Сагда кан,
Эби менен каратса,
Кээ бирөөнү Сагда кан,
Кеби менен каратса,
Кээ бирөөнү талады.
Төрө аталып Сагда кан,
Даража конду, барк конду.
Казынасы Сагданын,
Сал алтынга карк болду.

Касташканы жай болду,
Төрт түлүгү шай болду,
Ошо Сагда айдаган,
Кашкардын каны Карабек,
Ошону көздөй көп колду.
Текечи кан, Тээкчи кан,
Жанаалы, Карач эки кан,
Андан башка жети кан,
Сагданын колун караган.
Арбагы башка зор адам,
Кол жеткен жерди караткан,
Алакөнүн баласы,
Атактуу Сагда чоң адам.

Сайкал эч укпаган сөздөрдү угуп, айткан жерлерин өз көзү менен көрүп, иштин бүткүл жайына түшүндү. Атасы Карача кан дагы Сагда төрөгө 30 жыл-дан ашык карап, алык-салык төлөп турат дегенине Сайкалдын ичине чоң намыс пайда болду.

Андан кийин Сайкал кайра кайтып, сонун сорпо сөз угуп эч нерсе билбеген кишидей тымызын жата берди.

Бир күнү кыргыздардын ичинде Карычал деген атактуу байы бар эле. Ошонун 6 баласы да бири баатыр, бири бек болуп мыкты эле. Ошол байдын ашын берип, кытай калмактан, кыргыз казактан сансыз эл келип чоң салтанат болду. Бул аш Карача кандын кадырлуу киши-си болгондон кийин канга да тиешелүү болуп жакшы тартип, чоң салтанат, оюн-тамаша менен өтсүн деп, кыйла элди чакыртканы ошол эле.

Ал ашка ордо аскери, кырк жигити менен бирге Сайкал да барган.

Аш узатуу ойдогудай болду. Ат чабыш, эр оодарыш, балбан күрөш оюну мыкты өттү. Чоң тамаша эр сайыш болду. Казак менен кыргыздар бир болушуп, кытай-калмак биригип кетишти. Анткени эр

сайышка чоң байге коюлган, аны кантсе да биз алабыз, бурутка атагы чыккан, беттешкенин жыккан кытайдын ичкеринен жаңы келген, нечен дөөнү жеңген, Сазаңшаң деген элден Зарун кандын баатыры Кежир баатыр жекеге чыкты. Кыргыз-казактын арасынан ага ылайыктуу жана теңдеш келип эч ким табылбады. Кайраттуу баатырлары карылыгы жетип, жаштары бет алып чыгууга даай албай турганында кыргыздарга катуу намыс келди.

Сайкал бул жорукту көрүп туруп чыдай албай, байкап караса тиги жактын баатыры менен таймашса алдырчудай көрүнбөдү. Ошондо атасы Карача кандын алдына келип, кары-жашынан, улуу-кичүүсүнөн жекеге чыгууга руксат сурап айтып турган жери:

Айланайын кан, ата,
Алдыңыздан суранып,
Айтар сөзүм бар, ата.
Намысына кыргыздын.
Эр сайышка түшөйүн,
Батаңды бергин балаңа.
Жеңилет деп ошондон,
Кенедей шек санаба.
Жыгылып калат, балам – деп,
Жолума кылба каргаша.
Жеткенде аттан алармын,
Жараткан кудай жалгаса.
Эрдемсиген неме экен,
Эр жүрөгүн өлтүрүп,
Бир салайын тамаша.
Кыргыз элге сыймык да,
Кыйын жерде эр сайыш,
Кызың ишке жараса.
Көзүм жетти, атаке,
Бет алышып көрөйүн.
Алакандай кыргыздын,
Намысын алып берейин.

Чындап ачуум кармаса,
Кызыл канын төгөйүн.
Кыйынсынган немеге,
Кыйбадым байге мөрөйүн.
Атаке сенин өзүңдүн,
Намысың алып келейин.
Айтылган менин оюмду,
Баланын сөзү дебегин.
Батаңды берчи балаңа,
Кызырсалем колдо – деп,
Баабедин айтып жөнөйүн.
Баатырсынган немени,
Байкадым ата женемин.
Беттешсин деп ушуга,
Ата, мен кылдым далалат.
Адам чыкпай байге алса,
Биз жакка калат жаман ат.
Руксат болсо, атаке,
Ат, токумду тандайын,
Соот, чопкутум камдайын.
Кылыч тагып боюма,
Сыр найза колго кармайын –

деп Сайкал Карача кандан уруксат сурап турду. Муну көрүп, угуп турган элдин кыз кантип жекеге чыксын деп тике чачы тик турду. Карача кан көпкө ойлонгон жок. Кытайдын Кежир баатырын сынап көрүп, өз баласы Сайкалды да көз жиберип, теңдештирип сынап турду да, Сайкалдан өөн таба албай, Кежир баатырдын кемчилигин айтып, жеке чыкса чыксын деп, буркурап бата берип айтып турган жери:

Балам Сайкал каралдым,
Уул ордуна кармаган,
Жатындан жалгыз баламсың.
Бүт кылыгың эр өндүү,
Кыз болуп кайдан жаралдың.

Ушул жериң күл кылып,
Күйгүзөт денин адамдын.
Айткан сөзүң мен угуп,
Бир жагынан кубансам,
Бир жагынан көңүлдү,
Чөгөрүп капа кыламын.
Не кыларым биле албай,
Туюктанып турамын.
Жооого түшүп эр сайчу,
Жете элек эле убагың.
Карт жолборско чалдырсаң,
Кимге жетет убалың.
Кежир менен жекеге,
Чыксам деп балам сурандың.
Каралдым өзүң айткандай,
Каргаша жолго болбоюн,
Байгамбар ачсын жолунду,
Бекер жерден тоспоюн.
Кана эмесе, баатырлар,
Атын тандап Сайкалдын,
Камдагын жарак тондорун.
Балам Сайкал кулак сал,
Бир айткан сөздү көөнүңө ал.
Жекеге чыккан Кежирдин,
Кемчил экен бир жери,
Колу кыска, тоң моюн,
Кашаң экен мингени.
Андан кийин айтаарым,
Азаматтар байкагын,
Мындан мурун жекеге,
Түшкөн эмес Сайкалым.
Буга көңүл бургула,
Жаракталып шайланып,
Даяр болуп тургула.
Кокусунан карт жолборс,
Жаштыгы бар Сайкалды
Алып кетип баратса,

Намыс эмес ушул иш,
Качырып кирип баргыла.
Кызды аттан алдырбай,
Арачалап калгыла –

деп Карача акыл сөзүн сүйлөп, Сайкалга жекеге чыгууга уруксатын берди. Сайкал жекеге чыгат деп атасы айтканда, жагалданып кайраты ашып, күчү ташып, күлүндөп жаш жолборстой сүрү чыгып, бетинен түгү чыгып, чопкут тонун кийинип, жарагын бойго илип, жагалданып сүйүнүп турду. Жекеге минип чыгууга Чал-Буурулду байгеге чаап жиберген. Карачанын жылкысы жалаң буурул эле, ошонун ичинен кызга ылайык деп Сайкалга арнаган ордо аскерлери таптап жүргөн Кыз-Буурул бар эле, ошону ылайык табышып, келиштире эрлерче токуп, туура тартып Сайкалды мингизип, колуна түпөктүү сыр найза карматып эл чуркурап бата берди.

Ошондогу Кежир баатыр менен Сайкалдын беттешип, сайышып турган жери:

Аткарышты жекеге,
Карача кандын Сайкалын.
Кыз да болсо эр өндүү,
Сын келбетин байкагын.
Алдындагы мингени,
Кызга ылайык Кыз-Буурул,
Алчактай басып жаныбар,
Жал куйругу жайкалып.
Сын келбети башкача,
Бугудай шаңдуу чайпалып.
Эки асыйдан жашы өткөн,
Буудандыгы байкалып.
Кумда туулуп, ташка өскөн,
Кулан менен аралаш,
Кур жылкыдан башка өскөн.
Карабайыр, Казамат,
Тукумунан жалгашкан,

Өңү кызыл буурул ат.
Ооздугун кемирген,
Сүмбөдөй бою жаралган,
Омогу башка зор жылкы,
Башкалардан чоң жылкы.
Жукалап тердик салыптыр,
Ак каңгы* ээрге келтирип,
Үч басмайыл тагыптыр.
Үртүк* менен жабылап,
Суулуктан алып жигиттер,
Коштоп чыгып калыптыр.
Мына ошондо Сайкалдын,
Он жетиде чагы экен.
Он эки мүчө тең болуп,
Толуп турган чагы экен.
Олондой болгон кара чач,
Кежигеге түйүптүр.
Эр көркүнө келтирип,
Башына туулга кийиптир.
Жети кабат болот соот,
Төшкө тагып чарайна,
Жанына кылыч илиптир.
Кармаганы колунда,
Түпөгү жок сыр найза.
Ортого Сайкал чыкканда,
Тургандар көөнү бөлүнүп,
Айбаты башка адамдан,
Жаш жолборстой көрүнүп.
Сулуулугу келишкен,
Бетинен нуру төгүлүп.
Ак кандагай*, сайма шым,
Багалеги саймалуу,
Кара жаак булдурсун,
Канжыгада байлануу.
Белине кемер жарашып,
Бек олтуруп Буурулга,
Кыз Сайкал турат шанданып,

Кыргызга намыс талашып.
Көргөн жерден чур – деди,
Кытай, калмак элдери.
Тура калып карашып,
Тулку бою башкача,
Ким болду деп самашып,
Кыйлалары таңданып,
Акылдан турду адашып.
Ал аңгыча айтылды,
Карача кандын кызы – деп,
Сайкал деген ушу – деп.
Кызга карай ошондо,
Айтылып жатты кыйла кеп.
Адамга айтпай Карача,
Багып жүргөн экен – деп.
Эч бир жанга көргөзбөй,
Эч адамга билгизбей,
Катып жүргөн экен – деп.
Коё бермек болушту,
Кежир менен Сайкалды.
Эки шердин ошондо,
Беттешкен жерин айталы.
Кежир бекер эл эмес,
А да карап турбады.
Жекеге минип чыгыптыр,
Майдан-Көк деген бууданды.
Беттешүүгө кыз менен
Беленденип турганы.
Бар мүчөсү тең болуп,
Карт жолборс сындуу бу дагы.
Сазаңшаң элдин тунугу,
Кытайлардын ичинен,
Менмин деген улугу.
Найзакер беттеп чыкпаган,
Жоо дегенде элирип,
Найзасын канга чыктаган.
Кытай-калмак төрөсү,

Коштоп келип Кежирди,
Коё берген кезеги.
Ондоп кармап найзасын,
Зарундап ураан чакырып,
Каарланып бакырып,
Алдындагы Майдан-Көк,
Куландай кулак жапырып.
Аркасында айдар чач,
Чубалып желге чачылып.
Карача кандын кыз Сайкал,
Буурулду минип булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп,
А да жөнөп калды эле.
Мына ошондо эки шер,
Бир бирине жетишти.
Найза салбай бул жолу,
Жүз көрүшүп, өң таанып,
Каршы өтүп кетишти.
Кайраты башка эки шер,
Бууданды оозун бурган жер.
Найза кармап тиктешип,
Бет келишип турган жер.
Эки тарап ошондо,
Жашы менен карысы,
Кыңк деп чыккан дабыш жок,
Көз ирмебей баарысы,
Жалдырап карап калышты.
Эмне болуп кетет – деп,
Ар кимдин келип намысы.
Арстандай ачынып,
Бирин бири качырып,
Болот учтуу сыр найза,
Жүрөккө болжоп баатырлар,
Мелтиретип калды эле.
Эки берен баратат,
Ат жалына эңкейип,
Эки көзү чекчейип,

Жалын көзү жумулбай,
Жерге тийбей баратат,
Шамал менен куюндай.
Бир бирине жетти эми,
Найза кармап сүзүшүп,
Кагылыша кетти эми.
Болотко болот тийгенде,
Ширенди чыгып жагылып,
От асманга чачырап,
Колундагы найзалар,
Тутамдайдан бачырап.
Тийгенде найза так этип,
Алдындагы буудандар,
Олтурган иттей жалп этип.
Эки берен солк этпей,
Кайра оңолуп барышты.
Кайра найза алышты,
Баштагыдан ушулар,
Айбаттанып он эсе,
Качырышып калышты.
Карача кандын Сайкалы,
Кежир эрге бой бербей,
Дасыган эрдей сайышы.
Мурункудан кайраттуу,
Буурул аттын табышы.
Баштагыдан айбаттуу,
Бала жолборс кыз Сайкал,
Найза кармап барышы.
Мурункудан азыраак,
Сырын алган кыз Сайкал.
Аты менен Кежирдин,
Ыгын алган кыз Сайкал.
Баштагыдан кичине,
Озо кармап найзаны.
Узунураак имерип,
Созо кармап найзаны.
Кекиртектин өзүнө,

Тозо кармап найзаны.
Көз ирмебей бат сайып,
Көздөгөн жерге так сайып.
Тоголотту Кежирди,
Майдан-Көктөн каңтарып.
Кеткен экен найзасы,
Кекиртекти аралап,
Каракушту жаралап.
Түшкөн жерден чаң чыгып,
Найза тийген ордунан,
Оргуштап кызыл кан чыгып.
Кежир баатыр сулады,
Кор дей түшүп жан чыгып.
Карача кандын жигити,
Даяр турган топтошуп.
Алып жөнөп калышты,
Кыз Сайкалды коштошуп.
Сүйүнгөнгө чыдабай,
Карача турду буркурап,
Карап турган калайык,
Мусулман капыр аралаш,
Кар болбо деп ошондо,
Батасын берди чуркурап.

Кыргыз болгону түтүнгө аксарбашыл, баабединин айтып жатышты. Кытай, калмак жагы чуу көтөрүп барып басылды. Ат чабыш, жөө күрөштөн кытай-калмак жагы алып, эр оодарыш, эр сайыштан кыргыз-казак алып, мөрөй тең болуп, аш салтанаты кең болуп, келген эл дуулдашып жай-жайына тарашты. Кыз Сайкалдын атагы ар кимдин оозунан кетпей олтурган жерде кеп болуп кыйла жерге тарады.

Ошол күндөн баштап Ордо аскерине Сайкал башчы болуп, бардыгы Сайкалдын сөзүн угуп, көзүн карап, ар акылына көнүп, өзүлөрүнө чыныгы жетекчи кылып алды. Кытайдын Зарун каны Сайкал-

дын кылган эрдигинен чочулап, кол кошунун чыңдап, ушул кезинде бул балакетти жок кылбаса болбойт деп, мыкты баатырларын, алп-дөөлөрүн алдырмак болду. Бир күнү жатып ойлоду, Карача кан эмне болду экен, баягыдай эле көңүлү менде болуп баш ийген бойдон жүрсө алык алчы мезгил келди, жигиттеримди жиберип, унчукпай мал берсе айдап келели, же көкүрөгүн жогорулатып кежирленсе, анан кийин сазайын берейин деп жигиттерин Карача канга аткарды. Карача кан дагы бул күндүн болжолун, алардын келер күнүн билүүчү эле. Ал күнү өзү аттанып чек арага барып жигиттерге малын санап, өзү башында туруп жөнөтүп жиберчү эле. Карача кан камынып, аттанмак болуп, бул иш мурун кабарында бар Сайкал атасынан кайда жөнөгөнү жатканын сынап сурап турган жери:

Аттанган жаткан көрүнөт,
Узак жолго атакем.
Абайлап турсам эң эле,
Камылгаңыз катуу экен.
Куш салып келет деп турсам,
Кондурган колдо кушу жок,
Ээрчиткен машке ити жок,
Жандооч алып беш жигит,
Андан башка киши жок.
Бара турган жагыңдын,
Айтып кет, ата, кабарын.
Түнөрүңкү мүнөзүң,
Бүркөлүңкү кабагың.
Бир сурадым, атаке,
Ачыгын айтып бербесең
Капада мен да каламын.
Көңүлүмдү калтырба,
Кыз болсом да, атаке,
Өзүңдүн жалгыз баланмын.
Жөнү болсо бул ишиң,

Мен да кошо барайын.
Акылдашар иш болсо,
Кошо акылын табайын.
Жөн эмес го, атаке,
Чукул жөнөп калышың.
Жата бербей ордодо,
Ала жүр, ата, жаныңа,
Чунагың эл-жер таанысын –

деп Сайкал Карача канды катуу шаштырды. Кан чыны менен эле жашыргысы келди эле, бирок ушул кызымдын бул иш жөнүндө кабары болсо, уят болуп жүрбөйүн деп көпкө ойлонуп туруп, Сайкалды эркелетип, саамайын сылап, көңүлүн улап, чынын жашырбай, көп ашырбай ток этер жерин сөзгө келтирип айтып турган жери:

Балам сөзгө бурадың,
Жашырын ишиң кандайча,
Айтып бер – деп сурадың.
Аныгын айтам ал иштин,
Боло элек эле азыры,
Уга турган убагың.
Билип койдуң сырымды,
Безеленген чунагым.
Айтпай кантип коёюн,
Атайлап сурап калган соң,
Отуз жыл ичке жашырдым,
Чыгарсам сыртка болор оң.
Үстүмдөгү чени бар,
Кытайдан кийген алтын тон.
Ошондон бери баш ийип,
Султан жаным болдум кор.
Жазылса керек маңдайга,
Түгөнбөгөн мээнет шор.
Сексен миң ашык кол менен,
Сагда төрө келгенде,
Эл тынчтыгын кааладым.

Же болбосо Сагда кан,
Чыгарат эле талканын.
Малдан чыгым берсем да,
Адам уулун сактадым.
Башка кылар амалды,
Кайсаласам таппадым.
Ордо салып, чеп коюп,
Тегерегин бек коюп,
Азыр да кытай күчүндө.
Улам жаңы кол келип,
Кошулуп жатат күнүгө.
Кечилдин каны Алакө,
Алтымыш уулу бүтүн дөө.
Эрегиштик кылбадым,
Айтканынан жылбадым.
Тобо дейлик ушуга,
Берекем Сайкал жыргалым.
Каруу-күчүң толгуча,
Аскериң сандан озгуча.
Кара кытай манжуга,
Кармашаар күнүң болгуча,
Кантейин балам чыдайын.
Сураганын көнгөн жан,
Азыры берип турайын.
Атаңда арман жок бекен,
Ичимден тартып мен жүрөм,
Башыман чыкпай убайым.
Азаттык болчу күн болор,
Берерлигин биз жакка,
Унутпаса кудайым.

Ошондо Сайкал атасынын сөзүнө кыткылыктап күлүп, сырын билип, мени дагы эле эси жоктой көрөт экен. Ушул сапар атамды жибербей мен барып келейин, ошол элдин түрүн көрөйүн, жөн келип жөн кетсе атам айткан малды берейин, эгер чоңсунуп чокчоңдосо мал эмес түк бербей тактап кууп ийип

кайра келейин деп, атасын барбаска макул кылып Сайкал өзү жөнөдү. Карача ар акылын айтып ээнбаштык кылба деп кала берди. Сайкал жигиттер менен чек арадагы белгилүү жерге келсе, жылкычы, койчу, уйчулар салыкка салчу малын топ-топ кылып айдап жөнөп калган экен. Кытайдын кызыл чоктору кылычын жаландатып, камчысын үйрүп, жеп ийчүдөй түр менен коркутуп, үркүтүп, койкондоп деле аттарын алчандатып келишти. Айдаган малдын түрүн көрүшүп баштагыдан аз го, каныҥ кайда, эртеҥден калбай калган малды жыйып, ушул жерге алып келесиҥ – деп коржондошту. Эртең ушул жерде мал даяр болбосо, каныҥ жанынан үмүт үзсүн дегенде, окчун турган Сайкалдын жини чындап кайнады окшойт. Эч сөзгө келбей коржоҥдогон төрөсүн булдурсун менен: – Ме сага мал, – деп бир уруп жыкты. Калгандарын качырып сала берди, ителги көргөн таандай чуркурашып артын карабай качып жөнөдү. Сайкал жигиттерге: – Бир топ жерге кууп, жүрөгүн түшүрүп кайра тарткыла – деп өзү малчыларга келип, айдап барып малды өз үйүрүнө кошуп алгыла. Экинчи мал айдоочу болбогула – деп кайра тарткан жигиттерди ээрчитип ордосуна кирип кетти.

Кыз Сайкал Карача канга барбай, эмне иш кылып келгенинен кабар салбай, ордо адамын вазир, бегин, элдеги акылман чеченин, көптү көргөн көсөмүнөн неме калтырбай Карача кандын ордосуна жыйды.

Эл жыйылып келгиче баягы беш жигит менен атасына барып болгон ишти баяндады. Карача кан: – Иштин ушундай болорун эчак эле билгемин. Эми Сайкал балам менден эч акыл сураба, болгон иш болгон экен. Кечээтен бери ойлонуп жатып алым кетип, каруумдан чындап тайдым. Жашым сексенди ашып, эт качып мындан ары атка минер, эл билер дарман жоктой. Элинди өзүҥ башкарып, кол-

кобуруңду жыйып, беленденип тур, балам. Акылын таап иш кылсаң эми душманга алың келер. Капканын оозун ачып курал-жаракты таратып, ат-тонуң тыңдап, күчүңдү чыңдап жоо бетине чык – деди.

Сайкал атасынын бул айтканы акыл, баарыга макул болот, эми барлык милдет менин башыма түшөт экен – деп ойлоду.

Аңгыча ордого чакырган адамдары түгөл келди, Сайкал элдин түрүн байкап көрдү. Келген адамдар чатырап жүздөрү кызыл, келишимдүү, келбеттүү адамдар көңүлүнө толуп, ошондо Сайкал ойдогусун айтып, кеңешин жана буйрук берип турган жери:

Урматтап жыйдым ордого,
Улуу менен кичүүндү.
Ардактуу элим силердин,
Көрөйүн дедим жүзүңдү.
Айтайын дедим силерге,
Аткара турган ишимди.
Сынайын дедим баатырлар,
Бар бекен деп күчүндү.
Сураштырып мен билдим,
Түбүнөн ата-бабамды.
Түйүнүн чечип түшүнүп,
Түгөл алдым кабарды.
Түбүбүз кыргыз эл экен,
Кыргыз элден тараган,
Уругум нойгут дээр экен.
Атагы чыгып нойгуттун,
Жетимиш ата тараган.
Ошонун бири Кайып кан,
Анын уулу Карача.
Тукуму менен кан болуп,
Азыноолак кыргыз караган.
Алакандай элимди,
Туш-туштан душман талаган.
Отуз жылдан бер жакка,
Өзүнүн көзүн каратып,

Оңдур баатыр Сагда кан,
Балакетти салыптыр.
А дегенде элди алып,
Аймагы сонун жерди алып,
Ою менен малды алып,
Ажыдаардын Карача,
Келатыптыр карасам,
Оозуна кармалып.
Кыңк десе кылыч суурулуп,
Өлүмгө жаны арналып.
Башкача жумуш кылсак дейм,
Жүрө бербей сандалып.
Айтканын кылып төрөнүн,
Жүрө бербей каржалып.
Улуу-кичүү карыңар,
Аксалдуу баарыңар.
Кеңешимди угууга,
Келдиңер баарың тандалып.
Азыркы күндү карасам,
Карача болсо карыды,
Алдында аты арыды.
Күн өткөн сайын төмөндөп,
Кетип барат калыбы.
Антпегенде канетет,
Жоо бетинде өтүптүр
Өмүрүнүн жарымы.
Кечээ күнү мен өзүм,
Кан Карача карыга,
Ой тилеги бул экен,
Айткын деген баарыңа.
Калайык менен кеңешип,
Кайра курап кош жыйып,
Душманга бүлүк салсын – дейт.
Жеримден кууп кытайды,
Чегине чейин барсын – дейт.
Чек коюп бөлүп берген жер,
Санат жетпес малымды,

Кайтарып кайра алсын – дейт.
Капканын оозун ачын – дейт,
Катылуу курал-жаракты,
Ошол жайдан тапсын – дейт.
Кара ниет душманды,
Камынтпай туруп чапсын – дейт.
Карачанын сөзү ушул,
Курал алып, күч жыйнап,
Камына турган кез ушул.
Бекер жатпайт душман жак,
Болсо дейм жумуш тез ушул.
Айтарым ушул силерге,
Бүт жыйылып келгиле.
Жанга жарак илгиле,
Жалама соот кийинип,
Жалантып буудан ат минип,
Жабылып душман келгенде,
Жалгыз койбой өзүмдү,
Караан болуп бергиле.
Каруу-күчтөн тайыптыр,
Кан Карача шериңер.
Жампос, Тунжур, эр Серке,
Күрөң баатыр, Телилер.
Тандасак элде бар чыгар,
Мындан да ашкан эриңер.
Эрдемсиген Зарундун
Ордосуна барамын.
Алтын-Күрөк, Баянды,
Кайра тартып аламын.
Камындырбай ошонун,
Кан ордосун чабамын.
Ар жагында Доргуга,
Анын да кирип жерине,
Бир эсебин табамын.
Калмактын эки каны бар,
Ага да бүлүк саламын.
Изине түшүп Сагданын,

Артынан кууп барамын.
Кыскасы, ошол айтарым,
Азык-түлүк мол алып,
Ар шайманың камдагын.

Сайкалдын сөзүн олтургандар берилип угушту. Чын эле Карача кан отуз жылдан бери берип келаткан алык-салыктан кечээ эле кутказбадыбы. Эми кадимкидей кол курап жолго чыксак, Сайкалды адам жеңе албайт, андан көрө Сайкалды туу кылып, бетибизге кармап, намысты кайра колго алалы – деп толкунданышты. Ошондо ордо адамынын ичинде жашы кыркка келип калган ары акылман, ары чечен, ары баатырлык, эр жүрөктүүлүк жайы дагы бар Абайылда деген жигит элдин атынан чыгып Сайкалга жооп кылып көпчүлүктү чалкытып, сөзгө балкытып айтып турган жери:

Сөз сүйлөйүн кичине,
Көпчүлүктөн Сиз жакка.
Көп кайрылып сөз айттың,
Көңүлүң бөлүп биз жакка.
Сөз мындай экен эжеке,
Эжеке эмес береке.
Кичүү да болсоң жол улук,
Биз болуп сага көлөкө.
Ичтеги жаткан далай сыр,
Чыгарайын эмесе.
Отуз жылы кор болдук,
Кызматын кылып мал багып,
Жазыксыздан Сагдага,
Жыртылып таман чор болдук.
Эркинче жаткан бир элге,
Көргөздү нечен кордукту.
Аласа жок, доосу жок,
Күч менен салып зордукту.
Жүрөгүн үшүн эл алып,
Меники деп чек коюп,

Көңүлү сүйгөн жерди алып,
Санаты жок мал алып,
Ордо салды олчойтуп,
Алтын, күмүш, зар алып.
Бастырып сыртка чыгалбай,
Баатырлар жатты камалып.
Эжекебай айткан жагыңа,
Токтобостон баралык.
Акесин чындап таанытып,
Ашынган төрө Сагдага,
Чын азапты салалык.
Күрөлө соотту киели,
Күлүктөн тандап минели.
Эжетай өзүң айткандай,
Кечикпей жолго жүрөлүк.
Баш көтөрүп чыкпасак,
Кырга чыгып ансайын
Баш ийдирет түбөлүк.
Нойгут кандын тукуму,
Кайра чыксак тирилип.
Ата-баба арбагын,
Көкөлөтүп сыйласак,
Атагы журтка билинип.
Алдыбыз карыган чал болуп,
Артыбыз ашып кырк жаштан.
Отуз жылдан бер жакка,
Жакшы эле жаттык үңүлүп.
Күчөгөн экен бурут – деп,
Таңгалышсын капырлар,
Чын жанынан түңүлүп.
Алган жакшы иш болор,
Жер, суу менен мал-жанды,
Кайра колго тийгизип.
Келме кезек кылалы,
Душмандын ичин күйгүзүп.
Башка сөздү коёлу,
Аттаналы казатка.

Кыз Сайкал сени туу кылып,
Ааламдын жүзүн чуу кылып –

деп Абайылда сөзүн бүтүрдү, угуп турган баарысы бул акыл деп, айтылганча макул деп, кеп-келеңин кеңешип аскер башы, кол башы шайлап, кол чогулчу жерди баамдап, аты угулуп келе жаткан шерлерден тандап, курал-жарагын жамдап, убакытты болжоп жер-жерлерге тарады. Айткан күнүндө кол курап Жылгындуунун Чоң-Түзүнө токтолду. Аяк башын түгөл кылганда он миң адам болду. Катуу шашылып курал-жарак жыйылган капканы ачышып, ким эмнеге шыгы болсо ошол куралын алып, датын сүртүп, жаркыратып майлап, соот-чопкутун кийишип, атка минишип чыкканда кадимки жоокер калың кошун пайда болду, карап туруп Сайкалдын көөнү толду. Кыз Сайкал Карача кандан бата алып кылчайбастан жолго чыкты, ошондогу келаткан кыргыз нойгут колунун жоого аттанган түрү:

Күн чыгардын алдында,
Карача кандын асаба,
Көтөрүлдү кылкылдап.
Жылгындуунун оюнда,
Адам батпайт былкылдап.
Добулбас үнү жаңырды,
Сурнайдын үнү чаңырды.
Жөнөй турган чак болуп,
Кол тизилди сап болуп.
Найзачаны бир бөлөк,
Кылыччаны бир бөлөк,
Чоюнбаш урчу мыктысы,
Ар өнөргө шыктуусу.
Мылтык атчу мергени,
Алаңгир жааны тартчусу,
Таамай көзгө атчусу.
Аттанып чыккан жери экен,

Аксакал Кайкы жол баштап,
Азамат Артык кол баштап,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп.
Кыз-Буурул минип кыз Сайкал,
Опол-тоодой көрүнүп.
Айдай жүзү жаркылдап,
Бетинен нуру төгүлүп.
Жоо кийимин кийинип,
Жагалданып сүйүнүп,
Көргөн буга таң болуп.
Ай-талаанын баарысы,
Кара туман чаң болуп.
Ар сөздөн баштап баатырлар,
Баратканы шаң болуп.
Кыз Сайкал баатыр эжеңдин,
Кыйла азамат жанында,
Алчаңдата бастырып.
Алдында тулпар табында,
Ар кандай сөзүн салышса,
Кээде чыгып каткырык.
Келатышат баатырлар,
Көңүлдөрүн шат кылып.
Азаматтын ичинде,
Адыл, Атар, Абылбек,
Байзак, Барпы, Карабек,
Арстан, Айты, Зайырбек,
Турду, Сатар, Кумарбек,
Тургуналы, Шабдалы
Баратат нечен баатырлар,
Эр нойгуттун балдары.
Мелтиреген түз менен,
Эски жүргөн из менен,
Салаа, салаа коо менен,
Адырмактуу тоо менен
Айкалыша баратат,
Айыгышкан жоо менен.
Айлана токой-чер менен,

Агындуу дайра кол менен,
Атагы маалим жер менен.
Түрлүү кийик топтошуп,
Дыр деп качып жаныбар,
Кайрадан калып оттошуп.
Илбесини андан көп,
Кулалы кумда жыйылган,
Жайылган малга окшошуп.
Келаткан кошун ошондо,
Кара-Тоого келгенде,
Дүрбү салып туш-тушка,
Карап турду токтошуп.
Кытайлардын элине,
Кызыгып карап турушту.
Мунаралап салынган,
Укмуштуу ордо чебине.

Сайкалдын кошуну Кара-Тоодо жата турсун эмки сөздү Зарун кандын алалы.

Мал айдап келет деген кишилери өзү болжогондой таяк жеп кайра тартып, көргөн-билгенин айтып алган. Эми чындап мизим кайткан экен деп ичинен сызып эч кимге сыр чыгарбай өз кошунун оңдоп, Доргу кандан кошун сурап барды. Экөөлөп келип, Карача кандын ордосун чабалы деп чоң бүлүккө түшүп жаткан эле. Карача кандын ордосун чаап алууга отуз миң черүү менен аттанмак болду. Аңгыча Зарун кандын кароолчусу шашып-бушуп чек арадан катуу кабар алып, калың колду көргөнүн айтып турган жери:

Падышам Зарун кулак сал,
Биз жактан бир аз кабар ал.
Болбойт ко түбү жакшылык,
Байкаган жанга жаман ал.
Жоо жагынан падышам,
Бар белең мурун кабардар.
Кече күнү бешимде,

Кара-Тоонун өзүндө,
Дүрбү салып олтурсам,
Жайнап чыкты көп адам.
Оңдоп салдым дүрбүнү,
Ишенбей эки көзүмө.
Абайлап карап олтурсам,
Уюлгуп катуу чаң чыгат,
Умачтай көзүм ачылды.
Коркконуман бакырдым,
Жолдошторум чакырдым.
Жакындап бери келгенде,
Жай олтуруп карасак,
Жайнаган аскер кол экен.
Найзанын учу жылтылдайт,
Жанында кылыч кыңгырайт,
Адамдын башы былкылдайт,
Баарысы баатыр зыңгырайт.
Алдында аты алкынат,
Асаба көккө кылкылдап.
Өтө эле арбын карааны,
Шайма-шай бүткүл жарагы.
Болжолдоп эсеп кылганда,
Он миңден ашык санаты.
Жакындан кирип келгенде,
Көрүп жүрөк болкулдайт.
Дүбүртүнөн көп колдун,
Кара жер бети солкулдайт –

деп кароолчу көп колдун келгенин айтты, Зарун кан көпкө унчукпай ойлоно түштү. Бирок ал кол кимдер экени белгисиз эле. Бул буруттан мынча кол курала калышы кыйын иш, буга бая күнкү ашта бурут менен бурут кеңешип алышып, туш-туштан жыйылган экен. Барлык кошун аттанып даяр болсун деп замбирек аттырып, добулбас кактырып, кошунун сепилден чыгарып үч айланта курчатып койду. Дарбазасын күчтүү деген черүүлөрүнө кай-

тартты. Сепилдин сексен жерине замбирегин коюп, дарысын салып октоп куусун* түтөтүп даяр турду.

Эмки сөз кыз Сайкалдан. Алар Зарун кандын ордосун ары-бери киши өткөзбөй тегеректеп алышты. Зарун, Доргу бири-бирине катыша албагыдай кылды. Ал кытайдын сырын билгендер замбирегинен чочуп мындай амалга салышты. Муну тегерегинен суу жүргүзбөй буруп таштады, кытайлар өзүлөрү да, аттары да камдап алган суусу түгөнгөндө чыдай албады. Анын үстүнө шамал урган жагындагы чоң токойду, камышты өрттөп түтүн менен ысык аптапка, ысык күндө күнү-түнү каптатты. Кытайларга суу барчу арыкка туз чыккан шор булакты коё берди, аны ичип өзүлөрү да, аттары да бузулду. Ошентип катуу кысым түшүп жатканда күн бүркөлүп, катуу жаан мөндүр аралаш жаап кирди. Ошондо кыз Сайкал сепилди алууга буйрук кылды. Кол каптап кирди, кытайлардын замбиреги андасанда атылып бир аз тоскоол болду, андан кийин дарысы суу болуп, быкшып атылбай тим болду. Камалып өлбөйлү деп Зарун кан дарбазанын төрт жагын ачтырып бүтүн колун чыгарып найзалашкан, кылычташкан чоң согуш башталды:

Дарбазанын төрт жагын,
Зарун кан туруп ачтырды.
Ордого бир да жан койбой,
Сыртка чык деп шаштырды.
Кулак тунуп от бүркөн,
Замбирек үнү басылды.
Сепилинин сыртында,
Сегиз миң колу бар экен.
Жана чыкты жети миң.
Кубаты Зарун зор болду,
Он беш миң даана кол болду.
Өлөрдү билбей эки жоо,
Бет келише чабышты.

Жан аябай ызы-чуу,
Көрүп ал кыргын салышты.
Асманда бүркөк, жер бүркөк,
Жамыраган койго окшоп,
Аралашып калышты.
Жердин үстү капкара,
Кумурскадай эл болуп.
Айыгышкан кармашта,
Кан төгүлдү сел болуп.
Ат өлүгү дөң болуп,
Эр өлүгү тоо болуп.
Найза сынып бычырап,
Кылыч сынып кыңгырап.
Ат кишенеп чыңырып,
Кулак тунган дуу болду,
Асман жарган чуу болду.
А дегенде кытайлар,
Катуу кирген качырып.
Болумдуусу бетинде,
Баатыры чыгып четине.
Кылыччаны бетинде,
Кыйыны чыгып четине.
Ураан салып бакырып,
Бир убакта карасаң,
Кыз Сайкалдын берендер,
Айдап алган кези экен,
Артын көздей жапырып.
Бар кайраты ашынып,
Эрендер кирди качырып.
Карача кандын кыз Сайкал,
Кирген экен казатка,
Кайнаган калың жерине.
Минген аты кериктен,
Сазаңшаңдын элине,
Бет алдына келгенин,
Бирден терип сулатып.
Капталынан чыкканды,

Катары менен кулатып.
Чоң согушту салды эле,
Зарун баштап Сайкалды,
Канчалары ошондо,
Тегеректеп алды эле.
Беренине ээ бербей,
Баатырына жай бербей,
Жүзү курчап келсе да,
Берен Сайкал бой бербей,
Кырып кетип баратат.
Барган сайын дем кирип,
Кызып кетип баратат.
Найза шилтеп өткөнү,
Аттан түшүп тырп этпей,
Учуп кетип баратат.
Каңкылдатып найза жеп,
Капталдын баары союлуп,
Булчуңдун баары чоюлуп,
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип,
Жана турду көп колго,
Дагы Сайкал кезигип.
Тосуп чыккан алдынан,
Кадимки Зарун өзү экен.
Беттешүүгө Сайкалга,
Беленденген кези экен.
Жанатан бери турду эле,
Атынын күчү азсын – деп,
Өзүнүн күчү тозсун – деп.
Оңуна анан келер – деп,
Тилекти анан берер – деп.
Жекелешкен болду эми,
Түпөктүү найза белендеп.
Бир-бирине ошондо,
Чындап көзүн салды эле.
Салам, алик сөзү жок,
Оңдоп найза алды эле.

Табышкансып издешип,
Качырышып калды эле.
Мына ошондо карасаң,
Жаныбарың Кыз-Буурул,
Табында экен дагы эле.
Жөнөп калды дыргытып,
Чымды асманга ыргытып.
Сыр-Жебе минген чоң Зарун,
Карааны башка зор Зарун,
А да келди күүлөнүп,
Өз ичинен сүйлөнүп.
Намысыман, арыман,
Качсам кыздан өлдүм – деп.
Ажал жетсе айла жок,
А дүйнө жайды көрдүм – деп.
Анткен менен шайы бош,
Санаадар болуп кыйладан,
Уйку көрбөй кайгы жеп.
Катуу келип эки шер,
Тийди найза карс этип.
Кара болот сооттон,
Жалын чыгып жарк этип.
Как жүрөккө найза жеп,
Алакөнүн чоң Зарун,
Жерди көздөй кулады,
Сыр-Жебе аттан жалп этип.
Кайран эжең кыз Сайкал,
Буудан оозун бургуча,
Кайра найза сунгуча,
Жерде жаткан Зарунду,
Бир жолу тындым кылгыча.
Зарун кандын калың кол,
Каптап кирип калды эле.
Жемелешип Сайкалды,
Туш-туштан камап алды эле.
Жан-жагынан качырып,
Жабыла найза салды эле.

Анда дагы бой бербей,
Катары менен кулатып,
Кетип барат кыз Сайкал,
Кез келгенин сулатып.
Ал аңгыча караса,
Каптал жактан бургутуп,
Кыраан баатыр Карабек,
Арстан, Айты, Зайырбек,
Ушулар чыкты бакырып,
Каптаган колду жапырып.
Буйдамга келбей жай кылды,
Күлүн көккө сапырып.

Айыгышкан уруш басылып, калың кол-кошундар жыйнала баштады. Кытайлардын аман калганы дайынсыз туш-тушка качып жоголуптур. Эми миң адамын, Зарунду баш кылып кармап алышты. Уруш болгон талаа, сепилдин ичи-тышы адамдын, айбандын өлүгүнө жык толгон. Кытайлардын кошунуна катуу кыргын түшкөн экен, камалып жатып шайы ооганда урушка кирип, Зарундун каарына чыдабай найзага туруп берген экен. Ишенген дөөлөрү алды менен эле жай болуптур, калганы каруу-күч бере алган жок.

Кыз Сайкал Зарундун ордосун өзүнө жай кылып алды. Зарундун өзүн эки миң черүүсүнө кошуп сепилдин ичине камап салды. Кыргыздар өлгөндөрүн жыйып бир жерге көмүштү. Эки миң адамды тамактантып тыңытып алып кытайлардын өлүгүн бир жерге чогулттуруп, өзүлөрүнүн салты боюнча тоодой отун жыйгызып өрттөтүп жиберди. Айлананы жыт-жыбырдан тазарткандан кийин Зарун канды алдырып сүйлөшөйүн десе асылып өлүп калыптыр, ошентип жаны тыныптыр. Калган кытайларды ордого иштетип бузулганын оңдотуп, түзөтүп ишке кирди. Кыз Сайкал адегенде эле сепилдин кырындагы замбиректерди тазалатып, дарысын кургатып,

аттырып көрүп, мыктылап сепилдин кырына орнотуп жандай сактап алды.

Сайкал эми мингени алтын так болуп, Зарунду жеңип барк конуп, каруу-жарак карк болуп жоодон коркпогон, кайраттуу күчтүү, атагы алыска угулган кол башчы болду, Сайкал эмес эми Кыз Сайкал деген атка конду. Мунаранын кырындагы буркан* ташын алдырып, ага алтындан ай сүрөтүн койдурду. Кытайлар эч бирөө калбай качып жөнөгөндө мал-жаны түгөл калган, анын баарын жыйып айдатып алды. Зарун кандын казынасын ачтырса алтын-күмүш, зерге толгон экен, аны ээлеп алды. Алтын-Күрөк, Баян-Жүрөккө кыргыздар кайрадан көчүп келип, сепилди тегеректей конуп, жайланып жатып калышты. Эмки кезек Кыз Сайкалдын Доргуга аттана турган мезгили эле. Буга чукул аттанбаса болбойт деп колду кайрадан даярлантты. Мурдагыдан он эсе каруу жарагы карк болуп күчү арбыды. Алда кандай болот деп чек арага киши коюп, көз айырган жок, бирок кытай-калмак жактан бир дагы киши каттаган жок. Бул кандай иш болуп жатат деп калмактын айылына жашырып киши жиберип кабар алдырса, Доргу кан казынасын качыр, эшек, төө, атка жүктөтүп, караңгы түн менен көп адамын жөнөтүп жиберген экен. Өзү болсо кол-кошунун камдап калмактар менен биригип алыптыр, Улаң кан менен Ушаң кан калың кошунун бермек болуптур деди. Бул кабарды укканда кыз Сайкал иш болбой калган экен, аз кечигип калыппыз, Доргу кандын казынасын алдырып ийген эми биз кууган менен буга жете албайбыз, эми токтолуп турбай Доргу канды талкалашыбыз керек деп, калың кошун менен жөнөп калды. Биз Чоң-Дайраны кечпей Чоң-Ашууну ашып, Ала-Айгырды айланып, Турдун тоосун беттеп, ары жагынан чыгып жолун тосуп алып, камалап келгенибиз оң болот. Анан барган жердеги мал-жанын

тегиз тийип алуу керек – деди. Жолдогу калмактын айылын тегиз каратып өтүшүбүз керек. Доргунун ордосуна кытай-калмак кошуну топтолсо керек, барып кол салышыбыз кыйын болот. Биз белчемдүү жерге орношуп алып ортого багынып бергин деп киши салабыз, багынып берүүгө дити батпай согушууга чыгат. Ошондо биз беттешип уруш кылсак, оңуна келет деди. Ордого сакчы коюп, Сайкалдын акылы боюнча кол жолго чыкты.

Эмки сөз Доргу менен калмак каны Ушаң, Улаңдан болсун. Кыз Сайкалга каршы аттанууга кол жыйнаган кезде, Ушаң кан менен Улаң кан чатакташа кетип, Ушаң кан элин алып, Зу тоосун көздөй кирип кеткен. Улаң кандын да көңүлү иренжип калган эле. Муну сезген Доргу бир күнү бул да сыртын салып кетет деп Улаң канды тымызын жай кылып, калмакты өзү билип калды. Доргу он беш миң кошун менен курал-жарактанып камынып турду. Ошол кезде Кыз Сайкал болжогон жерине жетип, Доргу канга багынып берсин деп киши жиберген, ошол адамдардын келип Доргу канга айтып турган жери:

Атайылап алыстан,
Алдыңызга биз келдик.
Ардактуу төрөм аманбы,
Айталы дедик аманат.
Атагы журтка жайылган,
Ак калпак кыргыз элдеги,
Кыз Сайкалдан саламды.
Айтканы келдик сиз жакка,
Ал жакта түркүн кабарды.
Ар нерсеге жоруба,
Болбостон көөнүң алагды.
Жакындап келдик аралап,
Айылың менен каланды.
Улук төрөм дениң сак,
Капкалуу шаарың, мал-жаның,

Түгөлү менен эсенби.
Көрөлү деп биз келдик,
Төрөм сендей көсөмдү.
Карача кандын Кыз Сайкал,
Калың кошун колу бар.
Кайратың болсо Доргу кан,
Каршы чыгып тосуп ал.
Түбүн Доргу байкагын,
Сайкалдын сөзүн айтайын,
Каруу-күчүм арбын – дейт,
Жабдуу, жарак калың – дейт.
Намыс кылбай Доргу кан,
Айтканыма көнсүн – дейт.
Бекер уруш салышпай,
Башын ийип берсин – дейт.
Ал айтканга көнбөсө,
Айтылуу турдун түзүнө,
Согушууга келсин – дейт.
Ага дагы көнбөсө,
Кылкылдаган көп колду,
Кан ордодон көрсүн – дейт.
Кечиктирбей биз жакты,
Жооп берсеңиз алалы.
Доргу төргө сөзү – деп,
Сайкалга айтып баралы.

Келген элчилер Доргуну коркута катуу кабар айтып салды. Чынында эле Кыз Сайкалдын сөзү ошол болуучу. Доргу кан ачуусу келип акырандап, кылыч сууруп келгендерге чакырандап, кырып ийчү немедей кезенип, Кыз Сайкалга айта бар деди. Бүгүндөн баштап санаганда, он биринчи күн дегенде, таң атар маалда, Турдун жайык талаасынан күтсүн жана эч арманы калбасын, катуураак камынып мени тосуп алсын. Жигиттер Доргунун каарынан аран кутулуп, өлүмдөн калганына сүйүнүп, кайра Сайкалга жетип айтып турган жери:

Барып келдик эжеке,
Жаалы катуу Доргуга.
Калды окшойт аз жерден,
Башты алып коюуга.
Айткан сөзгө абыдан,
Ачууланды Доргу кан,
Айбаты башка, заары күч,
Көрбөгөн мурун мындай жан.
Кылычын сууруп кезесе,
Жүрөгүм чыкты кабынан.
Биз баргандан Доргу кан,
Үксөйгөндөн үрпөйдү.
Каары чыгып бетине,
Сакал-мурут түктөйдү.
Эжеке Сиздин сөздү айттым,
Баш урунсун Доргу – деп,
Сайкалдын келип алдына.
Эгер ага көнбөсөң,
Тур тоосунун түзүнө,
Келсин дедим камына.
Чыдабасаң баарына.
Даярланып күтө бер,
Киребиз дедим айлына.
Намысы чындап келди окшойт,
Токтобой кайра бар – деди,
Бегиңе кабар сал – деди.
Ортодон он күн өткөндө,
Армансыз болуп камынып,
Доргуну тосуп ал – деди.

Муну укканда Кыз Сайкал кабагын ачып жаркылдап, жайдары күлүп шаңкылдап, Доргу намысына келген экен. Мен айтканга көнгөн экен, эми чындап кудай берген экен, камылганы катуу күтүнүп жата берели деп, колду эки тарапка бөлүп, болжогон жерге келип жолдон көз албай чалып, туштушка дүрбү салып, кайсы жол менен канча кол менен келер экен дешип беленденип турушту.

Болжогон убакка жеткенде Доргунун кол-кошуну кылкылдап, Турдун талаасынан капкара болуп көрүндү. Ал күнү кеч кирип кетип, эки жак тең бир-бирине тийишип келген жок. Кыр көрсөтүшүп түнөп калышты, кытайлар таң аткыча ар кайсы жерге жалпылдатып от жагышты. Таң аткан кезде эки жак тең мелтиреген Турдун түзүнө бет алышып, үн жеткен жерге келип тирелишип токтоп турушту.

Ошондо Доргу койкоюп алдыга чыгып, Кыз Сайкалдын кишисин жекеге чакырып турган жери:

Саламатпы, эсенби,
Буруттардын Сайкалы.
Овол алды экөөбүз,
Амандашып алалы.
Башка болчу аңгеме,
Андан кийин салалы.
Күчөп келет деп уктум,
Күндөн күнгө зардабы.
Камынтпай келип капыстан,
Зарундун колун алыпсың.
Өрттөп ийип ордосун,
Башына дүмөк салыпсың.
Доргу канды алсам – деп,
Оюңа койсо дердейип,
Долуланып калыпсың.
Карачанын Сайкалга,
Жолуксам деп дегдедим.
Жакшы болду мени издеп,
Жолумду тосуп келгениң.
Эрдемсип катуу келипсиң,
Эр күчүңдү көрөйүн.
Арман калбай ичиңде,
Көргөзүп бүтүн өнөрүң.
Баатырың болсо камынган,
Жолборс сындуу чамынган,
Коркпогон от жалындан,

Жекеге чыгып сайышсын.
Найзалар сынып майышсын,
Жыгылган куру калышсын,
Жыкканы намыс алышсын –

деп Доргу башка бир сөз айткан жок да мурунтан камдап келе жаткан, айбаты ашкан, жеткен балбан, кайраттуу найзакер деген баатырын жекеге чыгарып эки жигит коштоп келип коё берди. Өзү калың колго кирип карап турду. Ошол кезде Кыз Сайкал тарабынан эч кимден сөз күтпөстөн эле Карабек аттуу жашы отуздардагы Чоң Тору ат мингген жигит жекеге чыкты. Эки жак тең таңданып карап турушту.

Эки баатыр октой атылып бири-бирине найза уруп, экөө тең аттарынан жалп этип кулап түшүп, аттары кишенеп өз кошундарына желип чыгып келди.

Эки жоо добулбасы кагылып, сурнай чаңырып бири-бирин качырып качырашып калышты. Айыгышып күүгүмгө чейин салышып, андан кийин өзөз жагына бөлүнүшүп кетишти. Ушул темп менен бир жума салгылашты. Эки жак күчү тең болуп алыша албай чарчашты. Аңгыча суук каарына алып кыш түштү, ат боорунан чоң кар жаап урушуу кыйынга айланды. Эки тарап тең эки жерге топтолушуп бир бирине кол сала албай эрүүн тартып турду. Кыз Сайкал жигиттерине мындай кеңеш курду. Доргу баатырдын ордосун, ошого бара турган ашуунну чалгыла, эгер ордосунда адам аз болуп, ээн болсо түн катып барып басып алалы деди. Жигиттер чалгын чалып, ашуу ашып көрүшүп, жол чалып, кабар алып кайра келди. Ал күнү кечке кытайлардын баскан-турганына көз салып, түн кирери менен кеткен ордуна ар кай жерге от жагып, кытайларды алаксытып коюп, түнү менен ашуу ашып айланып, таңга маал Доргунун ордосун, ичиндегилерди камынтпай дарбазасын ачып, басып алды.

Эртеси Доргу караса кыргыздын жолун тосуп-бөгөп жаткан калың колунан бирөө да жок, караан-сыз жоголуптур.

Шашып-бушуп из чалдырса эмне экени дайын болду. Доргу кандын амалы чындап кетти. Өз ордосуна өзү даап бара албай, карап туруп ушул кыргыздын бир эси жок шуркуясына алдаттым. Кече күнү ага кыйынсынып койдум эле, эми барганым оң иш эмес, же менин ажалым жетип турабы. Өзүбүз да, атыбыз да ач болдук, кыш болсо каарына алды, андан көрө калмактардын шаарына кирип кетейин деп он эки миң колу менен самсып жөнөдү. Анда да Доргу баатыр оңгон жок. Ушаң кан баарын көчүрүп, үрүп чыгар ит жок, мал-жандан түк койбой алып кеткен экен. Улаң кандын эли да көчүп Ушаң канга кирип кетиптир. Доргу баатыр алым жетсе ошо Ушаңга жетет, эми ошону жайлайын деп ачуу менен ач карышкырдай жулунуп, колунун далайы кырылып, өжөрлөнүп жүрүп олтуруп, Ушаң канга жетти. Ушаң кан ордосун таштай бекем чеп кылып ар жагындагы калмак кандары менен кеңешип алып айланта аскер коюп, Доргуну чээндетпеди. Ошондо Доргунун кошуну ачкалыкка чыдабай аттарын союп жей баштады, четинен кырылып кирди. Айласы кеткен Доргу өзү келген жол менен Кытайды көздөй жөнөдү. Жолдо кезиккендерди талап, мал көрүнсө малды жеп, жан көрүнсө жанды жеп, өлгөнү өлүп, өлбөгөнү зорго элине жетишти.

Ушаң кан болуп жаткан бардык иштер менен кабардар эле, жигиттерин жер чалдырса кытайлардан эч ким калган эмес, акыркы Доргунун кайра кеткени да белгилүү эле. Кыз Сайкал эми бизге келет, жай жатып алсак сазайды берет, андан көрө Кыз Сайкалга озунуп өзүбүз барып баш урунбасак болбойт деп жанына жигит-жалаңын алып, жөнөп калды.

Ошондон түз эле токтобой элчилик белги менен Кыз Сайкалга келди. Кыз Сайкал Доргу кандын кал-

мак жерине салдырган ордосунда экен. Айланасы кызыл сепил, туш-тушу мунара, анын башында ай сүрөтү коюлуп, андан азан чакырып туруучу сопусу, кароолчусу кароол карайт экен. Ушаң кан обочо жерге токтоп жайын, дайнын, келген максатын айткандан кийин Кыз Сайкалга алып барышты. Ошондогу Ушаң чалдын салам берип турган жери:

Амансыңбы, жан балам,
Кыргыздардын кырааны,
Кадыры артык, кан балам.
Карыган Ушаң атаңдын,
Саламын алик ал, балам.
Жүз көрүшүп турабыз,
Буйругу келип Алладан.
Башынан кудай жалгаган,
Түп атаңдан бер жакка,
Кан тагынан тайбаган.
Бир адашпай жолунан,
Ата салтын кармаган.
Өз өмүрүн сарп кылып,
Эл-жери үчүн арнаган.
Кан Карача бир кезде,
Курдашым эле жакшы адам.
Экөөбүз бирдей тутулуп,
Кордукту көрдүк Сагдадан.
Эки жакка чыгарбай,
Эчен жылдан бер жакка,
Колумду Сагда байлаган.
Кордуктан бизди куткарган,
Азаптан бизди арылткан
Кыз болсоң да азамат,
Кыз Сайкал сенден айланам.
Сексен миң кошун кол менен,
Кордукту Сагда салды эле.
Баш ийдирип элимди,
Баш урунтуп өзүмдү,

Тартып алды сөзү жок,
Татынакай жеримди.
Тайгалантып тагымдан,
Ажыратып багымдан.
Калтырды катуу көөнүмдү.
Баш көтөрөр ал калбай,
Мертинтип салды белимди.
Калың черүү кол менен
Салып келди дүмөктү.
Жан койбой кырып салам – деп,
Түшүрүп келди жүрөктү.
Кыйла жылдан бер жакка,
Жашоодо кызык көрө албай
Эптеп-септеп күн өттү.
Сагдасы аз келгенсип,
Жөн жаткан элди бүлүнтүп,
Зарун, Доргу жүдөттү.
Ырыстуу тамак иче албай,
Ырандуу кийим кие албай,
Түзүктөп атка мине албай,
Азапты көрдүк абыдан.
Кезиктей болуп кетпеген,
Жемекөй эки канынан.
Алтындан ордо салдырып,
Айланасын бузулгус
Кызыл сепил там кылып,
Черүүнү арбын алдырып,
Ичсе ашка тойбогон,
Сугалак итче жулунган,
Анысын койду бактырып.
Көкөйдөн кеткис иш кылды,
Көкүрөктү дат кылып.
Ат сураса ат бердик,
Тон сураса тон бердик,
Эмне чыкса оозунан,
Аянбастан мол бердик.
Зордукту салды күч менен,

Бир сөзү жок жүйөлүү.
Жазыксыздан биз болдук,
Жан соогалап күнөөлүү.
Кызматын кылып Сагданын,
Таманыбыз жыртылып,
Көз майыбыз түгөндү.
Кыйла жылдан бер жакка,
Араң келдик жан чыдап.
Алымды катуу төлөдүк,
Жети ата куну барчылап.
Алып бүтүп мал-жанды,
Итке мине жазданып,
Баратканбыз жардылап.
Зордукчу Зарун союлуп,
Эми жыргал күн болду,
Капанын баары жоюлуп,
Кете турган күн бар го,
Эми ишибиз оңолуп.
Заманыбыз кайрадан,
Жаралган го тоюлуп.
Бар күнөөмдү кечиргин,
Сайкал балам өзүндүн,
Айтканыңдай бололук.
Ичтеги эски таарыныч,
Козгогонду коёлук.
Балам Сайкал алдыңда,
Мингениң алтын так болсун.
Көтөрүлүп даражаң,
Ырыс-таалай бак консун.
Жергең аман, жер аман,
Кан, беги менен эл аман,
Баштагыдай салт менен
Жыргап жатып калсак дейм,
Силер менен биз аман.
Эл болушсак кайрадан,
Жаман тилек, жаман нээт,
Ал жака көөнүн бурбаган.

Акыл жаштан деген бар,
Ушуну сенден суранам.
Алдыңа келип өтүнүп,
Ушундай менин убадам.
Карача үчүн Кыз Сайкал,
Убада сөзгө тура алам –

деп, Ушаң кан Кыз Сайкалдын алдында безеленди. Кыз Сайкал Ушаң кандын саламын алик алып, ар сөзүнө назар салып, айтканынын баарын, өткөн ишти таразалап көрүп, кээ чындыкты айтканына көңүлү эрип, кээ бир эптеп айткан сөзүнө ачуусу келип турду. Бирок түбүн ойлоп олтуруп, улуу башы менен кетирген күнөөсүн мойнуна алып келген немени а дегенде сезгентип коёюн, анан кийин баарын жөнгө эп-эби, ык-ыгы менен салып, элчиликке келгеним туура го деп ойлоду.

Ошондогу Кыз Сайкалдын Ушаң канга жооп кылып айтып турган жери:

Абайлап угуп олтурсам,
Айтканыңдын баары чын.
Ак сакалың сыйлайын,
Атамдай болгон карысың.
Башында кармап калбапсың,
Калмак элдин намысын.
Жакшылык жорук эмес го,
Сагданы тосуп алышың.
Каршылык бир сөз айта албай,
Баш урунуп барышың.
Карача канды көндүрүп,
Өз жолуңа салышың.
Ушу болду түбүндө,
Сагдадан келип табышың.
Улаң кан болсо жай болуп,
Кайратың кетип, күч тайып,
Ишиң ооп калыпсың.
Жакшы болду келгениң,

Душманга коюп күнөөнү.
Жек көрүнтпөй бирөөнүү,
Айткан сөзүң жүйөлүү.
Жан экенсиң бир өзүң,
Атама курдаш жашың бар,
Агарган сакал, чачың бар.
Ушуну көрүп мен өзүм,
Жамандыка кыйбадым,
Сакалыңды сыйладым.
Карыган эмес жаш болсоң,
Калмак элге баш болсоң,
Кесет элем башыңды,
Көлдөтөт элем жашыңды.
Чаңдатат элем жериңди,
Чабат элем элиңди.
Мал-жаныңды талатып,
Алат элем каратып.
Түбүн ойлоп олтуруп,
Эскини эске түшүрүп,
Жамандыкка барышпай,
Эл болгум келди жарашып –

деп, Кыз Сайкал Ушаң кары менен убада сөз кылышып, ант менен чыбык кыркышып, эки эл жарашып, чек коюп жер бөлүшүп, жери ээн, эли элкин, доолашар доо жок, согушар жоо жок, баштагыдай бейпил заманга кирип жатып калышты.

Кыз Сайкал душманын түгөл жоюп, чек араны кайтарууга мыкты адамдарын коюп, ордо-сепилдерин кытай усталарына оңдотуп, сепилдердин кырына замбиректерин орнотуп, ар бир ордосуна ордо аскерин калтырып, калганын өзүнүн эли-жерине таратып, атасы Карача канды бет алып жөнөдү.

Ошондо ордосуна кирип, ата-энеси менен кучакташып көрүшүп, Сайкалдын айтып турган жери:

Акылман ата Карача,
Энекем Зуура каныша,

Аман-эсен жаттыңбы.
Жалгызым качан кайтат – деп,
Убайым кайгы тарттыңбы.
Кийишке нечен түштүң го,
Кетирип бекер каруунду.
Көзүңдүн курчун саттың го,
Алсыратып алыңды.
Атадан жалгыз экемин,
Эркелетер эже жок,
Аркаларга ага жок.
Ылдый болсом өбөк жок,
Өйдө болсом жөлөк жок.
Ошолорду ойлосом,
Ичим күйүп сыртым чок.
Атаке менин артымдан,
Аталаштан барган жок.
Атадан жалгыз болсом да,
Айтканым журтка эм болуп,
Ал жагынан арман жок.
Улуу-кичүү эже – деп,
Урматтап турса сый кылып,
Арманым ичте калган жок.
Эрдикти жоого көргөздүм,
Баатырлыкты билгиздим.
Каратып алган хан Сагда,
Жергемди колго тийгиздим.
Калмакты дагы караттым,
Зарунду а деп жай кылып,
Доргу кандын кошунун,
Чил учкандай тараттым.
Мурункудай элчилик,
Ушаң кары чал менен,
Эл болуп кайра жараштым.
Кереги жокко деп ойлоп,
Бөөдөсүнөн кан төкмөй,
Уруш, чабыш, талаштын –

деп, Сайкал болгон аңгемени айтып, ата-энеси, ордо адамдар менен учурашып, кумарын жазып, эсендигин билгизип турду. Карача кан Кыз Сайкалдын кылып келген ишине ыраазы болуп, көңүлү толуп, кубангандан көзүнө жаш алды. Кыз Сайкал урушаарга жоо жок, кылган иши куш салмай, аң уулоо болуп жата берди. Бирок Сагда кан качан да болсо кайрылып келбей койбойт деп камылга күтө берди. Бир күнү түбү калмак уруусунан, зурхун зубун тукумунан чыккан Кара-Үңкүр, Түпкүрдү жердеген оён калмактын бир уулу Шодугур аттуу жаш баатыр кол сурап, Кыз Сайкалды катындыкка алам деп кыргызды көздөй аттанды. Караңгы түндү жамынып туш-тушту чалып, Кыз Сайкалдын чегине келип элин талап, жылкысын тийип алып, ээн талааны турак кылып, тууну орнотуп чатырын тигип, Алтын-Күрөктү байыр алды. Ошондо Шодугур Карача канга кат жазып киши жиберди, Карача кан катты ачып окутса мындай жазылган экен:

Ардактуу кары Карача,
Жүз көрүшүп каларбыз,
Чындап кудай кааласа.
Мендеги тилек жакшылык,
Жамандык алба санааңа.
Түбүм калмак зубунсур,
Эр оёндун баласы.
Өзүмдүн атым Шодугур,
Чалгын чалып, жылкы алып,
Келген сырым мына бул.
Каалап келдим алыстан,
Кыз Сайкалды бересиң.
Башка айтаар сөзү жок,
Кандай неме дебегин.
Колго тийсе Кыз Сайкал,
Чатагы жок, уруш жок,
Кайра элге кетемин.

Кыз Сайкалды бербесең,
Айтканыма көнбөсөң,
Кылкылдаган көп колду,
Кан айлынан көрөсүң.
Аябайм анда биринди,
Каныңды суудай төгөмүн.
Алтын менен күмүшүң,
Артып алып кетемин.
Сый айткан сөзгө көнбөсөң,
Чыркыратып Сайкалды,
Тартып алып кетемин.
Айтылган сөздү байкагын,
Орундалса айтканым,
Ачуумдан түгөл кайтамын.
Ушуну менен бүтөмүн,
Ошол сөздүн жообун,
Алты күнү күтөмүн.
Айткан күнү келбесе,
Айылыңа киремин.
Абайла чалым түп жагын,
Ордоңду басып кирген соң,
Оюм менен билемин.

Бул каты менен Шодугур Карача канды коркутуп аламын деген эле, аны угуп Кыз Сайкал эригип жатканда кудай берген экен, амалданып түн жамынып ажалы айдап келген экен, ошол күйөө менен өзүм беттешем, даярланып турсун деп келген адамын кайра жөнөттү.

Кыз Сайкал кароолго койгондорду катуу жекирип, башын албаса да жан айласын кетирип, кошуун кол жыйылып ордого келсин деп буйурду. Баян-Жүрөктөгү ордого эки миң кол жиберди, өзү үч миң ашуун кол менен Шодугур баатыр болжогон жерге келди. Шодугур кан Кыз Сайкал сүйлөшкөнү келет деп ойлогон эле, калың кошунду, карк курал-жабдыкты көргөндө ошондо жүрөгү оозуна тыгылды.

Бирок жанындагыларга коркконунан билгизбей кайратын жыйып шек алдырбай турду. Анын үстүнө Шодугурдун аскери Кыз Сайкалдын караанын көргөндө карышкыр көргөн койдой топтошуп, көздөрүн албай жапырт тиктеп калышты. Бул келген кыз эмес эле бизди жайлаганы келген алп го деп, бири калбай калтырап турушту. Сайкалдын кол кошууну да чоң шаң менен добулбас кагып, сурнай чалып, шаттанып шартылдата бастырып келди. Ошондо Кыз Сайкал Шодугур бири-бирине бастырып келишип кол беришип, өң көрүшүп, акырын гана саламдашты. Ошондо Кыз Сайкалдын кыз алганы келсең мындай деп айтып турган шарты:

Угуп турсаң Шодугур,
Менин айтар сөзүм бул.
Айткан сөзгө опоңой,
Аты жеңил кыз кургур.
Колго жасап алгандай,
Заты жеңил кыз кургур.
Кыз Сайкал атым коюлган,
Шертим бар мындай угуп тур.
Шерти катуу экен – деп,
Менден кайгы жебегин,
Эр албаган буруттун,
Карыган кызы дебегин.
Жөн-жайы бар айткандын,
Кандай мөрөй, кандай шарт
Түгөл айтып берейин,
Бактың болсо көрүп ал.
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Найзалашып сайышып,
Кыз Сайкалды жеңип ал.
Найзадан качсаң Сайкалды,
Ат үстүнөн эңип ал.
Ага макул болбосоң,
Атышалы жаа менен.

Бул жагына жок болсоң,
Күрөшөлү төө менен.
Жеңсең Сайкал сеники,
Жеңдирип ийсең жаңылып,
Байге мөрөй меники.
Аттанылсын Шодугур,
Кылымдын жүзүн чалсам – деп.
Калмак элден кыз таппай,
Кыргыздын кызын алсам – деп.
Кыргыз кызын бербесе,
Балакетти салсам – деп.
Ургаачы атым болсо да,
Кыздан чыккан жолборсмун.
Айткандын бирин тандай гой,
Күйөө баатыр жолборсум –

деп, кыз Сайкал шертин айтты эле, Шодугур ойлонуп туруп эңишүүнү макул тапты. Эки баатыр тең жоо кийимин чечинип, кандагай шымдан кийинип, белине кур чалышып, билектерин түрүнүп кармашып турган жери:

Эки баатыр ошондо,
Убаданы бек кылып.
Ооздон чыккан ант дешип,
Аткарууга шерт кылып.
Чыккан кези камданып,
Бул эмине шумдук – деп,
Кыргыз, калмак болгону,
Карап калды жарданып.
Калмактардын Шодугур,
Бүт өнөрүн карап тур.
Чоң-Чабдар экен мингени,
Сар кандагай кийгени.
Эки ийни эки мөңгүдөй,
Ким көрүнсө жегидей.
Бука моюн, буура сан,
Булкушкан жанды куураткан.

Булчундары буржуюп,
Бүткөн бою тарамыш,
Тула толгон кара күч.
Эриндери калбайып,
Адамдын зору далдайып.
Атка минсе карааны,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көк дөбө тоодой көрүнүп.
Атка балбан шер экен,
Бала күндөн бер жакка,
Далайды жеңген неме экен.
Жөнөп калды Сайкалга,
Буудан минип буралып.
Ат жалындай айдары*,
Аркасында чубалып,
Сумсайгандан сур салып,
Өңү-түсү кумсарып.
Алдырсам кызга өлдүм – деп,
Тирүү барып кайрылып,
Кантип элди көрдүм – деп.
Шодугурду бет алган,
Көрүп ал Сайкал эженди.
Жалтанбаган кайраты,
Ургаачы жолборс беренди.
Кыз Буурул менен бургутуп,
Чаңды асманга дыргытып,
Алчактатып жөнөдү.
Атка олтурган келбети,
Уюткан кыттай олчоюп.
Узун мойну койкоюп,
Болумдуу бою болкоюп.
Уздай эти ак болуп,
Төбөгө түйгөн чач болуп.
Калмактан келген шер менен,
Кармаш кылар чак болуп.
Эки шер жакын келишип,
А дегенде жайма-жай,

Билектерин беришип.
Күч сынашып көрүшүп,
Чоң күчүнө салышып,
Билектен алып бир колдон,
Кайра жулуп алышып.
Эмне болор экен – деп,
Көргөндө жүрөк калбады.
Энкее түшүп эрендер,
Курдан жетип кармады.
Чирене тартып калышты,
Бир жулкканда курларын,
Булка тартып салышты.
Жанындагы калыстар,
Кайра баштап кур алып,
Кайра кирди курчанып.
Алакан менен далыга,
Аянбастан бир салып.
Билектешип алышып,
Бар күчүнө салышып,
Булкушканда берендер,
Колдору турду кайышып.
Далыдан аткый алышып,
Бирин бири тартканда,
Аттары турду майышып.
Аткышканда баатырлар,
Булчуңдун баары союлуп,
Колтуктун баары чоюлуп,
Кол тийген жерлер оюлуп,
Бир бирине жармашты.
Ар кайсы жерден кармашты,
Айгырдан бетер чайнашты.
Эт бышымга созулуп,
Кыйын болду кармашуу.
Аттары баспай бышылдап,
Өздөрү чарчап кышылдап.
Ажыраша калышып,
Бир бирине кайрадан,

Аянбастан барышып.
Барган сайын баатырлар,
Булчуңдары карышып.
Ушул жолу Кыз Сайкал,
Ачуу менен барды эле.
Шамдагайы артылып,
Ыгына келе калды эле.
Белден алып эңкейтип,
Тоодой болгон Шодугур,
Кыңайтып ээрден деңкейтип,
Чоң күчүнө Кыз Сайкал,
Салып кетип баратат.
Эки көзүн чекчейтип,
Ээрден арт кылтайтып,
Алып кетип баратат.
Жакадан алып булкту эле,
Жалп дегизип чабдардан,
Шодугур дөөнү жыкты эле.
Кармаш кылып жакшы эле,
Калган жок ичте арманы.
Тоодой болгон Шодугур,
Томолонуп калганы.
Эрдикке салып ошондо,
Эңип алды Кыз Сайкал.
Тоодой болгон баатырды,
Жеңип алды Кыз Сайкал.

Шодугур аттан кулаганда кыргыздар кыйкырып шаңданып, калмак жагы үн-сөз жок арданып, Кыз Сайкалга шаңданып турушту.

Убада боюнча Шодугур Кыз Сайкалдын алдына кылычка башын тосуп, өзү келип чөгөлөп туруп берди. Ошондо Кыз Сайкал мунун башын алганда кандай максатка жетмек элем, ар-намысыңды коюп эсиңди таап, эки күндөн калбай биздин малды колго саласың, өз кунуна миң жылкы айдап келесиң, ошондо башың азат болот деди. Шодугур айтканды

кыңк дебей жасады. Андан аттанып, шайы ооп экинчи жоого аттанбас болуп паанайы басылып, шагы катуу сынып айылына барды.

Бул кабарды Шодугурдун иниси Ботогур угуп, агасына нааразы болуп, кыздан да киши жеңилеби деп кой дегенге тил албай Кыз Сайкалга келип, эр сайышта жеңилип, анын да жаагы басылды. Кыз Сайкал аны да өлтүрбөй аман-эсен кетирген.

Ошондон кийин Кыз Сайкалга мен баатырмын дегендин баары келе баштады. Кыз Сайкал жеңгендерин аман кетирүүчү эле. Аягы андайларга катуу эрегишип, кийин жеңип алгандардын башын алмай болду, андан кийин бул кабарды уккандар Кыз Сайкалга даап келе албай калды.

Карача кан карылыгы катуу жетип, калың элин жыйгызып, ыраазылык менен эл-журттан суранып Кыз Сайкалга алтын тагын, алтын ташы, чен тонун чечип берип, кыргызга-нойгутка кан көтөрүп алышты, ошондон кийин Кыз Сайкалга «Кан Сайкал» деген дагы ат конду.

Арадан жылдар өттү. Карача карыя каза болду, чоң сый менен урматтап, а дүйнөгө узатты. Күзүндө аш берип, ар элден киши келип ат чабыш, эр сайыш, балбан күрөш, улак тартыш жана башка дагы толгон тамаша салтанат менен келген элди эрлерче башкарып, жакшынакай узатты. Келгендер чоң батасын берип, көргөзгөн сыйына чоң ыраазы болушту, сойгон малынан, берген тамак-ашынан, көргөзгөн сыйынан кенедей өөн тапкан жок.

Кыз Сайкал атагы кыйлага жайылган ары баатыр, ары эр, акылман чечен, эл баккан көсөм каныша болуп чыга келди. Кыз Сайкал кайраты ашып, алп күчүнө толду. Баштагыдай жоо келсе, доо доолап, доо келсе кол жыйнабай кырк жигити менен гана баруучу болду, жүз бирдей, миң адам жүздей сезилип калды. Кезиккен соо кетпеди. Ордого 40 жигит курады, ага ошол өзүнүн аталаш туу-

ганы Жараш деген атасынын инисинин зайыбы Айтууган, Күнтууган деген эгиз балалуу болду. Алар онго жашы келгенде эле жолборсту мышыкча көрбөгөн балбан, баатыр болуп чыкты, эки баланы тең ордого алып кырк жигитке кошту, өзү барган жерге кошо ала жүрүп, жоо өнөрүн үйрөтүп, машыктыра берди.

Эмки сөз Сагда кандан болсун. Сагда кан Карача канды баш ийдирип, андан Текечи, Тээкчи канды келип чабат, аны алык-салыкка жыгып, баш ийдирип Кашкар каны Карабек канды отуз миң аскери менен курчап алып баш ийдирип, алтын-күмүшүн талап алып Катагандын кан Кошойго аттанат. Кошой ошол кезде Ат-Башы, Нарын, Куланак, Кочкор, Кара-Тоо, Ак-Сай, Арпа бүтүн жазыны, ары жагы Анжиянга чейин ээлеп турган эле, кайраты ашып күчү толуп турган Кошой Сагданын колун талкалап, өзүн жарадар кылып кууп жөнөйт. Айласы кеткен Сагда мурун багындырган жерин көздөй жанталашат. Ошо кезде калың кол келатат – деп Сайкалга кабар угулат. Кыз Сайкал тосуп чыгып капыстан качырып кайра сүрөт. Аркасынан кан Кошой жете келип, Сагданы кол-кошуну менен жай кылат. Колго артып бараткан дүнүйө-мүлкүн ол-жолоп алышат. Колдун качканы качып кутулуп, калганы колго түшүп тутулуп, Сагда кан бир жолу тындым болот.

Кыз Сайкал Катагандын кан Кошойду ата катары күтүп алып, чоң сый көргөзөт. Кошой дагы Кыз Сайкалды өз баласындай көрүп, кылган ишине ыраазы болуп, эч нерседен кем болбо деп батасын берет. Мындан ары башка кыйын иш түшсө кабарлаш, жаатташ, олжо тапсак өнөктөш, бир бирибизге жөлөктөш бололу деп убада бекитип, чоң олжо менен Кошой дөө элине кайра тартып кете турган болду. Кыз Сайкал кыйла жерге чейин кырк жигити менен узатып коюп ит агытып, куш салып кай-

ра тартмак болуп шумкарларын кондура чыкты. Кошой дөө дагы илбээсин дегенди жакшы көрүүчү эле, кошо көңүл ачып кыйла жерге барышты, андан соң чоң тамашага баткандан кийин кош айтышып Кошой дөө жөнөдү, ошондо Кыз Сайкалдын Кошой дөөнү сынап туруп, көпкө тиктеп айтып турган жери:

Катагандын кан Кошой,
Кыргыздан чыккан эр экен.
Адамдан артык турпаты,
Аныk туулган дөө экен.
Кайратына жан жетпес,
Кабылан чыгаан шер экен.
Кыйла журтка сыйы өткөн,
Катаган элге бек экен.
Кары десем бырыш жок
Буурул чалып сакалын,
Кыйлага келген кези экен.
Орто жаштан жашы өтүп,
Алтымышты аралап,
Келип калган жери экен.
Аз эле кичүү болбосо,
Курбулугу абамдын,
Атам менен тең экен.
Карылыгы болбосо,
Катагандын Кошойго
Тийип алчу неме экен.
Жашы жетип кыйлага,
Барып калган кези экен.
Кызыгы кетип жаштыктын,
Кыз-келиндин ойнунан,
Калып калган кези экен.
Жигиттиктин күүсүнөн,
Тайып калган кези экен.
Улгаюуга баш ийип,
Карып калган кези экен.
Же болбосо оёндун,

Кайран Кошой өзү экен.
Карылыктан кабар жок,
Дагы эле бар кайраты.
Алышканды алчудай,
Арстан сымал айбаты.
Ким тыят менин өзүмдү,
Катагандын Кошойго,
Тием десем тийбеймби.
Азганактай элимди,
Билем десем билбеймби.
Кийинкисин ойлосом,
Карачанын кан Сайкал,
Карыган чалга барды – деп.
Кыйындарды тең кылбай,
Такыр алжып алды – деп.
Күлбөгөн адам күлбөйбү,
Капыр менен мусулман,
Шылдыңында жүрбөймбү –

деп, Кыз Сайкал Катагандын кан Кошойго кызыгып турду. Бирок жактырган менен түбүн ойлоп олтурса болбогон иш экенине көзү жетип, аттын оозун буруп ит агытып, куш салып, кумар жазып, каткырып күлүп жүрө берди.

Кыз Сайкал кас самаган душмандан такыр кол жууп, аз жылдар бою тынч жата берди.

Айтылуу атагы ааламга угулган Көкөтөйдүн ашы мелтиреген Каркырада капыр менен мусулмандардын кара курттай кыжылдап толгон жеринде дүйнөдө жок чоң салтанат менен өтөт. Ошол ашка Кыз Сайкалга кабар жетпей калып барган эмес. Качан гана балбан күрөшкө Манас баатыр киши таппай, Катагандын кан Кошойду тандап кармаганда ошондо Кошойдун эсине Карача кандын Кыз Сайкалы түштү:

Айбаты ашкан эр эле,
Ургаачы жолборс дээр эле.

Карача кандын Кыз Сайкал,
Кыйындык башка иш түшсө,
Жарап турган неме эле.
Ай далысы кең эле,
Он эки мүчө тең эле.
Ургаачы аты болбосо,
Адамда андай алп болбос,
Кыйланы көргөм көп эле.
Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка отурган келбети,
Уюткан таштын өзү эле.
Арстандай билектүү,
Жолборс сындуу жүрөктүү,
Өзүндөн ашкан шер эле.
Эсимди кудай алыптыр,
Кабар жетпей бу жерге,
Карачанын кан Сайкал,
Ошол келбей калыптыр.
Балакеттүү жаным ай,
Ошо келбей калганча,
Кошой келбей калсачы.
Эсирбейт эле мынчалык,
Кан Жолойго жамынып,
Алакөнүн Калчасы.
Аял аты болсо да,
Атка, жөөгө тең эле,
Артык туулган дөө эле.
Адамзаттан нурдуу эле,
Нур төгүлгөн бетинен,
Сулуу десең сулуу эле.
Отуз Жолой келсе да,
Жеке чыкчу бу эле –

деп Кошой катуу кейиген эле. Ошондо баатыр кайра сурап, аныктап эрикпей туруп угуп Кыз Сайкалдын дайнын дааналап билип калган. Аштан тараган кезде эл жай-жайына жөнөгөндө элди Таласка аткарып коюп, Манас баатыр Бакайга жол баш-

татып, Алмамбет, Чубак, Сыргак баштаган кырк чорону жанына алып, ушул турган Каркырадан Кең-Турпан карыш эле жер эмеспи деп, Кыз Сайкалды көздөй аттанды. Ошондо баатырлардын жанданып бара жаткан жери:

Аксакал Бакай алдыда,
Көк тулпар минип залкайып.
Арстан Манас соңунда,
Аккулада заңкайып.
Ак олпок тонун жамынып,
Каадасындай чалкайып.
Жаныбарың Аккула,
Басыгын салып кайкайып.
Жүрүшү бар жанга тынч,
Суу төгүлбөс чайпалып.
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында.
Көптөн чыгып байге алган,
Буудандыгы байкалып.
Алмамбет, Чубак берендер,
Катар келет бастырып.
Өткөндөн кепти салышып,
Кээде калып каткырып.
Серек, Сыргак шери бар,
Кырк чоро баатыр эри бар.
Кыраандардын баары бар,
Алаңгазар, Тазбаймат,
Айтылуу Кыргыл чалы бар.
Кырк чоронун ичинде,
Жаман үйдүн үзүгүн,
Жарты күнү ырдаган,
Жайсаң ырчы дагы бар.
Каркырадан чыгышып,
Үч-Туруктан өтүшүп,
Үч-Турдун жаагына,
Буйдам албай жетишип.

Ашуу ашып таш басып,
Ак-Суунун суусун кечишип.
Ат чалдырып турган жер,
Кең-Турпандын Кара-Тоо,
Ушул жерге келишип.
Баскан жери булардын,
Аркайган бийик зоосу бар.
Адам барып көрбөгөн,
Аскар-аскар тоосу бар.
Агыны катуу суусу бар,
Ак мөңгүлүү кары бар,
Айдаган малдай топтошуп,
Жапайы кийик жаныбар.
Эрикпестен жатышып,
Ээн кийикти атышып,
Кулжасын кумдан кулатып,
Бугу атып жилик кагышып.
Кийик кууп оюн салышып,
Куландар менен жарышып.
Көп кийиктен булардын,
Кумарлары канышып,
Көңүлү куунак баатырлар,
Көкөтөйдүн ашында.
Көп намысты алышып.
Аккула чыгып алдыга,
Аттан байге алышып,
Аккула байге алышып,
Коңтөрөнү кулаткан,
Жекеде Манас сайышып.
Эр эңиште бербеген,
Эңкейтип эч ким жеңбеген.
Тоодой болгон Жолойду,
Кары Кошой кулаткан.
Туусу Манас эр болуп,
Туш келгенин сулаткан.
Батасын берген Манаска,
Көкөтөйдүн ашында
Капыр менен мусулман.

Баатырлардын оюн-тамашасы канып, Кара-Тоого чыгып барып, туш-тушка дүрбү салып турушту. Кең-Турпандын боюнда, Жылгындуунун оюнда алыстан карарып Карача кандын ордосу көрүндү. Тегереги чеп, туш-тушу бек мунарасы асман тиреп көрүндү.

Ай-талааны караса жайылган калың адамдар, андан башка эч нерсе көзгө илинбейт. Бери жакта Текеликтин түзүндө сан жетпеген калың жылкы жатат барып тийип келгиле, жылкы алды дегенди укса Кыз Сайкал аттанып чыгат, ошондо кызык тамашаны көрөбүз дешти. Баатырлар кыздан эмнесинен коркмок элек дешип эчтекеден шек жок жылкы алууга жөнөштү. Сан жетпеген кызыл буурул жылкыны кырк чоро имере айдап, жылкычысын байлап келип, Текеликтин тектирде Кыз Сайкалды күтүп жатышты.

Ошондо жылкы алдырган жылкычылардын Кыз Сайкалга келип көргөн-билгенин айтып турган жери:

Айланайын эжеке,
Көп адам келип чаң салды,
Текеликтин белине.
Жайып коюп жылкыны,
Жаткан элем чалкалап,
Кемеченин жээгинде.
Ал аңгыча болгон жок,
Добулбас үнү жаңырды,
Сурнайдын үнү чаңырды.
Мылтыктын үнү тарс этип,
Жер жайнаган көп жылкы
Текеликтин тектирге,
Үркүп чыкты жалт этип.
Кезиккенди байлады,
Көп жылкыны айдады.
Жер жайнаган калың мал,
Ою менен билишип.

Эч нерседен сези жок,
Чак түштө кетти тийишип.
Жигиттерин карасак,
Адамдан башка түрү бар.
Айбатын салып караса,
Арстандын сүрү бар.
Алкынган буудан мингени,
Атырылтып ашыгып,
Алчактатып жүргөнү.
Овочо келип олтуруп,
Дүрбү сунуп карасак,
Кырктан ашуун жан экен.
Карааны тоодой бир адам,
Баштап келген бар экен.
Сакалы түшкөн белине,
Ортодо кары чал экен.
Өзгөлөрү орто жаш,
Калганы жапжаш бала экен.
Келген жагын карасак,
Текеликтин бели экен.
Сын-сыпаты булардын,
Кадимки кыргыз эл экен.
Ак сакалдуу карыганы,
Ак калпагы башында,
Барып калган киши окшойт,
Байгамбардын жашында –

деп, Кыз Сайкалга жылкычылар келип катуу кабар салды: – Бул мага тийишип келген ким болду деп айраң калды. Кырк жигитке буйрук берди, ат токумуңарды камдагыла, бүгүн күндүн ылайыгы жок, атайы мен деп келген бир эренди таң ата барып көрөйүн, азабын таштай берейин, касташкан жоо болсо кызыл канын төгөйүн, жылкы тийип тийишип, күчүнө ишенген неменин деп ортого адам каттаттырбай, камарабай Кыз Сайкал ал күнү жатып алды. Сайкал камарабагандан кийин эл-журтунун да санаасы жай алып жата беришти.

Ошол түнү Кыз Сайкалдын көргөн түшү:

Карача кандын Кыз Сайкал,
Жаздыкка башы тийгенде,
Ары кетти ойлонуп,
Бери кетип толгонуп,
Кабагы карыш бүркөлүп,
Кыз Сайкал жалгыз башына,
Алтымыш санаа бир келип.
Азганактай бул элдин,
Күнү эмине болот – деп.
Өмүрүмдүн акыркы,
Түбү эмине болот – деп.
Так өтөмбү дүйнөдөн,
Көңүлүм кимге толот – деп.
Ушул жагын дагы ойлоп,
Кайран эжең Сайкалдын,
Уйкуга көзү илинип,
Ошондо Сайкал түш көрдү,
Бир ажайып иш көрдү.
Кайраның Сайкал караса,
Калк ичинде жүрү экен.
Кан атасы Карача,
Кадимкидей тирүү экен.
Маңдайы дайра көл эли,
Өзүнчө укмуш жер экен.
Таанышы бар, чоочун бар,
Курчаган калың эл экен.
Алдындагы мингени,
Кыз-Буурул сындуу ат экен.
Кырк жигити жанында,
Көңүлү тегиз шат экен.
Кайыбынан кабылып,
Буудайык конот колуна,
Жок жерден келип жаңылып.
Айлана курчап калың журт,
Көрүп жатты жабылып.

Анан туруп караса,
Бир адам жок кашында.
Колундагы буудайык,
Бутуна таккан боо эмес,
Томого жок башында.
Туурга конбой чаркырайт,
Айнектей көзү жаркырайт.
Алтындан боосун тактырбайт,
Томого салса каттырбайт.
Көп кыйналды Кыз Сайкал,
Эч аргасын таптырбайт.
Ал аңгыча болгон жок,
Асманды карап учту ошо.
Канатын күүлөп буудайык,
Күн батыш карап сызды ошо.
Айбатынан ошонун,
Жердеги төрт аяктуу,
Желип чыгып кача албайт.
Көктөгү учкан канаттуу,
Канат кагып уча албайт.

Ушул түштү көрүп жатып, Кыз Сайкал ойгонуп кетти. Караса таң агарып атып калган экен. Сайкал өз түшүн өзү жоруп, колго конгон буудайыктын кайра колго конбой сызып кеткенине капа болуп, ордунан туруп кийинип, тамактанып бүлүнүп, 40 жигитин жанына алып жөнөп калды. Жана дагы имиш кабарды алса Талас деген жерден кыргыз элден чыккан, атагын кылым укkан Манас баатыр кырк чоросу менен экен деди. Айкөл Манас келди деп укkандан кийин Кыз Сайкалдын боконо сөөгү болк этип, бүткөн бою солк этип, ачылып күлүп бүлүнүп, тилекти кудай берген экен деп сүйүнүп, Манаска чоң кайрат менен барайын, жылкы тийип бүлүк кылган немеге чоң тамаша салайын – деп Кыз Сайкалдын жөнөп калган жери:

Карачанын кан Сайкал,
Кыз-Буурул минип болкоюп.
Жагалданып бастырып,
Короздой мойну койкоюп.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көк сеңир тоодой көрүнүп.
Токмоктой болгон кара чач,
Аркасында төгүлүп.
Соот-чопкутун кийинип,
Жоо келди десе сүйүнүп.
Күндөй бети нурданып,
Күмүш кемер курчанып.
Катуу жөнөп калды эле,
Колуна найза-зүңгү алып.
Атырылтып Буурулду,
Булдурсун менен бир салып.
Быйыл эжең Кыз Сайкал,
Болорундай болуптур.
Бойго жетип эти өсүп,
Бой мүчөсү толуптур.
Эки ийни эки мөңгүдөй,
Ким көрүнсө жеңгидей.
Арстандай айбаты,
Ала-Тоодой заңкайып.
Кырк жигити жанында,
Алдыда келет кайкайып.
Кубулжуган түр менен,
Эң эле укмуш сүр менен.
Текеликтин тектирге,
Эми Сайкал келди эле.
Кырктан ашык карааны,
Жыйылган жанды көрдү эле,
Кызыкты мындай кылды эле.
Окчун келип жанына,
Жаныбарың Кыз-Буурул,
Оозун тартып турду эле.
Кырк жигитке кеп айтып,

Кыймылдабай тургун – деп,
Өзүм жалгыз барам – деп,
Бар эсебин табам – деп.
Көрүп туруп Сайкалды,
Кан Манастын чоролор,
Жалпы атына аттанды.
Кайран Манас айкөлүң,
Зың-зың этип кенебей,
Карачанын Сайкалды,
Бучкагына теңебей.
Кыз Сайкалдай баатырды,
Бурулуп карап акыры.
Койкоюп жалгыз келет – деп,
Не максатка жетет – деп.
Эрөөн албай, эш албай,
Эрдигин эч ким эске албай.
Кыр көрсөтүп Сайкалды,
Сынагансып турду эле.
Муну көргөн Кыз Сайкал,
Чындап кудай урду эле.
Колундагы чоң зүңгү,
Кырк чорону карата,
Күркүрөтө сунду эле.
Чын ачуусу кармаптыр,
Эч бирөөсү кенебей,
Шакаба мени кылат – деп.
Оюна койсом ушулар,
Шылдың кылып турат – деп,
Кайран эжең Кыз Сайкал,
Кыз-Буурул менен буратып,
Чаңды асманга чубатып,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Кырк жигиттин четинен,
Бери жаккы бетинен,
Найза коюп өткөндө,
Бешөөнү катар сулатып.

Дагы ачуусу келди окшойт,
Арстандай айкырып,
Кыйындарын карата,
Коё берди качырып.
Буурулдун оозун бурду эле,
Чындап тиктеп турду эле.
Кан Бакайды карата,
Учу болот сыр найза,
Мелтирете сунду эле.
Кара болот сыр найза,
Аштап келген экен – деп.
Апырылтып Манасын,
Кыз Сайкал көздөй элиртип,
Баштап келген экен – деп.
Сакалдуу деп карабай,
Өлөрүнө санабай,
Көк тулпар менен турду эле.
Кайрат кылып Сайкалга,
Абаң да найза сунду эле.
Бир бирине жеткени,
Тоодой болгон Кыз Сайкал,
Көк тулпарчан Бакайды,
Көмө коюп өткөнү.
Ак сакалы жарк этип,
Ала сала кан Бакай,
Көк тулпардын үстүнөн,
Жатып калды жалп этип.
Өзөккө найза жегенде,
Өзөрө түштү кан Бакай.
Чочуп кетип ошондо,
Чоролор жетип тургузуп.
Эс алдырды Бакайды,
Көөкөрдөн чалап жуткузуп.
Мына ошондо Кан Сайкал,
Буурулдун оозун бурду эле.
Кимиси келер экен – деп,
Демин басып буудандын,

Мелтиреп карап турду эле.
Бул жорукту көргөндө,
Акбалтанын Чубагы,
Айбатын салып бу дагы,
Найза сунуп Сайкалга,
Жөнөп калган убагы.
Найза сунуп качырды,
Кыз Сайкал карап турабы.
Чубакка найза урганда,
Туна түшүп кулагы.
Бет келген жерде жалп этип,
Эр Чубак аттан кулады.
Кызыгын көрүп булардын,
Кыраанын Манас турганы.
Чоролор кыйрап келатса,
Жазылып турат кумары.
Күңгүрөнүп кан Манас,
Оюна койсом бекер – деп,
Бирден терип буларды,
Түбүнө түгөл жетер – деп.
Алдындагы Аккула,
Үзөңгүгө бут салды.
Он эки чоро төтөлөп,
Бура тартып жетелеп.
Карачанын Сайкалдын,
Кыраандыгын билди эми,
Булдурсун колго илди эми,
Ак олпок тонун кийди эми.
Кара болот сыр найза,
Кармап колго алды эми.
Жолун издеп Сайкалдын,
Кыраанын көк жал барды эми.
Алды жагын караса,
Күлкү келер тамаша.
Акылынан шашыптыр,
Улак кандын жаш Сыргак,
Айкөл аба кантет – деп,

Манасты көздөй качыптыр.
Кыз-Буурул минип Кыз Сайкал,
Артынан түшүп алыптыр.
Аккула минип Айкөл шер,
Алдынан чыгып калыптыр.
Алдыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди калбайып.
Арстан Манас баатырың,
Айбатын салып акырын.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көк сеңир тоодой көрүнүп.
Ажыдаардай сүрү бар,
Адамдын зору билип ал.
Кызыл буурул ат минген,
Сайкалга көзүн салганы.
Айкөл шерге таңданып,
Ат оозун жыйган ал дагы.
Бир азга тиктеп турушту,
Аттарына камчы уруп,
Эки шер найза сунушту.
Алмамбет, Чубак, кырк чоро,
Жыйылышып келишип,
Бир дөбөгө чыгышты.
Эки берен беттешип,
Көрөбүз деп урушту.
Кыз Сайкалдын кырк чоро,
Аябай канып кумары,
Алар да муну кылышты.
Айкөл Манас, Кыз Сайкал,
Аянбастан барышты,
Олчойто найза сайышты.
Бир бирине бой бербей,
Төшкө такап найзаны,
Тирелишип калышты.
Бир бирине бул экөө,
Берер эмес намысты.
Алдындагы аттары,

Кайратынан булардын,
Тушардан жерге батканы.
Катып калган немедей,
Найзалар төшкө тирелип,
Алдында аты чиренип.
Ажыратар адам жок,
Айкөл, Сайкал турушту,
Бир бирине сүйөнүп.
Турган экен далайга,
Колдору чындап карышып.
Ажырады эки шер,
Найзасын тартып алышып.
Эси кетип эңгиреп,
Эки жакка кетишти,
Мас болгон пилдей зеңгиреп.
Алдындагы аттары,
Өпкөсүн кагып жаныбар,
Кара тер кетип шалдырап.
Эки жакта чоролор,
Эси кетип алдырап,
Көз ирмебей үн катпай,
Карап турду буларды,
Эси оогандай жалдырап.
Айкөл Манас, Кыз Сайкал,
Эсин жыйып алышып,
Эңишмекке өтүштү,
Найзасын жерге сайышып.
Ошондон кийин эки шер,
Бири-бирине барышып.
Аныктап жүзүн көргөн жер,
Кол беришип, алышып.
Эңиш баштап турушту,
Кол күчүнө салышып.
Катуу силкип бир бирин,
Аттары турду майышып.
Билектен бекем кармашып,
Бир бирине жармашып.

Жакадан булкуй алышып,
Жан аябай барышып.
Карача кандын Кан Сайкал,
Ар ыңгайы бар Сайкал,
Айкөл Манас баатырдын,
Кемер курга жетти эле,
Кайрат-күчү артты эле,
Үзөңгү тээп чиренип,
Өзүн көздөй тартты эле.
Алдындагы Аккула,
Моюн бербей чиренип,
Төрт туягы кадалып,
Кара жерге мадалып.
Чымдуу жердин кыртышы,
Айдагандай жирелип.
Айкөл шер барат кейкейип,
Ээрден көчүк кыйшайып,
Сайкалды көздөй эңкейип.
Ошондо баатыр кабылан,
Алдырып ийсем өлдүм – деп,
А дүйнө жайды көрдүм – деп.
Ачуусу келип арбайып,
Чаначтай мурду дардайып.
Ошондо, Сайкал да турду ойлонуп,
Он эки мүчө зыркырап,
Нечен түркүн толгонуп,
Бул кылышым бекер – деп.
Аттан алсам Айкөлдү,
Ааламга бул сөз жетер – деп.
Мен кара бет Сайкалды,
Журт маскара кылар – деп.
Кыраанын аттан түшүрсөм,
Кыргыздын бели сынар – деп.
Ак көңүлү кош тартып,
Алтын курдан Айкөлдү,
Акырындап бош тартып,
Айкөл шериң ошондо,

Алп күчүн жыйып алды эле.
Ачуу менен Сайкалга,
Айкырып чеңгел салды эле.
Чын ачуусу келгенде,
Тоо көрүнсө каңтарган.
Он экиге келгенде,
Ордолуу журтка кол салган,
Оён Манас кабылан,
Ордо бузуп олжо алган.
Эңкее түшүп эр Манас,
Эп дегизип Сайкалды,
Эңип алды эр Манас.
Чын күчүнө салганда,
Жеңип алды Сайкалды.
Айкөл Манас, Сайкалдын,
Тең экени күчтөрү,
Көргөн жанга байкалды.
Эрдин тиштеп көгөрүп,
Кыз-Буурулдан Сайкалды,
Алып кетти өңөрүп.
Желе басып маңкайып,
Эки шерди көтөрүп,
Аккула келди кайкайып.
Баатыр Манас төрөңүз,
Төрөңүздү көрүңүз,
Барбаландап барбайып,
Чаначтай мурду дардайып.
Баатырың келди шаттанып,
Чоролор келди жарышып,
Айбандын зору Аккула,
Тизгинине жабышып.
Манас менен Сайкалды,
Көтөрүп аттан алышып.
Көтөрүп аттан алганда,
Кыздан чыккан балбанды,
Уюткан болот зардабы,
Кыз Дарыйка кейиптенип,

Кызыл нардай салмагы.
Бакай баштап баатырлар,
Тегеректеп келишип,
Жоо кийимин чечишип.
Суу бүркүп терин кургатып,
Желпүүн салып желпишип.
Баатырлар эсин жыйышты.
Ошондон кийин эрендер,
Кыз Сайкал менен Манасты,
Тегеректеп турушту.
Жай сөзүнө салышып,
Баштады болчу жумушту.
Найзалашып челишкен,
Билектешип эңишкен,
Токтотушуп урушту,
Карачанын Кыз Сайкал,
Артык эле акылы,
Калган жери ушу экен,
Ардактап Айкөл баатырды.
А дегенде ушулар,
Аңгеме башын бурашып,
Алы-жайын сурашып,
Ырамандын Ырчы уулу,
Ушундай жерде турчу уулу,
Сөз жагына мыкты уулу,
Жамактантса шыктуу уулу.
Кан Бакайды баш кылып,
Айтып өттү чубатып.
Мобу, көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Көк тулпар сындуу ат минген,
Ак сакалын жайкаган,
Ар кимдин сырын байкаган.
Ак сакал Бакай кары ушу,
Манас баштап кырк чоро,
Баш ийген абаң мына ушу.
Мынабу, орто бойлуу кең далы,
Обу жок балбан бу дагы.

Көк-Теке минген бууданы,
Улак кандын Чубагы.
Эр Чубактын колунан,
Нечен балбан кулады.
Кыз Сайкалдан таяк жеп,
Мертинип турган убагы.
Улуу экен деп карабай,
Сакалдуу деп санабай,
Ыргыта сайган атынан,
Абам Бакай, Чубактын,
Сайкалга жетсин убалы.
Анын ары жагында,
Айдай бетин нур чалган,
Алтын кемер курчанган,
Ай сарала ат минген,
Ак күрөөкө тон кийип,
Азиз кандын жалгызы,
Алмамбет деген шер ошо.
Анын ары жагында,
Карт-Күрөң сындуу ат минген,
Алтымыш урук тил билген,
Аргын кандын Ажыбай,
Камбарбек менен Карыбай,
Серек, Сыргак кыраандар,
Артык, Үртүк, Алыбай,
Жайсаң, Чекир, Бугубай,
Баймат, Орок, Мадылар,
Баатырдын кырк чоросу,
Ушулар деди Айкөлдүн,
Жанында турган чоросу.
Кыраан ырчы басылды,
Төрөбүз Айкөл Манас – деп,
Жердеген жери Талас – деп.
Сүйлөдү Сайкал кеп алып,
Кыйла сөздөн таанытып,
Жанында кырк жигити,
Жаландаган жаш баатыр,

Катары менен таанытып.
Турбайлы деп талаада,
Кирели деп калаага.
Бар дайынын укканда,
Ошондо Сайкал козголуп,
Ордунан турду бүгүлүп.
Оройлук кылсам кечкин – деп,
Кан Бакайдын алдында,
Эми турду жүгүнүп.
Ошондо Бакай карыя,
Ак сакалын сылады.
Сайкалдын көөнүн улады.
Ар нерсе шарты менен – деп,
Айтып турган убагы.
Карачанын Сайкалга,
Бул кылганың эп дешип.
Көрсөтпөсөң эрдикти,
Кетмек болгон ушулар,
Аттарына тепсетип.
Капа болбо Кыз Сайкал,
Каршылашкан жоо белек,
Ичибизге кек кетип.
Баатырлар тегиз ошондо,
Атка минген убагы.
Алдыга Сайкал жол баштап,
Карача кандын ордосун,
Бет алып баары чубады.
Манас келди дегенде,
Карача кандын элинин,
Кары-жашы жыйналып,
Тосуп турган убагы.
Көчө болуп калың журт,
Бири калбай чыгышты.
Айкөл элдин алдында
Таазим кылып турушту.
Ордого буудан байланып,
Оён Манас кабылан,

Кыраан туулган кырк чоро,
Жатып калды жайланып.
Ошо күндөн башталып,
Асмандан жылдыз козголуп,
Айкөл Манас, Кыз Сайкал,
Акыреттик дос болуп.
Асмандагы жылдыздай,
Жошулушуп турду – дейт,
Манас менен Кыз Сайкал,
Кошулушуп турду – дейт.
Ак булактын суусундай,
Чайкалышып турду – дейт.
Ай-жылдыздай жанашып,
Айкалышып турду – дейт.
Ак бөкөндүн кылындай,
Суурулушуп турду – дейт.
Ак буудайдын унундай,
Жуурулушуп турду – дейт.
Чаңкаган сулуу Айкөлгө,
Кезигишип турду – дейт.
Чайга салган аселдей,
Эзилишип турду – дейт.
Кыбыла жылдыз батты – дейт,
Кыярып таңы атты – дейт.
Кыз Сайкалдын ордодо,
Кызыгына бел батып,
Кыраан Манас кабылан,
Кырк күнү чыкпай жатты – дейт.
Ошондон кийин кан Манас,
Кайтар күн келди толгонуп,
Аттанмак болду Таласка,
Артында ишти ойлонуп.
Сайкал менен эр Манас,
Акыреттик дос болуп.
Аккула туура тартылып,
Сарамжалы артылып,
Жөнөр кезде коштошуп,

Сайкал туруп кеп айтат,
Токтой тур төрөм – деп айтат.
Сап алтын берсем албадың,
Ак шумкар берсем салбадың,
Айкөлүм айтып не кылам,
Ичимде толгон арманым.
Темиркандын кызы экен,
Жан тең келбес уз экен,
Каныкей эжем алганың,
Касиети бар дешет,
Акылы артык жан дешет.
Көкөтөйдүн ашынан,
Ар эмгегин көргөн – дейт.
Эркек уулдуу болгун – деп,
Кошой бата берген – дейт.
Капыр менен мусулман,
Кошо бата берген – дейт.
Айткандын болбой катасы,
Кабыл болсо батасы,
Айкөл Манас кабылан,
Келерки жылдын жүзүндө,
Болосуң эркек балалуу.
Алтындан туурум турумдап,
Айкөлүм Манас ала кет,
Ат берейин ырымдап.
Баш тукуму ушунун,
Карабайыр Казамат,
Энеси чөлдүн Туучунак,
Анык тулпар туулган,
Кызыл буурул тай азыр.
Казатка минчү баатырлар,
Түбү болот буурул ат.
Ааламдын жүзүн кыдырсаң,
Аялдан чыкпайт менчилеп.
Адамзаты болгондон,
Айкөл чыкпайт сенчилеп.
Атайлап берген тартуум бул,

Алпарып бергин ат кылып,
Ардагыңа энчилеп, –
Деп ошентип Кыз Сайкал,
Коштошордо чай берди.
Коштоп алып кеткин – деп,
Баласына энчилеп,
Кызыл буурул тай берди.
Кырк чоросу жанында.
Аттанган экен Айкөл шер,
Кыяматтык жар болуп.
Кыраан Сайкал эжекең,
Кош айтышып калган жер.
Ортодон жылдар өткөндө,
Оболкусу Сайкалдын,
Оюнан чыгып кеткенде.
Ордосуна Сайкалдын,
Бир адам келди ашыгып,
Жүргөнү катуу шашылып.
Буурул ат минип булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп.
Кыз Сайкалга бат келип,
Алакандай кат берип.
Аргын кандын Ажыбай,
Айтып турган сөзү бул:
Берен Манас кабылан,
Бээжинге казат алды эле.
Он эки кан болгону,
Түгөлү менен барды эле.
Алакөнүн Калчага,
Чоң бүлүктү салды эле.
Музбурчак, Көкчө кан өлүп,
Кез келген жандын баары өлүп,
Алмамбет, Чубак шер өлүп,
Серек, Сыргак тең өлүп,
Нечен баатыр эр өлүп.
Бери кайра тартканда,
Берендердин көбү өлүп.

Кең Бээжиндин баткалда,
Жараланды эр Манас,
Коңурбайдын колунан,
Намаз окуп жатканда.
Бээжинден келген эр Манас,
Жарасы зилдеп кетиптир.
Дарыласа болбостон,
Казаты чындап жетиптир.
Кагаз алып мен келдим,
Каныкейдин колунан.
Айкөл шерден айрылдык,
Ажалга айла жогунан.
Кабылан Айкөл Манаска,
Кылым журттан эл келет.
Сайкал кызмат кылсын – дейт,
А дүйнөлүк жар эле,
Аза күтүп башында,
Зыйнатында турсун – дейт.
Каныкейден кат алып,
Ажыбай сөзүн жат алып.
Айкырыкты салды эле,
Айдай болгон эки бет,
Аткып, аткып алды эле.
Айкөл Манас шерим – деп,
Акыреттик эрим – деп,
Ай айланбай жедим – деп.
Кабылан Манас шерим – деп,
Кыяматтык эрим – деп,
Күн айланбай жедим – деп.
Жолборс Манас шерим – деп,
А дүйнөлүк эрим – деп,
Жыл айланбай жедим – деп.
Эки көзгө жаш алып,
Эжекең турат какшанып,
Ушундай беле пейлим деп.
Кара чачын жайды ошол,
Кайран Сайкал Манаска,

Кайгырып ыйлап калды ошол.
Желке чачын жайды эле,
Жер карап ыйлап калды эле.
Кош бөйрөгүн таянып,
Кошогун айтып Кыз Сайкал,
Кыбыла жагын каранып.
Эл чогулуп ошондо,
Сооротмокко Сайкалды,
Эки колдон алды эле.
Сакалдуу Камбаркан айтат,
Сабыр кыл Сайкал – деп айтат.
Бу дүнүйө жалганда,
Ким өтпөйт балам арманда.
Ажалга болбойт эч айла,
Өксүгөндө не пайда.
Эрте күндү кеч кылбай,
Аттаналык баралык,
Айкөлгө турпак салалык.
Жаназага туралык,
Аза күтүп эл менен,
Зыйнатын катуу кылалык.
Кайрат кыл, балам, Кыз Сайкал.
Башка сөз жокко ылайык.
Карачанын Кыз Сайкал,
Орундуу ишке ошондо
Ойлонбой моюн сунду эле.
Орунунан турду эле,
Кыз-Буурул атка минди эле.
Азасына Манастын,
Чал-Буурулду баш кылып,
Алты жүз жылкы айдатып,
Алтымыш адам кош алып,
Таласты көздөй жүрдү эле.
Кыраан Манас Айкөлгө,
Кызматты Сайкал кылды эле.
Кылкылдаган эл менен,
Зыйнатына турду эле.

Алтымыш уруу эл келген,
Алтымыш ашык кан келген.
Алыс-жакын дебестен,
Атын уккан жан келген.
Аза күнү болгондо,
Алтымыш күнгө толгондо,
Жоктоп бүтүп Манасты,
Аттанган Сайкал ошондо.
Каныкей менен Кыз Сайкал,
Кадырлашып сыйлашып,
Кайра тартар күнүндө,
Кайраным деп ыйлашып.
Бешиктеги Семетей,
Бетин ачып Кыз Сайкал
Эки беттен басып өөп,
Тамагынан татып өөп,
Тилегине жетсин – деп,
Баатыр болуп өссүн – деп.
Шер атасын тартсын – деп,
Кудай багын ачсын – деп.
Кош айтышып Кыз Сайкал,
Бар тилегин айткан жер.
Таластан чыгып аттанып,
Турпанга тизгин тарткан жер.
Ошо бойдон токтобой,
Келген экен эжекең,
Кең-Турпан деген жерине.
Айкөл менен кезиккен,
Текеликтин белине.
Келген элди жиберип,
Манас түшүп эсине,
Көздөн жашын имерип.
Айкөл сенден ажырап,
Бул жүрүшүм бекер – деп.
Кайгы тартып жалгыз баш,
Не мураска жетер – деп.
Айтууган менен Күнтууган,

Алакандай бул элге,
Башчы болуп алар – деп.
Капа кылбай эл-журтту,
Өзү баштап барар – деп.
А дүйнөлүк Манаска,
Зайып болуп калган – дейт.
Кайгы толуп ичине,
Майып болуп калган – дейт.
Кай кеткени билинбей,
Кайып болуп калган – дейт.

АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

Будун – кытайдын молдосу.

Керик – носорог.

Шүдүңгүт – уйдун күлүгү.

Канжа – чылым салып тарткан түтүкчө.

Зубудун – топ, бөлүк.

Түпөк – жылкынын топ кылы, найзага тагылат.

Бурхан – 1. Будда дининдегилер сыйынуучу таштан, металлдан жасалган тулку (идол). 2. Кудай, жараткан.

Миз (мис) – жез.

Сал – дарыядан, чоң суудан өтүүдө пайдаланган кайыктын жөнөкөй түрү. Жыгачты тизип, бир-бирине байлап жасайт.

Чуратып – чубуртуп, чуркатып.

Жамдап – даярдап, камдап.

Очогор – эски милтелүү мылтык.

Алаңгир – жаанын өзгөчө түрү.

Бараң – мылтык.

Үйөр – көп, түмөн.

Шибе – уруунун аты.

Чен – ордо кишилеринин сыйлуу тону.

Жылбырскы – желкедеги чач.

Тушар – аттын туягынын жогору жери.

Ак каңгы – ээрдин бир түрү.

Үртүк – ат жабуу.

Кандагай – калың териден тигилген шым.

Куусун – замбиректи ок алдырыш үчүн даярдалган куу (тутурук), отун.

Айдар – эркектердин аркасына өрүлүп коюлган чач.

МАЗМУНУ

Жайнакова А. ЭПИКАЛЫК САЛТ ЖАНА ЭЛДИК КӨЗ КАРАШ 3

САРИНЖИ, БӨКӨЙ *(Алымкул Үсөнбаевдин айтуусу боюнча)* 9
АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ 179

САРИНЖИ, БӨКӨЙ *(Сулайман Конокбаевдин айтуусу боюнча)* 181
ЖАМГЫРЧЫ КАНДЫН ӨЛГӨНҮ. САРИНЖИНИН ЖЕТИМ КАЛГАНЫ 182
БӨКӨЙ КАН ЖАМГЫРЧЫ КАНДЫН КӨҢҮЛҮН СУРАГАНЫ 182
ЖАМГЫРЧЫ КАНДЫН БӨКӨЙГӨ АЙТКАН КЕРЭЭЗИ 184
САРИНЖИНИН АТАСЫНА АЙТКАН АРМАНЫ 186
ЖАМГЫРЧЫ КАНДЫН САРИНЖИГЕ АЙТКАНЫ 187
ЖАМГЫРЧЫ КАНДЫН ӨЛГӨНҮ 189
БАЙКОҢУР МЕНЕН ЖАПАКЕНИН САРИНЖИГЕ КЫЛГАН АЙЛАСЫ 190
ЖАПАКЕ САРИНЖИНИН КАЙНЫНА ЖҮРГӨНҮ 192
БЕРМЕТТИН АСТЫРТАН МЕЙМАНДАРДЫ СЫНАГАНЫ 194
САРИНЖИ МЕНЕН АК БЕРМЕТ ЖАНА ЖАПАКЕ 197
ЖАПАКЕНИН АК БЕРМЕТТЕН САЛАМ МЕНЕН БӨКӨЙГӨ КЕЛГЕНИ 201
БӨКӨЙ КАНДЫН БАЙКОҢУРДУ АК БЕРМЕТКЕ ЖИБЕРГЕНИ 202
ЖАКШЫ КӨРГӨН АКШАНЫ ӨЛТҮРГӨНҮ 206
БӨКӨЙ КАН АК БЕРМЕТТИ ӨЗҮ АЛУУГА КҮЛДҮР КАНДАН УРУКСАТ[1] АЛГАНЫ 208
АК БЕРМЕТТИ САРИНЖИ АЛЫП ЖОЛГО ЧЫККАНЫ 208

АК БЕРМЕТТИ БӨКӨЙ КАН ТАРТЫП АЛГАНЫ 209
САРИНЖИНИН АЙДАЛГАНЫ. АЙДАТАРДЫН АЛДЫНДА САРИНЖИНИН АЙТКАНЫ 212
САРИНЖИНИН ЭНЕСИ 215
САРИНЖИ-БӨКӨЙ *(Үзүндү)* 218
САРИНЖИ, АК БЕРМЕТ 220
АК БЕРМЕТТИН БӨКӨЙДӨН САРИНЖИНИ СУРАГАНЫ 223
САРИНЖИНИН АЙДАЛЫП КЕТКЕНИ 225
САРИНЖИНИН АЙДООДОН КАЙТКАНЫ. КҮЛДҮР КАНДЫН САРИНЖИНИ БОШОТКОНУ, БӨКӨЙДҮН АЙДАЛГАНЫ 227
САРИНЖИНИН КЫРК СОЛДАТ МЕНЕН КАЙТМАКЧЫ БОЛГОНУ 231
САРИНЖИНИН АЙЫЛЫНА КАЙТКАНДАН СОҢКУ АБАЛЫ 233
АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ 238

КЫЗ САЙКАЛ *(Орузбай Урмамбетовдун* айтуусу боюнча)
Орозова Г. «КЫЗ САЙКАЛ» – БААТЫРДЫК ЭПОС 242
АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ 424

Адабий-көркөм басылма

«Эл адабияты» сериясы

САРИНЖИ, БӨКӨЙ

●

КЫЗ САЙКАЛ

Кенже эпостор

VIII том

Түзгөндөр:
Жайнакова Айнек, Орозова Гүлбара, Мусаева Айгүл

Чыгышына жооптуу *Акматалиев А.*

Редактору *Теңирбергенова Ж.*
Тех. редактору *Жусупбекова А.*
Корректору *Мусаева А.*
Компьютердик калыпка салган *Абдыкалыкова А.*

Терүүгө 04.07.2015-ж. берилди.
Басууга 10.12.2015-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $84x108^{1}/_{32}$.
Көлөмү 26,75 б.т. Нускасы 575. Заказ № 08.

Бишкек, «Аврасия Пресс» басмасы